
Эльвира МЕЙМАНОВА

# МЕНИ ТАШБАРАҤГА АЛЫШСА БОЛОТ



Эльвира МЕЙМАНОВА

# МЕНИ ТАШБАРАҢГА АЛЫШСА БОЛОТ

Бишкек - 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 45

Мейманова Э.

М 45 Мени таш баранга алышса болот. –Б.: 2017 – 256 бет

ISBN – 978 – 9967 – 472 – 92 – 1

Колуңуздардагы китеп ушул беш күндүк өмүрдүн маңызын камтып, андагы таза махабат сүрөттөлөт. Жашоодогу бардык кыйынчылыкты жеңе билген адамдын образы аз да болсо сиздерге үлгү болуп берет деп ишенем. Чыныгы турмуштун очогунан алынган бул окуя баарыбыздын турмушубузга кээ бир окшоштук жактары менен жакшы жолго үндөп, чоң таасир калтырат десем болот. Китеп чыгарма сүйүүчүлөргө арналат.

М 4702300100-17

ISBN – ISBN – 978 – 9967 – 472 – 92 – 1

УДК 821.51

ББК 84Ки 7-4

©Мейманова Э.,2017

## Баш сөз

*Саламатсыздарбы урматтуу окурмандарым!*

*Колуңуздардагы китеп, ушул беш күндүк өмүрдүн маңызын камтыйт десем жаңылышпаймын. Анда таза махабат, чыныгы турмуштун очогунан алынган окуя сүрөттөлүп, турмушта сабак болчу терең сыр катылган деп айтсам болот.*

*"Сүйүү"- бул эмне? -деген суроого көпчүлүгүбүздүн акылыбыз илешпей, толук жооп таба албай келебиз. Айрымдар бул жөн гана сөз десе, айрымдарыбыз "сүйүү" –бул эки адамдын бири-бирине абдан көнүп калуусу,- деп айтышат экен. Албетте "сүйүү" деген таптакыр жок нерсе деп айтып келгендер да бар. Ушул сөздөрдү четке кагуу менен тарбия иретинде жазылган бул бул чыгармам, чыныгы махабаттын күчүн көрсөтүп бере алат деп ишенем.*

*Мен сүйгөн жазуучум катары Ч. Айтматовду атаар элем. Себеби накта кыргыз турмушунан алынып жазылган мазмундуу чыгармалары мага өтө жакын жана түшүнүктүү. Ал эми каармандары болсо турмуштагы жан кыйышпас сырдашым, жакын адамым катары бааланат. Эң алгачкы мугалим Дүйшөн, сүйүүнү даңазалаган эр жүрөк, жароокер, шайыр Жамийла, жол куруучу мастер Байтемир, ак ниет чабан Танабай, согуш каарын эрдик менен жеңген кайраттуу Толгонай, ак пейил Момун, эл керегине жараган Султанмурат менин акыл-эсимде дал ошол бойдон кала берет. Улуу жазуучу Ч. Айтматов сүйүүнү даңазалап, ага абдан терең маани бергендиги "Жамийла" повестинен байкалат. "Жашоо сүйүүсүз кызыксыз",- деп баса белгилеп айткан. Ушул сөздөн абдан таасирленип, эң алгачкы чыгармамды сиздерге арнап олтурам. Жан дүйнөмдү сокур чычкандай кемирип, оюмду толук ээлеп алган бул окуяны кагаз бетине калтырып, жашоо берүүнү чечтим.*

*Ч. Айтматов "Ар бир чыгарма үчүн туулуп, ар бир чыгарма бүткөндө өлүп туруш керек"-деген оюна кошулам. Себеби чыгарма жаратууда автор окуяга сүңгүп кирип, анын кыйынчылыгын да, кубанычын да жүрөгү менен сезе биле алса гана мыкты сүрөт жаралат деп ишенем.*

*Чыгармадагы чыныгы сүйүү жана ага кыянаттык кылган каармандын образы, ичкиликтин артындагы жыйынтыгы, чыдамкайлыктан келип чыккан жеңиш, мына ушул нерселер аз болсо да кээ бириңиздердин жүрөгүңүздөрдөн түнөк таап, жакшы таасир калтырып, туура жол көрсөтөт деп ишенем.*

***Сиздерди терең урматтоо менен автор Эльвира МЕЙМАНОВА***

# МЕНИ ТАШБАРАҢГА АЛЫШСА БОЛОТ

Атам тоодон малдарды айдап келди. Бизге суу алыс болгондуктан булактан ташып иччүбүз. Адатымча шашылып суу ташып жүрөм, анткени курбуларым короонун сыртында мени күтүп олтурушат.

Кечки салкында балдар, кыздар чогулуп гитара чертип ырдап, каткырып күлүп олтуруу адатка айланган.

- Жанара! -Апам мени ачуулуу үн менен чакырды.

- Ай, кызым бей маалда шарактаганыңды токтотсоң боло. Тигине, атаң келди. Сарайды ачып жардамдашып койсоңчу атаңа. Дагы сени тиги Сайракандын кызы азгырдыбы? Бул энесин тарткан бир неме көрүнөт. -Апам дабышын улам көтөрө сүйлөп, уксун дегендей түр көрсөтүп жатты.

- Апа, суранам акырын сүйлөсөңүз. Досторум угуп жатат, уят го.

- Укса уга-ар! Экинчи келбес болот, - деп апам ансайын күчөй берди. Уялганымдан дароо сарайды көздөй чуркадым.

Айылыбызда Сайракан аттуу коңшубуз бар. Айыл эли негедир аны, менин аң сезимим жеткенден бери жактырбай келишет. Менин түшүнүшүмчө күйөөсү алыска иштеп кетсе, өзүнөн кичүү адамдын үй-бүлөсүн бузуп? турмушка чыгып алган дешет. Мына ошондон улам эле байкуш классташ курбу кызым Асел, эч кимге жага бербес болду. Менин эле апам эмес айылдагылардын баары кыздарын коруп Аселге кошпойт.

Курбу кызым аябай токтоо акылдуу кыз. Ал өзү тууралуу элдин оюн абдан жакшы билет. Бирок билсе да, сыр бербей чыдап келет. Кээде үйгө келсе мени аяш энем көрбөй эле койсунчу, -деп келет байкушум. Ичимден ыңгайсызданып, ага боорум ооруйт. -Көрсө эмне экен? Кылмышкер адам сезбечи өзүңдү, -деп тамашага салып коём.

Атам тоодон он чакты койду жаңы окуу жылына кийим- кечек кылуу үчүн айдап келген. Айыл жергесинде мал багуу менен жан багат эмеспи көпчүлүк эл.

Биз үч бир тууганбыз. Мен, иним жана синдим. Кечки тамакка олтурганда атам жасаган иштерин айтып олтурду...

- Койлордун жүндөрүн кыркып салдым. Жакшы эле семиришиптир. Эртең уулум экөөбүз мал базарга алып чыкканда жүдөп турушпасын, -деп апама сүйлөп жатты.

- Калган мал качан келет?

- Калган мал кеч күздө келет кемпир, бир аз чөпкө пайда, бир кар түшкөндө алып келсек деле болот. Өзүң билесиң го, былтыр эртерээк алып келип алып, жазга чөп жетпей андан- мындан сатып алып кыйналдык. Быйыл да чөп аз. Бир аз болсо да он жаакты азайтып, бул он койду сатып, балдарды кийинтели, - деген сыяктуу мал- жанды сөз кылып олтуруп тамактандык.

Мен ошондо онунчу класста окуур элем. Күлкүгө тойбогон кезим. Айылдын кыздары, балдары чогулуп бир үйгө отуруш уюштуруп, таң аткыча шарактап чарчабай турган чагыбыз. Апам дайым жакшы кеңешин айтып, мындай отуруштарга каршылык кылбай жиберээр эле.

- Баласың, оюнга тоюп ал, кайра бул күндөрүң кайтып келбейт кызым. Эгер мен айткан кептер эсиңден чыгып, жеңил ойлуулук, акылсыздык кылсаң өзүңдөн көр, - деп гана койчу. Апамдын бул сөздөрү сай-сөөгүмө жетип, кулагымда ар дайым жаңырып турчу.

Кечки тамактан соң, бөлмөмдө сабак аткарган түр көрсөтүп кагазга чиймелеп сүрөт тартып олтурдум. Мен сүрөт тартууну биринчи орунга коём. Мектептин дубалдарындагы көргөзмөлөрдүн көпчүлүгү менин колум менен тартылган сүрөттөр. Жалпы окуучулар чогулушунда мени көпчүлүктүн алдына алып чыгып, таланттуу кызыбыз деп агай, эжейлер мактап турушчу. "Алдаса болот жаш башты" - демекчи ансайын эдирендеп үйгө чейин көтөрүп келип түнү бою уктабай жашырынып олтуруп тартчумун.

- Жанара, кызым окууларың жакшыбы? Жамбаштап сыналгыны тиктеп жаткан атам, үн катты.

- Ооба, ата буйруса кызыл менен бүтөм. Анан-н?

- Ии...? Эмне анан?

- Мени шаарга окууга жибересизби ата?

- Албетте кызым, мына энең экөөбүз орто билим менен калганбыз. Дагы кудайга шүгүр мал - жан бар, тиричилик өтүп жатат. Силерди окутам деп малды көбөйттүм, баарыңар жогорку билимүү болушуңарды каалайм, кызым.

Бөлмөмдөн атып чыгып, атамдын мойнуна асылдым. - Дүйнөдө менин атамдай ата барбы? Атам акырын жылмайып чекемден сүйдү. Апам гезит окуп олтурган калыбынан жазбай, көз айнегин мурдуна кондура мыйыгынан карап:

- Мени ала качып кетпегениңде, мен да азыр жогорку билимдүү болмокмун, - деп атама тийишe сүйлөдү. Атам бир аз жерден боюн көтөрүп. -Ыя де...? Тиги тегирменчинин баласы Додой ала качам деп жатат,- деп мени шаштырган ким? Сен үчүн Додой менен канча мушташтым? Андай билим алгың келсе, мага тийбей, шаарга

кетмексин да, деги нары жагында бирдеме болсо окуйсунбу? Сүйлөйсүң да. -Атам ансайын апамдын жинине тийип жатты.

- Ошол тактадан жасалган белектериң менен мени арбап алгансың да, абышка. Окуп не кылам, багып кетет го, бышык жигит көрүнөт, деп тийип алдымда,- деп апам каткырып күлүп койду. Атам ансайын: - Додойго тийгениңде көрмөкмүн, мас болуп жаткан жеринен күндө ташып келип жүрмөксүң, -деп апамдын күлкүсүн коштоп күлдү. Дайыма жаш кезиндеги окуяларын айтып бирин- бири чычалатмай адаттары бар.

Атам устачылык өнөр менен да алектенет. Жанагы апам айткан белектер да ошол. Азыркы убакка чейин төркү бөлмөдө жасаган белектери илинип турат. Тактанын бетине күйгүзүп кооз сүрөт тартып, оюуларды оюп, экөөнүн атын жазып, белек жасап берчү экен.

Окуу жылы башталып, ак мектептин алдында он биринчи класска аттанып апапак болуп бажырайып турдук. Айылдагы жашообуз, мектепте окууларым баягыдай бир калыпта отуп жатты.

Ар күнү төшөгүмдү эрте салып, кыялданып жатууну адатка айлантканмын. Ал кыялымда шаарга окууга барып, мыкты сүрөтчү болуу эле.

Мектепте тырышып окуп дайыма алдыда болууну жактырчумун. Класста менсиз кээ бир маселелер чечилчү эмес. Мына ушундай бактылуу күндөрдүн биринде, кыш мезгили жакындап калган. Бул окуя баарыбыздын кыялдарыбызды жокко чыгарып, жашообузду башка нукка бурду.

Классташ балдарыбыз башка мектептин балдары менен буга чейин эле көп ирет мушташып жүрүшчү экен. Талаштары эмне, ким билсин. Баягы адатыбызды кайталап отуруш уюштурууну чечтик. Мындайда класстын эң начар окуучусу да кыйын болуп чыга келет.

-Келгиле достор ушул акыркы жылды эсте калаарлык өткөрөлү, мыкты отуруш уюштуралы. Ал башка отуруштардан айырмалансын. Музыка, шириндик, түстүү өчүп жанчу жарыктар, деги көп нерсени тизме кылып баракка жазып жаттык. Балдарыбыз таң калтырып дароо эле баарын даярдай салышты. Ортого ата- энебизден суранып алып чыккан акчаларды коюп, дасторконду мыкты даярдоону чечтик. Балдар, кыздардын тең жарымы базарга кеттик. Калгандары үйдү жайгаштырып куду майрамдагыдай жасап жатышты.

Мына ошентип отуруш башталды. Дасторкон жайнайт. Мындан ары чоң адамдардын катарына кошулабыз, эки тизгин бир чылбыр колго тийет, - деп өзүбүздү чоң киши сезип ичимдик да алып койдук. Кыздар канча каршылык кылганыбыз менен балдар өздөрү көтөрүп

келип ортого коё салышты. Ачуу сууну чоңдор ичет, -деген акылыбыздын кемдиги, өзүбүздү укмуштай сезип баарыбыз чөйчөктөргө куюп алдыбызга коюп алганбыз.

Кыздар, ичпейбиз жөн гана тура берсин, балдар таарынат, деп шыбырашып алдык. Отуруш ойдогудай болуп жатты, балдарыбыз жалгандан эле өздөрүн кызып калган кишидей көрсөтүп айрымдары эшикке чыгып чылым да чегип коюп жатышты. Бул нерсе кыздар үчүн өөн эле. Мейли, бүгүн бир күн ушундай болсун деп өз эркине койдук.

Курбу кызым Айпери экөөбүз ашканада салаттарды жаңыртып жатсак, эшиктен катуу дабыштар угула баштады. Колумдагы бычакты таштап чуркап чыксак, бей тааныш балдар короого толуп кетиптир. Биздин балдар бир тарап, алар бир тарап туруп алып тиштерин кычырата мушташууга даяр турушту.

Бир убакта узун сары бала оозуна ширеңкенин баласын тиштеп ортого чыкты да:

- Келгиле ынтымак менен чечели. Бир жаш болсо да силерден улуубуз, аке деп сыйлап отурушка чакырсаңар бул көрүнүш жок эле. Туурабы?! - деп кыйынсынып бакырды. Биздин балдардан үн сөз жок, жымжырт.

- Мына, өзүбүз келдик. Же бул тоок баш кыздарыңарды кызгандыңарбы? -деп каткыра күлдү. Ачуум мурдума чыгып, алкынып ортого чыктым:

- Бери кара, сары чымчык, өзүңдү бүркүт сезбе! Силер кимсиңер өзү? Тезинен кетип калгыла, - деп кыйкырдым. Деги камырабаган түр көсөтүп:

- Эй сулуу, сөз сага жете элек, же бүркүттүн күчүн көргүң келип турабы? Шашпасаң көрөсүң, - деп оозундагы ширеңкесин түкүрүп мени колумдан өзүнө тартып:

- Тилиң узун окшойт ээ? Кыз баласың да болбосо өпкөндүн ордуна бир муштап калат элем, - деп өзүнө тартып өөп алды. Колумдун сырты менен жүзүмдү жийиркенип аарчып болгон күчүм менен бет талаштыра чаап калдым. Бир аз артка сенделе түштү. Чоочун балдар кыраан каткырып:

- Эй дос, эмне болду? Же жооп бербейсиңби? -деп кекете сүйлөштү. Ачуусу келип мени желкемден кармап түртүп жиберди. Көмкөрөмдөн түшүп кулап калар кезде кыздар тосуп калышты. Аны көргөн балдар ачууланып жабыла мушташып киришти, же биздин алыбыз жетпейт. Айрымдарыбыз ыйлап алганбыз. Он мүнөттөй чан тополоң.

Биздин ызы чуу тун бир оокумда болуп жаткандыктан баары кызуу уйкуда. Менин акыбалым жетпесин билип, токтоткула деп гана кыйкыра бердим. Бир убакта Мурат аттуу классташ балам, ортодон суурулуп чыгып жанымда ыйлап турган Айперинин колундагы бычакты алып, жанагы сары, бойлуу баланын курсагына малып алды.

Айпери жо-ок! Мурат, токто! - деп тизелеп бакырып ыйлап кирди. Мен колумдагы бычакты ашканага таштаганда курбу кызым көтөрүп чыгыптыр көрсө. Баары дүбүрөп жаткан жерден тып токтоп, тиги баланы айланчыктап туруп калышты. Мурат колундагы бычакты алыс ыргытып, башын мыкчый жерге олтуруп, өңү бозоро түшү.

Мына отуруш эмне менен аяктады. Күнөөнү кимге коёрду билбей бир мүнөттүн ичинде түркүн ойлор каптады. Чоочун балдардын бири, тиги бычак жеген баланын башын көтөрүп:

- Досум! Мени кара, чыдап тур,- деп бизди карай, тез жардам! Болгула! Делдейбей! - деп кызарып кеткинче кыйкырды. Аландап ар кимибиз ар тарапка чалып жаттык. Тиги сары жигиттин оозунан кан чыгып кеткен эле, жүрөгүм бир жамандыкты сезип кабынан чыгып кетчүдөй согуп турду.

Биз отурган үйдүн ээси да жок. Курбу кызымдын ата-энеси жоктугунан пайдаланып жаттык эле.

Тез жардам жарым саатта араң келди. Кечикти көрүнөт тиги баланын көздөрү чуңкурайып, бети бозоруп кеткен. Тез жардам келгенден соң, жакын жашаган кошуналар бирден экиден келе баштаты. Жарадарды алып кетти. Анын эле артынан милиция жетип келип, эч нерсе таппай эле тургандай, суракка ар бирибизди алып жатты. Жан дүйнөм тынч ала албай түпөйүл ойлор каптап, колу-бутум калчылдап коркуп турдум.

Апамдын өңү бозоруп жетип келиптир, мени көрүп эле көкүрөгүнө басып:

- Каралдым амансыңбы? - дей салды. Апамдан аябай коркуп турган элем. Үн сөз жок башымды ийкедим.

Заматта жаныбызга, башка улутка окшоп кеткен тилин бурмалап сүйлөгөн кашы калың, кара мойлосу бар киши келип:

- Жанара сенби? -деп суроолуу карады. Денемди калтырак басып, өңүм кубарып араң тургам.

- Ооба, бул Жанара менин кызым, эмне керек мындан силерге? Апам ый аралаш үн менен мени өзүнө тартты. Кең далылуу, узун бойлуу, милиция формачан киши:

- Эжеке бизге күбө керек...

-Тапкан экенсиңер күбөнү, мында толтура балдар турса, менин кызым күбө болобу?! Эч кайда жибербейм кызымды, эркек балдар мушташканбы? Ошолордон сурагыла, кыз балдар кайдан билсин! Апам атырыла сүйлөп кирди.

- Эжеке, сиздин кызыңызга эч нерсе болбойт, болгону баарын төкпөй-чачпай чындыкты айтып берсе болду.

- Өлгөн бала менен сен уруштуң беле? - Кулагым туна түштү, айланада үндөр угулбай баратты. Демек, жанагы бала дароо эле өлгөн тура. Апам жашын бат- баттан сүртүп, мени булкуп өзүнө каратты да, сен эмнени билесиң? - деген суроолору көзүнөн окулуп турду. Мени чоочун киши далыман түртүп машинага олтургузду. Ичинде Мурат олтурган экен. Колунда темир кишен, кызыл жүзүнөн азып өңү саргарып кеткен.

-Жанара, мен эмне кылып койдум? Ачууга алдырып жибердим. Сени түрткөнүнө чыдабай кеттим. Чекесинде тарамыштар чыгып, оозунан ак көбүк таамп, тиштенип, ыйынып ыйлап жатты.

Мурат жетим бала эле. Атасынын карындашы кичинесинен чоңойткон. Жөнөкөй, өжөр, сабакты жакшы окуган бала. Үйү биздин тамдан беш алты там ылдый турат. Балачактан эле, “Жанара сен мага жагасың,” - деп жашырбай айтаар эле. Муну классташтар, айыл эли биле турган. Мен буга тамаша көз караште карачумун. Кечки убак айылдын кезүүсү келгенде, элпектигине салып, атама малдарды бөлүшүп турат. Кышка отун даярдасак да Мурат сөзсүз жардам берчү. Иним кабыргасы ката элек кичине бала, тепеңдеп атамдын артынан ээрчип, кол кабыш кылууга жаштык кылат. Мурат акем мага толтура чүкө берди, мени " Велигине" учкаштырып ойнотту деп айтып калчу.

-Ушу Муратты күйөө бала кылат окшойм. А эмне, абдан жакшы бала, колу иш билет, элпек,- дейт атам.

- Койсоңчу атасы, али бала го булар, азыркы жаштар теңин өздөрү тандайт. Акылы толо берсин, сен экөөбүздөн сурабайт, - деп коёр эле апам. Бул сөздөргө теригип чычалачу деле эмесмин, көнүп калганмын. Кулагымдын сыртынан өтөт.

Кийин эле Мурат кичинекей кара баладан өзгөрүп, бою өсүп, аз-маз кара кыл муруту баш багып, үнү жоонойюп башкача боло баштады. Сабактан келе жатсак артымдан чуркап жетип колумдан бекем кармап алат…

- Коё бер Мурат! -деген сайын кыса кармап:

- Жанара, сен суйкайып кеттиң. Аял затына тиешелүү мүчөлөрүң өсүп,- деп менин ачуума тийчү. Көкүрөгүнөн түртүп, муштагылап ургулап калчумун.

- Көрөсүң жаным, сени капа кылган кишини аяп койбойм. Азыр боюнду көтөрө бер, баары бир меники болосуң. Сени такыр ыйлатпаймын, көтөрүп жүрүп багам. Анан сен мага уул төрөп бересиң, өзүңдөй сулуу кыз төрөйсүң. Ушул кептерди айтып жатканда ал менин эки бетимден кармап өзүнө буруп, көзүмө карап айтар эле.

- Койсоңчу Мурат, сен абдан бат жетилип алдың, окуу жөнүндө ойлосоң, кийин, мен сени досум деп билем. Колдорун силкип алып кете берчүмүн. Ага капа да болбойт, кайра эле артымдан жетип келип кыялдарын айтуудан чарчабайт.

Мурат менен машинада бирге олтуруп, булардын баары көз алдыма тартылды. Айнектен апамдын караанын алаңдап издеп турдум...

- Жанка... -Мени Мурат ушинтип эркелете кыскартып атачу.

- Мени зөөкүр деп ойлодуңбу?

- Бери карачы.

Апамдын издеп алаңдап жатып анын сөздөрүн чала- була уктум.

- Жанара дейм!

- Мындан ары сенин көңүлүңдө мыкаачы, зөөкүр адамдай жашагым келбейт. Мени кечир, сенин көз алдыңда акмак болдум. Ишенип кой, чымынды капа кылган жан эмесмин.

Бирок чын эле, Муратты киши өлтүрүп колу канга боёлду, мыкаачы тура, деген ой келген жок. Тескерисинче өзүмдү кошуп айыптап олтурдум.

-Чын эле бактылуу күндөр ушинтип аяктайбы?

- Мен сени жоготуп алдым көрүнөт, Жанара. Мени темир торго тыгышса, сөөгүм чыгат. Келечегим өлдү. Периштем ишен, бул капыстык.

- Мен... Мен....

- Мурат, өзүңдү колго алчы, кайдагы кептерди сүйлөбө. Сени күнөөлөгөн жокмун. Күнөө баарыбызда, чектен чыктык өзү. Муратка бул сөздөрдү оозумду араң бүлкүлдөтүп сүйлөп турдум. Өзүм чачыраган оюмду жыя албай, эмне деген күнгө кабылдык? - деп бакырып ыйлагым келип жатты.

Эшикти дүп- дүп этип жаап, кишилер кирип олтураар замат машина жүрүп кетти. Биз олтурган арткы отургучка чылымдын жыты бур-р этип, бизди бир аз ойдон арылткандай болду.

Бат эле милиция бөлүмүнө жетип келдик. Арткы эшикти ачып, Муратты жулкулдата сүйрөп түшүрдү. Мени да ага удаа колтугумдан жөлөй кармап, "Түш!" -деп машинадан сууруп алды. Бир кабат болгон анча чоң эмес милиция бөлүмүнө кирип бара жаттык. Мураттын башы

шылкыйып, буттары араң басат. Ансайын далысынан түртүп, тез! -деп шаштырып орой мамиле жасап жатышты. Эшиктен кирээр замат:

"Жүзүңдү дубалга бур!" -деп буйрук менен сүйлөп, бизди алып барган милициянын бирөөсү өзүнөн жашыраак жигитти чакырды да: "Алып барып камап сал. Каршылык көрсөтсө аяба," - деп басып кетти. Мени болсо бир бөлмөгө киргизип, "Кыймылдабай олтур, азыр келет," - деп табышмактатып сүйлөдү.

Мен олтурган бөлмө көк жыттанып турду. Анча чоң эмес айнеги бозомтук тартып желелеп калыптыр. Сыртта тартайып өскөн дарак бариксиз калып, анын бир бутагы улам бир калыпта терезге тык- тык этип урунуп жатты. Мен олтурган отургуч эскилиги жеткен көрүнөт, кыйчылдайт, бетиндеги чүпүрөк тытылып, кирин айт, араңдан чыдап олтурдум. Эшикти карс ачып курсактуу кара- тору киши кирип келди. Мурду барбайып демин жута албай аптыгат, куду алыстан чуркап келгендей. Чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып, жука чачын оң жакка сылап, терин аарчынып жатып мени таң калыштуу көз менен карады. Бир аз кысынып тамагымды кырып үн чыгарып койдум.

Колуна көтөрүп келген күрөң түстөгү папкасын ачып, ак барак, калем алып чыкты. Папканын кармоочу сабы үзүлөөргө аз калыптыр.

- Гм-м, атыңыз?

- Эмне? - дегендей ийинимди куушурдум.

- Атың ким? - дейм.

- Жанара ...

- Кайсы жылкысын?

- Токсон биринчи…

- Демек, бүгүнкү ызы чуу сенин айыңдан болгон? Туурабы? - Менден эч нерсе сурабай туруп, өзүнө ишеничтүү айтты.

- Жо-ок, менин күнөөм жок, чоочун балдар биринчи келип баштады! Жиним келип, өзүмдү да классташтарымды да коргоп жаттым.

- Ай кыз...Бери кара, чындыкты айтуу керек...

- Мына, Шабданбеков Тилек, 90 - жылы туулган, Касенов Мурат аттуу жигиттин колунан бычак жеген. Бычак терең кирип, ошол жерден жан берген. Уруштун себеби, кыз талашуудан чыккан.

Бул сөздөрдү угуп олтуруп, төбөм ысып, айтаарга сөз таппай турдум.

- Туурабы?

- Аке өлгөн жигитти таанybaйм, ал өзү баштады. Мен болгону кеткиле деп айткан элем.

- Муратчы? Аны таанийсыңбы? Ооба ал менин классташым. Мени тигил жигит түртүп жибергенде болушам деп капысынан болуп кетти, Мурат жаман бала эмес.

- Хым... Жакшы бала, жаман бала. Бул жер махабатын айтчу жер эмес, чындыкты айтчу жер!

– Мен чындыкты айтып жатамын сизге!

- Кыскасы сен үчүн уруш чыкканы чын. Азыр жакшылап иликтенген соң, сен бизге керек болосуң. Азыр бара берсең болот.

Шап тура калып чыгып жөнөдүм. Узун коридордо классташтарым тизилип турушат. Мени көрө салышып беш-алтоо чуркап келишти.

- Жанара эмне дейт? Сени дагы күнөөлөштүбү?

- Жо-ок такап сурашты, болгонун айттым. Аңгыча атам тээ баш жакта жерди тиктеп олтуруптур. Жанында апам, башка дагы ата-энелер бар экен. Баарынын жүзүндө кайгы, оордук минип турду.

Атам мени көрүп:

- Деги эмнелер болду эле? Сени эмнеге сурап жатышат? -деп ачуусу келди.

- Кимдир бирөө мен үчүн экөө урушту деп айтыптыр. Канчасы чын, канчасы төгүн экенин сурашты.

- Анан...?

- Кете бер деди, керек болсоң чакырабыз дешти. Корконумдан араң сүйлөп жаттым. Үйдө атамдан абдан коркчубуз. Көп нерсени апам байкуш жашырып келчү. - Атаңар билсе өлгөнүбүз ошол, - дей турган. Бир нерсеге уруксат сураардан мурун апамды ортого салып, өзүм жакын жолой алчу эмесмин атама.

Атам бизди көп деле эзилип эркелетпейт. Кээ бир учурда "Байлыктарым" - деп өпкөнү жүрөгүндө жашап калат. А апам байкуш, үйгө кирсе- чыкса айланып- кагылат. Уга берип таасирсиз болуп калгандай. Апам бизди урушуп, какыс - кокус кылса, ыйлап- ыйлап алып кайра бат эле жазылып унутулуп кетет. Ал эми атам урмак турсун " Акылың барбы сенин? " -деген сөзү чучукка жетип эсиңде калат.

Ушундай сүрдүү киши атам. Азыр да алдында эки тизем калтырап, досторумдун көзүнчө катуу сөз айтып жибербесе экен деп коркуп турдум. Атам алдыга түшүп бат- бат басып машинага отурду. Артынан апам экөөбүз келип олтураар замат катуу айдап жөнөп кеттик.

- Оюндан от чыгат деген ушу, эми эмне болот десең? Муратты жакшы бала деп жүрсө, -деп апам ачууланып баратты.

- Ай, жаагыңды баса турчу бир аз. -Атам апамды токтотту.

- Бул жагын ойлонуу керек.

- Эмнени? -Апам корккондой үнүн бийик чыгарды.

- Бул жерде жалгыз эле Мурат эмес, башка балдар да болуп жатпайбы. Өлгөн баланын ата- энеси баламды көптөп коюшуптур, деп чыгат эртең. Беш алты жакын достору кошулуп, топ менен жасалган кылмыш деп айыпталып кесилип кетиши мүмкүн.

- А Жанарага тийбес? Кызыңды ызы- чуу басылганча ары- бери сүйрөшөт.

- Эми балээ баспадыбы. "Кайгы жокто кайын энем өлүп болуп"- кээде ушу айтканды угуп коюшса болбойбу бул жаштар. Ата-эненин эле шоруна бүткөн балекет болбой! - Апам баягыдан ачуулана баштады. Менде үн- сөз жок.

- Болду! Мынча кыйкырасың? -дейт атам. Апама эч качан, кол көтөрбөгөн, ал тургай үнүн бийик көтөрүп сүйлөчү эмес. Азыр ачуу үстүндө кыйкырды болсо керек, деп болжоп бараттым.

- Үйдө чоң энең, эжеңдер бар, эми кандай түшүнүшөөр экен? -деди апам.

Ого бетер жүрөгүм дүкүлдөп чыкты. Аңгыча чөнтөгүмдө телефондун үнү жаңыра түштү. Айпери чалып жатат…

- Алло...? Жанара... -Айпери сүйлөөгө алы келбей аптыгып ыйлап жатты.

- Сен кайдасың?

- Үйгө кетип бара жатам.

- Эми Муратка эмне болот? Эжеси келип ыйлап, эсин жоготту. Сени сурап жатат, үйүңө барса керек.

- Макул, кийин сүйлөшөбүз... Башка сөз айта албай өчүрүп койдум.

- Ким экен? Эмне дейт? Апам суроо артынан суроо узатты.

- Айпери, Мураттын эжеси ыйлап жатып эсин жоготту дейт. Мени сураптыр.

- Ии, байкушка оор болот эми. Тиги арактан башы чыкпаган эри канын ичип бүттү эле, эми инисин ойлоп таптакыр соолуйт тура.

- Карап турмак белек, сот бүтсө жардам кылабыз, батыраак чыгышына. Атам өзүнө ишене сүйлөдү. Бул сөздөрдү угуп, кичине болсо да мага жан кирди. Үйгө жетип, кирип барсак чоң энем уктабай олтуруптур. Өзү деле таң агарып атып калган.

- Кандайсыз эне? Салкын учурашып бетимди тосуп койдум.

- Ия... Айланайын, баары дуруспу?

- Дурус апа, дурус... Атам ооз учунан сүйлөдү. -Бала аман калса дагы, көйгөй аз болмок. Жаман иш болгон тура. "Балинса менен милийсадан кудай сактасын" - деген сөз ырас. Энем күбүрөнүп калды. Ошол убакта төркү тамга кирип кеттим.

-Апа, бир эле ошол бала эмес, башкалары да соттолуп кетиши мүмкүн экен. Апам энеме түшүндүрүп кирди. Боюмду диванга таштап былкылдабай жата бердим. Үйдөгүлөрдүн сөзү даана угулуп турду.

- Ия... Кокуй эмне дейт?!

- Ооба апа, топ менен жасалган кылмыш деши мүмкүн. Атам апамдын сөзүн толуктады. Баары биздин көз алдыбызда өскөн айылдын балдары. Эгер Мураттын акылы болсо, эч кимди жолотпой жалгыз мойнуна алып ишендирсе гана жалгыз өзү соттолуп кетет.

- Башкалардын убалына калыштын не кереги бар, чынында эле өзү жасаган болсо бул ишти. Апам Муратты жек көрүп сүйлөдү.

- Сен айта бересиң, уурулук кылгандарды деле уурдаган адамга караганда, айлананы карап, ууру кишини калкалап турганга сотто көп жыл берилет билесинби? - деди атам. Канаты ката элек балдардын келечеги эмне болот эми? Апам кейишин токтотподу.

- Кел, болду, ысык чай алып келчи, башым ооруп чыкты. Атамдын үнү аябай аянычтуу угулду.

Көзүмдөн жашым токтобой, жерге кулап жатты. Аңгыча атамдын карындаштары кирип келишти. Угуп турсам да учурашуу үчүн бөлмөмдөн чыккан жокмун. Алар баягы сөздөрдү кайталап, кейип сүйлөшүп жатышты. Ошол убакта кандай уктап кеткенимди билбейм. Көзүм илинип кетиптир. Апам булкуп ойготту.

- Кызым тур, Мураттын эжеси келди. Акыбалы жаман, сүйлөшүп кой. -Башымды ойдо көтөрсөм ошол тарап мурдум бүтүп, башым зыңылдайт. Бир тарабым уюп чыкты. Бетим жашка жуула берип тартылышып ачышып турду.

- Жүзүңдү жуу, тур! -Апамдын артынан чыксам, Мураттын эжеси кыймылдабай, бир жерди теше тиктеп олтуруптур.

- Кандайсыз? Колумду сунуп койдум. Колумду кармабай туруп:

- Эмне болду эле Жанара айтчы? Жан дүйнөсү сөгүлүп турганын туйдум. Болгонун болгондой айттым. Сени да күнөөлү дешти. Көрсө Мурат дагы көктүгүнө салган тура. Колунан кармап токтотпойт белеңер, ыйлап да сүйлөп да жатты.

- Эже болду баары жакшы болот, кабатырланбаңыз... - Бул сөздөрдү эмнеге айтып жатам билбейм, жыйынтык болбоду.

Он жылдан кем бербейт дешип жатат. Же бир кыйраткан малыбыз болбосо. Ата- энеси да жок болсо. Мурат жашоодо оң колум эле да. Кичине балдарымды зоргодон багып жатсам, буга кайдан акча табам. Азыр баарын акча чечет эмеспи. Эримдин кейпи тиги. Мас болуп урам десе, ортого түшүп өзүн көмөлөтө коюп мени коргоор эле. Оорумду колдон, жеңилимди жерден алып калган. Байкуш иним гүлдөй өмүрү соолуп калат окшойт. Же бир кыйраткан тууган жок. Мындайда жөлөп кала турган. Болгон сырын, оюн айтып ыйлап жатты. Апамдар сооротушуп убара тартышууда.

Короодон чыгып бара жатып:

"Жанара, сотто Мураттын тарабын алып тургула, досторуна айт. Башка аргабыз жок," - деди.

- Албетте, эже, отко май тамызган ошол балдар өздөрү, эми Мурат өлтүрүп алганы үчүн айыптуу болуп турбайбы. Мага карап унчукпай турду да, басып кетти. Артынан жоолугу сыдырылып жерге түшсө да бурулуп албай нес болуп бара жатты. Чуркап барып жоолукту алдым. Артынан жетип берсемби деп кайра токтодум.

Классташтарды чогултуп сүйлөшсөкпү? Өзүмө өзүм суроо берип турдум.

"Жанара! Телефонуңду ал," - апам сыртка чыга калып кыйкырды. Чуркап барып алсам, биздин эжей:

"Жанара саат үчкө мектепке келгиле, ар бириңерди кыдырууга убактым жок. Баарына чалдым. Кечикпегиле!" -деп кыйкырып өчүрдү. Эми мугалимдер бизге көрсөтөт көргүлүктү. "Мектепти бүтөөрдө тынч, ызы- чуусу жок бүткүлө!" - деп какшапчу.

Кийинип мектепке жөнөп кеттим.

Мектептин директору өңү өзгөрүп, моюн этин салаңдатып, жининин болушунча ызырынып сүйлөп жатты. Тынч гана башыбызды жерге салып туруп бердик.

"Талыкпай билим бергенибиз үчүн рахматыңарбы бул? Уруксаатсыз отуруш уюштурууга тыюу салганыбыз качан? Баарыбыздын жүзүбүзгө көө сүрттүңөр го. Силерден кийинки бөбөктөр келип ушул мектепке окушу күмөн болуп калды. Эң начар, тартипсиз, кылмыш үстүндө жүргөн мектеп, - деп айтышат бизди эми. Өзүн эле эмес, өзгөнү да жардан кулаткан силер болдуңар!"

Мектеп директорубуз карылык эс алуу жашына барып калган ак чач киши эле. Ал атам менен абдан жакшы мамиледе болчу. Үйгө да келип көп нерселерди сүйлөшүп олтуруп кетчү. Бизди тилдеп турганда улам мен тарапты караса көзүмдү ала качып жаттым. Оюмду окугандай:

"Жанара кызым, сага эмне болгон? Мектептин бетке басаар ишенген окуучусу сенсиң, жок дегенде ушул иштин ичинде сен жок болсоң түшүнөт элем. Эч болбосо, уруксаат сурап койсоңор, балким бир эки мугалим көзөмөлдөп турмак да... Ушинтип онуна чыдап бири калганда мектептин атын булгап кетесиңерби? Өткөн жылкы окуядан сабак алган жоксуңарбы? Эми ал унутула баштаганда жаңыртып олтурасыңар. Тилибиз тешилгинче какшап турганыбызды билишпей, мугалимдер тарбия берген эмес да, деген сөздөрүчү ата-энелердин. Мектептен сыртка чыккандан кийин, жоопкерчилигибиз моюндан алынса дагы, эки үч мугалимди коюп, түнкү кароо жүргүзүп жатабыз. Ал эмгегибизди эч ким билбейт. Мугалимдердин үйүндө оокат-тиричилиги жокпу? Силердин коопсуздугуңар үчүн күнү - түнү жүрүшү керекпи? Ата-энелер өз балдарына тарбия бере албай, кайдыгер карагандыктан ушул нерселер болуп жатат, туурабы?!" – деди ачууланып.

Агайдын ачуусу келгенинче бар, былтыр тогузунчу класстын бир окуучусу боюнда болуп, кыз аттуунун баарын уяткарган. Ошондогу чогулуштагы сөздөр алигиче кулагымда. Эмнелер гана айтылган жок, баары бизге тиешелүү эле. Ата- энелер чогулуп, аябай чоң талкуу маселеге айланган. Апам дагы мени көпкө, "Менден сыр жашырчу болбо," - деп кыжаалат болуп жүрдү. Ошентип ал кыз чыбыктай кезинде турмуш куруп, мектептен чыгып кеткен.

"Илгери кыз киши караңгыда көчөгө чыкмак тургай, суу алууга барчу эмес. Ал эми азыр ар бир экинчи кыз көчө таптап, энесинин сөзүн сөз дебей, эркектен айырмасы жок болуп бараткан заман. "Кызды кырк үйдөн тыюу" дейт. Ата- энеси эле эмес, кошунасы тыйганга акысы бар. Келечегиңердин кең болушун каалсаңар, ата-эненин сөзүн уккула!"- деген сыяктуу сөздөр болгон эле. Агай азыр эң уяттуу ошол окуяны эсибизге салып өттү.

Угаарыбызды угуп, өз колдорубуз менен түшүнүк каттарыбызды жазып берип үйгө кайттык. Эми чын эле, биздин бул кылган ишибиз үчүн мугалимдер да милиция канадан чыкпас болот. Деги эмне болуп кетээр экен? Алдыда чоң сыноолор күтүп тураары анык эле.

Мурат сегиз жаштан окугандыктан, бизден бир жаш чоң боло турган. Аны кадимки чоң кишидей эле убактылуу жайга камашты. "Жашы жете электер үчүн өспүрүмдөр колониясы бар, абдан жаман, баарыңарды ошол жакка алып кетишет," деп агай балдарды далай коркутканы эсимде.

Күндөр өтүп жатты, Мураттын соту да улам жакындай берди. Мектепте мурдагыдай өзүмдү ишеничтүү, кенен, шайыр алып жүрө албай таптакыр чүнчүп кеттим. Достор менен сүйлөшпөй да койдум.

Ушул убакыт ичинде милиция бөлүмүнө жүз бардык десем болот. Эң эле жүрөктү эзгени, көз жумган бала үй-бүлөдө жалгыз уул болчу экен. Тамыры күчтүү адамдар көрүнөт. Мурат мөөнөтүнөн кутулуп чыккан күндө да, аны жер жүзүнөн жок кылып салуулары мүмкүн.

Сабактан келип апам менен чай ичип олтуруп:

Апа, Муратка бүгүн тамак алып барып келейин. Буга чейин классташтар кезеги менен барып жатышыптыр. Эжесинин да күндө барчу чамасы жок, - дедим. "Ооба ошент, барсаң барып кел, тур анда тамагыңды дайында, автобус токтоп калат. Атаң да машинени минип жумуштар менен жүрөт," -деп апам да каршы болгон жок. Мен ордумдан шаша туруп тамак даярдоого кириштим. Кою эле тамак жасайын, курсагына тургандай болсун, дедим.

Биздин айыл чет жакта болгондуктан, көп деле машина кире бербейт. Маршрутка таптакыр эле каттабайт. Эли аз дейби, айтор актабай калат го, же жолдору начар болгон үчүнбү... Эки автобус алмак - салмак сейрек келип турат. Мурун машина жокто базарга баруудан кыйла эле кыйналып жүрдүк. Азыр баары жеңилдей туюлат, көнүп калдык. Сейрек каттаса да, саатына карап чыгып тиричилик кыла беребиз.

Тамагымды тездетип, дымдап коюп шашыла кийиндим да жолго чыктым. Автобус да көп күттүрбөй келди. Бош турган орундуктан жай алып, терезеге тигиле карап бара жаттым.

-Ээх... Бул жашоо кандай табышмакты даярдап турат болду экен? Буйруса экзамендерди жакшылап тапшырып алсам, окууга барсам, баса, Айпери барар бекен шаарга окууга. Ал менен да окуядан кийин көп сүйлөшпөй калдык. Кызык, ал деле чалбайт. Эртең үйүнө барып сүйлөшүп келейин. Ал да абдан кыйналып жүрсө керек, өз ойлорум менен алышып бара жаттым.

Аңгыча аялдамадан токтоп эки жубай автобуска чыгышты. Күйөөсү бутуна тура албайт, мас. Кош бойлуу аялы колуна да эки жашарлык баланы жетелеген. Маңдайымдагы бош орундукка олтурушту. Аял байкуш жүдөгөн. Маңдай чачы жоолуктан чыгып, бети сепкилдүү. Кийими да дурус көрүнбөйт. Баласы улам, "Апа жейм," -деп ыйлап жатты. Күйөөсү каалгып орундукка да түз олтура албай шылкылдайт.

"Мэ... Алагой..." -деп баштыгынан нан сындырып берди. Көздөрү тегерек, беттери торлошкон колдору бойтойгон кара бала, нанды шаша жеп, улам мурунун шыр тартып коёт.

"Жеттикпи...! Э катын!" - деп күйөөсү катуу- катуу сүйлөп жатты.

"Жок дагы бар. Бул жерге башыңды жөлөп тур." -дейт аялы ийинин көрсөтүп. Дагы түшүнүксүз көп сөздөрдү сүйлөдү. Көкүрөгү кирилдейт. Оозу-башы бүлкүлдөп сүйлөгөн сөзү билинбейт. Карап олтуруп тан бердим.

Өзүм жаш кыз болсом да, уккан билген, окуганымдан, көп эле нерсе билчүмүн. Бирок "Аял кишинин түйшүгү чексиз. Ал мээрими менен ташты эритет" - деген сыяктуу сөздөрдү окуп көп маани бербептирмин. Азыр күбө болуп келе жатам. Күйөөсүн да ийинине жөлөп, ошол эле учурда баласын карап, курсакта наристесин да абайлап автобус силкинсе кармап коюп келе жатты.

Өтө чыдамкай, мээримдүү, боорукер, назик, түйшүкчүл, көрөгөч, акылдуу, ойчул, кыялкеч кылып кудайым аял затын башкача жараткан тура.

Агайыбыз, "Беш мүнөттүк поэзия" сабагында, ар улуттан чыккан чыгаан инсандардын тамырга жетер сөздөрүн угуп алгыла деп окуп бере турган. Анда Индия элиндеги бир мыкты инсан мындай дептир: "Аял бул, суудан да тунук инсан, ал бар жер бир нугунда турат. Эгер алар жок болсо, эчаак эле маймылга айланып кетмекпиз."

"Эркек күрөшүүдө жеңишке жеткенин гана көздөйт. Ал эми аял, жеңилүү менен жеңишти өзүнө бурат. Аялдын ийкемдүү, назик, баш ийген кыялы анын күчтүү куралы, жеңилүү менен эле бардык нерсе кайра жыйынтыгында аял айткандай болот. Эркек жеңдим деп ойлогону менен мындай кудуреттин алдында жеңилгенин сезбей калат."

"Билимдүү инсандардын көпчүлүгүнүн энеси мыкты, анткени алар көбүрөөк тарбияны энеден алышкан."

"Аял жашоодо көптөгөн ооруну башынан кечирип, кайра эле унутта калтырып жашай берет. Ал эми эркекетер жаны ширин жана чыдамсыз келишет. Ошондуктан алар күнүмдүк жашоону гана ойлоп жашайт. Ал эми аял көрөгөчтүк менен бир нече күн кийинкини кыялдануу менен жашайт."

"Баланын ыйына эне гана чыдайт. Эгер атаны бир күн бала менен калтырсак, буга чейин жашап келген жакшы күндөрүн үнутуп, өзүн өмүр бою азап менен жашап келе жаткандай сезет".

"Менин аялым жакшы болчу, мен алгандан кийин жаман болду. Анткени менин чөйрөмдөгү адамдардын өзүнө жараша мамиле кылууга туура келди" -деген мыкты сап сөздөр эсимде калыптыр. Агайыбыз, "Мына чоң адам болдуңар жакында ата-эне да болосуңар, бул кулагыңарга күмүш сырга болсун," - деп айтаар эле.

Аял заты түшкөн жерине суудай сиңип, таштай батып, алардын бардык шартына көнүп жашоо менен бакыт табат дешет. А бактылуу болбой кордук көргөн аялдар аз эмес. Билбедим, башым катат. Келечекти кантип тандоо керектигин эстесем коркуп кетем. Ушундай ойлор менен алышып олтуруп көздөгөн жериме жетип, автобустан түшүп калдым. Бир аз басып олтуруп милиция бөлүмүнө жетип келдим.

Ооздогу олтурган күзөтчү аке кирип бара жатсам, "Кайда барасың?" - дегендей айнекти такылдатты. Үнүм угулбайт го деген ойдо мында деп жаңсап койдум. Олтурган чакан бөлмөсүнөн чыгып келип:

-Чоң кыз мында кирүүгө болбойт. Кимге келдиң?

-Мында менин Касенов Мурат аттуу классташ балам олтурат, жолугуп тамак таштап кетсем дедим эле.

-Мында тура тур, азыр... -Көпкө жок болуп кетти. Аңгыча орто бойлуу, ак жүздүү, кийип турган кийими өзүнө жарашкан, оң жүзүндө калы даана билинип турган аке, мага жакындап басып келип:

-Сизби? Касеновго келген.

-Ооба, мен...

-Убактылуу камоочу жайга кирүүгө болбойт. Тамакты берсеңиз идишин бошотуп кайра алып чыгып беребиз, -деп колун сунду.

-Мен, жолуксамбы дедим эле, эжесинин аманат сөзү бар, сураныч беш эле мүнөт аке, уруксаат берсеңиз. Башыма ушул сөздөр келип жалган айттым.

-Карындашым, түшүнбөй турасыз, мүмкүн эмес. Жанагы калыбында колун сунуп турган эле. Жүзүмдөн жинимдин келгенин билдирип, колуна баштыкты ныктап карматтым.

Жанара деген классташың келди деп айтып коёсузбу? Ал дароо жылмайып, "Кап этпениз, албетте айтып коём," - деп кирип кетти.

Бул жигит жаш эле көрүндү, сүйлөп жатканда анын тиштери тизилген аппак экенин байкадым. Кирпиктери куду кыз баланыкындай узун экен. Эриндери кызгылт болуп, жылмайып сүйлөсө көздөрү күйүп турду. Анан да жүзүндө уячалары чуңкурайып абдан билинди.

Дене түзүлүшүнөн, жүзүнөн бир да айып таппасам да, кыз болуп эле калбаптыр да деп, үнүнүн бир аз ичкелиги да кыжырымды келтирди. Тобо деп да койдум. Күлкүм да келе түштү. Мындай жигиттер туруксуз жана далай кыздын ичи койнуна кирип сүйлөп, башын айлантчудай сезилди.

Көп күттүрбөй баштыгымды бошотуп чыкты.

"Мына чоң кыз. Айтчу сөздү кагазга жаза келсеңиз, алып кирип берип коёбуз," - деп жылмайды. Мен жактырбай колунан баштыкты жула алып кетип бара жатсам:

- Чоң кыз токтой турсаңыз, классташыңыз да сиз менен жолуксам болобу? - деп абдан суранды. Мындай кылбайлыбы... Начальник жокто чалам номуруңузду таштай кетиңиз. Дароо келе калсаңыз, аз убакытка жолуктурам. Болобу?

Мен дароо кубана түштүм.

- Албетте болот. Абдан ыраазы болот элем сизге. Номурумду айтсам жазып алды.

- Макул анда барайын. Алысыраак кетем. Коңгурооңузду күтөм. Макул дегендей жылмайып койду.

Кийинки күндө келгенимде көрүшсөк, бутуна байпак, ич кийим алып келейин деп ойлондум. Буга чейин Муратты ар дайым кагып сүйлөп жактырбай келсем, азыр аны аяп турдум. Биз аялдар, канчалык жагымдуу сөздү уксак ошончолук бой көтөрүп, чектен ашчу жайыбыз бар окшойт. Алсыз адамды кулга айлантып алууну каалайбыз.

Сабактарда дайым Мурат жанымда олтурчу. Кайсы сабакка кирбейли, жаныма капыстан бирөө олтуруп калса, акырын келип, "Кечиресиз, бул бийкеч меники, орундукту бошотуп койсоңуз," -деп тамашалайт. Балдар да ага шерик, "Кечиресиз байкабай калыптырмын, суранам күч колдонбоңуз!" -деп сүйлөп алышып каткырып күлүшөт.

Мурат эжей келди. Качан токтотосуң ушу кыялыңды? - деп урушаар элем. "Болду, болду ханышам," - деп коёр эле.

Жолдо бара жатып, мектептеги азыркы абалым эсиме түштү. Азыр Мурат жок болсо да жанымда эч ким олтурбайт, баары көнүп калышкан. Анын көп кылыктарын эстеп ичим жылыйт.

Маанайым суз, сабактарды көңүлдүү карай албай жаттым. Буга окуяны себеп болуп жатат деп ойлоп жүргөм, бирок жанымда жакшы адам жоктугу себеп болуп жатканын азыр түшүнө баштадым.

Батыраак үйгө жетип, менде калган жакшы элестерди кайра башынан көз алдыман өткөргүм келип жатты.

Күн кечтеп кызарып бата баштаганда үйгө жетип бардым. Аба ырайы бузулчу түрү бар. Кыш да жакындап калбадыбы. Эртең менен кечинде кадимкидей суук болуп баратат.

Үйгө кирип барсам, кечки тамакты дасторконго жаңы коюп жатышкан экен. Атам мени көрө коюп:

- Келдиңби? Кечиктиң го, апаң тынчсызданып жатат эле.

- Ооба, мени киргизбей бир аз кармалдым.

- Ооба, киргизбейт кызым, өткөндө мен да тийип, майда - чүйдө киргизгем, жолуга алган жокмун.

- Кел тамакка олтур, кызым...

- Жо-ок апа, менин жолдо көңүлүм айланып араң келдим, жуунуп эс алайынчы. Сиздер тамактана бериңиздер.

- Ачка болбойсуңбу, кызым?

- Апа кардым ток иче бериңиздер, мен жуунганы кеттим.

Чачымды кургатып олтуруп, мурат экөөбүз капыстан жанаша туруп түшүп калган сүрөт эсиме келе түштү. Издеп таап карап олтурдум. Ал сүрөттө да жылмайып түшүптүр. Аны жаздыгымдын алдына коюп жатып алдым.

- Баары эсимде. Бир жолу сабактан шашып үйгө бара жатсам. Мурат, “Токтой тур” -деп жетип келди.

- Эмне мынча шашып?

- Үйгө коноктор келиптир, тез барбасам болбойт.

- Өзүңчү? Балдар болуп бир жакка барабыз дебедиңер беле?

- Аа... Өздөрү бара берсин. Мен сен менен кетем.

- Жүр анда батыраак.

- Жанара, муну карачы. -Сумкасынан чоң кыпкызыл алманы алып чыгып көрсөттү.

- Эмне болуптур?

- Бул кимге окшош билесиңби?

- Кимге окшош?

- Сага жаным...

- Көлөмүбү?

- Жо-ок кайдагыны айтасың. Сулуулугу, таттуулугу, карачы бир да курту жок.

- Хым... Менин даамымды кайдан билесин? А балким ичимде куртум бардыр? Сулуу дегениң окшосо да, башкасы окшобой калды.

- Сенин даамыңды убагы келгенде билем жаным. Менден башка бирөө татып койбосо деп корком. Ичиңде куртуң жогуна да ишенем.

- Мурат, сөздү айландырып кандай мааниге такап жатасың? Оюңдун баары эле жаман нерсе э?

- Жо-ок түшүнчү. Капа болбочу. Табигаттын жасаганын айтып жатам. Сенин жаныңда өзүмдү олдоксон тутуп. Колдорум калтырайт негедир. Эч бир кыз сендей жан эмес, ишенчи...

- Токтотчу! Такыр түшүнбөйм сени Мурат. Алдыга жулкунуп баса баштадым. Артымдан келип эки ийинимден бекем кучактап туруп алды.

- Коё бер Мурат! Уятсыз десе! Араңдан бурулуп жүзүнө карап, акмак экенсиң! - дедим. Ошондо үн- сөзсүз эле эриндеримен өөп кирди. Денемди калтырак басып, коркуп кеттим. Мынчалыкка барат деп ойлочу эмесмин. Кучагынан араңдан суурулуп чыгып, чуркап жөнөдүм. Артымды карабадым. Чуркап келбесе экен деп тилеп жаттым. Үйгө кантип жеткенимди билбейм. Демимди баса албай күнөөлүү кишидей апамдан коркконумчу.

- Өңүң эмне купкуу кызым?

- Аа... Чуркап келдим да.

- Ии ботом... Анча шаштың. Чечинегой кир, боорсок бышырабыз.

- Ии макул. Бөлмөмө кирип алып күзгүдөн өзүмдү карап жек көрүп турдум. Буркурап ыйлап да алгам ошондо.

Азыр жууркандын ичинде жылмайып күлүп алдым. Кийин Мурат кечирим сурап убара болуп жүрдү. Эки ай сүйлөбөй койдум. Азыр болсо бул нерсе күлкүлүү туюлуп турат.

Бир жолу булакка сууга барсам ошол жерде балдар менен турган экен. Мени көрүп алардан бөлүнүп келип:

- Кандайсың? Жанка, бери карачы. Мени кечирчи. Ит болоюн, эми жаныңда турганда эки метр алыстыкта турам. Жакындасам эле эркек эмес экенсиң, дейсиң. Жүзүңдү менден бурбачы, карачы картайып кеттим. Сенин мага сүйлөбөгөнүңө толук эки ай үч күн, сегиз саат, он беш мүнөт, жыйырма секунд болду.

Өзүмдү кармасам да чыдабай күлүп жибердим.

- Сүйлөйсүң да Мурат, секундасын айта бер тимеле.

- Жаным менин, ананчы, ар бир мүнөттү санап жүрөм. Өткөндө бир күн сабакка келбей калганыңда, өлүп кала жаздадым. Сени көрүү үчүн эле барам мен.

- Койсоңчу Мурат, экинчи мындай кылчу болбо. Сени жек көрүп жүрөм. Өбүшүү дегенди билбей турчу убагыбыз болушу керек эле.

- Жарайт алтыным. Айтканыңдай болот, тек сен менден жүзүңдү бурба. Кел берчи мага... Колумда чакаларды алып суу суза баштады. Жаныбыздан өтүп бара жаткан айылдын балдары:

"Оо... Мурат Жанаранын кулуна айланды. Кызматыңды өтөй бер дос, пайдасы тийет!" -деп каткырып күлүп калышты.

"Ичиңер күйүп жатабы? Ооба махабаттын кулумун..." -деп аларга кошулуп коштоп күлдү Мурат.

- Ой тобо, качан токтоор экен ушул кептер, келе берчи өзүмө.

- Жо-ок, жарым жолго чейин алып барып берем. Жок дебе. Жанара, дайымкыдай эле жаныңа эртең олтура берейинби сабакта?

- Сен менден сурачу белең? Ансыз да олтурасың го дайыма.

- Ооба дечи, башка эч ким жаныңа олтурууга татыктуу эмес. Сен мага жашоого үмүт туудурасың жаным. Азыр ата- энем болгондо, сага эң кымбат сөйкө алып салмакмын. Ошондо жүрөгүм тынч болор эле. Сени бир күнү уйкудан ойгонуп таппай каламбы, деп коркуп жашайм.

- Мурат кайра баштадыңбы?

- Жок дегенде угуп койчу Жанка, сени жооп бер деп зордобойм. Айтчы, кантип эле бир адам көңүлүңө жакпасын. Балким башка бирөөнү ичиңден жактырып жүрөсүңбү?

- Мура-ат!

- Жанара, ушул суроомо жооп берсең, мындан ары мындай какшаганымды токтотом.

- Менде азыр чын эле бирөөнү жактыруу сезими жок, бул нерсенин кечирээк келишин каалайм. Окууну ойлоп жүрөм. Анан да биздин мектепте жактыра турган деле бала жок, -деп күлүп койдум.

- Чын элеби?

- Ооба...

- Жаным менин, мен сага такыр эле жакпаймынбы? Жанара.

- Дагы баштадыңбы? Сени досум катары көрөм. Башка бир сезим болушу мүмкүн эмес. Мураттын өңү сустая түштү...

- А сен, менден эмнени күтүп жүрдүң эле?

- Жо-жоок эч нерсе жаным. Сага кандай эркек жагат болду экен, деп ойлонуп кеттим.

- Мага такыр эркек деген жакпайт, азырынча. Макул келе, бер, чакаларды.

Эңкейип чакаларды алаарда, жүзүбүз жакындашып, көздөрүбүз чагылыша түштү. Мураттын көздөрү капкара экенин мурда байкабаган экенмин. Ал мага башкача элес калтырды. Менин көздөрүмдөн ылдый эриндериме тиктеп туруп, “Мен сени сүйөм, Жанара,” -деп жер карады. Кандай катып турганымды билбей калдым, шап эле чакаларды алып басып кеттим. Эч бир сөз сүйлөбөдүм.

Ошол күнү кечке ыңгайсыз абалда жүрдүм, жиним келгени же кубанганым белгисиз. Колумдан буюмдар ыргып, кыжаалат болуп жаттым. Азыр Мурат жанымда жок да, бул жылуу мамилелер жетишпей турду. Кайра өзүмчө, сенде деле уят жок Жанара, эмне бат эле өзгөрүп кеттиң. Өзүңдү колго ал, баягы калыбыңдан жазба, деп өзүмдү- өзүм тилдеп турдум.

Таң эрте туруп сабакка камынып жөнөп кеттим. Эшик суук, кара булут каптап турду. Биздин мектеп жөө басып барсаң жыйырма мүнөттүк жол эле. Ар түркүн ойлор менен алышып олтуруп бат эле жеткендей болдум.

Класска кирээр замат жүрөгүм шуу дей түштү. Таң атпай ата - энелер толтура экен. Партанын бир бөлүгүндө окуучулар, бир бөлүгүндө алар олтурушуптур. Баягы эле көйгөй окшойт деп туюп турдум. Эң акыркы орундукта олтурган Алмаз аттуу классташ баламдын апасы ыйлап жатыптыр. Көрсө бей тааныш балдар өткөнкү каргашалуу окуяда Мураттан сырткары беш баланы, “Көптөн бери эле биз менен урушуп келишет, досубузду саярда булар кармап беришти, болбосо жеңилбес эле,” -деген арызды ташташыптыр.

Ушул кантип болсун? Жеткен акмактар тура. Атамдын айтканы ырас экен. Ата - энеси күйүтүнөн бардык күчүн жумшап жатышат окшойт. Кечинде үйлөрүнөн алып кетишип, алып барып камап коюшуптур.

Сабактан келип апамдарга айтсам, абдан кейип калышты.

Атам:

- Мына көрдүңбү? Ушундай болоорун сезгем.

Бала кезимде жаныбызда орус коңшубуз бар эле, союз таркап эми эле орустар жок болушпадыбы. Алар торопой багышчу, бир күнү уурулар кирип эки торопоюн уурдап кетишет экен. Биз чоң көчөдө балдар менен топ ойночубуз, байкабай орустун короосуна топ ыргып кирип кетсе болобу. Дос балдар бул орусундун кыялы жаман, сен

коңшусу болосуң го, акырын короодон ашып кирип алып чыксаң, -деп туруп алышты.

Оюмда эч нерсе жок короодон ашып кирдим, күүгүм болуп калган эле. Топту чөптүн арасынан таппай убарамын. Бир убакта чочколордун үнү угула баштады. Көрсө торопой камаган сарайы ошол жерде экен. Эптеп топту таап, короодон ашыра балдарды көздөй ыргытаар замат артымдан бирөө шап эле кармап калса болобу. Жүрөгүм оозума капталды. Карасам эле дядя Коля. "Аа кармалдыңбы...? Жүр," - деп эле мойнумдан сүйрөп үйүнө киргизди.

"Кана торопойлорум?! Саттыңбы?!" -деп суракка ала баштады.

Жок дядя Коля, топту алганы кирдим эле, дегениме карабай атама сүйрөп алып барды.

"Сагынбек, уулуңдун кылыгын карачы! Азыр сарайдын жанынан кармадым, сенин уулуң уурдап алган экен торопоюмду," - десе болобу. Атам ишенбегендей мени карап.

"Чынбы уулум?" -деп, жини келип акырая тиктеди.

- Жо-ок ата, топ кирип кетип киргем, балдар сени тааныйт го, алып чык деп суранып калышты, -деп тызылдадым.

"Буга чейин Сүйүндүн уулунан күмөн санап жүргөм," - деп классташ баламды айтты тиги орус. Ошентип атам болуп классташ баламдын үйүнө барып чын эле торопойду уурдап алганы аныкталды. Ошого карабай экөө дос болчу, экөөнүн иши деп эки метр арыз жазып мени кошо милиция алып кетип, үч күн жатып салык төлөп чыкканмын, атам бир кой сатып чыгарып алган. Анда бир койдун акчасы дурус эле күчтүү болчу.

Мына ушундай кемпир, жөн эле жерден ушундай иш болгон. А бул жерде адам өлүп жатпайбы. Баары кылмыш болгон жерде турушса камайт да анан.

Бу, орустарың жаман калк келет. Канча жыл биз менен жашап, тилибизди үйрөнгөн жок. Кайра бизди кошуп сүйлөтүшпөдүбү? Макоо эле калкпыз да, орус бар жерде орусча сүйлөп, тилибизди өгөйлөтөбүз. Илгери орусча билбесең, "Бараны" - деп басынтат эле. Кыргызды тепсеп көнгөн да, жооштугубузду билип.

Бизде ыйман, улууга каяша айтпайт, кыйкырып сүйлөбөйт деген каныбызга сиңген тарбия бар. Ушунубуздан пайдаланып далай тепсеп келишти. Жакшы жумуштун баарында орустар. Дагы булардын беттен алмай ит кыялдары бар. Дароо кишини сүйлөтпөй жулуп алат. Өзүнө жараша жооп бербесең төбөңдө чай кайнатат. Эми - эми союздагы орустар жок болуп жаңылары төрөлүп жатат. Азыркылары бир аз ийкемдүү, бир аз да болсо баш ийет дешет бизге. Эгер азыр дагы

карыган илгерки орусту жолуктуруп калсаң, баягы калыбынан жазбаган. Дагы да болсо басынтсам деп турат. Жаш муундарыбыз акылдуу болуп, мекенди тыттырбаса эле болгону. Ушуларга ыйман берсин. Орустардын доору бүтпөдүбү.

Атам бала кезде жүрөгүндө калган окуясын салыштырып айтып берди. Эки эсе көңүлүм чөгүп, тамакка табитим тартпай турду.

Саат үчкө чамалап калган. Сиңдим менен иним сабакта түшүнбөгөн тапшырмаларын сурап жатат эле. Же бир башым иштебейт.

Иним:

- Эжеке, сизге эмне болду? Бир жериңиз ооруп турабы?

- Жо-ок, өзүм бир аз чарчадым, кабатыр болбо.

- Айтыңызчы, Мурат аке жакында келеби? Ал мага жаа жасап, атканды үйрөтөм деген. Көчөдө балдар менен ойногон кызыксыз, Мурат аке жакшы болчу. - Бул сөздөрдү угуп, денем дүркүрөй түштү.

- Эмнеге сен теңдүү балдар менен ойногон кызыксыз? Мурат акең, сенден улуу да?

- Улуу болсо да мен менен жакшы ойнойт. Көп нерсе үйрөтөт, а досторум үйрөтмөк тургай өздөрү билишпейт.

- Ал мага дайыма, Жанара эжеңди узун аппак машина менен келип алып кетем, ошондо алдына сен олтурасың деп айтат. Кандай ойлойсуз, ал жалган сүйлөбөйбү? - Көзүмө жаш келип, тамагым буулуп ооруп турду. Дароо мурунум сууланыша кетти.

- Жо-ок ал алдабайт. Буйруса келет, күтө тур.

- Ошондо машина менен кайда барабыз?

- Билбейм, аны Мурат акең билет.

Аңгыча сиңдим:

- Эже жана булакка сууга барсам, Айпери эже бар экен, сизди сурады.

- Ии, эмне дейт? Сабакка да барган жок бүгүн.

- Эч нерсе деген жок, бош болсо келип кетсинчи деген.

- Ооба баса, өзүм да барам деп жатпадым беле, эсимден чыгыптыр. Сабакты туура аткаргыла э, мен азыр.

- Апаке, Айпериге барып келейинчи, мектепке да барбады. Карачачтан келип кетсинчи деп айттырган экен.

- Күүгүмгө калбай кел, атаңдын ачуусу келет.

- Жарайт, апа бат эле келем.

- Телефонуңду унутпай алып ал.

- Ооба, апа...

Классташымдын үйү бир аз алысыраак, ортобузду чакан тоо бөлүп турат, кийинки айылда эле, он беш мүнөттүк жол. Барсам идиш- аяк жууп жатыптыр. Мени көрүп дароо күлүп жиберди.

- Келет экенсиң го курбум, чалсам телефонуң өчүрүлгөн дейт.

- Ооба, сабакта өчүрүп койгон элем. Өзүң эмне мектепке барбадың? Учурашкан соң, ошол ашканага олтура кеттик.

- Ошону сага айтайын деп чакырдым. Курбум жүзүндө кубаныч бардай жылмайды. - Мектепте эмне жаңылык?

- Баса, дагы беш баланы алып барып камап салышыптыр, жазылган арыздын негизинде. Болгонун болгондой айтып бердим. Айпери чочуп:

- Алмазды дагыбы?!

- Ооба...

Айпери чочугандай бар, Алмаз класста эң жоош, эң тартиптүү бала эле. Он бир жыл чогу окуп, оозунан бир сөгүнгөн сөз укпадык. Жөн жерден эле бечара кошулуп калбадыбы. Башка балдарыбызды деле жаман дебеймин, болгону Алмаз алардан айырмаланып турчу. Кыздардын баары жакшы көрчү. Айрыкча Айжан аттуу толук келген классташ кызыбыз тийишип турчу. Бир жолу балдардан бирөө Айжанга:

“Эй классташ, окууну бүтсөң эмне кылайын деп жатасың?” - деп сурап калды. Айжан да сөзгө чебер кыз…

“Билбедим, бу диплом деген неме кереги деле жок дешип жатат. Ошондуктан ата- энемди кыйнабай эрге эле тийип алсамбы дегем...” – деп боорубузду эзди.

“Мес-сага,”- деп балдар кыраан каткырат.

“Анда бирөө ала качып кетсе олтурат экенсиңда э?” –деп ансайын суракка алышты балдар.

“Албетте эгер Алмаз болсо олтуруп эле калмакмын, э Алмазик?”

- деп сүйлөсө классты жарып күлүп жыргап калышат. Айжан абдан көлөмдүү кыз, балдар бир аз шылдыңдап сүйлөгөнүн ар-кор кылбайт, ичинде кири жок, кайра өзү кошулуп каткырып күлө турган. Алмаз байкуш кызарып эле башын жерге салат. Силер мени ушул кызга жабыштырдыңар, ар дайым шылдың кыласыңар деп эч айткан эмес. Күлүп эле унчукпайт. Кыз аттуунун баарын бирдей көрүп сыйлачу. Сабак аяктаганда, Айжан такыр уялбайт…

“Алмази-ик токто, колуктуңду ала кет,” - дей турган. Кыздар балдар аябай күлчүбүз. А Алмаз болсо бир калыпта жылмайып күтүп

турат. "Болуптур достор," - деп колтуктап чыгып кетер эле. Ансайын жыргап күлөбүз.

Башка классташ балдарга тамашалашып, урушуп көнүп калганбыз. А Алмаз бет алдыңа келсе андай мамиле кыла албайбыз. Ал тамашалашпайт дагы. Болгонун түз айтат, анын сөзүнө ишенсең болот, күмөн кылбай. Ошондуктан класста бир нерсе болсо, Алмаз айтты десең баары ишенишчү. Айтор мыкты жигит. Чоң киши болсо да абдан жакшы адам болсо керек. Айпери экөөбүз Алмазды мактап кеп кылдык.

- Ой, Жанара кызым, келегой.

- Саламатсызбы аяш эне? Айперинин апасы төркү үйдөн сыртка чыгып бара жатып мени көрүп калды, жүзүмдөн өөп жылуу учураштык.

- Апаңдар тынчпы? Деги көрүнбөй калдың кызым, бат- бат келип турчу элең,-деди аяш энем жылмая.

- Ооба, бир аз колум бошобой жүрдү.

- Кызым, курбуңду үйгө кир дебейсиңби? Ашканада эмне кылып олтурасыңар? Чай коюп алып олтурсаңар боло…

- Рахмат, аяш эне, ушундай эле отуралы. Бир азга эле келгем. Батыраак барбасам күн кыскара баштады.

- Ии...Тиги классташтарыңар жакшыбы? Кагылайын, көк чыбык балдарга убал болду да... Эми эмне болот десең? Аяш энем күбүрөнүп сүйлөнүп эшикке чыгып кетти.

- Мм...Сүйлө курбу, эмне жаңылыгың бар эле?

- Аа... Окуу жөнүндө сүйлөшөйүн дегем.

- Туура ... Мен да сага келип окуу тууралуу сүйлөшөйүн деген элем.

- Анан? Шаардан тааныш мугалим таптыңбы?

- Ой кайдан, мен барбай калат окшойм.

- Эмнеге?

- Бая күнү мектептен келсем үйдө конок бар экен. Мурун апамдар менен жакшы катташчу досу боло турган. Алар мага жуучу түшүп келишиптир.

Мен таң калып калдым...

- Койсоңчу, эмне деп жатасын курбу?

- Жинденбей угуп турсаң. Баласы бизден төрт жаш улуу экен. Аты Турат, шаардан окууну бүтүптүр, кесиби тиш догдур. Көрүштүк, тааныштык, сүйлөштүк, жаман баладай көрүнбөйт.

- Туура, Айпери акыры турмушка чыгуубуз керек. Анан кандай чечим кабыл алдыңар?

- Анын ата- энеси "Балабыз шаарда жалгыз жашап жатат, үйлөнтүп койсок жакшы болор эле батыраак," - дептир.

- Анан?

- Анан ошо, сөйкө салышты... - Курбум абдан кубанып турганын жашырбады, атүгүл жигит жаккан го...

- Ошо, курбум. Той буйруса жазда.

- Мынча тез, окууга барайын, окуюн дебейт белең?

- Жакшы эле айтсам, апамдар билимдүү кишилер, сени окутуп алышат, -деп туруп алышты. Макул болдум. - Кыткылыктап күлүп кубанып жатты Айпери.

- Мен кубанычтамын Айпери, бирок, азыр бир аз жашпыз да, өзүң ойлосоң, мына карасаң, көкүрөгүбүз жакшы өсө элек. - Экөөбүз аябай күлдүк.

- Койсоңчу курбум...Көкүрөк өсүп калаар, балким бакытымдыр бул жигит?

- Билбедим курбум, аябай жети өлчөп бир кесчү чоң маселе экен. Окусаң анан деле турмушка чыкмаксың да. - Курбум менин сөздөрүмдү укпай эле өзүнчө жылмайып бактылуу болуп жатты.

- Апам айтат, жаш кезиңде кыялыңдагыларды жасап ал, турмуш бала кезде басчу түз жол эмес, ал ар тарапка бурулуп турат. Анан эч нерсе жасай албай каласың, -деп.

- Кебиңде жан бар дос. Эмне кыл дейсиң? Ал мага жагып жатса айтчы Жанара? Айпери мойнумдан кучактап жаш балача эркеледи. Менин сөздөрүм таасир бербесин сездим.

- Деги ал кандай бала экен? Айтчы.

- Кадимкидей эле... Бою узун, кара тору, булчуңдуу, сүйлөсө үнү да абдан жакты.

- Жакшы экен, жакшылап билип турмушка чык дегеним курбум. Турмуш оюнчук эмес деп айтышат го...

- Сиз айткандай болот, классском эже!

- Койсоңчу Айпери... - Ал кайра эле күлкүсүн токтото албай күлүп жатты. Экөөбүз дагы көп нерселерди сүйлөшүп олтурдук. Ал чексиз бактылуу...

Курбу кызым жетине албай кубанат. Аны карап олтуруп, адашып калбасаң экен, - деп ичимден ал үчүн тынчсызданып турдум. Ал мага, "Бирөөнү ойлоп, жакшы көрүп, күтүп жашоо кандай бакыт ээ," -деди.

Балким? Өңүм кубара түшкөнбү, курбум мени таңыркай карады…

- Жанара бери карачы эмне болду? Айтчы? Досуңдун бактысына кубанбай турасыңбы?

- Жо-ок кантип эле, угуп жатам сени...

- Андан көрө айтчы, сен кимди жактырасың? - Мен күлүп ийинимди куушурдум.

- Тимеле, ыймандуу кыз кыз боло каласың да дос! Денеңдин жылуусунда, жүзүңдүн сулуусунда сүйүүнүн даамын татуу керек курбум, -деп каткырып күлкүсү тыйылбайт. А менин оюм ошол учурда Муратта болуп турду. Эмнегедир кайгырсам да, сүйүнсөм да аны эстечү болдум.

- Кой мен барайын Айпери...

- Бат эле кетип каласыңбы? Кичине олтура турчу, досу-ум... - Эркелей жылмайды.

- Апам кабатыр болот билесиң. Сен үчүн абдан кубанычтамын, бактыңды таапсың. Ошондой болсо да, дагы жакшылап байкап көр, макулбу?

- Макул, макул, Акылкарачач... Сүйүүнүн көзү көр дейт, кеч болду эми, анын кемчилиги болсо да көрүнбөй калды го мага.

- Куурагыр экенсиң, мындай жаман кыз экениңди билбептирмин. Көчөгө чыгып калганбыз... Айылды жаңыртып күлдүк.

- Болуптур анда эртең мектептен жолугабыз.

Курбум менен коштошкон соң көчөнүн дал ортосуна түшүп ойлонуп келе жаттым. Акыркы күндөрү өзүнчө эле ыйлагым келет. Бирөө мага, “Эмне болду?” -десе эркеп кучагына жыгылып ыйлагым бар. Телефон номурумду алган аке да чалбайт. Муратка ич кийим менен байпак алып даярдап коюш керек эле. Каап... Экзаменге даярдануу керек. Бала кезден кыялданган нерсемди ишке ашырбасам жаным тынчыбайт. Окууга кетсем Мурат кантер экен?..

Былтыр жайында үч класс биригип онунчу классты аяктап жатабыз деп, көлгө барганбыз. Мугалимдер да бар болчу. Жакшы жатаканага жайгашып, ынтымакта үч күн эс алганбыз. Балдар шишкебек бышырып, кыздар тамак жасап эстен кеткис эс алуу болгон. Көл жээгинде топ ойноп аябай жыргадык.

Күн батып, көл тимеле жылуу болуп турган. Балдар суудан чыкпай жуунуп жатышты. Мен жээкте кумда жаткан элем. Бир убакта балтырым тыз дей түштү. Ошол убакта Мурат суудан чыгып мени көздөй келе жатыптыр. Тура калып эле ооруга чыдабай, кыйкырып жибердим. Эжей уга салып чуркап келди. Мурат күйүгүп жетип келип:

- Эмне болду? Жанара... Кана колуңду алчы... Сени бирдеме чаккан тура...

- Ой кудайым ай... Эмне чакты? Эжей тынчсызданып кыйкырып кирди.

- Эжеке бир аз кездеме алып келсеңиз...

- Азыр, жаным мени карачы катуу ооруп турабы?

- Ооба, жансыз болуп бараткандай...

Сол бутум уюп баратты. Мурат, бутумдун эки тарабын бекем кыса кармап, эжей алып келген кездеме менен жоон санымдан бекем байлады.

-Чыда алтыным, уу тарап кетпесин... - Эңкейе салып эле кызарган жерди соруп жерге түкүрө баштады. Ошондо Муратты карап өтө ыңгайсыз абалда болдум. Бир күн мурун эле ага катуу кеп айткам. Былжыраган кебиңди токтот, өзүңдү күзгүдөн көрсөң, -деп жакшы кебин четке каккан элем. Мага жакчу жигит сага окшош эмес, дегенимчи. Ал азыр мага биринчилерден болуп чын жүрөгүнөн жардам кылып жаткынын көрүп аябай уялып турдум.

Кайра - кайра соруп түкүрүп уусунан арылтты бейм. Бутумдун уюганы жазылды. Кездеме менен бекем таңып, мени шап көтөрүп бөлмөгө алып жөнөдү. Анын мойнунан кармап бара жатып, байкатпай көз кыйыгымдан карап койдум. Далысы кең, мойну жоон болуп мурдагыдан өзгөрүп, чыныгы күчтүү эркекке айлангандай сезилди.

- Периштем, оорубай калдыбы?

- Бир аз басыла түштү.

-Чыдай тур, бөлмөдө дары - дармек бардыр. Эбин табабыз.

Мурат кел өзүм басайын, дегениме карабай көтөрүп баратты.

Бир бөлмөдө экиден кыз жатчубуз. Жетип келип керебетке жаткызып, "Турбай жат азыр"- деп, өз бөлмөсүнө чуркап кетти. Таңылган жерди акырын ачсам, жан кирип калыптыр. Жаны чакканда ысып бат эле шишип чыккан. Негедир коркуп турдум... Эмне чакты болду экен? -деген ой келип жатты. Мурат кичине кутуча көтөрүп келип, ичинен йод алып чыгып сүртүп кирди. "Спирт же арак болсо жакшы болмок," - деди. Аны карап олтуруп жүрөгүм жылыды.

- Мурат?

- Оу, айт жаным...

- Мени кечеги сөздөрүм үчүн кечир. Ал бутумду карап турган калыбынан козголбой, жылмайып койду.

- Эмне күлөсүң? Кечирим сурап жатам мен, анекдот айткан жокмун.

Анын капкара каштары өзүнө жарашат. Бир аз муруту карайып анысы да өзүнө жарашып турду.

- Эмне унчукпайсың?

- Мени карап алсын деп жатам. Мураттын бул сөзүн угуп кызыктай боло түштүм.

- Эмне? Сени ким карап жатат? - Ии кайдан да карадым, билип калды, - деп ичимден күбүрөндүм.

- Уялба жаным, карай бер.

- Мура-ат!

- Чычалайсың Жанка...

- Мына буйруса баары артта калды. Кайра ооруп чыкса айткының.

Бутумду таңып бүткөн соң, өзүмдүн сууга түшчү кийим менен олтурганым эсиме түштү. Мурат боюмду бир сыдыра карап:

- Үшүдүңбү? Кел, которунуп алчы, -деди жалооруй.

- Чыгып тура бер, азыр өзүм эле. - Мурат керебеттен туруп бара жатып:

- Жанара сен бир жаралып калгансың, башка кыз сенин бир тал чачыңа тең келбейт. Өзүмдү жылаңач сезип батыраак чыгып кетсе экен деп турдум.

- Дагы баштадыңбы? Мурат сен жакшы баласың. Сени сыйлайм, классташым деп жакшы көрөм.

- Мынча кыйнайсың Жанара... Айтчы менден жакшы сапат көрө албайсыңбы? Аябай жаман баламынбы? Же жетим экеним намыстандырабы?

- Кайдагыны айтасың? Ал нерсе оюма да келбейт.

- Анда эмне тоскоол болуп жатат? - Ал сүйлөгөн сайын мага жакындап келе жатты. Кыйнадың мени, жаным. Ушунча жылдан бери чыдап келем. Сен ойлобо урушсам, жактырбайм десем менден баш тартат деп. Эч качан тарта албаймын...

Белимден кыса кармап өзүнө тартты. Тулку боюм титиреп турду. Эркек адамдын колу белиңе тийсе мынчалык болот деп ойлобогом. Башкача бир сезим келди.

Аны күч менен өзүмдөн түртө баштадым.

- Мага сөз бербедиң беле, эки метр алыстыкта турам деп? Эсиңден чыктыбы? Мурат! Абдан күчтүү экен, акыбалым жетпей турду. Ал далыма түшкөн чачтарымды манжаларынын арасына салып, бекем мыжыга өзүнө тартып мойнумдан жыттап койду. Ошондо коркуп алаңдадым. Эжеке сөрөйлөр кайда? Досторум да келбей калат мындайда, -деп тынчсызданып турдум.

Суранам коё бер, -дедим. -Үнүм ый аралаш чыктыбы билбейм.

"Коркпо Жанка, келесоо эмесмин. Тийбейм сага," – деп жүзүмө тигиле карап мындай деди:

"Менден корктуңбу? Сенин намысыңа тийип капа кылбаймын эч качан, ушуну билип жүр. Болгону сенин сулуу, назиктигиң мени акылдан аздырат. Сөзүмө турбадым, мени кечир. Жөн гана кучактап алайынчы," –деп мени көкүрөгүнө басты.

Мураттын колдору негедир дайым ысык боло турган, азыр анын колунун табынан дагы кийимсиз турган көкүрөгү күйүп турду. Каршылык кылымыш эткеним менен, көзүмдү бир аз жуумп жага түшкөнүн сезгенде, өзүмдөн- өзүм уялып кеттим. Аңгыча эшик шарак ачылып Айпери кирип келди. Мурат мени дароо коё берип эле ыңгайсыздана:

- Келдиңби Айпери, досуңду карабай кайда жүрөсүң? Бирдеме чагып алыптыр, дарылап таңып койдум. Байкап туруш керек, -деди.

- Достор кечиргиле, тоскоолдук кылдымбы? Айпери артка кетенчиктеди.

- Жо-ок тоскоол болбодуң, мен барайын, өзүңдү кара жаным. -Мурат шашыла чыгып жөнөдү. Артынан эле ак сумка көтөргөн узун бойлуу аке, эжеке менен кирип келди. Ичимден эртең эле келсеңер болмок, дедим. Эжеке байкуш мени Мурат көтөрүп жөнөгөндө, догдурду издеп кетиптир.

- Кана карындаш көрөлүчү. Таңылган бутумду чечип карап жатты.

Мурат алыс узабаптыр, акырын басып кайра кирди.

- Түшүнүктүү музообаш чаккан тура.

- Ал абдан уулуубу?

- Өтө эмес, бирок талуу жерди чакса адам өлүп калышы мүмкүн.

- Ал кандай жаныбар?

- Жөргөмүш сымал, көлөмү чоң.

- Муну ким таңды? - Мурат, "Мен" - деди.

- Эмне кылдың биринчи?

- Эң биринчи эле ууну соруп чыгардым. Андан кийин таңып койдум.

- Азаматсың, ууну чыгарып салганын аябай жакшы болуптур. Бул жаныбар күн ысыганда кумдун алдына кирип алат. Абайлагыла. Күн салкын кезде чыга баштайт, бул жерде сейрек кездешчү жаныбар. Ак сумкасынан сары түстөгү мазь алып чыгып, "Мына карындаш, бул ооруну басып, шишик таркатып, бутту калыбына алып келет. Азыр

көрүп ал, андан кийин бат-бат коюп турасың. Жакшы болуп кетет, коркунуч жок," –деди.

- Сизге рахмат, доктор. Эс алабыз деп, бир балээнин үстүнөн чыктыкпы дедим, коркуп кеттим. Үйүңүз да алысыраак экен, сураштырып арадан таптым. Буларды ата- энесинен кандай алып чыксак, ошондой тапшырышыбыз керек, -деди эжеке колдорун ушалай тынчсызданып.

-Түшүнөм эжеке, -деди доктор жылмайып. - Биздин эжей доктордун артынан сүйлөнүп чыгып кетти. Мурат мени карап турган калыбында: "Дары сүйкөмүш болуп, бутуңдан кайра- кайра кармалайт. Тумшукка бир муштап калсамбы деп эжейден уялдымда," -деп жылмайды.

Айпери жылмайып күлүп:

- Койсоңчу классташ кызгануунун да чеги болот. Кыткылыктап адатынча күлүп калды. Мурат жылмайган бойдон чыгып кетти. Айпери келип жаныма олтура калып:

- Ии, курбу оорубуй калдыбы?

- Жо-ок баары жакшы...

- Тиги Мурат экөөңө тоскоол болдум э?

- Ал эмне дегениң? Ушинтип капа кыласың да.

- Мага ушундай туюлду. Бир аз келбей турсам болмок.

- Кайра ырас өз учурунда келдиң, жакшы болбодубу. Аны билесиң да, экөөбүз жалгыз калган учурду дайым пайдаланып, тоок сүйүүсүн арнай берет.

- Тоок сүйүү дегениң абдан жакты мага. Каткырып күлүп калды курбум.

- Айпери дагы Муратты мага жабыштырсаң, достуктан кечип, сага катуу таарынам. Ал менин кыялымдагы жигит эмес.

- Жарайт, сага жакпаса эч качан айтпаймын мындан ары. Сөз берем.

- Билесиңби? Чыныгы сүйүү башкача келет, ал минтип кыжырыңды келтирбейт. Экөөбүз сүйүү темасын талкуулап кирдик.

Эртең кетебиз деген күнү дискотека уюштуруп жибердик. Мейманкананын ээси абдан жакшы кишилер экен. "Кана бойдоктор, чарчабай бийлейбиз," - деп курсагын салаңдата биз менен кошулуп бийлеп жүрдү, атамдан бир аз кичүү аке экен. Мен четте карап олтурдум, бутумдун оорусу деле басылды, эмнегедир бийлегим келбей турду. Бир заматта Мурат пайда боло калып, колумдан кармап: "Жүрсөң," - деп сүйрөп жөнөдү.

- Дагы эмнени баштадың? Токточу мынча тез баса албайм. Артынан чыйпылыктап ээрчип бара жаттым.

-Токто! Деги көңүлүң калбаган жан экенсиң. Мында эмне алып келдиң?

- Тынчтан, тигини карасаң. Айдын жарыгында көлдүн бетинде ак куулар даана кооз көрүнүп турду.

- Айи-й, таң калганымды жашырбадым.

- Жактыбы?

- Ооба, жакты...

- Кел буларды карап бир аз олтуралы. Экөөбүз кумга олтура кеттик.

- Кандай ойлойсуң жаным? Булардын өңү кандай?

- Азыр баары кара көрүнүп турат, негизи ак болушат го.

- Туура жаным, ак болушат, бирок кара түстөгүлөрү да бар.

Мага абдан жагып турду...

- Жанара, эмнеге ак кууну сүйүүнүн символу дешет билесиңби?

- Жо-ок, билбейт экенмин...

- Анткени булардын сүйүүсү бекем, меникине окшош. -Мен Мураттын созун угун шыңк этип күлүп койдум.

- Булар кадимки адамдар сыяктуу экиден жашашат. Эгер түгөйү капыстан өлүп калса, шериги жалгыз жашоодон баш тартып, тээ бийик асмандан боюн таштап өлүшөт экен. Карачы, кудуретин сүйүүнүн. Акылдуу адам баласы мындай кыла албайбыз.

Мен Мураттын айтып бергендерин кызыгып уктум.

- Алтыным, эгер маңдайга жазбай, мен бирдеме болсом, мени эстеп жүрөсүнбү?

- Мурат койсоңчу жаман кептериңди...

- Жанка андай дебе, эртең эмне болоорун билбей жашап келебиз. Кудайым узаак өмүр берип турса го, сени эч кимге бербейм, кудуретим жетет. Эгер өмүрүм кыска болсо, сени бирөөнүн койнуна салып бергеним ошол. Эстесем коркуп кетем…

- Мура-ат, эмне чал болуп алдың бат эле. Жакшы сөздөрдү сүйлөсөң. Буйруса баары жакшы болот...

- Демек, бирге болобуз ээ? - Мураттын көздөрү жайнай түштү.

- Эмне дароо эле антесиң? Баарыбыз көп жашайбыз дегеним.

Бир топко сүйлөбөй олтурдук.

- Мурат?

- Сүйлө жаным...

- Жана эмне кечир десем унчукпадың?

- Бул сенден эң биринчи угуп турган жакшы сөзүм эле... Эгер жүзүңө карасам жооп айтып, өзүмдү кармай албай калаарым анык болуп турду. Ансыз да апапак узун буттарың, ичке белиң, алмадай торсойгон төшүң, капкара чачыңды жайып алсаң өтө эле сулуу болуп кетесиң. Мына ушул касиеттериң менин эркиме каршы чыгып жатты. Далымдан муздак тер чыгып, кыйналып турдум. Сага болгон сүйүүм гана жеңди. Сенин макулдугуңсуз сага чыпалагымды тийгизбейм жаным. Ошого жооп айта албадым. Сенин карап турганың да абдан сүрдөнттү.

Бул сөздөрүн угуп, мен эч нерсе деп айта албай олтуруп калдым.

- Жанара эсиңдеби? Мен силердин класска үчүнчү класста келгем.

- Ооба Мурат эсимде...

- Сенин чачыңа класссташ балдарың сагыз жармаштырып коюп, аябай ыйлагансың. Экөөбүз жыргап күлдүк.

- Мен чачыңдагы сагызды зорго тазалап бергем ошондо. Эртеси сабакка келгенде мага: “Чачымды кече тазалап бергениңе рахмат,” - деп алма бергенсиң билесиңби жаным?

- Ооба кантип унутам аны...

Экөөбүз бөбөк кезди эстеп, бир далайга чейин күлүп олтурдук.

Азыр курбу кызым үйүндө олтурганда ошол себептен Муратты айтпады. Мураттан ушундай жакшы элестер калган. Башында буларды унутууга шашсам, азыр тескерисинче тынымсыз көз алдыма тартам.

Каргашалуу окуядан бери, апама үй тиричилигине кол кабыш кылбай калганымды сезип жүргөм. Үйгө жетип эле тамактанып алып, аны- муну кырып тазалап жууп кирдим. Бир чети өзүмдү алаксытуу керек эле. Бөлмөмө кирип жатчу болсом, дагы кыйналаарым анык.

- Кызым, кеч киргенде бул жумуштар зарыл деле эмес болчу...

- А, мен, өзүмчө...Ушундай, көңүлүм келип турганда жасай берейин апа.

- Макул, балекетиңди алайын, эртерээк жат. Сабакка барасың.

- Ооба апа, жакшы жатыңыз. Ичимдеги кайгы менен алышып, бир далайга чейин майда жумуштар менен алектенип, ошол түнү кеч уктадым.

Мураттын сүйүүсүнүн күчтүүлүгүнөн мен үчүн бирөөгө канжар уруп койду. Аны күнөөлөбөйм, бир көрсөм жакшы болор эле. Тиги кызга окшош аке эмнеге чалбайт? Каап анын да номурун алып алсам болмок экен.

Күндөр коёндой окшош, бирок мурдагыдан кыйла эле суз өтүп жатты. Класста олтурганда баягыдай бактылуу каткырыктар чыкпайт. Доскага Жанара+Мурат деген жазуулар жазылбай калды. Бардыгы ичтеринде кайгысын жашыргандай. Айрыкча Айжан ачык эле билдире:

- Алмазик жок жаман тура. Тамаша болсо да ал мени колуктум, - деп айтаар эле, деп ыйлап алды.

- Болду эми, көрөсүң ал кандай адам экенин билесиң го, чыгып келет эртең эле.

- Оозуна май курбум, билесиңби, бирде экөөбүз үйгө бара жатып катуу тамашалаша кеттик.

- Алмаз сен айтсаң, мен бир аз толук эле болбосом, башка аялдардай эле касиетим бар. Бала төрөй алам, тамакты даамдуу жасайм, иштин майын чыгарам, мени колдон чыгарып өкүнүп жүрбө. Баш кошолу деген оюң болсо азыр айт, башка бирөө илип кете электе, -деп чын эле тамашаладым. Аны билесиң го, түз кабыл алат.

"Өзүн мактагандан өлөрчө кач деген макал бар Айжан. Бирок ал сага тиешелүү эмес, сенин ичиңде кириң жок, ошондуктан мага жагасың. Келбетиңе маани бербейм. Балким жашоодо тандоого түшүп калсам, бардык кыздардан жакшы сапат таппасам, сага келем," -деп койсо болобу курбум. Ошондон кийин тамашаны койдум. Азыр сагынып турам. - Айжан кайра эле буркурап ыйлай берди. Сооротуу пайдасыз эле.

Айперинин турмушка чыгаары баарына маалым болду. Ал дайыма бизге: "Силерди тойго чакырам, ошондо мен момундай көйнөк кийем," - деп күндө кубанычы койнуна батпай биз менен бөлүшүп турду.

Акыркы апта ичи күн бетин көрбөй калдык. Аба ырайы кескин төмөндөп, кар аралаш жамгыр жаап, айылдын жолдору баткак боло түштү. Быйыл кыш эрте келчүдөй. Тээ алыска көз чаптыра албайсың. Тоо жартысына боз түшүп, бак-дарак тартайып, айланадан сулуулук кетти. Бала кезде биздин бет маңдайдагы бийик тоодо карагайлар жыкжыйма көрүнчү. Барган сайын суюлуп, соксоюп аз- маз жерде эле калыптыр.

Күндүн илебине зар болгондой, мал- жан да тоодон келгенден бери үңкүйүп жүдөп кетишти. Айдоо жерлер такырайып, дөңсөө жерлер даана көрүнүп, мектепке барчу жолдун эки тарабы тең мейкин талаага айланды. Күз менен жаз мезгилинин эң башкы күндөрү адамды алсыратып, жааны менен жүдөтүп жиберет эмеспи.

Булакка суугa барсаң жымжырттык. Буга чейин кыздар, баладардын баары ошол жерде жүрүшөөр эле.

Ушул күнгө чейин тарткан азаптарым мени көк мээ кылгандай. Бир нерсени ойлонуп чечүүгө, ой жүгүртүүгө акыбалым жок. үйдүн алдында туруп өткөнкү кыш эсиме келди. Менин туулган күнүм 29-ноябрь. Ал биздин класс жетекчи агайдын туулган күнү менен бир боло турган. Классташтар агайды куттукташса сөзсүз мени кошо куттукташып, белек беришчү эле. Агай мага төрт сап ыр арнап окуп, китеп же калем белек кылчу. Кыздар, балдар сабактан кийин, таттуу суусундук, шириндик алып, парталарды бириктирип стол жасачубуз. Анда да эдиреңдеп Мурат байкуш мени төргө колумдан жетелеп: "Бүгүнкү жакшы күндүн күнөөкөрү, кол чаап койуңуздар," - деп столдун жогору жагына олтургузчу. Эч нерсе таппай эле турабыз да, баары кол чаап калышат. Оюн, тамаша, жасалмадан болуп жатса да жүзүм албыра түшөт эле. Торттун бетине шам күйгүзүп, жабыла кулагымдан чойгулашып, куттуктап калышчу. Анда Мурат: "Абайлагыла достор, бул бийкеч кимдир бирөөгө керек болуп жүрбөсүн," -деп күлдүрөт. Айжан көрүнүшү жана кыялдары менен аябай күлкүлүү кыз. Ордунан тура калып:

"Урматтуу достор, арыктоонун жолун таппай жүргөн кымча бел классташыңардын сөзүнө көңүлүңүздөрдү бурам," - деп каалоо тилек айтып, ар түркүн сөздөрдү курап сүйлөп боорубузду эзип сүйлөй турган. Мындай күндөр дайым кечки отуруш менен аяктачу. Адатынча Мурат артымдан калбай ары барсам ары, бери бассам бери мени коштоп, мага көңүл болуп турчу. Аны баягыдай эле кагып- силкип, жакын адамдай сезчү эмесмин. Кээде Муратка таң калам да жинденип алам...

- Сага бир аз жетишпейт го э?

- Эмнеге?

- Сөзгө түшүнбөсөң... Капа болбосоң... Менин сөздөрүм катуу тийеби сага? Мындан күчтүү жаман сөз билбейт экенмин. Болбосо аны да айтып көрмөкмүн...

- Жанара, андай эле көңүлүмдү калтыргың келсе, бир жолу бар.

- Кандай жолу бар экен?

- Мени бийик аскадан түртүп жибер, бирок аска бийик болуусу шарт, өлбөй калсам, дагы деле көңүлүм калбай жүрө берем, -деп күлүп койду.

Ыңгайсыз абалдан чыгууга аракет жасадым, башымды көтөрүп аны тиктей албай турдум.

- Билесиңби Жанка мен сага белек даярдадым, көргүң келеби?

- Кереги жок Мурат...

- Жок, токто Жанка. Албай коюуга акың жок. Жүрсөң, болсоң эми. - Ал мени отуруш болуп жаткан үйдүн төркү чоң бөлмөсүнө жетелеп кирди. Кирээр замат эле көзүмө кыпкызыл роза гүлдөр урунду. Аларды жасалма го, деп дароо ойлоп койдум.

“Бул сага,”- деп анча ачыла элек роза гүлдөрүн сунду. Алар көрсө тирүү гүлдөр экен, жыты аңкыбаса дагы, жыттанып турду.

- Рахмат Мурат. Кайдан таптың айтчы? Ушундай мезгилде гүл табуу кыйын го.

- Таптым жаным. Кеч күздө роза гүлдөрү кайсыл жерде өсөт жалгыз мен гана билем.

- Жакшы го...

- Кааласаң алып барып келем...

- Макул баралы.

- Бирок ал жактан кайтпай калышың мүмкүн.

- Аа, эмнеге?

- Ал Мурат аттуу жигиттин сол тарабындагы эт жүрөгү, бул гүлдөр ошол жерде өсөт. Ал жакка кирген киши артка чыкпайт.

- Ал жерге көп адамдар киришеби?

- Жо-ок, ал жерде бир эле адам батчу орун бар, азыр аңгырап бош турат.

Мен эки колумду чаап, жүзүмдү жаап күлүп жибердим.

- Жаным, шылдыңдап турасыңбы?

- Мура-ат, сен барган сайын шумдук болуп баратасың. Кыялдануулары̆ң да башкача шумдук. Гүлүң үчүн рахмат. Жүрү, досторго баралы.

- Токтой турчу, колуңду берсең. - Ал эки колумду кармап өөп койду. Тартууга аракет кылсам бекем кармады.

- Жанара, Мурат акыры тажайт, - деп жүрөсүңбү?

Оозума талкан салгандай тура бердим... Жооп кайтарбадым.

- Билип кой, бизди өлүм гана ажырата алат. Мураттын көзүнөн ишеничтүү айтканы туюлду.

- Хым, мен бирөөнү сүйүп калсамчы?

- Андай болбойт.

- Эмнеге? Мен мурдумду көтөрө бийик сүйлөдүм.

- Сени менден ашкан жакшы адам жок экенин көрүүңө болгон күчүмдү жумшайм, -деди ал адгы ишеничтүү үн менен.

Мына , бүгүн ал менин жанымда жок, ал эми туулган күнүмө үч күн калды. Сен берчү гүлдү ким берет мага? Сен айтчу сөздү ким

айтат мага? Ким менен каткырып күлөм. Кимден сүрдөнүп уялам, Мурат? Байкушум десе, ырас айтыптыр ошондо, Мурат сен жетишпей турасың жашоомдо. Мени кечир жаным, жан дүйнөм сөгүлүп, жүрөгүмдүн учу тилинип канап турду. Буга чейин өзүмдөн коркчумун, бул сезимди мойнума алгандан. Азыр коркпой турам, ичимден жинденип сүйлөп жаттым.

Канча капа кылдым... Башка бирөө болсо эчаак эле басып кетээр эле. Жаным, сен бул каргашалуу окуяга кабылбаганыңда, сени сүйөөрүмдү билбей, келесоолугума салып бой көтөрүп жүрө бермекминби э? Өзүмө суроо бердим. Ырас эле, Муратымдын жоктугу менин сезимимди ойготту.

Чындыгында сени катуу сүйчү турбаймынбы. Бирок сен баарына чыдадың жаным. Сен мени кучагыңа кыскан күндөрдү эстеп, алардын деми менен жашап жатам. Сен мага эбегейсиз чон сезим тартууладың. Бул мамилелериңди жасалма деп күмөн санабаймын. Анткени жасалмалыктын чыдамы өтө тез кетет. Көзүмдөн жаш кулашына аз калды. Терээң дем алып, өзүмдү кармап турдум. Эшикте бир калыпта катып тура бериптирмин. Артымдан апам келип:

- Кызым, чакырсам такыр укпайсың, эмне болду? –деди. Селт эте түштүм. Апам далыма калың күрмө жаап жатыптыр.

- Кызым, акыркы күндөрү сенин акыбалың мени ойлондуруп жүрөт.

- Эмнеге апаке? Дароо бурулуп бетинен өөп койдум.

- Билбедим, же өсүп токтолуп баратасыңбы. Ой басып эле калдың, менден жашырба кызым. Айтчы мага.

- Апа баары жакшы. Тамагым буулуп чыкты. Көздөрүм жашылданды, апам дароо байкаптыр.

- Кызым сенин эң жакын досуң мен болом. Сенин айтканыңды бирөөгө айтпайм, сени сатпайм, мазактабайм, сен ыйлап жатканда күлбөйм. - Апам мага энедей эмес башкача көз карашта сүйлөп жатты.

- Кел отур...

Эшикте атам жасаган кооз жыгач отургучка олтура кеттик. Ырас эле, мен таңданып турдум. Кантсе да эне да, акылы алмаз менен болоттон курч келет дешет. Шамалга жүзүмө учуп жаткан чачтарымды алып кулагыма илип: “Айт, айтагой,” -деди апам.

- Эмнени апаке? Дагы да болсо сыр бергим келбей турду.

- Бирөөнү жактырып калдыңбы? Ыңгайсыз боло түштүм, бирок тээ көөдөнүмдөгү ырас айтасыз апаке, - деген чындыкты апам көздөрүмдөн окуп койду.

"Келчи мага," -деп мени кучагына алды. Мен такыр сүйлөгөнгө чамам жок буркурап ыйлап кирдим.

Эмнеге ыйлап жатасың? Эмне болду? - деген суроолорду берген жок. Мындай акыбалым эч бир сөзсүз эле түшүнүктүү болуп турду. Мени бекем кучактап, кулагымдын түбүнө келип мындай деди:

- Бир аз жаш элең, бирок мейли, мен сенден жаш кезимде сүйгөм. Менин жүзүмө карап;

- Оо-у, анда жаш элек. Атам апамдардан качып жолугушууга чыкчумун. Анда ыйман деген күчтүү да, ал жолугушуулар мен дубалдын бери жагында ал болсо ары жагында туруп башыбыз гана бири- бирибизге көрүнүп туруп өтчү. Колуңду берсең десе, арандан сунуп коркчумун. Бир жолу атаң да абдан кызык киши да... "Мен сага үйлөнөм,"- десе болобу. Мен бул сөздү күтпөй турган элем, кызара түштүм.

"Толгонай мага билесиңби кандай кыздар жакпайт?" –деп калды.

- Мм, кандай?

- Буту тайтак, -деди атаң... - Апам экөөбүз күлүп калдык.

- Ошондуктан бир чыгып көрүнүп койчу бутуңду көрүп алайын, - деди. Анден бетер апам экөөбү аябай күлдүк.

Мен да жашмында, эч нерсе оюмда жок. Ал мени далай эле жолу сыртымдан көрүп жүргөн, бир айылда турабыз.

"Болсоң эми, бутуңду көрүп анан, башка сөзүмдү улантайын,"- десе келесоо жаным, короодон чыктым. "Бар экенсиң го," - деди атаң. Буттарым жайында турбай атаңдын алдында кыйын сүрдөнүп турдум. Ал мени өзүнө тартып бекем кучактап алды. Мен болсо тыпырчылап ыйлактап кирдим. "Толгонай коркпо, сен деле мойнума асылып койсоң, болсоң эми," - деди. Ошондо биринчи ирет, атаңдын мойнуна асылып бактылуу болуп турдум.

Атаң кыйын жигит болчу, мени бат эле арбап алган. Ошентип үйлөндүк. Атаңдын мага болгон сезимдери күчтүү болгон үчүн, баарына көнүп жашап калдым. Ошондуктан кызым, азыр сенин акыбалың мага тааныш. Ал адам ким болсо да, анын жакшы жана жаман сапаттарын таразага кой. Жакшысы оор болсо сезимдериңе каршы чыкпа. Убакыт өткөн сайын улам күчөсө, анда чыныгы таза сезим болот. Ал эми жоголуп кетсе аны сүйүү деп айтуу кыйын. Бирок эсиңде болсун, намысыңды тебелетип, жеңил ойлуулук кылба. Ал адамдын сезими таза болсо, ал сага чыпалагын тийгизбейт.

Апам куду Муратка окшоп сүйлөп жатты. Ичимден апама ыраазы болуп турдум жана апам айткан күчтүү ыймандын жоктугу мени катуу уялтты. Биз эчаак эле кучакташып, өбүшүп, далай ирет кыналышып

турдук. Аябай уялдым. Бирок, ал нерсенин баары менин каалоомо каршы эле. Мурат күчкө салып өөп, күчкө салып кучактап жүрдү. Өзүмдү- өзүм ичимден бир аз актап койдум.

Мени түшүндүң деп ойлойм кызым. Чачымды кулактарыма илип: "Бетиңди жуу, жүр чай ичебиз. Атаң да келет азыр," -деди апам сөзүн жыйынтыктап.

Макул апаке... Кубанып турганымды билдирип кучактап өптүм.

Билесиңерби достор. Мен Муратты сүйөм, ага мамилем мындан ары орой болбойт, - деп айткым келип жатты. Качанкы жүрөккө сайылган тикенди бирөө сууруп алгандай болду. Аябай жеңилдеп таза абадан кере- кере дем алдым. Эми такыр кысынбайм, уялбайм ичимден кенен- кенен аны жакшы көрөөрүмдү айта алам.

Мени таң калтырганы, апакем: "Ал ким?" - деп сурабагандыгы болду. Же билет болду бекен? Жо-ок билбейт го...

Бетимди жууп, столдун үстүн жайнатып жибердим, атам дагы келип калды.

- Малдарга жем, туз алып келдим...

- Жакшы болгон тура атасы.

- Жанагы кеч төрөгөн кой эмизбей жатат, жем бербесем болбойт.

- Өзүң билесиң да атасы.

- Жанара кызым, келчи. - Атам чакырып калды. Ошол убакта, баягы жаздыгымдын алдына коюп жатчу сүрөттү карап олтургам.

- Келдим ата...

- Олтур келегой... Мурат: "Өз мойнума жалгыз алам, балдардын такыр тиешеси жок, өлгөн балага кек сактап жүргөм. Капыстык болду," - деп жазып бериптир. Жакшыраак адвокат жалдасакпы деп издеп жүрдүм. Мураттын эжеси суранды эле. Эжесин азыр үйүнө таштап келдим. Байкуш өңдөн азып кетиптир. Күйөөсү ооруканада экен, арак иче берип боору эзилиптир. Кейип келди жолмо- жол.

- Кыйын болду да бечарага. Өзү жаш туруп көп азап тартты, - деди апам үшкүрүнүп.

- Ата?..

- Эмне болду кызым?

- Анда Мураттан башкаларын бошотот экен да э?

- Анысын так билбедим. Жабырлануучу тараптан акча сурап жатышыптыр, чамасы көп эле сумма го. - Апам сол тарабына түкүрүп, столду үч жолу кагып койду. Кызыктай адамдар тура, апээй...

- Болор иш болду, жөн эле кутулуп кетишпесин, акча алып калалы, - деп жатышат да. Жаш чыбык балдар экен, кой убал дешсе болмок...

-Ушундай кемпир, сотко барганда көрөбүз да. Чамасы ошол сумманы таап алып барып беришсе, кийинки балдардын үстүнөн жазылган арызды алышса, андан соң бошотушат го. Ошондо дагы жөн коё беришпейт. Үй камагына же аз мөөнөт бериши мүмкүн. Башка өлкөгө чыгууга тыюу салышат. Эмнеси болсо да жок дегенде бешөө бошосо болор эле. Апам кейип жатты. Мен да кубанып турдум.

А Муратымчы? Колдо бар алтындын баркы жок деген туура экен абдан. Жүрөгүм жарыла жаздап согуп жатты. Бая сабактан келе жатып ага байпак, ич кийим алып келип катып койгом. Мурдагыдан көңүлүм жайдары болгону менен, Муратты боштондукка качан чыгаарын билбегендигим үчүн ыйлагым келип турдум.

Апамдар күбүрөшүп сүйлөшүп чай ичип жатышты. Алардын сөздөрү бири угулса бири угулбай, дагы тунгуюкка камалдым.

Мен аны көргүм келип турат. Кантейин, ары жоктугумдан аны жоготуп алдым. Дагы сенин жылуу колуңдан кармагым келет Мурат. Өпкүң келсе каршылык кылбас элем. Күчкө салдырбастан өзүм да мойнуңа асылып кучактаар элем. Сенин сөздөруңдү тажабай күнү-түнү угаар элем. Уялбастан жүзүңдү тике карап, суктанат элем. Кайда десең сени менен кетмекмин. Ойлоруma алаксып кеттим... Бөлмөдөн Карачач чуркап чыгып: “Телефонуңузга коңгуроо келип жатат,” - деп алып келип берди.

- Алло?

- Саламатсызбы? Чон кыз? - Бей тааныш эркектин үнү угулду. Апамдардан алысыраак бастым...

- Саламатсызбы? Ким болот экен?

- Мен сизди сизодо жаткан класссташ балаңыз менен жолуктурам деген эсиңиздеби? Жүрөгүм кабынан чыга жаздады.

- Албетте, эсимде.

- Анда эртең түштөн кийин келсеңиз болот. Мүмкүнчүлүк бар...

- Сизге абдан ыраазымын аке, рахмат сизге. Кубанганымды жашырбадым.

- Болуптур жакшы туруңуз.

- Макул, а атыңыз ким болот?

- Жанара.

- Абдан жакшы меники Кадыр. Эртең келгениңизде, Кадыр акени чакырып коюңузчу деп айтыңыз.

-Түшүндүм, жарайт...

- Болуптур эмесе...

- Аха макул...

Кандай жакшы, кубанганымдан кыйкыргым келди. Бөлмөмө чуркап кирип, диванга чалкалай жаттым. Мурат, сага барам эртең.

Мен буга чейин эч качан жасануу, боёнуу дегенди билчү эмесмин. Сууктан сактачу бет май гана колдончумун. Ордумдан туруп күзгүгө карадым. Мен абдан сулуу болуп баргым келди. Кийимдеримдин арасынан, эрте күздө алган калыңыраак кызыл көйнөгүмдү алдым, өзүмө абдан жага турган. Жакасында мончокторy бар. Белинде курун байласам этеги кош этек сымал кенен болуп, кара костюм менен кийгенди жактырчумун. Ушуну кийем деп даярдап койдум.

Баса, апама качан айтсам? Жибербей койбос бекен? Мектептен ары кетсемби? Жок, болбойт. Эртең менен айтам. Эми кантип таң атат? Төшөгүмдү даярдап жатып алдым. Бүгүн сабагымды карабадым. Ар түркүн ойлор менен алышып, өзүмчө жылмайып, кубанып алдым. Көзүмдү жуумп, жагымдуу күндөрдү элестетип жаттым.

Мурат менин жанымда дайым көзүмө тик карачу. Чачтарымды кулагыма илип: "Сен кандай жаралгансың Жанара? Сага карап тойбойм. Эмнеге башка кыздарга окшобойсуң?" –деп айтчу.

Кайдан билдим Мура-ат! Ыңгайсыз суроолоруңду бербечи, дээр элем. "Бери карасаң" - деп, ээгимден өйдө көтөрүп: "Жаным десе, кичинекей периштесиң. Эмне кыла алмакмын, мандайга жазганы ушундай экен. Ата- эненин мээримине тойбой келем. Сен барсың жашайм жаным. Жок дегенде сен жүзүңдү бурбачы, суранам," - деп жалдырай тиктеп суйлой турган. Мен баягыдай эле кагып- силкем.

Мурат сөлөкөттүү, албетүү болуп өзгөрдү, жанында кичинекей болуп калчумун. Кечир мени, Мурат. Ошол түнү карегимден аккан жашым токтобой жатты.

Ойлорум менен алышып жатып көзүм илинип кетиптир. Куду өңүмдөгүдөй болуп турду. Түшүмбү, өзүмө түшүнө албай турдум. Мураттын караанын алыс жактан көрдүм. Абдан кубандым. Мура- ат! Мура- ат! Токто, күтө турчу!.. Канчалык күйүгүп чуркасам да, аралыгыбыз жакындабай койду. Ал мени артына бир жалт карап кайра басып баратты. Тамагым ооруп, оозум кургап кетти.

Токточу жаным, таарындыңбы мага? Эми сен менин сөзүмдү укчу! Суранам сенден. Ордума туруп токтой калып кыйкырып жаттым. Заматта мектепте болдум. Ал мени арткы партада карап олтурат. Артымды бир жалт карап, кайра алдымды карадым. Өзүмө ишенип, азыр жаныма келип олтурат, - деп жүрөгүм дүкүлдөп турду. Күтүп жаттым. Дагы бир жолу артымды карадым. Ал башын жерге салып, олтуруптур.

Мандайыбызда мугалим жок болсо да, үнүмдү акырын чыгарып, Мурат, Мурат дейм, келсең жаныма, - деп шыбырадым. Ал башын көтөрүп карап да койгон жок. Адаттагыдай ачуум келди. Менден өчүңдү алып жатасыңбы Мурат? Сага баарын түшүндүрөм жаным. Эмнеге мага келбей жатасың? Бизди өлүм гана ажыратат дечүң эле го? Бул кептериң жалган беле? Өзүмчө күбүрөнүп ыйлап жаттым. Өзүм эле барайын деп эми ордумдан жылаарда, эшик ачылып ак кийимчен бир киши кирип келди. Негедир көзүмө жылуу учурады. Анан дагы анын буту жылаң аяк экенин көрдүм. Мага жакындашканда жүзүнө жакшылап тигилдим. Бул Мураттын жездеси экен. Ал кишини айылдан көп маани берип көрүп жүрбөсөм да, эсимде калыптыр. Анткени анын ээгинде чоң анары бар боло турган. Ошол себептен Анаркул дешчү. Ал менин жанымдан жылмайып өтүп түз эле Муратты көздөй баратты. Мурат да оордунан тура калып экөө кол алышып учурашты. Угуза бербей экөө бир нерсени сүйлөшкөндөй болду да, ээрчише жөнөштү.

Бул эмнеси? Мен таң калып оюмду жыйгыча экөө эшиктен чыгып бара жатты. Мурат мага бир кылчайып карап жылмайып койду. Ордумдан ыргып туруп чуркап барып эшикти сүзө түртүп туруп алдым. Куду кулпулап койгондой бек болуп калды. Катуу түртүп, Мурат токто-о! Мурат дейм!.. Таштаба мени жаным, эмне өзгөрдү айтчы? Ач эшикти! Кечирчи Мура-ат! Тизелей олтуруп эшикти сүзүп ыйладым. Каалганын аркы бетинен Мураттын үнү чыгып: “Жанара, ыйлаба алтыным, менден кечирим сураба. Сени сүйөм жаным. Мен бир күнү келем. Ошондо жолугабыз, тур оордуңдан. Бул жерден сага чыкканга болбойт,” - деди. Бул эмне дегениң Мурат? Ач эшикти. Жалганчы экенсиң! Сүйөм дейсиң. Таштап баратасың. Жалганчы десе. Мындан көрө өлтүрүп коюп кет мени, ушинтип жазалайын дедиңби?!- деп буркурап ыйлай бердим.

- Кызым тур! - Апам ийинимден силкилдетип жатыптыр. Чочуп ойгондум.

- Эмне болду каралдым. Үнүң сыртка угулуп ыйлап жатасың. Коркуп кеттим. Жаман түш көрдүңбү?

Жүрөгүмдүн соккону кулагыма жаңырып турду. Апамдын мойнуна асылып ыйлап кирдим.

- Коркутпачы кызым. Деги эмне болуп жатат сага? Болду өзүңдү бас. Болду, кагылып кетейин. Карачы жонуң тердеп чыгыптыр. Кийимиңди обуштур ооруп каласың. - Көл- шал болуп тердеп чыгыптырмын.

- Апа, саат канча болду?

- Сегиз болгону калды. Тур кечигесиң сабактан...

Апам эшикке чыгып кетти. Башым зыңылдап оюмду бир жерге чогултуп жаттым. Бул эмнеси? Мурат ооруп калдыбы? Баса, атам жездесин ооруканада экен дебеди беле. Ал аппак кийинип жалаң бут жүрөт. Жүрөгүм тызылдай түштү. Жок, кудай сактасын жаман ойго кетпейин. Тезинен Муратка барбасам болбойт. Бат- бат кийинип, китеп кабымды алып: Апа, мен кеттим, - деп мектепке жөнөп баратып, кайра бир кеп айтмакчы болуп токтодум.

-Ай кызым, жүрөгүңдү ойготуп алсаңчы.

- Апаке ток элемин, кечигип калам.

- Апа?..

- Айтагой, эмне болду?

- Сабактан келгенден кийин, Муратка барып келейин, классташтар чогу бармай болдук.

Бул менин апама айткан биринчи жалган сөзүм эле. Жибербей койбосун деп алдына ала коркуп турганмын. Анткени атам бат- баттан тамак жеткизип жаткан болчу.

- Макул, чогу барсаңар. Баары бир кезиге албайсыңар да?

- Билбедим апаке, чогу баралы дешти.

- Макул, барагой. - Апамды кучактап өптүм да , жөнөп кеттим.

Буга чейин апамды алдоо оюма да келчү эмес. Ал эми азыр болсо камырабай туруп жалган сүйлөдүм, кайра корккон да жокмун. Бир чети таң калдым өзүмө. Канткен күндө да азыр Мурат үчүн баарына даяр элем. Мен аны бир жарым айдан бери көрө элекмин. Мен үчүн бир жарым жыл сезилип турду. Эмнегедир өзүм мектеп окуучусу болуп туруп, мындай күчтүү махабат менен ооруп турганымды кээде өкүнүү, уялуу менен карасам, көпчүлүк учурда өзүмдү бактылуу сезип жүрдүм.

Дарбазадан чыгып бара жатып оюма бир нерсе келе түштү. Тайэнем бизден кийинки айылда турчу. Ал киши сексен эки жашка чыгып калды. Өз алдынча эшикке чыга албай калган. Өзүбүз бат- бат барып турабыз. Каргашалуу окуядан бери, мен такыр бара элекмин. Бүгүн тайэнемдикине барып түшкө чейин сагынычымды жазып олтуруп келсемби дедим. Агайыма конгуроо кылып коюну чечтим.

- Алло? Саламатсызбы агай?

- Саламатчылык... Жанара сенби?

- Ооба агай, сиз мага бүгүн жооп берип туруңузчу? Тайэнемдин үйүнө барышым керек болуп калды...

- Болуптур, макул. Жанара, кече келген жаңы тесттерден алдың беле?

- Ооба агай, болгону тарыхтан тест албай калган болчумун.

- Аа, мына анда бүгүн алып келишти, сага алып коём, эртең менден аласың. Эмитен даярданып карап чык.

- Рахмат агай. Саламатта туруңуз.

- Болуптур макул.

Автобустун келишин күтпөй жөө басып бара жаттым. Бир аз алысыраак. Балким жарым жолдон келип калса түшүп алам деп ойлодум. Мен ата- энемдин биринчи перзенти болгондуктан, мектепке чейинки бөбөк кезим тайэнемдин, чоң энемдин үйүндө өттү. Кезектешип алып кетип турушчу. Аларды аябай сагындым... Эки жыл мурун чоң атам менен тайатам бир жылда каза болуп калышты. Баарыбыз үчүн оорду толгус жоготуу эле. Эми минтип тайэнем менен чоң энем калды. Өзүмдүн кайгым менен алышып жүрүп, тайэнемден кабар алууну унутуптурмун.

Апам мени мектепке кетти деп ойлоду. Үйгө барганда айтам го.

Бөбөк кезде тайэнем мени жонуна көтөрүп жүрө турган. Мен анын тыйындан, мончоктон кошулуп өрүлгөн чачын кармалап ойноп калчумун. Эртең менен эшиктин алдын даңгырата шыпырып. Кемегеге от жагып, нан бышыраар эле. Уйкудан туруп тайэне-е , деп чуркап чыгам. “Садагаң кетейин келегой, курсагың ачтыбы?” - деп дароо бооруна кысат.

Ооба, ачты, деп эркелейм. Жаңы ысык нандан жасалган мыкчыманы чыныга толтура салып берет. Нандын артынан очокко даамдуу тамак жасап, эшиктеги тапчанда олтуруп тамактанчубуз. Тайэнем баскан сайын чачбактары шылдырап турчу. Ал мага ар дайым жомок айтып бергенден чарчачу эмес. Жайкы каникулда көлдөн эс алып келгенден кийин барган болчумун, ошол бойдон эми кетип жатам.

Акыркы барганымда аябай эркелешип, сүйлөшүп олтурганбыз. Ошондо уктаар алдында мага кичине кезимдегидей жомок айтып берүүсүн сурангам. Ал жомок мени ойго салып, таасирленткен.

Илгери, ажайып кооз жерди ээлеп жашаган эки хан бийлик талашып, ал тоодо бар нерсени, элди, жерди энчилеп башкарып алуу үчүн күч сынашууну чечишет. Күч сынашууда эң кымбат нерсесин коюу керек эле, эл, жерден сырткары. Буга экөө макул болуп, үч күн ойлонууну туура көрүшөт. Себеби өздөрү үчүн эң кымбат эмне экенин жакшы билишчү эмес.

Экөө тең бири- биринен калбаган ач көз, сараң, таш боор немелер эле. Ал эми эл үчүн ким жеңишке жетүүсү маанисиз болчу. Ансыз да элдин жүрөгүндө кек калып, бул экөөнү жек көрүшчү.

Ошентип Айдар хан эки күн ойлонуп Жайдар ханды алдоону чечип, ач көздүгүнөн эң керексиз нерсесин коюуну туура көрөт. Ал үйүндө көзү көрбөй карып бир бурчта жаткан апасы эле. "Энеден өткөн кымбат нерсе жок дешет, мына кымбат нерсем" - деп мыкты акыл тапкан кишидей мыйыгынан күлдү. Ушул эле учурда дал ушундай арам ойду Жайдар хан да ойлоп турган. Анын да үйүндө сокур атасы бар болчу. Ал дагы: "Мына кымбат нерсем, ушуну коёюн" - деп чечти. Чындыгында ата- энеден кымбат бул дүйнөдө эч нерсе жок эмеспи. Бирок ушул ыйык сөздү, ыйык адамдардарды өз кызыкчылыгына пайдаланган оюу арам эки хан үчүн, төрдө бүкчүйүп көзү көрбөй жаткан ата жана энеси эң бир керексиз буюм катары эсептелчү.

Болжошкон күн келип, эл чогулду. Эки хан жоого кийчү кийимин кийип, кылычын алып ортого чыгышты. Ошол учурда эң кымбат нерселерин так ортого олтургузуп, жеңишке жеткен киши алаарын элге жарыялашат. Экөө салгылашууга өтүшөт. Биринен бири күчтүү болуп көпкө кармашат. Ушул убакта сокур чал, алаканын жайып дуба кылып кирет: "Кордукка калтырбай алып кет," - деп кудайга жалбара баштайт. Аны жанында угуп олтурган сокур кемпир:

- Баялы? Сенби? - деп бырыш баскан колу менен чалдын чапанын кармалап. Чын эле сенсиңби? -деп үнүн дирилдетип сүйлөйт.

- Мончок? Бул сенби?

- Баялы-ы... Акыры кезикчү күн бар экен го...

Жансыз карегинен жаш аккан кемпир, чалдын жанына акырын жылып олтурат. Чал кемпирдин колунан кармап:

- Сен тирүүсүңбү?

- Тирүүнүн өлүгү болуп жашап жүрдүм, Баялы.

Бир кезде ушул кең талааны, кооз жайытты, акыйкаттуу, акылдуу хан башкарып келет. Элдин курсагы ток, арам ою жок ынтымакта жашашат. Бир күнү эл ичинде абройлуу, окаттуу хандын оң колу болуп турган киши Мончок аттуу кызын, конок болуп коңшу элден келген 50 жаштагы оокаттуу кишиге турмушка берүүсүн элге жарыялайт.

Ошол учурда өз жериндеги устачылык менен алектенген кишинин Баялы аттуу уулу Мончок кызга ашык болуп жүрөт. Ал учурда, эки жаштын турмуш келечегин, эл башчысы чече турган. Экөөнүн сүйүүсү, айтылып бүткүс махабат дастаны эле. Той болжогон күн

келип, Мончок сулуу, кыз кездеги тебетейинен ажырап, шөөкүлө кийст. Көзүнөн жашы тынбай, Баялыны эңсеп турат. Ошол учурда, жаштыктын, махабаттын ысык каны денесинде жүгүрүп турган Баялы, той болгон жерге келип, желдеттерди кырып, Мончокту атына өңөрүп уурдап качып жөнөйт. Муну уккан журт башчысы ачуусу келип, тирүү кармап келүүсүн буйруйт.

Көп узабай эки жаш кармалып, атка сүйрөтүлүп эл алдына алып келинет. "Уяттуу ишке кечирим жок, аброюбузга шек келтирдиң, сенден кечтим, каалагандай жазалай бергиле" - деп Мончоктун атасы түкүрүп басып кетет. Хан каары келип элдин алдында башкаларга да сабак боло жүрсүн деп, эки жаштын көздөрүн оюп салат. Өмүр бою бири- бириңди издеп жүр деп каргайт. Жаш чыбыктардын сүйүүсү, каректери менен кетпей жүрөгүндө сакталат. Ошентип экөө экиге бөлүнүп, каректин жоктугунан ата- энеси айткан адам менен турмуш куруп жашап калышат. Көп өтпөй эки жаштын убалына калган хан, ооруп өлөт. Ошентип Мончок менен Баялы бир жерде, бир элдин арасында жашап жатканын билбей күн кечиришет.

Арадан жылдар өтөт, Мончоктун эри өлүп, Баялынын аялы өлүп, акылсыз чыккан балдарына кор болуп, боз үйдүн бурчунда бүрүшүп олтуруп керексиз буюмга айланышат. Экөөнүн уулу, көр оокатты жыйнашып, элди экиге бөлүп хандыкты талашат.

Ортодо олтурган кемпир чал бири- бирин үнүнөн таанып калышты... Түш эмеспи деп, ишене албай, колдорун бекем кармап, качанкы кургаган көздөрүнөн сүйүүнүн кудурети менен жаш чыгып жатты.

Салгылашууда Айдар хан жеңишке ээ болуп, Жайдар хандын бийлигин тартып алып, ага берилген жигиттердин башын алып, байлыкка көзү тунарат. Буга чейин мени бир сокур кыжырымды келтирсе эми экөө болуп калды деп, өз апасы Мончок Жайдар хандын атасы Баялыны тирүүлөй көөмп салууну буйруйт.

"Карачы Баялы, бир кезде тогуз ай көтөрүп, тойгузуп сүт берген балам, мени тирүүлөй көмгөнү алып бара жатат." Желдеттер ак тактага бүрүшкөн чүкөдөй кемпир чалды олтургузуп көтөрүп бара жатышты.

"Коркпо чырагым, жаныңда Баялың бар. Сага билик болуп, караңгы көрдөн коркконуңда жарык кылып турам... Бетиңе топурак түшүрбөй жаап турам. Суусасаң булак болуп агып турам... Суукта үшүтпөй жылытып турам..." "Боз үйдүн бурчунда, келиндин тепкисин жеп, тамактын эскисин жеп олтургандан көрө, сени кучактап жатып өлгөнгө не жетсин," - деп Баялы жашын тыяар эмес.

"Баялым менин." - Экөө бекем кучакташып бара жатышты. Көтөрүп, угуп бара жаткан желдеттердин көзүнөн жаш акты. Буйрукту аткаруу керек, болбосо башы алынат. Колдорун калтырак басып арандан көмүштү. Экөөнүн сүйүүсү абдан күчтүү экенин көрүштү. Маал- маал куран окуп туралы, белги болсун деп, көк чырпык сайып койушту.

Сүйүүнүн кудурети менен, чырпык чынар терек болду. Ата- эненин каргышына калган Айдар хан, мергенчиликте өз жигиттеринин колунан өлүм тапты. Жигиттер көзүн оюп талаага таштап кетишти. Апасын тирүүлөй көмгөндөн кийин, эл аны жек көрүп калган. Кузгунга жем болду. Бирок эл журт баягыдай эле эки жаштын сүйүүсүн уят көрүп, эски салтты кармап келишти. Жаш чыбык кыздарды зордук менен токолдукка алам деген кийинки журт башчы, баш тартып каршылык көрсөткөндөрүн, өз сүйгөндөрүн ээрчип качып жөнөгөндөрүн, ала жипти аттады деп айыптап, эл астына коюп, ташбараңга алып оор жазалап жатты. Муну көрүп турган Баялы менен Мончок, жүрөгүндө Махабат оту бар эки жашты, бул жапайычылыктан алыс кылып, аларга жол көрсөтүп оор жазадан куткарып турушкан дешет.

Бул окуяга күбө болуп келген эл, ооздон түшүрбөй улам кийинки урпагына калтырып Мончок менен Баялынын сүйүүсү деп айтып жүрүшөт экен.

Тайэнемдин жомогунан кыйын таасирленип, кызыгып уккам. Аңгыча күрүлдөп автобус келе калды. Түшүп жөнөп кеттим, ойлорум менен алышып олтуруп бат эле жеттим.

Негедир тайэнемдин айылы кеч күздө да кооз болуп турду. Мен абдан сагынган окшоймун го? Бөбөк кезде ойногон жерлеримден баскан издерим тургандай сезилди.

- Кандайсыз жеңе? Короо шыпырып жүргөн жеңем мени жылуу кабыл алды.

- Келегой Жанара, жок болуп кеттиң го? Бат- бат келип турчу элең.

- Билесиз го жеңе... Ошол иштер менен жүрөм.

- Соту болдубу? Жо-ок боло элек. Тайэнем жакшыбы?

- Ооба азыр эле эшикте бир аз сейилдетип киргиздим эле.

- Балдарыңыз окууда да э?

-Ооба...

Үйгө кирип барсам тайэнем жамбаштап жатыптыр.

- Кандайсыз тайэне?! Ага бөбөк кездегидей эркелей кыйкырдым...

- Каралдым десе, келдиңби? Ии жүрөгүмдүн колкосу. Мени ушинтип эркелет тайэнем. Мойнунан кучактап кайра- кайра өпкүлөдүм.

- Садагаң кетейин, окууларың дуруспу? Барбадыңбы бүгүн?

- Тайэне сизди көргүм келди. Тү-үз эле келдим сизге.

- Кичинекей кызым, мени сагындыңбы?

- Ананчы, өтө сагындым. Ооруган жоксузбу?

- Жо-ок, карылыктын оорусу көнүмүш болду го.

- Тайэне, сиз оорубашыңыз керек...

Экөөбүз аябай эркелештик. Жумшак бырыш баскан колдорунан өөп-өөп, сагынычымды жазып жаттым.

- Сизден бир нерсе сурасам болобу?

- Сурайгой, татынам...

- Мен тирүү эле жүргөн кишинин кепин кийип жүргөнүн көрдүм, түшүмдө, жана дагы ал дагы бир тирүү кишини ээрчитип алып кетти. Бул эмнеси тайэне? Мен аябай корктум.

-Түшүң түлкүнүн богу. Андай нерсени оюңа алба балам. Ошол эки кишини тааныйсыңбы?

- Ооба, тааныйм...

- Бирөө ооруп жүрөтто э?

- Ооба, кайдан билдиңиз тайэне?

- Ошол ак кепин кийип алганы ооруканада.. Түшүңдө ак кийинсең оору белгиси деп коюшар эле илгери. Түштү көрөөр замат жакшылыкка жоруш керек дейт. Анткени анын башы казандай мойну кылдай болот экен. Кандай жорусаң ошол жакка ооп кетет дешет. Дайым жакшылыкка жоруп жүр түштөрүңдү. Ошол эки адамдын өмүрү узуун болот экен.

- Айтканыңыз келсин тайэне. Катуу кучактап өптүм.

- Бери карачы каралдым. Алар кимдер эле? Биздин үй- бүлөдөн эмеспи?

- Жо-ок тайэне... Тааныш адамым болчу.

Тайэнем экөөбүз көпкө сүйлөштүк. Бүгүнкү көргөн түшүм жүрөгүмдү шуулдаткан эле. Бир аз тынчтана түштү. Аркы - беркини сөз кылып, акылдуу кептеринен айтып жатты. Көп нерсени бул кишиден үйрөнүп чоңойдум.

Мурат тууралуу кеп кылууга оозум барбады. Саат ондон өтө баштаганда тайэнем менен коштошуп үйгө жөнөдүм. Жолдо, көп нерселерди ойлонуп, бир корксом бир кыялым алып учуп жатты.

Үйгө келсем апам, коңшу эже менен олтурган экен, учураша кеттим.

- Саламатсызбы? Келиңиз.

- Рахмат, келдим. Сулуу кыз, окууларың жакшыбы?

- Ооба, рахмат.

Коңшу эженин көзүнчө тайэнеме бардым деп айта албадым апама.

- Кызым, кайра кетесиң да э? Бара турган болдуңарбы? - Апам Мурат жөнүндө айтып жатканын түшүндүм.

- Ооба, ошого шашып келдим.

- Ии, макул, кечикпей кел кызым...

- Жарайт апа. Бөлмөмө кирип, даярдаган көйнөгүмдү кийип, чачымды жеңил тармалдатып жазып койдум. Анан дагы бир аз боёнуп алдым. Мурат менин боёнгонумду такыр көргөн эмес. Сезимдерим ойгонгондон бери бардык кыздар катары эле өзүмө көңүл бөлүп, боёнуп жүрүүнү кааладым. Азыр болсо Муратка башкача элес калтыргым келип аракет кылып жаттым.

Атам кичине кезимден чачымды кыркууга тыюу салып, апам өстүргөн экен. Азыр дагы сиңдим экөөбүздү кыркпагыла деп урушат. “Өтө узун эмес, өтө кыска эмес орточо алып жүргүлө” - деп апам дагы чачыбызга өтө көңүл бөлүп турат.

Мен Муратка алып койгон нерселеримди чакан сумкама салып, шашылып кыймылдап жаттым. Буга чейин апам да мени мындай көргөн эмес, кантип чыгып кетсем экен үйдөн, - деп ойлоп турдум. Айла жок чыгууга туура келди. Апам менен коңшу эже мени карап калышты.

- Макул апа мен кеттим. Апамдын жүзү жылмайып табышмактуу көрүндү.

- Канчалап сулуусуң Жанара, көз тийбесин. Торсойуп бышкан алмадай, жигиттерге бой салчу абдан сонун убагың. - Кошуна эже тамаша- чын аралаштыра сүйлөдү. Мен апамдан катуу уялып турдум. Күзгү жука пальтомду алып, жука өтүгүмдү кийип чалыштап-чулуштап шашылып чыгып кеттим.

Каап, Апам байкап койду, деп ойлоп бара жаттым. Автобус мени күтүп тургандай дароо келди. Токтоп ичине чыкканда, элдин баары мени карап жаткандай ыңгайсыз абалда болдум. Жүрөгүм кабынан чыга жаздап, толкунданып турдум.

Мураттын алдында өзүмдү мурдагыдай токтоо, ага маани бербечүдөй алып тура албасым анык эле. Канткен күндө да өзүмдү

кармайын деп ойлоп жаттым. Анын ысык колдору жүзүмө тийгенин элестетип дене - боюм дүркүрөй түштү.

Жанара, кыз эмессиңби, өзүңдү бир аз карма деп ичимден шыбырандым. Жүрөк кургур дабышын кулагымдан жаңыртып турду. Мурат, сени көргөнү бара жатам. Эми мурдагыдай болбойт жаным. Абдан сагындым сени. Жанымда жүргөнүңдө эле бактылуу күндөрдү кечирсем болмок экен. Азыр болсо сени бир көрүүгө зармын.

Тогузду бүтүп онго көчкөнүбүздө, өзүбүздүн класс жайлоого эс алууга бардык. Саамал ичип, каймак жеп, чалаптан тоё жутуп, арыктан аккан суугa бет жууп, аябай жыргадык. Агайыбыз биздин оюбуз менен болуп, жаш балача биз менен ойноп жүрдү.

Заманга ылайык, жайлоодо катар боз үй тигип, кардарлар эс алчу жай кылып коюшкан. Кененчилик экен. Көп эле нерселерди акысыз эле жегиле деп берип жатышты. Селкинчек жасап коюшуптур, кезек менен аябай учура тээп жыргадык. Үч маал чыныларыбызды көтөрүп бээнин жанына кезекке туруп, дароо саап берген жеринен ичип жаттык. Айтор жайлоонун таза абасынан жутуп, какшаган муздак суугa бет жууп, ден- соолукту чыңдадык.

Жайлоодо түн кандай керемет, ортого от жагып ырдап олтурдук. Агай ошондо Рысбай Абдыкадыровдун ырларын укмуш кылып ырдап берген эле.

Башкача жаныбарлардын сайраганы угулуп, салкын шамал бетиңди сылай жүрүп, асман ачык, жылдыздар чексиз жайнайт. Оттун четинде олтуруп бир аз чыйрыгып бошонгум келип турду. Мандайымда олтурган Мурат жаныма келип:

- Жаным үшүдүңбү?- деди. - Ал менин ар бир кыймылыма көңүл болуп турчу...

- Ооба, чыйрыга түштүм, анан дагы бошонгум келип жатат, мында кыбырак жаныбарлар толтура болсо керек э Мурат? Кайда барсам? Коркуп жатам.

- Ии Жанка, жүрү мен турганда коркпо, эмнеден коркосуң? Мени колуман тартып жөнөдү. Агайдан бир аз уяла түштүм.

- Мура-ат, агай кандай ойлойт? Уят го?

- Тазалыкка баруунун эмнеси уят? Кызык. Ал мени болбой эле сүйрөп жөнөдү. Үстүндөгү күрмөсүн чечип мага кийгизди.

- Аа сенчи, үшүйсүң го?

- Үшүбөйм жаным...

Чөптөр кыйла эле узун жана муздак эле. Аралай басып бараттык. Арасында кыбырактар жүргөнсүп денем дүркүрөп турду. Тазалыктан

чыгып, ылдый жакта аккан булакты көздөй бастык. Какшаган муздак сууга жүзүмдү, мойнумду жууп сергип ырахат алдым.

- Мурат жуунасыңбы? Ал мага жооп бербестен, жакын келип: "Айдын жарыгында өтө эле сулуу көрүнүп турасың Жанара," - деп жалооруй карады.

- Койсоңчу Мурат, жүр кетели...

- Бир аз туралычы, сүйлөшүп... Суранам Жанара?

- Эмнени сүйлөшөбүз? Жиним келгендей суроо бердим. Ал менин чачымдагы байлагычты акырын алып, чачтарымды алдыма түшүрө жайып койду.

- Сенин сулуулугуңа тойбой келем алтыным. Капкара назик чачтарың жайылып турса, айтылуу кыргыз сулуулары Акмөөр, Көк Сулуу мында калат.

Мен чыдабай күлүп жибердим. Мурат, боорду эзесиң, кантип эле ошондой болсун.

- Мага ишенбей турасыңбы? Ал мени өзүнө тартып кучактады.

- Дагы баштадың Мурат?

- Жанара суранам каршылык кылбачы, башка аргам жок, ишенчи, түшүнчү мени.

Дайым анын кучагында алсыз болуп калмай адатым бар эле. Муратым менин, көрсө сага болгон сезимим бар үчүн алсыз боло түшчү экенмин. Муну азыр түшүндүм. Бир аз каршылык көрсөтөм да, кийин аргасыз баш ийгендей болор элем. Булактын жанында чачтарымдан искеп, алкымымдан өөп, бекем кучактап туруп алды.

Аңгыча кыздар балдардын үнү булакка жакындай баштады. Коё бер Мурат, достор келе жатат.

Мени акырын коё берип, айтчы мени жактырасыңбы? - деп сурады. Бая эле кучагында баш ийип турганым эсимден чыгып, кайдагыны айтпачы Мурат! -деп адатымча кыйкырып койдум.

Автобуста буларды эстеп эч кимди көзүмө илбей жылмайып күлүп бара жаттым. Автобустан түшүп , бир чакан ашканадан Муратка ысык тамак, жаңы бышкан нан алдым. Милиция бөлүмүнө жакындаган сайын, Жанара өзүңдү карма, толкунданба, мурдагыдай болууга аракет кыл, сүрдөнүү сага жарашпайт. Сезимдериңди айтууга жетишесиң, - деп өзүмдү тилдеп жаттым. Кадыр акени чакыртып олтурбай эле, конгуроо кылууну туура көрдүм.

- Алло, саламатсызбы? Мен Жанара Касеновго келдим.

- Аа ооба, азыр чыгам.

Буттарым калтырап, бир башкача сүрдөнүп турдум. Кадыр аке баягы эле кейпинде. Сыртка чыгып, мен тарапка басып келип бир аз алыс туруп токтоп мени тиктей туруп калды.

- Дагы бир жолу саламатсызбы? - деп койдум.

- Келдиңизби? - Жакындай басып келди.

- Кайдан жолугабыз? Сырттанбы? Же ичтенби?

Суроомо жооп бербей, башкача көз караштa баягыдай көздөрүн күлмүңдөтүп карап туруп калды. Мага көз карашы негедир жакпады. Жүзүмдү буруп, көзүмдүн кыйыгынан жиним келип карап турдум.

- Ии, баса атыңыз ким эле?

- Жанара...

Билмексен болуп турабы, кыжырымды келтирген кебетесин көрүп, өзүмчө үнүмдү акырын чыгарып үшкүрүндүм.

- Касенов жакшы элеби? Суроомо жооп берсеңиз боло? Кай жерден жолугабыз?

- Карындаш кечиресиз, сизди чын эле өткөнкү келген кызбы, - деп таанибай кеттим. Аябай өзгөрүп алыпсыз, жүрүңүз, бул жакта бир бөлмөдөн жолуктурам.

Жанара аял затына тиешелүү мүчөлөрү топ келишкен өтө сулуу кыз. Анын бет түзүлүшү, сөздү орду менен сүйлөгөндүгү, жөнөкөйлүгү, апапак жүзү, колдору, ичке бели, калың жалтыраган кара чачы белине жайылып, эриндери оймодой кызгылт, сүйлөсө жүзүнөн жылдыз жанып Кадырдын муундарын калчылдатты.

"Кандай кызсың Жанара? Келбетиң менен мени келесоо кылдың. Сени сөзгө тартсам кантер экенсиң?" - деп, Кадыр ичинен сүйлөнүп алды.

Бул эмне дегени? Өзгөрүп алыпсың деп... Аргасыз Мурат менен жолуктуруп жаткандыгы үчүн, тишимди-тишиме бастым.

Бөлүмдүн ичи аябай караңгы, анан дагы жагымсыз жыт жыттанып тургандай экен. Узун коридор менен түз барып оңго бурулдук да, биринчи турган темир эшикти ачып: "Мында күтө туруңуз. Класстaшыңызды ушул жерге алып келем," -деп Кадыр аке бат- бат басып кетти.

Бөлмөнүн ичинде эки отургуч, бир чоң стол бар экен. Оң тарабында чакан айнек... Жыгачтан полу кыйчылдап турду.

Азыр Муратты көрүп акыбалым кандай болору табышмак болуп, жүрөгүм катуу сого баштады... Жанара сен эстүү жансың. Өзүңдү кармап дайыма жасачу мамилеңди жаса. Акырындык менен сүйүүңдү айтасың, деп өзүмдү урушуп турдум.

Бирөөлөрдүн катуу- катуу сүйлөгөнү, эшиктер карсылдап, үндөр угулуп жатты. Темир каалганын ачыларын тиктеп тура бердим. Аңгыча эле Кадыр аке эшикти ачып кирип келип:

- Жанара сиз классташыңызга ишенесизби? – деди.

- Түшүнбөдүм?

- Ишенесизби? Жалгыз калтырсак болобу силерди? – деп жини келгендей сүйлөдү.

- Албетте! Ал эмне дегениңиз?

- Алып келгиле! Буйрук бергендей артын карап кыйкырды. Аппак күрмө, кара спорт шымын кийген Мурат бөлмөгө кирип келди. Артынан жаш формачан жигит кармап алыптыр. Жүрөгүм дүкүлдөп кулагыма чыкты, Мурат кирип эле мени карап туруп калды. Ал баягыдай эле көздөрү менен мага суктанып да, сүйүп да, сагынып да, тойбой да, кубанып да турганын сездим. Бир аз жылмайып койду. Кадыр аке мени бир, Муратты бир карап туруп: “Келе колуңду,” - деп темир кишенин чечип алып салды.

“Жыйырма мүнөт, ашпасын,” -деп формачан жаш баланы ээрчитип чыгып кетти. Чамасы тиги бала сыртта карап турат го.

-Жаным келдиңби? - Мураттын үнү кирилдеп чыкты. Бат - бат жаныма басып келди. Эч нерсе деп сүйлөй албадым. Оозумду аччу болсом эле көзүмдөн жаш кулачудай. Экөөбүз өтө эле жакын мурундун учу тийчүдөй туруп калдык. Тиктешип тура бердик.

Билесиңерби? Мурат аябай сулуу экен, ал күн көрбөй олтургангабы, өңү бозоро түшүптүр. Анда капкара каштары даана билинип, көздөрү капкара болуп жанып турду. Мурунунан чыккан ысык дем бетиме тийип жатты. Менин жүзүмө башкача таңыркап карап, чачтарымдан акырын сылап бекем кучактады. Мен дагы булчуңдуу колдорунан акырын өйдө сылап барып мойнуна асылдым. Бир аз үн сөзсүз кучакташып турдук.

Акырын жүздөрүбүз бири- бирине тийе тиктеше калдык. Анын дем алуусу барган сайын күчөп, көздөрүн менден албай турду.

“Ишенсең сени сагынып түгөндүм жаным...” –деп эки колу менен жүзүмдөн кармап, эриндеримден өөп кирди. Азыр каршылык кылган жокмун, буга чейин өбүшүү кандай экенин билбесем да Мураттын кыймыл аракети, өпкөндөрү жагып турду. Өзүмдү жолдон чыгардым, менда өөп жаттым. Бул мүнөттөр мага башкача бактылуулук тартуулады.

Мурат таң калдыбы, же кубандыбы белгисиз, бир аз токтоп көздөрүмө карап кайра кучагына кыса өөп кирди. Мураттын желкесинен оң колум менен чачын сылай кармап, булчуңдуу

далысынан кучактадым. Ал керек болсо мени өпсө да аяп өбөт, белимден бекем өзүнө тартып, көйнөгүмдү мыжыга кармап жатты. Дене боюм тырмагымдан чачымдын учуна чейин дүркүрөп чыкты. Анын эриндери жумшак, жагымдуу экенин байкадым. Буга чейин мындай көрүнүштөр каалоомо каршы болуп жүрсө да, мынча көп убакытка созулчу эмес, жана дагы мен жооп кайтарчу эмесмин. Азыр муратты шипширин алмадай жеп койгум келип турду. Табигаттын мыйзамы тура, көздөрүбүз жумулуп, көкүрөктө сүйүүбүз бизди андан ары ыраxатка бөлөөчү түрү бар. Канткен менен эркек эмеспи, анын денеси чыңалып майда калтырак басып, ыңгайсыз каалоолору ойгонуп турганын байкадым. Өзүн менден бир аз тартып, менин жүзүмө тийген ысык жашын байкай түштүм. Жүзүмдү тартып, көздөрүнө карадым.

- Мурат эмне болду?

- Акыры бактылуу адам болдум жаным. Сени, менин сүйүүмө жооп берээриңди билчүмүн алтыным. Ал ансайын жашын токтоткон жок. Эркек адамдын ыйлап турганын биринчи көрдүм. Чын эле эч көрбөгөн экенмин. Колдорум менен жүзүн аарчып...

- Ыйлаба жаным, сен мени акыры сүйдүрдүң, - деп шыбырадым. Кыйын экенсиң,- деп жылмайып койдум.

- Жанка сен менин жүрөгүмдү жарып өлтүргөнү келдиңби? -деп ал абдан кубанып жатты.

- Өлөм дебечи Мурат. Эми гана зорго бакыттын даамын татып турам. Мени өзүнө бекем тартып көкүрөгүнө басты.

- Периштемсин...

- Мени сүйөм деп айтчы жаным. Кайра- кайра угуп ишенип алайын.

- Мурат сүйөм сени,- дедим жандураак үн менен. Анын көздөрү жайнап сүйүнүп турду.

- Мени кечир Мурат. Жанымда жүргөнүңдө баркыңды билбей, сенин көңүлүңө тийчү оор сөздөрдү айтчу экенмин.

- Мени карачы жаным. Сенин мени кагып сүйлөгөнүңө мен таарынчу эмесмин. Ансайын сүйүп кетчүмүн. Сага таарынган күнүм болгон жок Жанара. Баягы көлдө сени кучактап турганымда, мени өтө эле жек көрбөгөнүңдү байкадым.

- Чын элеби?

- Ооба...

- Ошентсе да кечиресиңби?

- Жанара кечирим сураба. Мен сенден сурайын Алтыным. Азыр жанында болбой жатам. Сени бөтөн эркектен коргой албай калсам

эмне болот деп коркуп кетем. Алчадай бышып, сулуулугун ансайын ашып баратат жаным.

- Айтчы чырагым, сени эч ким капа кылган жокпу?

- Жо-ок Мурат, тынчсызданба... Сенден башка адамга көңүл бурбайм ишен.

- Ишенем сага, Жанара болгон жүрөгүм менен ишенем. Бирок ааламда зөөкүрлөр жашаарын унутпа. Садагасы, жаныңда жүрүп коргоп алсам болор эле. Бул төрт дубалды тиктеп олтурбай. Сени эркек катары кызганып турам, Жанара. Чектен ашып көлөкөңдөн кызганып аша чаппайм, бирок, сенин келбетиңе кимдер гана суктанбасын ойлогондо заманам куруйт. Сен бүгүн башкача сулуусуң жаным. Мен үчүнбү? Айтчы?

- Сен үчүн жаным. Сага жагайын деп аракет жасадым аябай.

- Ии, келесоом менин, сен кандай болбо танбай сүйөм сени, Жанара. Мурат менден баш тартат деген ой түшүңө кирбесин, Макулбу?

- Макул.

- Баса Мурат, мен анын эки ийининен кармап өзүмдү бир аз ага ыктап сүйлөп жаттым. Түшүмдө жездең кайтыш болуп кетет экен. Ал азыр ооруканада билесиңби?

- Билем жаным, Эжем кат жазып киргизген.

- Мен аябай корктум сен ал менен ээрчип кеттиң, Мурат. Эстесем азыр да коркуп кетем.

- Коркпо жаным түшкө эмнелер кирбейт.

- Жездем арактын кулу болбодубу. Мен да минтип олтурам. Эжеме кыйын болуп тургандыр. Мурат ыңгайсыз боло түштү. Ага боорум ооруп кетти. Чын эле буга чейин аны ата- энеси жок жетим бала деп сүйлөчү да эмес экенмин, керек болсо оюма да алчу эмесмин. Кээде өзү айтып турчу.

- Жаным эртең келе жаткан туулган күнүн менең.

- Рахмат, Мурат.

- Алтыным сага быйыл гүл бере албай каламбы?

- Койсоңчу Мурат, сени көрдүм мага ушул чоң белек. Мурат ансайын мени сыдыра жүзүмдөн ылдый төшүмө карап, чачтарымдан жыттап жатты. Бул учурашууда экөөбүз эч нерсеге тойбой турдук. Кайрадан өбүшө калдык. Бекем кучакташып , жүрөктүн окшош соккондору жаңырды. Ал бат- бат дем алып күйүгүп чыкты. Акырын жүзүмө карап^

- Кечир жаным, өзүмдү кармоо кыйындыкта туруп жатат. Мен түшүнгөн немедей жылмайып койдум. Мындай учурда аялга караганда эркектин акыбалы оорлошоорун билбесем да туюп турдум.

- Кел Мурат, өзүңдү кыйнаба, чектен ашып баратабыз. Акылыбызды топтойлу. Сага эле эмес, мага да оор болуп кетти.

- Сезилип калдыбы? - дегендей үнүн бир аз чыгара күлдү.

- Жарайт жаным. Сени бирөө энчилеп албаса деп корком жаным.

- Мурат?

- Оу жаным.

- Жүр кеттик.

- Ошондой болсо гана.

- Мурат эми баягыдай жанымда качан жүрөсүң? Азыр сени таштап кетсем, ар бир күндү кантип өткөрөм айтчы? Эми качан көрөм сени?

Өзүмдү кармай албай көзүмдөн жаш таамп кетти. Мураттын каректери алаңдай, кубанып да, таң калып да турду.

- Бул көз жаштар мен үчүнбү? Жанара?

- Жоок тиги кошуна Болот үчүн. Бул эмне дегениң Мура-ат. Мен ага эркелей унчуктум. Катуу үн чыгара күлүп алдык.

- Оо кудурети күчтүү кудайым, Мурат кулуңа эбегейсиз бакыт берип салган жоксуңбу? Көтөрө алар бекенмин?

Көздөрүмө карап ушинтип сүйлөп жатты. Мен анын ийинине башымды жөлөй салып, кыйын күндөр алдыда окшойт Мурат, - дедим.

- Жанара кудайдын сыноосунда турабыз. Сага эмне деп жооп айтарымды билбей калтырап турам. Качан мурдагыдай жаныңда болор экенмин жаным. Бассам -турсам тиленип жатам, батыраак жаныңа барсам экен. Же телефон жок. Үнүңдү угуп бат- бат кабар алып турат элем.

- Экөөбүз окууга кетет элек э? Мен кыялданууга өттүм.

- Албетте, Жанка. Кайда жүрсөк да чогу болор элек жаным. Сага сөйкө салып, ак көйнөк кийгизип алып кетем. Көрөсүң алтыным. Мурат дагы кыялданып жатты. Мен анын оюн бөлдүм:

- Баса, мен сага ысык тамак, анан бир аз байпак, ич кийим алып келгем. Баштыкчага тыкандап салып даярдап койгом.

- Мени бүгүн, буга чейинки санааларымдан арылтып дарыладың Жанка. Куду колуктумдай жасаган мамилең, мага кам көрүп турганыңды көрүп бир кубансам, бир арданып турам. Мен сага кам көрүшүм керек эле периштем.

- Койсоңчу, өзүң айтмакчы чоң сыноодо турабыз жаным. Мен да сага кам көрүшүм керек. Ал мени көкүрөгүнө бекем кысып:

- Рахмат сага Жанара. Сен менин апамдын да атамдын да ордун бастың. Алардын жок экенине дайыма кейисем, азыр унута түштүм. Рахмат, бардык кылганың үчүн рахмат Жанка. Сенден бир өтүнүчүм бар, - деди ал.

-Угуп жатам, айт.

- Үйгө барганда, эжемден кабар алып койчу, сураныч.

- Албетте Мурат, анын эмнесин суранасың?

- Бир аз байкаштырып, инилерим кандай экен. Тиги зөөкүр, буга чейин да ооруканада жатып чыгып жүргөн. Балким келип алып эжеме кол көтөрүп жүрбөсүн. Ошентчи жаным. Эжемдин жүзүндө көгөргөн жери жок бекен байкап көрчү. Эжем менин энем болбодубу. Мени чоң дагарага салып жуунтаар эле. Жыл сайын үстүмдү сөзсүз жаңыртып окутту. Акча жок, эскиңди кийе тур деп айткан жок. Бул жакшылыктарын кантип унутам, туурабы?

-Туура айтасың Мурат. Сөзсүз барып кабар алам. - Мындай убакта убакыт да зымырайт. Темир эшик карс ачылып:

- Мурат, чыгышка убакыт бүттү, - деди формачан жаш жигит.

Кадыр аке шаша- буша келип:

- Бирөө- жарым байкаган жокпу? Тиги жаш жигиттен сурап жатты.

- Эч ким байкаган жок!

Кадыр аке биздин кучакташып турганыбызга таңыркай карады. Мага баары бир болуп турду. Мураттын оозунан бекем басып өөп койдум. Мени теше тиктеген Кадыр аке, тиги жаш балага башын шилтеп буйрук берди. Келип Мураттын колуна кишен салып жөнөп баратты. Негедир Мурат Кадыр акени токтоп тиктеп калды. Баштыкты шаша колуна алып барып карматтым.

- Бул эмне? - деди Кадыр аке кабагын түйүп. Тамак, кийим- кечек. Шаша жооп бердим. Мурат негедир дагы да Кадыр акени тиктеп тура берди. Тигил балага буйрук берди Кадыр аке.

- Баарын текшер!

Мурат мени жалт карай: “Жанара батыраак кет бул жерден, түшүндүңбү?”-деди.

Бир аз мага жакындаша келип, мойнумдагы жука кызгылт орогучту сыдырып алып колуна чогулта кармап мага жылмайды. “Башка жалгыз келбе! Апам менен келесиң. Менин айткандарымды аткар. Сүйөм сени,” - деп баарына угуза сүйлөдү.

Мен түшүнбөй башым маң боло, жалгандан ооба, макул деп койдум. Дагы бир Кадыр акени карады да, колун силкип тигил жаш баладан өзүм эле, дегендей тез - тез басып жөнөп кетти. Мен селейе карап туруп калыптырмын. Мура-ат, деп күбүрөнү кала бердим. Кадыр аке мени күткөндөй эшиктин жанында туруп бутумдан башыма чейин тиктеп, начар адамды карагандай көздөрүнүн кырынан теше: "Хым" - деп койду.

Көкүрөгүмдү кымтылап, чачымды бир тарапка чогултуп алдыма түшүрүп, шашыла басып чыгып жөнөдүм. Каридордун бурчунан тез бурулуп кетип бара жаттым.

"Жанара- а!" – деп кыйкырган Кадыр акенин артымдан үнү чыкты. Укмаксанга салып койдум. Бир чети таң калып, эмнеге кыйкырды? Түшүнбөй жиним келди. Чоң- чоң аттап сыртка чыктым. Эшиктин жарыгына көзүм уяла түштү. Кадыр аке артымдан чуркап чыкты көрүнөт. Мага жакын келип калыптыр. "Жанара токтосоңуз" –деди. Бурула карасам жанымда экен.

- Эмне болду? -Оозунан сөзү түшкөн немедей, кекечтене тамагын кырып.

- Рахмат деп койсоңуз болмок, -деди.

- Аа, баса рахмат, - деп ныктап айттым. Бурулуп жөнөдүм.

- Токтосоңуз... -Кайра эле ичкерээк үнү менен кыжырымды келтирди.

- Эмне болду айтыңыз? Мен үйгө жетип алышым керек! - Катуу сүйлөдүм.

- Мен Муратты сизге классташ болот деп ойлогом, көрсө...

- Көрсө эмне экен? Классташым да болору чын. Эмнеге бул сөздөрдү айтып жатасыз?

Бир аз ага жакындап кабагымды түйдүм.

- Аа, жөн эле. Ал мыкаачы бала сиздин башыңызды айлантып алганына таң калдым.

- Эмне- е?! Сиз эмне деп жатасыз? Ушундай сүйлөй берсем болот деп турасыз го менимче? -Аябай жиним келди.

- Ал мыкаачы эмес. Кокустук болду. Ал жөнүндө мындай айтчу болбоңуз.

- Жанара мени сен дей берсеңиз болот.

- Башка сөзүм жок сага, сиз дегенге татыктуу эмес экенсиң ансыз да. Бурулуп жөнөй бердим.

- Жанара токтосоң. - Мени сен дей баштады. Өзүмдү зорго кармап:

- Менден эмне керек? Кандай түшүнбөйсүң, үйгө жетип алышым керек,- деп жактырбай турганым ага билинди.

- Жүр жеткирип коёюн. - Сол тарапта турган ак машинаны көрсөттү.

- Кереги жок. Бурулуп кетип бараттым. Келжиреген неме тура. Денемди бүдүр каптай бир силкинип андан жийиркенип да алдым. Түшүнбөй турдум, итиркегиңди келтирген кызыктай адам тура.

Кадырга жөн жерден ачууланганымдын себебин өзүм түшүнбөй бара жаттым. Балким Муратка болгон сагынычым, балким Мураттын мындан ары жанымда болбосун билип ызаама чыдабай Кадырга катуу тийдимби билбеймин. Айтор ыраазычылык билдирүүнүн ордуна, аны кагып сүйлөп жолго түштүм.

Бир аз узап кеткен соң, оюмду кайра эле Мурат ээлей калды. Аны өпкөндүгүм үчүн өзүмдү бактылуу сездим. Акыркы автобуска араң жетишип келдим. Жолдо баарын көз алдыма тарттым. Өзүмдү кармай албай ыйлап да жаттым. Элди да көзгө илгим жок.

Мурат, эми качан көрөм сени? Ээн жерге туруп бакыргым келди. Жараткан, Муратты аман- эсен батырак чыгара көр. Ушул кичинекей бактылуулукка бөлөгөнүңө рахмат. Суранам аны кыйнаба, суранам. Өңүм өзгөрүп жүзүм бырыша ыйлабасам да, жашым токтобой агып жатты...

Бир кездерде эч нерсе оюмда жок, тентек секелек кыз элем. А азыр болсо, таптакыр өзгөрүп олтурам. Мени бул сезимдер бардыгынан баш тарттырчудай түрү бар. Муратты чын дилимдеп сүйүп калдым, бул чындык. Кантейин, каршы чыгып да көрдүм, бирок болбоду. Азыр дагы чектен ашаарлык иш жасап келе жатам. Анын каалоосуна моюн сунуп туруп бердим. Бирок эмнегедир өзүмдү күнөөлүү сезбей турам. Сүйүүнүн кудурети болсо керек. Эгер башка жерден кезиккенде, аша чаап уят иш жасап коёт белек? Билбедим. Жо-ок Мурат мени капа кылбайт. Буга ишенем. Эгер жашырбасам өзүм дагы анын булчуңдуу далыларын кармаганда өзүмдү аз-маз жоготуп турдум. Эмнеге ал мынча жагымдуу адам? Же мен сүйүп калгандыктан ошондой сезилеби? Жылмайганычы, жаным десе. Өзүмдү соороткуп ушинтип ой басып келе жаттым.

Мурат кандай сөз сүйлөбөсүн, чечкиндүү, ишеничтүү айтат, мен ушуга таң калам. Тамаша сүйлөгөн чалчаң- чулчаң кыялы жок. Көзүмдү жуумп дагы бир элесин көз алдыма тарттым. Каап, аны көргөндө оозумдан кебим түшүп, көп нерсени сурабай калыптырмын. Тиги Кадыр да абдан тоскоолдук кылгандай шаштырып туруп алды. Негедир Мурат аны көпкө бир кызыктай тиктегенин байкап турдум.

Жаным мени кызганды көрүнөт. Мунусунда жан бар. Кадыр эмнеге артымдан чыгып жанагы кептерди сүйлөдү? Башым маң. Апам менен кел, жалгыз келбе деп коёт, жаным. Чын эле кызганды го, Муратты эч бир жанга алмаштырбасым анык.

Мен көп эле сүйүү тууралуу чыгарма окусам, андагы башкы каарманга чыдабай кыжырым келчү. Кандай неме бу? Китептин башталышынан аягына чейин ыйлап, кыйналып жүрүп бүттү. Жүрөктү сыгаарлык тажатып жиберчү чыгарма экен, - деп кыйынсынаар элем. Азыр туура эмес ойлоп жүргөнүмдү абдан жакшы түшүндүм. Сүйүү бар жерде кыйынчылык, тоскоолдук, сагыныч көп болот тура.

Эми күнүмдүк жашоом кандай өтөөрү мага табышмак. Мураттын соту болсо, берки классташтарым акталып чыгышса батыраак, жакшы болот эле. Бир аз жеңилдеп калмакмын. Муратыма канча жыл беришер экен? Муну эстегенде коркуп кетем. Ал менен дагы көрүшүп өбүшүүнү самап турам. Кадыр эми жолуктурбаса керек. Мага кызыгы, ал мени жеңил ойлуу кыздардай ойлоп калбадыбы? "Хым"- деп кыйынсынып теше тиктегени жагымсыз туюлду. Кандай ойлосо өз эрки, Мурат үчүн баарына даярмын. Бирок жинимди келтирбей, дароо ыраазычылыгымды билдирип чыксам болмок. Балким ошого ачуусу келгендир? Кээде эле ушундай жаман кыялым кармап калмайым бар. Анын үстүнө Мурат да батыраак кет бул жерден, десе коркуу сезим да пайда боло түштү.

Кадыр чынында келбетинде айыбы жок жигит, бирок сиркем сүйбөй, сүйлөсө эле кыжырым келет, эмнегедир. Азыр автобусда бирөө байкап бара жаткан болсо, бир ыйлап кайра күлүп жатканыма жинди окшойт деген баа берген чыгар.

Үйдө апамдарга эмне деп айтсам? Жолугуп сүйлөштүк десемби, ачык эле? Бир пайдалуу жыйынтыктуу сөз сүйлөшө албадык го. Эстеген сайын уялып жаттым.

Мурат

Жанаранын ушундай тайманбас, чечкиндүү кыялын окуучу кезден эле өтө баалайм. Ал бүгүн айласын таап мага жолугуп кеткенине бир таң калсам, бир чексиз бактылуу болуп кубанып турам. Дүйнөгө бир жаралчу периште. Жытынан жутуп- жутуп алсам да тойбодум. Ийкемдүү назик денеси, жагымдуу үнү, ширин жагымдуу эриндери, өбүшсөк өзүн бир аз алып качып акырын чыгарган дабышы, мени суй жыкчу болду. Өзүмдү арандан кармадым. Темир тордо олтурганымды унутуп, бүгүн бактылуумун. Акыры тилегиме жеттим. Сүйгөн адамым мени сүйөөрүн айтты. Эми өлсөм да арманым жок. Бирок азыр эмес, Жанараны эч кимге бере албаймын.

Анын апапак узун мойну, жайылган кара чачы, жарашыктуу кызыл көйнөгү, торсоюп турган көкүрөгү, жүзүнө тиктесем төшөлгөн кирпиктери, боорума кысып жыттасам аз- маз үн чыгарып турганы, мени алдан тайдырып калтыратты. Муздак тер чыгып, өзүмдү кармоого болгон күчүмдү жумшап турдум. Ал менин жашоомдо эң кымбат адамым, канчалык катуу сүйөөрүмдү билер бекен? Эми дагы жолугушуу болобу? Эх, кайдагы куру ойду ойлобо Мурат. Баары түшүм болуп калса кана, мурдагыдай Жанаранын жанына барып, бул жаман окуялар болбогондой, мурунку жашоомо кайтып кетсем, кандай жакшы болор эле.

Тиги акмак Кадыр деген неме, башкача көз менен Жанараны тиктеп жатты. Бул көз караш мага тааныш, же чеги жок кызганып турамбы? Билбедим жинди болуп кетпесем эле, ойлордон чарчадым. Жанара жалгыз мага буйруган аял заты болсо экен. Жан дүйнөм жай таппай турат. Жарылып кетким келип араң олтурам, кантип чыдаймын билбедим. Жанара дагы бир айласын таап келип калсаң, алтыным, кубанычтан жарылып өлмөкмүн.

Мурат кыжыры келип, бук болуп ыйлап жатты. Анын сүйүүсү таң калаарлык экени анык. Жанара дегенде жанын бергенге даяр. Бул сезимдер эки жашты бактылуу да, бактысыз да кылып турду. Мурат айтканынан кайтпаган көк кыялын эң жаман кыялдарымдын бири деп өзү да билээр эле. Бирок дал ушул кыялын курал кылып колдонуп, көгөрүп олтуруп Жанаранын сезимин багындырды. Кээде адамдагы жаман деген сапатты да, жакшы курал катары жыйынтык берээр ишке жумшаса болот тура.

Мурат абдан акылдуу бала. Анысы келбетинен эле көрүнүп турат. Ал жаңы сизого келгенде, чакан темир тордун ичинде бир киши экөө чогу олтуруп калышкан. Ал кишинин үчүнчү ирет соттолуп жатканын өз оозунан угуп, бул зонаны бейишке алмаштырып алган го, деп таң калган.

- Атын ким?

- Мурат... Колунан бекем кыса:

- Кече унчукпаганымдын себеби маанайын абдан суз экен, ошол себептен сүйлөгөн жокмун. Тамеки чегесиңби?

- Жок чекпейм.

- Туура кыласың ... Менин атым, Улан, апам дагы уул болсун, артын улансын деп атыңды ушундай койгом деп келет. А мен улабай эле, аларды ууландырып келе жатам. Жалгыз эрке өскөнмүн. Бул капканга түшкөнүбүз, өмүрдүн бүткөнү эмес брат, сүйлөп олтур.

- Эмне болуп келип калдың.? Мурат чоо- жайын айтып берген соң, бир аз ойлонуп туруп:

- Сен Азамат экенсиң, бар бол. Бир киши минтип айткан экен. Чала- була эсимде.

"Махабат отторуна күйгөн жакшы,

Берилип бир адамды сүйгөн жакшы.

Бирөөгө сүйгөнүңдү өптүргөнчө.

Бакача жер кучактап өлгөн жакшы," - дептир. Сен кейибе брат баары жолуна түшөт. Мен махабатка кыянаттык кыла албайм. Туптуура кылгансың. Сага түшүнсө болчудайсың, деп Муратты бир аз жибиткен.

- Анын үстүнө капыстыктан олтуруп алган турбайсыңбы. Сотто бул да эске алынат. Менден сурасаң болот, далайды көрдүк го. Бул сапар ит достор сатып кетти. Бирок мен бул жерде көп болбойм. Чыгып кетем, зонага барганда, у меня там сильные связи...

-Улан аке?

-Улан, Уланмын сен үчүн, Улан дей бер...

- Улан, канча жыл бериши мүмкүн мага?

- Так айта албайм брат. Кокустуктан болгон кылмыш, атайын даярдык менен болгон кылмыш, топ менен жасалган кылмыш деги абдан көп. Ушундай майда- чүйдөгө да абдан маани берилет. Баса жашың канчада?

- Он сегизде.

- Каап, кеч окугансыңбы?

- Ооба...

- Өспүрүмдөр тобуна кошулсаң жеңил болмок. Жашы жете электерге катуу жаза жок. Үй камагына алышат. Же аз мөөнөт берет, ар кандай. Адвокат жалдадыңбы?

- Кайдан, эжемдин колунда өстүм, жетим баламын.

- Даа-а, иш чатак экен брат. Бирок кейибе. Азырынча тирүүбүз го. Айласы табылат. Менин оюмча он жылдан кем бербейт го. Адвокатың да жок болсо. Мураттын үрөйүн учуруп, зонанын тартибин айтып берген. Ансайын заманасы куруп, коркуп да күн өткөрүп жатты. Көп өтпөй классташтары да келип, андан бетер ойго салган. Бүгүн Жанараны көрүп бир аз ал ойлордон арылгандай олтурду.

Жанара

Оозум кургап суусап кеттим. Кийинки аялдамадан түшөм. Улам ичимден апамдарга эмне деп айтаарымды даярдап, сөздөрдү камдап

жаттым. Кетип бара жатканда апам бир нерсе байкагандай күлүп койгон эле.

Үйгө кирип барсам жымжырт. Атам менен апам, мал догдур келип, сарайда жандыктарды уколдотуп жатышкан экен.

Кечки тамак буркулдап кайнап туруптур. Өзөгүм тартып жатты, кардым ачканын азыр тамактын табитинди ачкан жытынан улам сездим. Такыр билмексен кишидей, кечки тамакты куюп столду даярдадым. Апамдар келип баарыбыз олтуруп тамактандык.

Атам:

- Чогулуп бардыңарбы?

- Мм-м... Так жооп бере албай тайсалдадым.

- Баары бир жолуктурбай коюштубу?

- Ооба ата...

Мен алдап жаттым. Апам акырын мага карай, жылмайды. Мен Муратка жалгыз эле барганымды, жана ал үчүн жасанганымды абдан жакшы билээрин түшүндүм. Кечки тамакты ичип болгон соң, идиш-аякты иреттеп жатып, апамдын мени менен сүйлөшкүсү келгенин туюп турдум.

- Кызым, Мурат кандай экен? Апам артымдагы олтургучка олтура калды. Жалган сүйлөөдөн баш тарттым.

- Жакшы эле экен апа, мен далымды салып турган калыбымдан жазбай туруп сүйлөдүм.

- Кел олтур, Жанара... -Апам аябай сүйлөшкүсү келгенин билдирип турду. Маңдайына олтурдум.

- Кызым, Муратты такыр теңсинтпей жүргөндөрүң эсимде, жана бир татына болуп бара жатканыңды көрүп, аны сүйүп калганыңды түшүндүм. Өткөндө сүйлөшкөндө Мурат эмес башка бирөө окшойт деп ойлогом.

Менден жооп күткөндөй тиктеп турду. Адатымча көзүм жашылдана, баарын мойнума алгандай баш ийкедим.

- Кай жерден жолуктуңар? Эмне дейт Мурат? Апам аябай такап сурап кирди. Жашырууга болбой калганын түшүндүм. Тамагым буулгандан үнүм кирилдей чыгып, өбүшкөнүбүздөн башкасын айтып бердим.

- Мурат туура айтат, мындан ары жалгыз барба. Башка эч нерсе жашырган жоксуңбу? Мага карай табышмактатып сүйлөдү.

- Сен чоңойдуң кызым, сенин азыркы акыбалыңа мен гана түшүнөм. Сени акылдуу деп ойлойм. Жүзүбүздү жер каратчу иш кылып жүрбө...

Апам үнүн бир аз бийиктете , мага чын дилинен кейип айтып турду. Оюн дароо түшүндүм.

- Апаке ишенчи, Мурат мени өпкөнүн жашырбаймын, бирок ал ою жаман балдардан эмес. Мени капа кылбайт. Жаман нерсе оюбузда да жок. Мен эч качан сиздерди уят кылбаймын. Болгону аны унутуу, таптакыр ойлобой коюу кыйын болуп турат апа. Эреркей түштүм. Көзүмдөн жаш тамчылап жатты.

- Ошондой болсо болгону кызым, сен кеткенден жүрөгүм сыгылып жаман ойлорго кетип турдум. Болду каралдым... Апам жаштарымды аарчып мындай деди:

- Мурат жаман бала эмес, кичинесинен көз алдыбызда чоңойду. Жылуу саламдашып, уялбай элпектене далай бизге кол кабыш кылгандарын эстеп ичим жылыйт. Ушу каргашалуу окуяга туш болбосо болор эле. Ыйлаба кызым, кирип эс ал бөлмөңө, барагой.

Апамдын жүзүнөн анда кандайдыр бир ойлор бар экенин байкадым. Суроого оозум барбады. Бөлмөмө кирип ойлоно түштүм. Саат он бирге чамалап калган. Ар түркүн ойлор жеп жатты. Телефондун конгуроосунан селт эте чочуп кеттим, жиним келип үшкүрүндүм. Белгизисиз номер. Ким бул? Мынча кеч болгондо чалган...

- Алло? -Бул Кадыр акенин үнү…

- Жакшысыңбы? Жанара? Аябай жиним келип турду, өзүмдү кармай...

- Рахмат, жакшы. Жөн жайбы? Кеч болгондо чалыпсыз.

- Жөн жай эле, карындаш. Сени капа кылып алдымбы деп кабатыр болуп чалдым. Кечирип кой туура эмес сүйлөсөм Жанара. - Куду илгерки таанышындай мага жумшак сүйлөп жатты.

- Жо-ок капа болгон жерим жок, жакшы эс алыңыз.

- Койбо трубканы Жанара, уга турчу айтчу сөзүм бар.

-Угуп жатам! Жиним баягыдан күчөдү, ага билдире сүйлөдүм.

- Сени Муратка жолуктуруп турам, ишене бер. Болгону сени бир эски таанышыма окшотуп ашыкча сөз сүйлөп алдым кечир.

-Чын эле жолуктуруп тура аласызбы?

- Ооба соту болгунча колумдан келет. - Ичимден кубана түштүм.

- Рахмат сизге Кадыр аке.

- Кадыр деп эле айта бер Жанара.

- И макул... -Абдан сүйүнүп турдум.

- Сен да кечир, ачуум менен ыраазычылыктын ордуна, кагып сүйлөгөндүгүм үчүн.

- Аа, эч нерсе эмес, кечиримдүү.

- Болуптур эмесе, байланышабыз да?

- Албетте, жакшы эс ал Жанара.

- Рахмат, сен дагы.

Эски таанышка окшотуп дейби? Ай мейли балким чын чыгар, башкысы Муратка жолугуп турат экенмин. Кыялдануу менен уйкуга кеттим.

Таң атып өзүмдү сергек сезип ойгондум. Сабактан келген соң, Мураттын өтүнүчү менен эжесинин үйүнө барууну чечтим. Буга чейин бир айылда турсак да, короо жайына баш багып көрбөгөм. Анын үстүнө бүгүн туулган күнүм эмеспи. Мурат жасаган жакшы мамилелер жүрөгүмдү эзип турду. Мектепте классташтар, агай куттуктамыш этишти, баары бир Мурат бардагыдай болбоду.

Азыр жанымда курбум Айпери олтурат. Ал баягыдай эле жаз келип, окуу аяктап, жайда экзамендер бүтсө, той менен турмушка чыгаарын айтып кубанып жүрөт. Мынча шашат дейм да. Анын сөздөрүн бир уксам, бир укпай көңүлүм чөгүп турду.

Мураттын үйүнө баратам. Барсам үйүнөн чыгып калчудай сүрдөнгөнүмдү карасаң. Кызгылт түстөгү дарбазанын жанына келип ойлонуп туруп калдым. Такылдатып койдум. Эч ким жок. Акырын ачып кирип бардым. Адам баскан жерлерге узунунан майда шагал таш төгүлүп, эки чекесине гүл өстүргөндөй , тартайып жалбыраксыз билинип турат. Аңгыча эшике эжеси чыга келди. Мени көрүп дароо:

- Кел Жанара..

- Саламатсызбы?

- Жакшы синдим келегой... Мени жылуу кабыл алганыга кубанып турдум. Тили так чыга элек үч жашта баласы чулдурап ээрчип чыкты. Улуусу түштөн кийинки сабакта болсо керек. Үйүнө киргизип дасторкон жайып кирди.

- Убара болбоңуз суранам…

- Бул убара эмес, өзүбүз да түштөнө элек болчубуз. Өз үйүңдөй көрүп олтур. Биринчи келишиң. Мурат болгондо абдан кубанмак.

Үйүндө кымбат эмеректер турбаса да, абдан тыкан, таза экен. Салган дасторкону апапак, кол аарчылары таптаза, чынылары да аппак таза экен. Апам бизди: “Аял аш канадагы нерселерди таза кармай албаса барган жерин гүлдөтпөйт,” - деп тарбиялаган. Ошол себептенби, кемпирлерче кай жерге барбайын абдан ушул нерселерге көңүл бурам.

Эжесинин жүзүндө эч кандай так жок, бары жайында экен. Жездеси көрүнбөйт. Ооруканадан чыга элек го чамасы.

- Жолдошуңуз чыга элекпи ооруканадан? -Мураттын өтүнүчү боюнча баарын билүүгө аракет жасадым.

- Ооба кече акыркы уколдорун алып берип келгем. Ага дары таасир бербей калгандай, акыбалы оор. Боору эзилип калган дешип жатат. Муратты, күйөөмдү ойлоп күндөр кантип өтүп жатканы дайынсыз. Эжесине абдан боорум ооруп турду.

- Кел чай ич, алагой, бул күндөр да өтүп кетээр.

- Мен кече Муратка жолугуп келдим. Анда баары жакшы, сизден кабар алуумду суранды.

- Ии, жакшы болгон тура. Мен барсам такыр жолуктурбай коюшат. Иним байкуш бизди ойлоп тынчсызданган тура. Бир боорум менин. Көздөрүнө жаш алып жатты. Менин да көзүмдүн кычыгы сууланып турду.

- Баса Жанара туулган күнүң менен...

- Рахмат эже, кайдан билесиз?

- Оо, бул күндөрү Мурат башкача жаркырап турар эле. Мага жашырбай сырларын айтчу, акыл сурачу. Жүрсөң, жүрөгой...

- Кайда? Бир аз жылмайып, артымдан кел дегендей эшикти көздөй жөнөдү.

Үйдүн оң тарабында он түптөй роза гүлдөрү жайындагыдай өсүп турганын көрдүм. Аларды чакан чатырча жасап жылуулап тороп коюптур. Көздөрүмө ишенбей турдум.

-Көрдүңбү, бул кеч күзгө чейин өсчү роза гүлү. Жылуулап кармасаң андан да көпкө чыдайт. Мурат буларды кайдан тапкан билбейм. Аябай көңүл бөлүп карайт эле. Түбүн жумшартып. Өтө муздак суу куйбай, иши кылса сен үчүн бакчу. Мен да суу куюп карап турдум. Жакындан бери күн сууп түбү ным болуп тургандыктан куйбадым.

Ошол учурда ыйлап кирдим. Өзүмдү кармап турсам болмок. Эжеси мени кучактап:

- Кой Жанара ыйлаба... Сени Мурат аябай сүйөт. Билсең керек. Бирок Жанара мени жактырбайт деп айтып калчу.

Көзүмдө жаштарды аарчып, жок мен да аны абдан жакшы көрөм, деп айткым келип турдум. Акырын оозумду жыйып, дендароо тура бердим.

-Азыр...

Эжеси кайчы көтөрүп келип мага жакшы сакталып турганынан беш роза кыркып берди.

-Алагой Мурат болгондо алда качан таң эрте бермек. Эжем гүл берип койсун деп жибергендир балким үйгө, - деп жылмайды.

Ушундай толкунданууга дуушар болдум. Эжесин кучактап солуктап ыйлап кирдим. Эмне десе ошо деп ойлой берсин дедим. Бирок ал дагы ыйлапб

-Жүрчү Жанара, үйгө кирип алалы, жүрөгой, шашылыш эмессиңби? Чай ичип сүйлөшүп олтуралы, деди.

Экөөбүз көп нерсе суйлөшүп жарым сааттай олтурдук. Аябай жакшы аял экен. Адамды өзүнө тартып, Мураттын айткандарын калтырбай айтып берип мени ого бетер жашытып жатты. Жаным десе, ушундай жакшы аялдан тарбия алган тура.

Жүзүмдөн кубанып турганым билинип турса керек. Мураттын эжеси мени узатып чыгып, жылуу коштошуп жатып мындай деди:

- Канчалык татынакай кызсың Жанара, инимдин жоктугун кара, силерди бирге көргүм келет. Ал ар бир мүнөттө сени эстеп тураар эле. Анын аябай кыялдарга бай экенин туюп турчумун. Сен жөнүндө айтуудан чарчабайт. Байкашымча сенин да Муратка болгон сезимиң бардай.

Башымды жерге салып жылмайып турдум.

- Рахмат сизге эже, бул гүлдөрдү көпкө соолутпай сактайм, ишене бериңиз. Муратты абдан сагындым.

- Ооба, баарыбыз сагынып турабыз. Жанара, сен Муратты аяп койчу, анын жан дүйнөсү өтө назик. "Эже, мен эркек адам болсом да, Жанарага болгон сезимдер мени жоош, алсыз кылып коёт," - деп тартынбай айтчу. Өз башымдан мындай күчтүү сезимдерди кечирип көрбөсөм да, иним анын кандай экенин жеткирип айтат. Ага боорум ооруп калат эле көп учурда. Башында кызыктай боло берчү элем. Жаш туруп эле уялбай бул эмне дегени? - деп жиним келчү. Бирок анын каректеринен чыныгы сезимди билүүгө болот.

Ал мени менен сүйлөшүп жатканда эжеси экенимди унуткарып, жөн гана бир адамга оюн айткандай жан дилинен сүйлөйт. Кийинчерээк, мен анын ою менен болуп, тынчсызданып сурап турчу болдум. Эгер бул жөнөкөй балалык сезим болгондо мынчалык таасирленбес элем. Ал башка адамдардан башкача кыялданат. Мага эч качан бала кезинен жаман мамиле жасап, тентектик кылган эмес. Энеси жок кантип тарбиялайм деп коркуп жүрчүмүн. Бирок баары жакшы болду. Кайра Мурат акыл-эсине кирип калганда мага кошо сүйүүгө кандай көз караштa болуу керектигин жеткирди десем болот.

Ал барда баары кызыктуу, кирип- чыгып менин көңүлүмдү көтөрчү сөз айтып турат. Жездеси эле кээде: "Ой бул бала энесинин курсагында эле жашап чыккан го, бул нерселерди кайдан билет?" - деп таңыркап калар эле. Анткени ал Мураттын мен байкаган сапаттарын байкай алган жок.

Туруп эле бир заматта, мени өөп: "Эже, дагы жакшы сиз, анан Жанара бар бул дүйнөдө" - дейт.

Өзүмдү кармай албай эжесинин моюнуна асылып, болду эже айта көрбөңүз калганын деп ыйлап кирдим.

Чачтарымдан аяр сылап:

- Ошондой синдим. Сен аны күтөм деп сөз бер, ал сен жок билбейм кандай болот, деди.

- Албетте, албетте эже күтпөгөндө анан. Тамагым буулуп, мурунум сууланышып жалдырай карадым.

- Болуптур эмесе, өз үйүңдөй көрүп эле келе бер. Мураттан кабар болсо айтып тур. Мен дагы барган сайын кат киргизип жатам. Кийинки барышымда сенин келгениңди айтайын.

Аябай ыраазы болуп эжесинин жүзүнөн өөп коштоштум.

Буга чейин Муратты аябай сүйсөм, азыр ал сезимдерим эки эсе күчөгөндөй туюлуп турду. Эжесинин айткан ар бир сөзүн эсимде сактап калдым. Улам гүлдөрдү жыттап, бактылуу болуп үйгө кетип жатам. Эгер азыр Муратым болгондо баары башкача болот эле. Ал адатынча көп нерсе ойлоп тапмак.

Бир жолу эсимде, кечки тамакты ичип болгон соң китеп окуп олтурсам, иним чуркап келип: "Сизди эшикте бирөө чакырып жатат," - деди. Оюмда эч нерсе жок эле шашыла чыга дарбазаны көздөй басып бардым. Курбуларымдын бири болсо керек, деп ойлоп койдум. Темир эшикти ачсам Мурат жылмайып турат. Таң кала түштүм. Билмексенге салып, кандай? жөн жайбы? - дедим.

-Кандайсың Жанка? "Мен, жүрөк дары барбы деп сурап келдим эле. Дарыкана жабылып калыптыр," - деди камырабай туруп.

Күлүп мени карап турду.

- Кимдин жүрөгү ооруп калды? -дептирмин.

- "Албетте менин, Жанара, дарылап койбосоң болбойт," - деп адатынча тамашалай сүйлөдү.

- Мура-ат. Шылдыңдай каткырып күлүп кирдим. Мындай учурда ал өзүн эч качан ыңгайсыз тутпайт. Колумдан жула кармап, ээрчитип жөнөдү.

- Мурат коё бер апамдар издейт. Коё бер дейм. Качан биз караңгы түндө жолугуп жүрчүк эле? Барган сайын чектен ашасың. Билип кой классташым деп гана аяп келем, түшүндүңбү? - деп ачууланып кетип бараттым.

- Аябай көп сүйлөйт экенсиң, Жанара. Токтой калып мени карап күлүп турду.

- Бул эмне дегениң Мурат?!

- Кел оозуңду жабууга жардам берем.

Ал мени адатынча өбөм деп жүзүн жакындата баштады. Келесоолугум чегинен ашып, жинденип турган калыбымда аны бетке чаап калдым. Бурулган тарабында бир аз кыймылсыз турду да, жүзү баягы калыбынан жазбай, мага карап жылмайып кайра эле колумдан сүйрөп жөнөдү. Ошондо өзүмдү аябай ыңгайсыз сезип, чапканым үчүн өкүнүп да кеттим.

Айылыбыздын этек жагында чакан чөлмөк саз бар боло турган. Ар дайым камыштар саксая өсүп, арасына чымчык уялап жапайы өрдөктөр конуп калганын көрүп калар элек. Ошол саздын четине ээрчитип барды. Аны чаап алгандан кийин өзүмдү күнөөлүү кишидей сезип, тим гана басып бараттым.

Ай апапак нурун төгүп турат. Жолдо көлөкөлөрүбүз сереңдеп ээрчишип барып чөпкө олтура калдык. Мен баягыдай эле үн - сөзсүз калыбымда.

- Бери карачы, Жанара, эмне болду сага?

- Эч нерсе, эмнеге бул жерге алып келдиң?

- Менин такыр эле чыдамым кетип сени көргүм келип туруп алдым.

- Эртең мектептен жолугат элек го?

- Эмне деп турасың Жанка, таң аткынча канча убакыт бар билесиңби?

- Койсоңчу Мурат, ушу сенин кыялың такыр жакпайт, түшүнбөйм дагы. Ишенчи достук мамиледен башка нерсе болушу мүмкүн эмес, эстүү эле жигитсиң түшүнчү, суранам.

- Сен айткандай баары оңой болсо кана Жаным. Мурат үшкүрүнө эки тизесине чыканактарын коё, оң колун чекесине басып, өзүнө жарашыктуу бир аз узун өскөн маңдай чачтарын мыжыга кармап жер тиктеди. Арабызды жымжырттык каптап, саздагы жаныбарлардын үнү арты- артынан чыгып бизди алаксытып турду. Бака чардап, чегиртке чыркылдап, дагы чымчыктын сайраганындай үн угулуп жатты.

- Жанара?

- Ым-м...

- Билесиңби? Бул сазга эч ким келбейт.

- Эмнеге келмек эле? Мында эмне бар?

- Байкашымча сен да ошол адамдардайсың.

- Кайсы адамдардай?

- Ошол сен айтып жаткан адамдар, бул жерди жагымсыз жыты бар, саз дешип маани бербейт. А мен болсо ушул жайдан жан дүйнөмдү тынчтандырчу абал табам. Кээде келип оюмду айтсам угат, эс алам. Бирок жооп бербейт, баары бир боору ооруп оюма кошулуп турганын сезем. Бизге окшогон жандуу заттын көбү мындан түнөк тапкан, убактылуу болсо да. Мен өзүмдү ушул сазга окшоштурам, аябай...

- Эмнеге?

- Сурайсыңда жаным. Мени ушул саздай көрүп көңүл бурбай койдуң. Канча ирет түшүндүрүп, кыйналдым сага Жанара. Чоңоюп деги калдык, айтчы? Башканы издеп журөсүңбү балким?

- Кайдагыны айтпачы Мурат. Оюмда эч ким жок, издеген да жерим жок. Болгону сүйүү деген азыр мага керек эместей, чын. Кандай адам менен болуу керек келечекте, аны ойлосом коркуп кетем. Ал тууралуу ой жүгүртүүгө даяр эмесмин. Кыскасы азыр сезимдер такыр кызыксыз, түшүнчү.

- Макул ишенейин, анда эмнеге мени кагып-силкесиң? Кел жаным мага келечегиңди тапшыр, ишене бер мен аны өтө аярлап алам. Бирөөнү издеп убара болуп жүрбөйсүң. Сага татыктуу тугөй болуп берем. Мени сүйүп калышың үчүн колумдан келгенин жасайм. Сени эч качан өкүнтпөйм, ишен макулсуңбу?

- Мурат Эми гана тогузду бүтүп турабыз. Сенин оюң сүйүү, эрдикатын болуу, башка нерсе жөнүндө ойлоносуңбу өзү?

- А эмне? Бул ойлорум ашыкчабы?

- Жо-ок ашыкча дебейм, эрте дейм.

- Жанара андай дебе! - Мен ордумдан туруп жөнөп калдым...

Мурат ыргып ордунан тура калып: -Токто Жанка, -деди.

- Ар дайым жүзүңдү буруп кетесиң, макул, сен айткандай болсун. Азырынча ойлонбой туралы. Бир аз тура турчу суранам.

- Мурат, апамдар кандай ойлоп жатты экен? Сүйрөп ээрчитип келе бердиң.

- Кабатырланба өзүм түшүндүрөм.

- Эмне демексиң сен?

- Ачыгын эле айтам, мектепте тапшырмаларды сурап келдим эле бир аз сүйлөшүп турдук дейм.

- Кой мен барайын капа болбо.

- Токтой турсаң. Колумдан өзүнө тартып бекем кучактап туруп алды.

- Коё бер дебе. Унчукпай тура-турчу Жанара. Кел колдоруңду мойнума асып койсоң.

- Мурат!

- Макул, макул, тигинде айды карачы жаным. Бизди карап турат. Ишен жаным, азыр сага оюмда жашаган сөздөрдү айтам, суранам эсиңе сактап кой...

Мурат жүзүмө карай сүйлөп жатты. Негедир ал мени кучактаса башкача болуп кетер элем. Азыр да ошондой акыбалда турам. Канча ирет чаап, канча ирет кагып, канча ирет өзүмдөн алыс түртүп жиндеп жүрдүм. Бара- бара, мени көндүрө баштады.

- Жанара, билип кой сен мага чоң бакыт алып келчү аял затысың. Сени эч бир жанга теңебейм. Сенден чарчабайм, сага таарынбайм, ушуга ишен. Сени мендей эч ким сүйө албайт. Макул болчу оюбуз бир жерде болсун. Сен үчүн баарын жасайын.

- Мурат макул болдум дейли. Мен кийин бир адамды сүйүп калсамчы? Анда эмне болот? Айтчы?

-Ушул сөздү далай айттың мага. Сен макул эле болсоң, менден башка эч кимди көрбөй тургандай, мени гана сүйүп жашооңо бүт күчүмдү жумшаймын Жанара...

Бул сөздү көп айтат, адатымча маани бербеген немедей өңүмдү өзгөртүп жактырбай турдум.

- О-ой кандай адамсың Мурат?! Коё бер кетейин.

- Сен эмне дейсиң?

- Капа болбо, андай болбойт. Мураттын жаркырап турган маанайы бүркөлө түштү. Бир аз мени кучагынан бошотуп:

- Эч өзгөрбөйсүн э жаным? Мейли, түбөлүк күткөнгө даярмын. Жүрү алтыным узатып коёюн.

Колумдан бекем кармап келе жатты. Дарбазага жетип, мени тигиле карап туруп, эки бетимден кармап оозумдан бекем баса өптү да, жакшы эс ал жаным деди. Селейе карап турганымды байкабай калдым. Эмне деп айтаарымды билбей шап эле бурулуп кирип кеттим.

Буларды эстеп жүрөгүм канайт. Ыйлап да алдым. Үйгө жетип калганымды байкабай калыптырмын. Жаштарымды шашыла аарчып, үйгө кирип бардым. Баары сыналгы көрүп олтурушкан экен.

Апам мени дароо түшүнгөн немедей, ыңгайсыз абалдан куткарып:

- Кел Жанара тамак ич...

- Азыр... Бөлмөмө кирип кеттим.

Колумдагы гүлдү сууга салып кайра чыгып аралаша олтура калдым. Атам да, апам да гүл тууралуу сөз айтпаганына таң калып турдум.

-Тамак ысык, ичсең боло.

- Кардым ток апа... Атам киного бериле тиктеп олтурган экен, мага маани берген жок. Апам ашыкча сөз сүйлөй албай мени тиктеп коюп жатты.

- Болуптур сабактарымды карайын, деп бөлмөмө жөнөдүм.

Артымдан апамды келет го деп каалганы толук жаппай кыңкайта ачып койдум. Бүгүн Жан дүйнөм бир башкача, ар тарапка алып учуп, уйгу- туйгу болуп турат.

Көптөн бери кармабай калган ак барактарымды керебеттин астынан боёкторумду алып, сүрөт тарткым келип турду. Көз алдыма Муратты элестетип анын эң сонун портретин жаратуу оюма келди. Бөлмөмдүн дал ортосуна сүрөт тартчу тактамды жайгаштырып, ак кагазды тегиздей коюп, боёкторду тиздим. Карандашымды учтуу учтап, жакшы тартылса экен деп коркуп да жаттым.

Жанымдын келбети көз алдыма тартылып, алгач эле кырдач мурунну, жылдыздуу капкара көздөрү ак кагазга түшүп жатты. Анын көздөрүн тартып жатып элестетип сагынып турдум. Сүрөтүм уламдан-улам окшоп баратты. Бузуп албоонун аракетин жасап, аяр кармалап, боёкту этияттык менен колдонуп жаттым. Анын бирин- серин өскөн кыл мурутун да тарттым. Каштары абдан капкара, ак кагазда мыкты жарашып турду.

Абдан ойго чумгуп кеткенимди карасаң, инимдин үнүнөн чочуп өзүмө келдим.

-Эже, бул Мурат аке го? Кичинекей бөбөгүм байкап, таанып койгонуна таң калдым. Демек, окшошуп эле калса керек. Мына Мураттын келбети толугу менен тартылды. Сагынып куса болуп турган кезим. Апам дагы негедир артымдан кирген жок. Берилип сүрөт тартып олтуруп түнкү саат эки болуп калганын байкабаптырмын. Сүрөттөн Мурат мени карап тургандай сезилип, мурдараак эле тартып албаптырмын деп ойлоп турдум. Өзүмчө андан уяла, кысынып, чечинип төшөнчөмө жата албай күлкүм келди. Эч ким жокпу дегендей эки жагымды карап Мураттын эрдинен акырын өөп койдум.

Бүгүн абдан жакшы эс алдым. Негедир көргөн түшүмдү да унутуп калдым. Көзүмдү акырын ачсам, Мураттын портрети мага карай жылмайып турат. Жаздыкка жүзүмдү баса сүйүнүп жаттым. Ал менен жан дүйнөмдө сүйлөшүп, кыялдарга учтум.

- Кандай Мурат?

- Жакшы жаным, мени абдан сулуу тартып жиберипсиң.

- Жо-ок, сен кандай болсоң ошондой тарттым.

- Чын элеби?

- Албетте.

- Мени бир эле жолу өөп уктап калдың, дагы өпсө деп ойгонуп күтүп турам.

- Мурат, жаным уялтасың.

- Жанара сага бир сөз айткым келет...

- Айт, Мурат.

- Суранам сен мага бооруң ооруп, кичине жарык күндөрдү тартуулайм деп, түбөлүк чон караңгылык жаратпа.

-Антип ойлобо жаным, сени боорум ооруп гана жасалма сүйүп турган жокмун... Чыныгы сүйүүм менен түбөлүк жарык күндөрдү тартуулайм сага.

- Мен уккан кулагыма ишенбей турам Жанара, Сүйөм сени.

- Мен дагы сени сүйөм.

- Сен менин асманга жөнөткөн дубамдын, жер жүзүндө табылган жообусуң Жанара.

Муратым менин, ал мага ушул сөздү ар дайым айтчу. Анын портрети менен сүйлөшүп жатып, жүрөгүмдөн бир аз узай баскан кайгы муң, кайра бурулуп келди. Көздөрүм сууланыша кетти. Бүгүн жекшемби, сабагым жок, андыктан төшөгүмдөн турбай, кичине кыялданып жата турсам дедим. Эшикти ачып апам бөлмөмө кирип келди. Дароо көздөрүмдү жума салдым. Билем, апам сүрөткө тигиле карап турат. Уктагандай түр көрсөткөнүм менен каректерим кыймылдап билинип турса керек.

Апам тамагын кыра үнүн чыгарып, күлкүсү келгенин аз- маз билдире, мазактай: "Тур кызым, Жанара" - деди.

Акырын көзүмдү ачып, эркелей унчуктум... Аапаке бир аз жата турайынчы, аз эле. Апам сууга салынган гүлдөрдү эңкейип көздөрүн жуумп жыттап, макул дегендей жылмайып чыгып кетти. Мага боору ооруп, мени түбөлүк сүйүп, менден эч качан баш тартпаган апакем.

Акыркы күндөрү акыбалыма түшүнүп, баарын туура кабыл алганына кубанып жүрөм. Тогуз ай жүрөгүнүн астында көтөрүп, түн уйкусун бөлүп эмизип, оорусам кошо ооруп чоңойтту. Таянар тоом, бир- тууганддым, ата- энем. Силер бар болгула.

Мен кыялданганда айланадагы үндү кулагым укпай, көздөрүм көрбөй калат. Ушул калыбымда кыймылдабай жата бердим. Терезеден

аркы-терки учуп түшүп жаткан кар көрүнүп жатты. Быйыл кыш эрте келди. Эсимде, кээ бир жылдары жаңы жылды карсыз тосчубуз... Аба ырайы бат сууктап кеткенге карга айланып кетти көрүнөт. Күн бир кылтайса эрип кетет чыгар.

Мен Мураттын жанымда жоктугуна капа болгонум менен көөдөнүмдөгү терендиктеги махабат отунун жанып калганына өзүмдү бактылуу сезип жашап жүрөм. Эгер мурдараак сезгенимде мындан эки эсе чексиз бакытка бөлөнмөкмүн.

Өзүмө байкалбаганы менен менин катуу өзгөрүп кеткенимди мектепте курбуларым мага айтышты, өтө капа экенин да жашырышкан жок. Себебин сурасам, алардын көпчүлүгү, бизди таптакыр жашооңдон чыгарып салдың, деш таарынышыптыр.

Бирок мен аларды жашоомдон, жүрөгүмдөн таптакыр чийип таштаган жерим жок, жөн гана орундарын алмаштырып койдум, мына ушундан улам балким аларга унутта калтыргандай туюлуп жаткандыр. Биринчи орунду Муратка арнадым, буга чейин акыркы турган. Ал алдыга жылганда калганы бир аз артка сүрүлүп кетти. Аларга түшүндүрүп олтурбай күлүп кутулдум, азыр, мени түшүнө турчу киши жок болуп турган чак.

Сүйүүнүн жибине байланып кутулууга арга жок моюн сунуп турам. Мурат канча ирет жалдырай жүрөгүн кош колдоп сунса бурулуп албай кете бергенимди карасаң. Муштумдай эт жүрөгүм картганып жаратка толуп турат. Кана эми бөбөк бойдон калсак. Жашообуздагы эң чоң жарат тизебиздеги жара болсо. Андай болбойт тура.

Мурат ансайын ызалана: “Сен адамды сүйө албайсың, сен сүйгөндү билбейсиң чамасы,” -деп калар эле. Анда мен кыйынсынам: "Балким адам бирөөнү сүйө албагандыгынан эмес, сүйүүсүнө татыктуу кишини таба албагандыгы үчүн жалгыздыр" - деп жооп кайтарам. “Таппаган сөзүң жок” - деп күлүп калчу.

Өткөнкү жолугушууда анын абдан сулуу экенин байкадым. Жүзүнө жакын турганымда, кирпиги узун, калың, каштары капкара, каректери күйүп, бир аз жылмайса жылдыздуу болуп кетет экен. Ушунча жылдан бери жанында жүрүп анын алдыңкы эрининде калы бар экенин байкабаптырмын, аны өөп жатып тигиле караганда билинди. Ордумдан туруп кара боёк менен акырын эринине кал коюп койдум.

Терезеге тигиле тээ алыска чейин көз жүгүрттүм. Бул беш күндүк өмүрдө эмнелер гана болбойт ээ? Мурат, сен жок "Жалгызмын." Ушунчалык жүрөктү оорута турган сөз, ушул тогуз тамганын ичине кантип батат билбейм.

Көптөр чыныгы сүйүүнү аскадан жерге секирүү дешет экен, бирок андай эмес, чыныгы сүйүү аскадан кийинки аскага секирүү. Муну абдан жакшы түшүндүм.

Мен Муратыма жүрөгүмдү тартууладым, өзүмдө сөлөкөтүм гана калды. Адамдардын канаты жок болот тура, алардын канаты жүрөгүндө болот экен, качан кааласа эң кымбат адамына учуп бара алат. Эгер чыныгы сезим бийлеп алса, чындыкты дагы көрбөй калчу деңгээлге жетесиң. Чынында эле кандай жаман кыялы, кемчилиги болбосун көзүн көрбөй калат эмеспи. Ооба, булардын баары ырас, деги мени алдыда кандай гана келечек күтүп турат болду экен?

Түнкү кийип жатчу кийимимди чечип алмаштырдым да, портретти ыңгайлуу жерге илип алууну ойлоп турдум.

Кимдир бирөө келди көрүнөт, атамдын дабышы катуу чыгып жатты. Бөлмөмдөн шашыла чыга калсам, боз костюм шым кийген арык узун бойлуу, эркектерде болчу моюн сөөгү оркойгон , сары жумал киши шляпасын чечип колундагы кара папкага кошо кармап алган калыбында апам менен кол алышып учурашып жатыптыр.

Мен тарапты тиктеди эле, саламатсызбы? - деп эшикке чыгып кеттим.

Атамдын тааныштары го, деп болжоп койдум. Таза абадан кере дем алып, жука жер бетин каптай жааган карды тебелей басып, эшик алдындагы селкинчекке олтура калдым. Оозумдан буу чыга, мурун көңдөйүмдү муздак аба аралай мээме тийип турду.

Минтип, дагы кыш келди, убакыттын өткөнүн кара. Оордумдан туруп кучагымды жайып чиренип алдым да, бети-колумду муздак сууга жууп ырахаттанып жаттым. Дарбаза карс ачыла Мураттын эжеси кирип келе жатканын көрүп таң кала түштүм.

Жүзүмдүн суусун сыдыра, келиңиз, саламатсызбы? - деп учураша кеттм.

Аны абдан жакшы көрүп калганымды жашырбай жылуу жылмайып басып бараттым.

- Кандай Жанара?

Колумдун суу экенин билдире билегимди сунуп учурашып, суу эриндерим менен өөп койдум.

Мага карай жылмайып: “Атаң үйдөбү?” - деди.

- Ооба үйдө жаңы эле бир жактан келди. Жүрүңүз, үйгө кириңиз.

Апам дастаркон жайып жаткан экен. Мураттын эжесин көрүп:

- Мына келип калды. Кел, жакшысыңбы? Жанара чай демдей салчы кызым.

- Макул апа... Учурашышып олтура кетишти.

Бою узун сары киши: "Анда ишке өтөлү, бул жак айыпталуучунун эжеси туура айтамбы?" -деди.

- Туура, атам тааныштыра калды.

- Жакшы, Касенов Мураттын мойнуна коюлуп жаткан күнөөсү менен кенен таанышып чыктым. Бир аз оор көрүнүш. Бирок жеңилдетчү жолу бар...

-Талгат Көсөевич, колуңуздан келишинче аракет кылсаңыз, бая мен айткандай болот, колуңузду кур койбойбуз...

- Албетте бул менин жумушум, аракет кылбай коё албайм. Бирок окуя үстүндө болгон балдар, кыздар сотто Мураттын тарабын талашып туруулары заарыл. Күбө ким тарапта көп болсо, жеңиш ошол жакка басат.

Мен ал кишинин адвокат экенин эми түшүндүм. Чай демдеп жатканкан калыбымда, кулагымды салып угуп турдум.

- Кабыргасы ката элек балдар тура, капыстык болгонун түшүнүп турам. Менимче он жылдан ары берип коюшу да мүмкүн, өлгөн балада да күнөө бар экенин тактап ишендире айтуу заарыл. Сот акыйкат чечимди чөнтөгү калыңдарга чыгарып калган. Бул жолкусунда жаңы билимин толуктап келген жигит ишти өзү карайт деп жатышат... Эски карышкырларга караганда тиши мокок азыр. Тиги шерик балдарды сот залынан бошотот Мурат жалгыз моюнга алыптыр. Үй камакка алып акчалай салык салат, билишимче аларга.

- Бул жак сиздин кызыңыз, мени айтып турганын түшүнүп бурула карадым.

- Ооба, Мураттын классташы. Алдындагы ак кагаздарын тиктеп Жанара сенсиңда э?-деди.

- Ооба, мен...

-Кыз талашып уруша кетишкен деп жазып жатышат. -Атамдан абдан уялып турдум.

- Демек, көп убакыт кармалып сизодо жатып калышы мүмкүн.

Сөзүн башкага буруп кетти. Ичимден үшкүрүнүп алдым.

-Жабырлануучу тараптан наразычылык болсо кайра бир нече айдын ичинде козгогонго акылары бар. Мында көп калтырбоого тырышуу керек, сизо адамды оорулуу кылат. Зонага барса да жыргабайт, бирок бул жерге караганда шарты дурус. Амнистияга илинип чыгып кетиши мүмкүн зонадан. Кургак учук менен далайы ооруп калып жүрүшөт, ушундай жарым жан болуп калуусу мүмкүн.

Мураттын эжеси токтоно албай ыйлап кирди. Ошол учурда менин да акыбалым оорлошо маанайым чөктү... Муратым менин аман- эсен, дени сак келип калсаң экен...

Бөлмөмө кирип кеттим, тиги киши дагы мен түшүнбөгөн нерселерди айтып, түрмөнүн эрежелери сыяктуу бирдемелерди тынымсыз сүйлөп жатты. Көзүмдөн кулаган жаштарды аарчый Мураттын сүрөтүнө карап көп нерсе эсиме келип турду.

Чилде жакындап калган маал, анда шоктугубузга салып сабак бүткөн соң, мектептен келе жаткандагы тоо тарапта жайгашкан бийик дөңчөдөн сыйгалак тебет элек.Чаналарыбызды камдап даярдык көрүп коёбуз. Чоң эле класстын окуучуларыбыз, айлананы жаңырта кыйкырып кийимдерибиз суу болуп калгынча тепчүбүз.

Адатыбызча сабактан чыгып жылгаякка жөнөп калдык. Мурат менин китеп кабымды ой- боюма койбой көтөрүп алмайы бар. Кыздар менен алдыда басып бара жатсам менин атымды чакырып кыйкырып токтотту.

- Эмне болду Мурат?

- Чогу басалычы дедим жаным. Карлар азыраак жерден бассаң бутуна кирет, же кел менин артымдан бас, мен жол салып баратам.

-Жо-ок кирген жок ушундай эле басам.

-Жанара, жана " 11 б " дагы Канат сага эмне деп жатты?

- Качан?

- Үчүнчү сабактан кийин коридордо турупсуңар...

- Аа, дилбаян жазышып жардамдашып койчу деди.

- Тапкан экен дилбаян жаздырчу кишини... Аябай күлүп жыргап сүйлөп жаткан экен сага, өзүмдү зорго кармадым. Директор жанымда турган эле, болбосо тумшугун эзип коймокмун...

Мурат мени бизден бир класс жогору окуган Канат аттуу жигиттен кызганганын жашырган жок.

- Койсоңчу ушул кыялыңды Мурат. Ал мага туура эмес сөз сүйлөгөн жок.

- Ошентсе дагы, суранам, ошо балага сүйлөбөй эле койчу Жанка.

- Мурат сага эмне болгон? Мага тыюу салууга өтүпсүң, балким класстагы балдарга да сүйлөсөм болбойттур?

- А жо-ок, класстагы балдарга каалаганыңдай сүйлөй бер, алар менин сага болгон сезимимди абдан жакшы билишет, мени эч качан сатып кетишпейт.

- Дагы баштадың э?

- Түшүнчү Жанара, былтыр дагы күз майрамында сени жеңил бийге тартып бийлеп жатканда өлүп алгым келип араң турдум. Эркектик намысым кармап калды, болбосо көрсөтөт элем ага.

- Чеги жок кызгануундун акыры жаман болот Мурат, обу жок болбочу.

- Ошондо эмне Жанара? Балким Канатка дилбаян жазып береттирсиң? Ал мени эки ийинимден бекем кармап өзүнө каратып сүйлөп жатты.

- А-ай, колум, Мурат. Колдорумдан мыжыга кармаса ооруксуна түштү.

- Эмне болгон сага өзү?

- Кечир Жанара, колуң ооруп калдыбы? Кечирчи мени, эмне болуп жатам билбейм.

- Сен жинди болуп калыптырсың!

- Токто, Жанка! Мурат мени алдымдан тосо, туруп алды.

- Жанара, менин ээгимден өйдө көтөрө көздөрүмө карай, билесиң сен мага кымбатсың, ошо Канатка сүйлөбөй эле койчу.

Ал ысык колу менен жүзүмдөн сылай кармап. Курткамдан акырын өзүнө тартып, сен жалгыз меники болушуң керек, деди. Жаныбыздан өтүп бара жаткан классташ балдардын бири: "Рамео өпсөң боло, тиктеп турганың эмнең, же Жанара баштасын деп күтүп турасыңбы?" –деди. Балдар аны коштой күлүштү. Мурат экөөбүз тиктешип туруп калганыбызды байкабай калдык. Алардын күлкүсүнөн улам көзүмдү ала качтым. Мурат болсо колумдан бекем кармай, басып жөнөдү.

- Э досум, силер жок жерден өбөм, деп жооп кайтарды.

- Өбө бер жыйырма биринчи кылым деп коёт, биз көрмөксөнгө салып коёбуз.

Кыздар, балдар чогу тоону жаңырта күлүп калышты. Мен да бир аз жылмайып алдым.

Дөңчөгө жетип оюнубузду баштадык. Чаналарды биринин артына бирин улай, каткырык менен тоону жарып, оюндун кумарына баттык. Ысып кеттик, сырткы курткаларды чечип салдык. Мурат адатынча жанымдан чыкпайт. Менин чанамды өйдө сүйрөп чыгып, кайра чогу түшүп.

Ал мени алдына олтургуза бийиктен зуулдап кетип бара жаттык. Кыйла узап барып чанадан оодарыла түштүк. Мурат капыстан менин үстүмдөн басып кулады. Айланадагы апапак карга көзүм уяла, жүзүмө жакын турган Муратты тиктеп туруп калдым. Ал дароо туруп кетпестен ошол калыбында жата берди. Мындай акыбалда болуп

көрбөгөн жаным, башкача болуп денемди калтырак басты. Анын көздөрүнө карап турдум, башкача сезимдер келди.

Билем, бул капыстык , Мурат менин жүзүмө түшкөн карларды акырын алып, өпкүсү келип жакындаганын байкай көкүрөгүнөн түртүп ордумдан тура калдым. Ал бир аз күйүгө тез- тез дем алып ыңгайсыз абалын билгизбөөгө тырышты. Аны бир карап алдым да басып кеттим. Узап барып артымды карасам кардын үстүндө тескери карап олтуруптур.

Чынында менин акыбалым да дал Мураттыкындай эле. Жүрөгүм кабынан чыга жаздап согуп жатты.

Оюнубуз бүтүп, үйгө жөнөдүк. Классташтар айтмакчы: "Оюндун энесин окуттук." Менин ички күрмөм суу боло түшүптүр, жөн эле кой дегениме болбой Мурат күрмөсүн чечип берип мени жылуулап жатты.

Эртеси сабакта олтуруп жанымда олтурган Мураттын денеси ысып турганын байкадым.

- Бери карачы, Мурат, чекесин кармасам кол күйчүдөй. Сен ооруп калыпсың, эмнеге сабакка келдиң?

- Баары жакшы Жанара, тынчсызданба... Сени көрүп турсам болгону, оорум да жазылат.

- Кыйраттың, кече болбой күрмөңдү чечип бересиң, карачы эми, ооруп турасың.

- Койсоңчу жаным, ооруган жокмун. Ал партанын алдынан колдорумдан бекем кыса кармап жатты. - Жаным менин, ошондо бир аз ысытмалаганына канча кыжаалат болом азыр эстеп, темир тордо кантип жаттың экен? Кудайым, Муратты оорута көрбө, суранам.

Телефондун конгуроосу оюмдан бөлдү.

- Алло? Ким экен бул? Чочуп кеткенимден ким чалып жатканын карабай эле алып жиберипмин.

- Кандай Жанара? Жакшысыңбы?

- Кадыр сенби? Анын мага жага бербеген үнүнөн тааныдым.

- Ооба, мен, таанып калыпсың. -Табылбай тургандай сүйлөдү.

Эмне деп айтаарымды билбей ыңгайсыздана туштүм. Аа, ооба номуруңду сактап алгам да, дей салдым.

“Мен таптакыр башка номурда чалып жатам, жалган сүйлөй албайт экенсиң,” - деп акырын мазактай күлдү.

Андан бетер бурчка такала шашылып телефонумду карасам чын эле белгисиз номур экен. Өтө эле ызырынып жиним келип кетти. Мейли сүйлөшүүгө убактым жок. Телефонду өчүрүп диванга ыргытып жибердим. Чын эле кызыктай жагдайда калдым, кыжырым келип

турду. Акмак десе, аялдардыкындай ичке үнүндөн таанып калдым десем эле болмок экен. Чычаладым көрүнөт, эми анын оюнда. Чачымды тарайын деп күзгүнүн алдына барып олтуруп, өңүм мурдагыдан өзгөрүп, жүдөп, кайгырып тургандай сезилди. Чын эле акыркы күндөрү өзгөрүп кеттим, курбуларым ырас айтат, аларга таң калып коём дагы...

Ии, Кадыр эмнеге чалды экен, ачууга бат алдырып коюпмун. Бат-бат басып барып кайра телефонду колума алып, же кайра чала албай жаман акыбалда турдум. Эмне кылсам? Билмексен болуп, жана бош эмес элем, эмнеге коңгуроо кылдың?- деп сурап көрсөмбү? Жо-ок болбой калат го. Жөн жерден эле аны жек көрө берген кыялымды койбодум да. Мурат тууралуу бир нерсе айтмакчы болдубу? Же жолуктурам деди бекен? Ушундай жагдайда калган эң жаман.

Бир заматта оюмду окугандай кайра чалды, бул сапар өзүнүн номуру экен. Бир аз даярдана тамагымды кырып алдым.

- Алло?

- Алло, Жанара угуп жатасыңбы?

- Ооба...

- Мына эми өзүмдүн номурум менен чалдым..

- Көрүп турам...

- Эмне болду? Капа болдуңбу?

- Жо-ок эмнеге капа болом? Жана жанымда бирөөлөр бар эле, сенин үнүңдөн тааныдым, сени капа болбосун деп жалган сүйлөдүм.

- Эмнеге үнүңдөн тааныдым, десең капа болом? - Көздөрүмдү катуу жуумп, күлкүм келе түштү. Ортону бир аз жымдырттык каптады.

-Аа, баса түшүндүм деди, үнү аз - маз суз чыга. Эрдимди тиштеп, ушу келесоо жаным деп турдум.

- Жанара? - Сөздү башкага бурду.

- Угуп жатам...

- Сага Мурат менен жолуктуруп турам деп сөз бергем, сөзүмө турайын деп чалгам сага.

Абдан кубанып жылмайып алдым, болбосо арадан бир апта да өтө элек, качан дагы жолуктура аласың?- деп сурасамбы?-деген ойдо жүргөм.

- Анан?

- Ошо, сени жолуктуруп турам, эгер кокус бирөө байкачу болсо жумушумдан айрылып калышым мүмкүн, ошол себептен сенин үй

дарегиңди толук маалыматың тууралуу жазып коёюн. Бирөө сурачу болсо туугандары болот деп айтууга.

- А эмне тууганы десеңер унчугушпай калабы? Эжеси далай барса көрүштүрбөй коюшат экен го?

Ал ыңгайсыздана:

- Жо-ок, негизи бул биздин сизодо шарт жок жолуктурууга, ошол себептен. Ал эми башка областтарда шарты бар атайын свидания кылчу жайы бар... Ал жакта көрүшүп турушат. Анын үстүнө сен бул окуяга күбөсүң. - Мени жаш баладай алдап турганын билсемчи...

- Аа, түшүнүктүү, же мурда кийин мындай нерселерди билбесем, ишендим.

Дароо макул болуп өзүм жөнүндө маалыматтын баарын айтып жаттым. Жазып алды көрүнөт.

- Анда эмесе, жакшы тур Жанара коңгуроомду күт.

- Жарайт макул, деп телефонду өчүрдүм. Анын, "түшүндүм" - деген сөзүнө күлкүм келип турдум.

- Буйруса Муратыма дагы жолугам, бул сапар шашкалактабай жакшы сүйлөшөм деп даярданып койдум.

Кадыр менден канча жаш улуу болуп турса да анын үнүнөн улам жаш баладай көрүп, шылдыңдай карагым келе берет.

Бөлмөмө апам шашыла кирип:

- Кызым, тиги адвокат акеңди бир жакшы жайга алып барып сыйлап коёлу деп жатат атаң. Бая түз эле кафеге алып баралы деп Мураттын эжесине карап үйгө келген экен. Мени жөн эле кой, өзүңөр бара бергиле десем көнбөй жатат. Төртөөбүз бармай болдук, инилериңе көз салып тура гөр.

- Макул апа, жакшы барып келиңиздер.

- Жанара тур кызым, Айдай эжең жалгыз калды, сүйлөшүп, чай-пай куюп олтура тур. Мен кийинип чыгайын, атаңды билесиң: “Сыйпаланып жүрөсүң!” - деп жини келет, батыраак кийине салайын.

Мен дасторконго келип Мураттын эжесине чай куюп сүйлөшө кеттик, атам тиги адвокат менен жобурашып түшүнүксүз кептери менен алек болуп жатышты.

-Рахмат, болду Жанара чай куйбай коё бер, жүрсөң. - Айдай эже эшикке чыгалы дегендей ордунан турду.

- Жүрүңүз менин бөлмөмө.

- Ии макул. Сага айтчу сөзүм бар Жанара... Диванга олтура жай сүйлөп кирди...

- Кече Муратка баргам? кат киргиздим. Ал мага кат жазып даярдап коюптур, ошол жерде күзөттө турган милициянын бири алып чыгып берди. Каттын башкы сөздөрү эле мага арналбаса калганы сага арналыптыр.

Айдай эже чөнтөгүнөн катты алып чыгып мага сунду.Абдан толкунданууга дуушар боло түштүм.

- Капа болбо окуп койдум? –деп мага карай көзүн кыса жылмайды. Куду тең туштай, курбумдай мамиле жасаганына абдан ыраазы болуп турдум. Алып жаздыктын алдына катып койдум. Анан окуюн деп эжесине карап күлүп уялып ыңгайсызданып турдум.

-Түшүнөм, макул...

Ордунан туруп баратып анын көздөрү дубалда илинген Мураттын сүрөтүнө урунду көрүнөт. Мени бир карап таң калган каректери менен тигилди да, сүрөткө жакындай барды. Аны колу менен сылап, көпкө карап турду да, мени карап мындай деди:

-Жанара, азаматсың. Карачы бул менин бир боорум го? Талантыңа тен бердим. Мурат дайыма айтчу сени мыкты сүрөтчү деп. Бирок мынчалык деңгээлде элестетпегем. Кандай керемет. Бул Мураттын чакмак көйнөгү го? Карачы боёкторду кандай сонун бергенсиң.

Сүйлөп жатканда тамагы буулуп турганын байкадым.

- Рахмат эже, аракет кылдым... Ал көздөрүн жүз аарчы менен акырын сордура, ыйлаганын жашыргансыды. Жаныма келип, бекем кучактай:

- Бар болгула садагаларым, тарыхта из калтырып "Жанара менен Мураттын сүйүүсү" - деп айтылып жүрсөңөр экен.

Эжеси мага абдан ыраазы болуп турганын жүзүнөн билдирди. Аңгыча апам шаштыра:

- Айдай бул жерде белең? Жүрү эртелетелик, тиги акеңдин жини мурдунун учунда, деп ээрчите жөнөдү. Кошотошо беттеринен өөп койдум.

Иним менен синдимдин сабактарын карашып олтуруп, катты эстей калдым, эмнегедир аны ачып окуу мен үчүн бир башкача кыйындыкта турду. Шашпай кечинде төшөгүмө жатып окусам деп жаткан элем.Чыдамым кетти. Бөлмөмө келип катты алдым.

"Амансыздарбы?" - деген бадырайган жазууга алгач көзүм түштү.

"Айдай эже, кандайсыз.? Апакем менин... Сизди өтө сагынып кеттим. Инилерим жакшы жүрүшөбү? Сиз ооруган жоксузбу? Менден кабатыр албаңыз, бары дурус. Силерден алыс болуп гана кусамын. Жездем кантип калды? Акылсыз иниңизди кечириңиз. Эми аман- эсен

кутулуп чыксам, сиздин айтканыңыздан чыкпайм. Барба десеңиз барбайм, сизди капа кылбайм, күн батаар менен уктап калам...” Жаным десе жылмайган быйтыкчанын сүрөтүн тартып койуптур.

“Билесиз да эже сизди канчалык жакшы көрөм, өзүңүздү караңыз, мага кыжаалат болбоңуз. Эже бул катты Жанарага берип коюшуңузду суранам. Инилеримди өөп коюңуз...” Шашылгандай коштошуптур.

“Жанара кандайсың? Сенде баары жакшыбы?Менде баары жакшы. Сени абдан сагындым, катты эжем бергенине таарынып уялып тургандырсың? Ишене бер, ал киши аябай жакшы, буга чейин эле сага болгон сезимдериме күбө.” Чын эле ыңгайсызданып тургам.

“Жашоонун көркү жалгыз сен менен, тирүүлүктөгү үмүтүм жалгыз сенсиң, жүрөгүмдүн түпкүрүн ээлеген, жана андагы чуркаган каны сенсиң. Дүйнөгө апкелген апакеме ыраазымын, жаратканым сени жалгыздап калбасын деген го...

Бөбөк кезден сүйүп келдим алтыным. Сенсиз таңдын атканы да кызыксыз. Сенсиз күндүн батканы да кызыксыз. Өзүңдү ойлогондо заманам куруйт. Башка бирөө ээлеп алат деп корком.

Жанара мен дайым сенин жаныңдамын.

Агарып таң атса мени деп бил,
Кызарып күн батса мени деп бил.
Жамгырлар куласа менмин ал бил,
Аярлап жүзүмдөн өптү деп жүр.
Өңүңдү саргартпа, сагынам бил,
Өрттөгөн жалынга кабылам бил.
Алмалар гүл ачса менмин ал бил,
Уяла алардан жылмайып күл.
Жолуңдан таш чыкса ал дагы мен,
Жоодурай жапыстан караган мен.
Жапжашыл чөп чыкса ал дагы мен,
Жолуңдан утурлай калбаган мен.
Чачыңды учурган шамал да мен,
Жытыңдан искеген аяган мен.
Шаркырап аккан суу ал дагы мен,
Сазырап күн тийчү жай дагы мен.
Ызгаардуу аязың ал дагы мен,
Тызылдай колуңдан кармаган мен.
Көк тиреп зыңкыйган тоолор да мен,

Аркайган азуулу зоолор да мен.

Апапак кар тушсө ал дагы мен,

Күн тийип эрисе ыйлаган мен.

Үстүндө чымчыктар учса да мен,

Ай толуп асманга чыкса да мен.

Көз жеткис жайнаган жылдыздар мен,

Көктөгү жаркыган кундуз да мен.

Сүйүүнү даңктаган " Чыңгыз" да мен,

Акмалап асмандан карай берем.

Акыры өзүңдү алыс дебей...

Саманчы жол менен издеп келем...

-Ардагым, акын кылып жибердиң. Сени чексиз сүйөм! Ээриндериңден өөп Муратың...”

Колдорум менен жүзүмдү жаап солуктап ыйлап кирдим. Атаганат. Катуу сокку да калдым көрүнөт.

Атаңдын көрү дүнүйө, сүйүү бул кандай керемет. Мураттын өзгөлөрдөн айырмаланган кыялы аны чыныгы махабатын ээси кылды. Айылдан Жанарага кайсы гана жигит суктанбайт, алар өздөрүн кыялданууга да татыктуу эмесмин деп эсептешет. Бирок Мурат антип ойлогон жок, тескерисинче анын сүйүүсүн багындыруу үчүн далай күрөшүп келди. “Тең теңи менен” - демек бар го, экөө бири-бирине жаралгандай элес калтырып турушат. Алардын балалык кезиндеги ар бир күнү эстен кеткис, жүрөктөргө тамга баскан көз ирмемдер эле. Мында Жанаранын таза дили, суйкайган келбети, сүрөт тартат.

Темир тордо кургаган эриндерин кырча тиштей олтурган Мураттын азыркы абалы өтө аянычтуу жан кейитээр.

Тагдырдын сыноолоруна, ката элек кабыргасы ийилип кетмей болду. Аны түркүн ойлор тизелете чөгөрүп, бактылуу күндөрүндө кийип жүргөн көйнөктөрүн кайгы- муң тытып жеди. Тиги эркиндикте дүңкүлдөй чуркап жүргөн балдардан эмнеси кем эле? Бирок анын жүрөгү алардыкынан башкача...

Кара катык жарма ичип, буудай нандан тоё жеген айылда өскөн жигиттер калаада калган мырзалардан кыйла айырмасы бар. Мунусу Мураттын чыдамкайлыгынан көрүндү. “Башка түшсө байтал жорго” - дегендин да төгүн жагы бардай, айыл жерине чыдап моюн сунуп жашай албай качканы канча. Айрым калаада өскөн жигиттер аял затынан айырмасы жок болот дешет. Айыл тиричилигинен алыс калып, колго кетмен кармаганды билбей да, көрбөй да калышат.

Жанаранын назик жан дүйнөсү жабыркап турат.Ал кечинде Мураттын катын окуп солуктап көпкө ыйлады. Энеси уктаганда келип маңдайынан сүйүп туруп, бечара кыздын алсыз келбетин аяп, энелик мээримин төгүп жанында бир аз жүзүнөн сылап олтурган. Эне жүрөгү кандай тоодой, баласы үчүн отко да түшөт. Баягы тестиер кездеги курч кыялдары калып Жанара катуу өзгөрдү, ал дайым ойлонуп, күлбөй да калды. Болбосо көп учурда кыңылдай ырдап калар эле. Ал Мураттын сүйгөнүн кеч түшүнсө да чегинбей аракети күч.

Жаздыктан башын көтөрө назик аппак узун манжалуу колдору менен жүзүн жаап, кечиндеги кайгысы али жүрөгүнөн кетпей азапка чумгуп кетти. Кызгылт эриндери кургап ал өзүн көптөн бери алсыз сезип жүрөт...

Аба - ырайы түрүн бузуп, кар аралаш жамгыр төгө баштады көрүнөт.Тигил тоонун чокусу апапак. Мындайда маанай да чөгүп калат. Уламдан көлөмү чоңоюп лапылдап жаап кирди.

Жанара бир нерсени эстей калгандай шашыла кийинип бөлмөсүнөн чыга калып:

- Ашканада май токоч бышырып жаткан апасына карай

- Алтыным апоу, ушу мен акылсыз кыз болдум э? Эркелеп далысынан кучактай. Көптөн бери тамак да даярдабай калдым. Качан көрсө сиз май чырылдатып ашканадан чыкпайсыз. Чоңойгонум качан, мага капасыңбы апа?

- Кагылайыным, ушул да кеп болдубу эми? Сен экзамендериңе жакшылап даярдан, окууга аракетиңди күчөт. Биздин эң чоң үмүтүбүз сенде жашайт. Өө күнү мектеп директоруңар сени атаңа мактаптыр жолугуп калып, кызыл менен бүтүрөт деп, кыйла маанайы көтөрүлүп атаң батына албай келди үйгө. Анын үстүнө минтип жаштайыңдан күчтүү сезимге да кабылып турасың. Сени, акылыңа кел кызым, бул убактылуу гана балалык сезим. Атаң экөөбүздөн уялсаң боло! -деп тилдесем деле болмок. Бирок анте албайм, келечегиңе зыяны тийеби деп корком. Анан да менин кызым акылдуу, туура эмес нерсеге жол бербейт деп сага ишенип ашыкча сөз айтууга тилим барбайт. Сени буга чейин эле тарбиялап бүткөм, эми ошонун жыйынтыгын көрөм. Эгер азыр да тарбиялайм деп катуу кысымга алчу болсом бардык мээнетим текке кетчүдөй. Түнү менен жашып чыккан Жанара апасынын жүзүнө карай жаштарын тамчылатып алды.

Энеси жылмая күлүп, чамасы тиги адвокат дурус киши көрүнөт, деп кызынын көз жаштарын аарчып, башка сөзгө бурду. Кече сыйладык аябай, атаңды билесиң да, дардаландап капчыгы

жыланачтанып калгыча, жакшы пайдасы тийер деген үмүттө колунан келгенин кылды.

-Мураттын эжесинин кубанганын айтпа. “Куду бир тууганымдай керек болсо алардан ашып түшө кылган жакшылыгыңыздарды унутпайм” - деп чолпулдата бетимден өөп үйүнө кирип кетти бечара. Атаң болсо жок дегенде адвокат жалдап берип жардам кылалы дегенин мен да туура көрдүм.

Муратты жетим дештиби, айтор Жанаранын ата- энеси колунан келген жардамын берип жатышты.

- Апа мага түшүнгөнүңүзгө абдан кубанып, ыраазы да болуп жүрөм. Сиздей апам болгону мага бакыт.

- Кызым... Мураттын сүрөтүн абдан жакшы тартыпсын. Канчалаган сүрөттөрүңдү көрүп мынчалык таасирленбес элем. Бөлмөңө кирсем эле, баягыдай эле мени менен "Кандайсыз?" - деп учурашкандай туюла берет. Анан, гүлдөр жөнүндө эжеси мага айтып берди. Чын эле абдан таңыркап турам, сен үчүн аларды өстүрүп турчу тура бечара бала. Атаң болсо гүлдү көргөндөн бери менин жанымды койбойт: “Сүйлөшкөнү ким?” - деп сураганы сураган. “Азыр жаш, айтсаң боло энедей болуп, окуусун ойлосун” - дейт. Акыркы жолу айтканда, өзүңдү билип алчы, сен экөөбүз үйлөнгөндө канчада элек? - деп урушумуш этип койдум.

Жанара апасына ыраазы болуп турду. Бир гана нерсе жүрөктү өйүйт, атасы сүйгөнү Мурат экенин билсе кандай ойлойт экен, кызык.

- Сабагыңдан кечигесиң даярдан. Апасынын үнүнөн, дубалды теше тиктеп турган калыбынан селт дей түштү.

- Ооба апа, жуунуп алайын. Шашыла кийинип мектепке жөнөп баратып апасын эркелей өөп койду. Кол чатыр кармап кадамын жайлата басып ойго азгырылып бара жатат.

Жыл мезгил кышка таяп, эл камынып алды. Айыл ичи тынч, алысыраак жактан гана мал- жандын дабышы угулуп турат. Ушул мезгил менен кошо, көп жакшы тилектерин айтып жакшылыктар келсин деп алакан жая дуба кылып, жыт чыгарып, кийинки мезгилдерге жеткире гөр, - деген тилектерин салтка айланткан Жанаранын үй-бүлөсү, таң эрте токоч бышыруунун себеби ушул эле.

Жан дүйнөсүн алай-дүлөй каптап бараткан калыбында, оор үшкүрүнүп кетип бара жатты. Кол чатырды жыйып, жүзүн асманга каратып.

- Мурат, бул сенсиңби? Кышында кар болуп келем дегенсиң. Кел беттеримден өөп койчу... Уялба, эриндеримден да өпсөң болот. Жанара туптунук суйкайган келбетин карга тосо шыбыранып

сүйлөнүп турду. Төшөлгөн кирпиктерине түшкөн кар сулуулугун андан да арттырды. Назик жүзүнө конгондору анын сүйүүгө болгон ысык демине туруштук бере албай, эрип суугa айланышты.

Өткөндү эсине салып, Мураттын кучагында өбүшүп турган кези көз алдына тартылды.

-Кандай Жанара?! Кан тамырларда араңдан илинип турган жүрөгү болк дей түштү. Бул, айылдын этегинде жашаган катарлаш класста окуган Куткелди эле. Катуу чочуп кеткен Жанаранын колунан кол чатыры ыргып кетти.

Акырын жини келип:

- Бул эмне кылганың Куткелди? аны жактырбай көзүнүн кычыктарынан карап турду.

- Ой, кечирчи Жанара, катуу ойго батып кетиптирсиң, кыйкырсам укпадың. Жердеги кол чатырды шашылып алып ылайын сүртүп кирди.

- Жөн коё бер, келе...

Колунан жактырбай жулуп алды. Мунусу Куткелдиге аз- маз өөн учурап турду. Ал мостоё турган калыбынан, бат эле жүзүн өзгөртүп жылмайып, жүрү кеттик, -деди Жанарага. Экөө бир топко чейин үн катпай бара жатышты. Жанара, акырын сөз баштап ыңгайсызданып жумшак сүйлөп турду.

- Мураттан кабар барбы?

- Кандай кабар болушу мүмкүн?

- Эми өзгөрүү дегеним, жакшы жакка.

- Эмнеге менден сурайсың? Жанара сынамакчы болду көрүнөт, Куткелдиге бакырая тигилди.

- Силер балдар кабар албай жатасыңарбы?

- Албетте алып жатабыз. Өгүнү эле барып келдик, жолдукпадык бирок. Сенден сураганым, ата- энең жардамдашып жатышыптыр деп уктум.

Албетте, биздин айылда сөз жерде жатпай тарайт эмеспи, деп ичинен сүйлөнүп күлүп алды Жанара.

- Ооба, жардам берип жатабыз, батыраак чыгып кетсе экен. Эми сотунан кийин билинет баары.Оор үшкүрүп сүйлөп кетип бара жатты.

- Сен Муратты такыр боюңа теңебей жүрчүсүң, бирок азыр баары өзгөргөндөй туюлуп кетти мага.

Жанара токтой калып:

-Туура сездиң, Мураттай мыкты адам жок экенин эми түшүндүм. Кандай өкүнүчтүү, мен келесоо болуптурмун.

Куткелдинин көздөрүнө карай ишеничтүү айтты. Өзүнчө даярданып бир кепти ортого салчу болуп турган Куткелди таңыркаган каректери менен карады. Мунусун Жанара байкады, бир аз жасалма жылмайып жүрү деп кетип баратышты. Ушундан кийин оозуна талкан салгандай Куткелди бир эки кадам андан калып басып, Жанаранын арт жагынан турпатына суктана карап, колун акырын ага сунуп баратып кайра тартып алды. Мектепке жетип экөө эки класска бөлүнүп кирип кетишти.

Мураттын камакта жатканынан пайдаланайын дедиби, айтор Куткелди бир ыңгайын издеп жүргөн. Ак жүздүү, узун бойлуу арык келген бала.

Сабакта олтурса да уккан кулагына ишене албай, ою Жанарада болуп жатты. Мурат барда керек болсо батынып сөз да кыла алчу эмес. Бардыгы Жанарага көңүл коюудан да коркушаар эле. Мурат өжөр, мунусун баары билишчү.

"Сабак аяктаса, чогу кетейин. Анын көңүлүн өзүмө буруута болгон күчүмдү жумшайм, ошол жетимден эмнем кем экен?" - деп өзүнчө кыйын болуп сүйлөнүп алды... Мугалимдин сөзүнө кулак да салган жок. Алдындагы ак баракка Жанара деп боёп жазып жатты.

Үчүнчү сабактан кийин он мүнөттүк тыныгууда Жанара Айжан менен сүйлөшүп олтурушту.

- Айжан, баягы шайыр жүзүң кайда?

- Курбум анын эмнесин айтасың, Алмазды ойлоп санаам тынчыбай жашап жатам.

- Ойлобо курбум сүйөт деп, мени башына урмак беле ал. Көнө түшүптүрмүн.

- Анан да, жакшы досум.

- Эмнеге өзүңдү алдайсың Айжан? Сүйсөң эмне болуптур? Күнөө болобу?

- Бул эмне дегениң Жанара?

- Сен жооп берсең! -Жанара дабышын көтөрө сүйлөдү.

- Акырын болсоңчу, балдар угат...

- Сага эмне болгон курбум?

- Жо- ок туура да Айжан, сенин көзүң сокур, бир мүчөң кемби?

- Жо-ок.

- Анан? Эмне сүйөм деп айта албайсың?

- Тан бердим сага. Чын эле өзгөрдүң дос, аябай. Айтчы бирөөнү сүйүп калдыңбы?

- Ооба...

- Ким ал? Айтчы дос, ичти кызытпай. Мен тааныймынбы?

- Албетте, тааныйсың...

- Болсоңчу эми. Кыялданасыңда...

- Мурат...

- Да- а курбум, мындайды сенден күтпөгөм.

- Эмне, болбойбу?

- Кантип эле болбосун, болот.

- Сен аны абдан жаман көрчүң эле го?

- Мурат жакшы бала дос. Ошону кеч түшүндүм, минтип жаман акыбалда турам.

- Эми баарын түшүндүм, сенин өзгөрүүңдүн себеби ушул тура. Кыздарга айтуу керек, алар капа болуп алышыптыр сага.

- Жок курбум. Кереги жок, кандай ойлошсо өз эрки, ичиңде сакта, кийин билишкени оң.

- Макул.

- Ошондуктан Алмазга сезимдериң болсо каршы чыкпа.

- Оой, кайдагы кеп, ал Мураттай мени жан дилинен сени сүйгөндөй сүйүп турган жери жок го...

- Балким сүйөттүр ким билет. Эки курбу жагымдуу кептерди сүйлөшүп шыбырашып олтурду.

Сабак аяктап, Жанара үйүнө жөнөп баратты. Кар басылып, жерлер жука ак каптап калган. Ал өзүн алаксытууга ыр китеп окуп келе жаткан эле. Тааныш үн маңдайынан чыгып, токтоп калды. Милиция формачан Кадыр бет мандайында туруптур.

- Кадыр? Сен кайдан? Өңү бозоро таң кала түштү.

- Кандайсың? деп колун сунган калыбында катып тура берди. Айласыздан кол сунуп учурашып, арты артынан суроо узатты.

- Баягы жумуштар менен келгем, карасам сен келе жатыптырсың.

- Эмне маселе болуп кетти дагы?

- Аа, мугалимдин колу керек болуп калды. Анан бир нерсени да сураштырып билүү керек эле, ошого келгем.

- Аа, макул эмесе...

- Токтой тур, жумушумду аткардым, жеткизип коёюн, Жанара тигине машина турат. Жер балчык болуп турганда, жок дебе эми...

- Кереги жок, бара бер.

- А Муратка кайсы күнү жолуксаң болот, аны да сүйлөшүп кетели кандай дейсиң?

Жанара ойлонуп турду да, барып машинага олтурду. Кадыр кудуңдай жылмайып алды да, шаша айдап жөнөдү. Куткелди сабактан чыгып алаңдап Жанараны издеп жатты. Мектептин сыртына чуркап чыгып, эки жагын карап, таппай жини келе турду...

-Аба нымдуу, чыкыйды лукулдатып жиберди го, деди сөз баштоонун айласын таппай турган Кадыр.

Ошол убакта, машинанын айнегинен сыртты карап кетип бара жаткан Жанаранын ою таптакыр башкада эле. Унаасын жайлата айдап коюп, тынымсыз көкүрөгүн чертип турган жүрөгүнүн дабышынан өзү коркуп, артында олтуруп бара жаткан сулуу перинин чырайына маңдайда турган чакан күзгүсүнөн көз кырын салып аңдып бараткан.

- Сен экөөбүздүн ортобуздагы мамиле кирдеп калуусун каалабайм, ишен оюм түз, деп өзүнчө кыялдарынын чекесин чыгара ортого сала баштады.

- Бул эмне дегениң Кадыр? Дабышын акырын чыгара, Жанара жарты оюн бөлдү. Кадырга оозу менен сүйлөп турганы менен, жан дүйнөсү башка жакта учуп бир жерде эмес эле...

- Кайсы мамилени айтып турасың? Баягыдан тириле жандуу суроо берди.

- Мм, Жанара... Унааны бир чекеге дароо токтотуп, сенде сөзүм бар угуп койчу сураныч- деди Кадыр

- Ишенсең шашып турам, эмне жөнүндө сүйлөшмөкпүз?

Кадыр рулда олтурган жеринен артын карай Жанараны тиктеп отургучтун кырын бекем мыжыга, бир сөз айтууга умтулуп барып токтоду.

Ыңгайсызданган Жанара: “Угуп жатам” - деп шаштыра унчукту.

- Эгер каршы болбосоң, мында жакын жерде чакан кафе бар жүрү барып сүйлөшүп олтуруп келсек кантет? Ишен баягы эле жумуштар боюнча, албетте, Мурат экөөңө жардам бергим келет.

- Сен мени ойго салып да, таң калтырганга да жетиштиң Кадыр. Сүйлөй бер, мында эле сөзүңдү угуп үйгө кетейин.

- Таң эрте үйдөн чыккандан бери оозума күкүм нан алган жокмун, өзөгүм тартып барат, шерик болуп тамактансаң дегем, мунун эмнеси бар? Суранам жок дебе. Эгер ыңгайсызданып турсаң...

Кадыр жылмайып карады да, үстүндөгү мидиция формасын шаша чечип, көгүш көйнөгүнүн үстүнөн спорт күрмөсүн жанындагы отургучтан алып кийе салды.

Баш кийимин да алып, мына көрдүңбү кадимки жигиттердей болуп калдым, ушул форма өзүмө да жакпайт, айла жок жумушум...

- Жо-ок формаң тоскоол болуп турат дебедим го, ушундай өзүм шашып турам.

Муратты качан көрсөм болот?

“Көнбөйт окшойт, калыбынан жазбаган акылдуу кыз экен, кандайча көңүлүнө жол тапсам болот?” -деген суроону өзүнө берип, ичинен күбүрөнүп турду Кадыр...

- Бир айдан соң соту болот дешти, билсең керек?

- Ооба, кабарым бар...

- Анан, шефтер качан жок болору азыр белгисиз, баягыдай эле чалып чакырам барып каласың да?

-Ушуну кафеге барбай эле айтып койсоң болот экен го? Кадыр...

Оюн уурдатып алган кишидей жасалма күлүмсүрөп кызыктай боло түшкөн Кадыр.

-Жаман оюм жок эле айта салдым кечирип кой.

Жанара көзүнө кылгырта жаш алып турса да, Кадырдан уялбай ага тике карап...

- Мен Муратты эмнеге сүйөм билесиңби? Чынында мындай жагдайды, ыңгайсыз суроолорду күтпөй, оюна албай турган Кадыр. Айт дегендей башын ийкеди.

- Анткени ал силерден айырмаланып турат.

- Хым, силер дегениң ким?

- Мени кичинекей кыз көрбө Кадыр суранам, момпосуй берип алдап койчудай бөбөк эмесмин. Сенин оюңдагыны эчаак эле окуп койгом.

Тамчылай түшкөн жашын жүз аарчысы менен сүртүп:

- Макул анда мен барайын чаласыңда?- деди.

Оордунда ката түшкөн Кадыр өзү тараптан эшиктерди шашыла дароо кулпулай салды.

- Эмне кылганың бул? - КадырТамагын кыра…

- Жанара угуп турчу, чын эле оюмду окуган болсоң анда айтайын. Сен мага абдан жагасың, мыкты аял заты катары башкалардан айырмаланып турасың. Эң алгач көргөндө эле көңүлүмдө жашап калдың, билем сага татыктуу эмесмин. Мага да туура түшүнчү, бирибирибизди байкап көрсөк кантет?

- Байкаганы эмнеси? Сени байкоого убактым жок Кадыр. Анан калса, эмнесин байкамак элек? Адамдын кыял жоругу көзүндө эле жазылып турат, окуп алсаң болот.

- Окуу үчүн жакыныраак баруу керекпи?

Жанаранын жини абдан келип турду, бирок ал ачуумду баса билейин деп өзүн- өзү тарбиялап жүргөн. Үн сөз айтпай машинадан түшүп жөнөдү, өзүн араң кармап баратты. Шашыла унаадан атып чыккан Кадыр:

-Токто Жанар, аз калды жеткирип коёюн, - деп кыйкыра сүйлөдү да артынан шаша басып барып колунан кармап калды.

- Кадыр коё бер, кел көңүлдөрдү оорутпайлы. Сен бул сөздөрдү айткан жоксуң, мен укпадым дейлик, жакшы тур...

- Кантип эле ушу акыбалда калам, Жанара? Өзүңдү менин ордума коюп көрсөң. Жаш балача жалдырай үнүн аянычтуу чыгарды. Жанара кетип бараткан калыбында токтоп турду да, бурулуп басып келип:

- Кадыр менде бир эле жүрөк бар, анда эки кишиге жай жок, - деп жөнөп кетти. Сылтып баса машинасына келип олтурган Кадыр, эч кимдин жоктугунан пайдалана көздөрүн бекем жуумп ыйлап алды. Рулду катуу- катуу алаканы менен койгулап, тиштерин кычыратты. Жашоого наараз карай: "Ушундайымдан отузга чыкканча кыздын тилин таба албай жүрсөм эмне болот? чыгаарыма саналуу жылдар калды өзү деле," - деп жан дилин таш басып турду.

-Куткелди, тарых дептериңди берип турчу. Менде китеп жок да билесиң жарымын көчүрүп жазганга жетише албай калдым.

Ал Жанараны издеп жаткан калыбынан жазбады, классташ баласынын сүйлөгөн сөзүн чала- була укту.

- Алло-о, эй Куту?

- Аа ооба, мына...

- Рахмат, үйүнө алып барып берем.

- Ии макул.

Жолмо-жол ой басып, тынчсызданып келди Куткелди...

-Бирде күлкүсү келсе, бирде кыжыры келип, Жанара тагдырга тан берди. Муратым менин сен жок, минтип ар кимдин сөздөрүн укчу оюнчугу болдум. Сен барда кандай эле эч ким сүйлөчү эмес. Ушу кантип болсун, эмне деген ою бар анын. Муратка кат жазып эле жолукпай койсом окшойт. Кадыр кызыктай неме экен, тобо. Экинчи сүйлөшсөм не болоюн.

Жайдан басып бараткан калыбында айылга кирип келгенин байкабай да калды. Эмнегедир эл журттун дабышын угуп, Мураттын үйүнө жакындап калганда тез- тез баса баштады. Калпакчан чоң кишилер, чалдар үйүлүп турганын көрдү. Жүрөгү бир жамандыкты сезгендей. Үйүнө туштай келгенде, кызгылт дарбазасы чоң ачылып

кыргыз үй тигип жаткан айылдын бой жеткен балдары жүргөнүн көрдү.

Оо шумдук, кудайым сактай гөр, эмне болуп кетти? Тамагы буула, сестене түштү. Китеп кабын тыкандай асынып үйүнө чуркап жөнөдү.

Кара башыңды жутасың го минтип жүрсөң! Ушул балага асылдың да калдың. Жок дегенде ичип келгенде ызы- чуу салбай уктасаң боло! - Анаркул кызып алган күнү Мураттын жанын койбойт... Чебелектеп эжеси ортого түшүп корголойт. "Ушул жетимди баарыбыздан артык көрмөй болдуң, сен катын, мындай тур! Мен тарбиялап жатам," - деп аркасына далдалаган жерден жулуп алып ураар эле.

Айдайдын амалдары куруп, келин болуп келгенден бери көзүнөн жаш тыйылбай келди. Алар эки кыз, бир уул. Мураттын атасы үй-бүлөдө жалгыз бала болгон, эң улуусу. Эки карындашы Айдай менен Көкүлдү абдан жакшы көрөөр эле. Мураттын атасы менен апасы жол кырсыктан набыт болгондо Мурат алты жашта томолой калды. Кудайдан тилеп жүрүп тапкан уулу, андан кийин балалуу болушпады. Ата- энеси, андан соң агасы каза болуп чоң сокку болгон. Көкүл жогорку окуу жайды бүтүп турмушка чыкты. Ал эми Айдай болсо мектепти аяктаганда атасы катуу ооруп төшөктөн турбай, апасына каралашып айылда жүргөндө Анаркул ала качып кеткен.

Деги адам баласы тагдырга жазылгандан качып кутулмакпы. Агасынын баласын дароо Көкүл өзүнө алган, ал оокаттуу үй- бүлөгө келин болду. Кийин жолдошунун иши абдан жүрүшүп Кытайга кетип жатканда Айдайга тапшырып: "Окуусун жакшылап кара, акчадан камсанаба," - деп катуу дайындаган.

Мурат үчүнчү класска көчкөндө келип Жанара менен окуп калды. Жашоодо ысык- суукту эрте көрдү, ата энесинен ажырап, эжесинин үйүндө кыпчылгандай кенен баса албай күн көрүп келген. Буту-бутуна тийбей чуркап суу ташып, балапан кезден үй жумуштарына аралашып бышып, чыйралды.

Анаркул аны сүйө бербейт. Ыңгайы келген учурду коё бербей, тызылдата жумшаганын, урганын койбос эле. Башында өңгүрөп ыйлап алса, кийин бир тамчы жаш чыгарбай, олурая карап тим болчу болду.

"Түрүн карасаң, көздөрү жаман каапырдын, жакшылык кылбайт бу," - деп жездеси ансайын ызырынат. Канча ирет инисин калкалап Айдай Анаркулдун муштумун жеди. Кетип кала албайт, ата- энеси жок, жалгыз эжеси да алыста.

Алар бала кезде турган үйдү, болгон мал жанды сатып, шаардан бир бөлмөлүү көп кабаттуу үйдөн батир алып коюшкан. Көкүл анда убактылуу жашоого адамдарды киргизип, акчасына тиричилигинди

кыла бер, деп Айдайга дайындап кеткен. Болочокто Мураттын үйү деп коюшаар эле. Анаркул туруктуу жарытып иштебейт, же бир мал күтүп оокат кылбады, батирдин жарыбаган акчасына таянып жашап келишчү.

Кийинчерээк эки уулуна өкмөттөн азыраак ата-энеси иштебейт деп, жардам акча чыгартып алышкан. Көкүл да бат-бат каралашып акчадан кем кылбай беримиш этет. Муратка окууга сөзсүз кийим кылып берчү.

"Эжеңе айт! Машина алып бер күйөө балаңа, эл катары оокат кылылы, де... Такси деле кылмакмын бир минимен алсам деле болор эле," - деп жамбаштап жатып алып чоң сүйлөт Анаркул.

"Ии, шордуум, машинанын балекетин аласыңбы? Кара башыңды дурустап кармап жүрө албайсың да, дагы машине минет имиш. Сен мындай чыккан да эле бирөөнү коюп кетип убалына каласың," - деп жинденчү Айдай.

"Анын үстүнө эжемдин да өз оокаты бар, эри деле айтат да, Муратты шылтоолоп эле сиңдиң акча сурай береби дейт да. Мурат жалгыз эле Көкүлдүн бир тууганынын баласыбы? Менин да иним, ооз көптүрүп сүйлөгөндөн уялсаң боло Анаркул," - деп кейип алат.

"Ансыз да акча салган сайын уялып жүрөм. Кудайга шүгүр, ушул жагына да," - деп Анаркулду басып акылга чакырып тураар эле. Такыр бетинде кызылы жок, арданып деле уялбайт.

Жаны башканын жарыгы башка дегендей, Көкүлдүн колунда бар болуп турса да, сиңдисине тынбай берип тура албайт. Казаныңа күнүгө аш салып турчу бир тууган болбос. Мураттын белээге кабылганын угуп, Көкүл кейип, жолдошунун алдында ыңгайсыздана түшкөн. "Жардам берем," - деп чыйпылыктап эле жатат байкуш.

Ар күн чатак чыгарып, үнүн көтөрүп сүйлөгөн Анаркулга жан-жакыбелдеги коңшу- колоңдор көнүп калышкан.

Бир - эки жолу Мурат кичине кезинде короосу тийишип жашаган кошунасына ыйлап чуркап кирип: "Жүрүңүз! Эжемди жездем уруп жатат!" - деп чыйпылыктап ээрчитип келген күндөрү болду. Алар келип ажыратышып, Анаркулга кеңештерин айтышып кетишчү. Далай жолу айылдын аялдары: "Ушинтип жүрүп оорукчан болуп калсаң, эч кимге кересиз бир буюм болуп каласың, бул эркегиңе деле ден- соолугуң, өңүң болсо аялсың. Өздөрүнөн кабар алышпай да чаңып кетишкеничи, шаарда үйгө балдарыңды, иниңди алып кетип калчы кагылайын. Анаркул акылына кирбес болду, ушундан көрө эрсиз жүргөнүң дурустур," - деп далай айтышты. Айрымдары: "Чыда, акыры жеңесиң, бийлик сага тийет" - деп коюшат. "Бийлигиң башында калгыр, мунун келтегин жеп, ден- соолуктан ажырап карыганда келген

бийлигиңдин керети эмне, жаш кезибизде ынтымакта жашасак болбойт беле? Эрден бийликти алган аял жарып калмакпы?" -деп сүйлөнүп алчу Айдай. Кайдан, белин бекем бууп, тиштенип чыдап келди бечара. Кийин- кийин баягы күлтүңдөгөн калыбынан тайып калды Анаркул. Арак деген уу неме аны жаркылдатып кымбат кийим кийинтип, жубайы менен жетелешкен, жаштыкта сүйүшүп эркелешкен бактылуу көз ирмемдерден бат эле айрып койду. Мындай бактылуу күндөрдү көрбөй да калды го.

Жаагы ичине кирип, чала күйгөн жыгачтай капкара болуп келбети бузулуп, аракка күйүп өңдөн азды. Арыктап Муратты урчу акыбалы кетип бат- бат ооручу болду.

Айдай инисин сабакка жиберип жатып, күрмөсүн бүчүлөй ага дайым: "Мурат, чоң жигит болгондо арак ичпе, чылым чекпе, көрдүңбү жезденди? Жакшы бала бол, акылдуу бала бол," - деп күндө кайталап айтып мектепке жиберээр эле. Мураттын кулагына сиңип калган сөздөр болчу.

Айдайдын үчүнчү ирет боюна бүтүп, анын кыз экенин билгенде буга чейинки көргөн азаптарын унутуп, кубанычы чексиз сөз жеткис. Анда Мурат онунчу класста окуп калган. Жездесинин мас абалында көмөлөтө коюп, баягыдай токмок жебей өзүн тумшугун эзип койчу күчүнө кире баштаган чагы.

Айдай турмушка чыкканда төрөбөй көп жыл жүрүп, анын артынан да далай токмок жеп, "туубас" атка конгон. Раматылык кайын энеси: "Ушу туубас катының менен жашап жүрө бер, небере жытын жыттап өлсөм болор эле," - деп куду башка небереси жоктой уулунун тишин кайрап уруштуруп коёр эле. Ошентип кыйналып далай сөздү угуп жүрүп уул төрөдү. Кийин төрт жылдан кийин дагы уулдуу болушту... Көп узабай кичине баласы бир жарым жаш болгондо эле кайра боюна бүтүп, кыз экен деп сүйүнүп жүргөн эле.

Жездеси акыркы жолу ооруканага түшөөрдүн алдындагы окуя Мураттын жүрөгүнө найза сайды. Анда өзү да балээге кабылаарына аз калган.

Дайыма эле жумурткадан кыр издеген Анаркул, адаттагыдай мас абалда келип жаңжал чыгарды. Мурат колун кайрып: "Эс ал жезде, таптакыр арактан көңүлүң калбаган неме экенсиң," - деп эжесине жолотпой алдын тосуп жини келип сүйлөндү.

Кеч кирип баары уйкуга киргенде Анаркул мыжыңдаган кыялы менен бөлмөдө ар нерсени шылтоо кылып, жөн жерден катуу уруп коёт. Дөмпөйүп билинген курсагындагы беш ай жашап калган наристе запкы жеп, кан кетти. Дароо ооруканага жеткирип бала ичте

өлүп калган деп операция жолу менен Айдайды аман алып калышкан. Ойгонуп эсин жыйганда анын башка балалуу боло албасын айтып жандүйнөсүн астым- үстүм кылууга аргасыз экенин түшүндүрүштү.

Жаткан бөлмөсүн жаңыртып: "Өмүр бою жакшылык көрбөгөн мен шордууга ушинтип каргашаны үйө бересиңерби?!" - деп ачуусун догдурдан чыгарып өксүп ыйлады. Кыздуу болууну эңсеп келген неме үзүлүп ыйлап жүдөп да кетти. Көп өтпөй Мурат каргашанын үстүнөн чыгып, ого бетер азапка жетеленди.

Андан соң күйөөсү да ооруканага түшүп, арандан ирбелеңдеп жашап жатты.

Анаркул жаны көзүнө көрүнгөндө, үйдөгү бактылуу көз ирмемдерди элестетип, өкүндү көрүнөт. Колдору калчылдай калемди кармап кат жазып: "Аялыма берип койгула" - деп өтүнүп, жалдырай догдурдун жакасынан бекем кармап өзүнө тартып: "Мага жардам бериңизчи, суранам жанымды алып калыңызчы....артымда аялым, балдарым бар!" -деп жалдырай сүйлөдү. Үзүлөөрүн билди көрүнөт, жан ширин чиркин, ушу убакка чейин ойлобогон Муратты да эстеп ыйлап алды.

Бүгүн таң атпай Анаркул акыркы сапарына кете берди. Жанара аптыгып үйүнө келгенде, айылдагы аялдар чогулуп дарбазанын сыртында турушканын көрдү.

-Саламатсыздарбы?

- Саламатчылык, кагылайын, кызым апаңды күтүп турабыз тездетсин айтагой.

- Ии макул.

- Кызым келдиңби? Тиги Мураттын жездеси өтүп кетиптир. Айдайга кыйын болуп жаткан чыгар. Ысыгында баралы дедик, кошунабыз. Инилериңди кара кызым.

Селейе түшкөн Жанара эми түшүндү.

- Жарайт апа, сизди тездетсин дейт сыртта эжелер турат.

- Мына чыгып баратам.

Аябай жаман болуптур. Мурат укту бекен. Жаным өзү арaң азаптарда илинип турганда мунусу ашыкча эле. Айдай эженин абалы кандай болуп жатты экен?

Муратты сагындым, Кадыр ою арам немедей көрүнөт, же чын эле келбетимден начар адамдай туюламбы? Жанара Кадырдын кылыгын туура эмес кабыл алды. Кантсе да милиция киши, жаш кыз болсом, шылдыңдайын дедиби? Сүйүү эмне экенин билбейт го чамасы.

Кадырдын мектепте эч кандай жумушу жок болчу, ал Жанарага жолугуу үчүн келген эле. Акыркы күндөрү чыдамы кетип, сагынып көргүсү келген. Бат-бат чалуудан да сестенип турат. Муратка жолуктурчу да ыңгайы келбей жатты. Анын үстүнө, Жанараны кызганып турду. Көзүндө жашын сүртүп, үшкүрүнүп алды. Маңдайдагы күзгүсүнөн Жанаранын элесин элестетип, жүрөгү өрттөнүп турду. Артына бурула ал олтурган жайды карап сөлөкөтүн көз алдына тартып элжирей түштү. Жанаранын жүз аарчысы олтургучка түшүп калып кете бериптир, шашыла кубанып алып бүктөлгөн калыбынан жаза салса "Сени сүйөм" - деген кызыл жип менен саймаланып жазылган тамгаларды окуду. Мурат берген жүз аарчы эле. Кадыр мурунуна басып жыттап, жылмайып күлүп алды. Төш чөнтөккө салып койду.

Минтип калууга болбойт, айтышат го, адамдын көздөрүнө тез- тез көрүнүп, жакшы сөз айтып турсаң ал сени көрбөй калса сагынычка кабылат деп. Ырас чыгар ушул сөз. Жанаранын оюн акыры өзүмө бурам. Көрөсүң садагасы акыры меники болосуң. Бүгүн кеч барам үйүнө, деп кудуңдай ойлогон оюна сүйүнүп, жылмая күлүп унаасын айдап жөнөдү.

Аттиң, Жанаранын кыялындагыдай эркек болуп калсам кана. Анын эч жеринде айып жок. Периште сымал, көрбөсөм да периште ушундай болсо керек дейм.

Мураттын эмнесин сүйөт болду экен? Сөлөкөттүү эле болбосо капкара мурду чоң эле бала тура, бирок акылдуу көрүнөт, хым. Ал да Жанараны катуу сүйөт менимче, -деп ойлонуп турду Кадыр.

Апамдын өткөн жылдагы тапкан кызына үйлөнүп алсам, азыр Жанараны көрүп сезимдерге кабылат белем? Же жубайымды жакшы көрүп калмакмынбы? Билбесем. Айрымдар, кеч болгондо үй- бүлөсүн таштап, бирөөнү ээрчип кете берсе, өтө чоң күнөөгө белчесинен батат дейбиз, сөздөр менен сабайбыз. А балким ал кишиде күнөө жоктур? Сүйүүсү кеч келип азгырып турса, акылына ээ боло албай калгандыр? Билип- билбей туруп адамды соттоштун кереги жок чынында. Качан башыбызга келмейин, башка жанды түшүнбөйбүз.

Кадыр сүйүү үчүн баарын жасоого болот деген чечим чыгарып, ак-караны ылгабай калып жатты.

Эх, бул жашоо, табышмактын өзү. Эч мындай акыбалда болуп көрбөгөм. Күн сайын, саат сайын, секунд сайын көргүм келет, кучагыма кысып өпсөм, арманым болбос эле. “Кыз кылыгы менен” - дейт эмеспи чынында, а балким аракет кылсам мендик болоор, башым катты. Жумушка да көңүл жок, эптеп күн өткөрмөй.

Анын эриндери оймоктой, сүйлөп жатканда көздөрү жанып жагымдуу назик үнү, апапак колдору мени кыйнап жиберет. Муунум калчылдап бир жерге тура албай калам. Бала кезден, айтканымдан кайтпаган көксөгөн нерсеме жеткен кыялым Жанараны да багындырам акыры, сен меники болосуң чүрөгүм. Кадыр өзүнө ишенип сүйлөндү ичинен. Бирок Мураттын кыялына салыштырмалуу жумшак бир аз. Бардык нерсеге тайманбай аракет жасап тырышып олтуруп жетүү кыял Муратка таандык.

Бүтүндөй баарын унутуп Кадыр Жанаранын сулуулугуна мас болду. Ал өзүн өтө алсыз сезип, дайыма өңү чарчаңкы жүрүп калды. "Анын сүйүүсүнө тоскоол болбосом болоор эле," - деп ойлоп алып, кайра оюнан кайтат. "А мени ким түшүнөт?" - деп ичинен кыйкырынып алат.

Ар түрдүү амалдарды ойлоп мээси чачырады. Акыры бат- бат жолугуп турам деген чечимге келди. Чөнтөгүнөн телефонун алып чыгып, Жанарага чалды.

- Алло, Жанара...

- Да, угуп жатам. Ортону жымжырттык каптай түштү.

- Мени кечирип койчу, келесоодой сүйлөп койдум сага, суранам жаман көрбө.

-Кадыр, сен айтпадың, мен укпадым дебедимби!

- Ооба, ошондой болсун. Бирок...

- Эмне бирок?

- Сени, аябай жакшы көрөм Жанара, түшүнчү мага, урушпачы. Жолугуп сүйлөшүп олтуралычы бир гана жолу?

- Кады-ыр!

- Жооп бербе Жанар. Кандай болбосун кечинде келем, жок дебе мени күт алтыным. -Алтыным?!

- Эмне деп турасын Кадыр?

Көздөрүнө жаш кылгырткан калыбында, ичиндегисин жашырбай айтып жатты. Рулда олтуруп келе жатканын унутуп, телефонго катуу берилип кетти көрүнөт, бет маңдайда кичинекей кызды көрүп тормозду катуу басып четке бура токтотуп калды. Колунан телефон ыргып, көкүрөгү менен рулду катуу сүзүп алды. Жүрөгү оозуна кептелип, көздөрү алаңдап колдору, буттары калчылдап турду. Кичине кыз көрүнбөйт, издеп жатты.

Жанарага телефондон бир жагымсыз карс дей түшкөн үн угулуп чочуп кетти.

- Алло, Кадыр? Кадыр эмне болду? Жооп жок...

Акырын машинанын эшигин ачып, бүткөн бою титирей .

- Карындашым, эч жериң ооруган жокпу, айтчы? Катуу коркуп калган кыз селейип башын чайкап:

- Коркуп кеттим, - деди.

-Кечирип кой, кичинекейим десе.

Жанарага болгон сүйүүлөрү көкөрөгүн эзип жашытып келаткан. Бекем кучактап ыйлап жиберди. Кудай сактап кызга эч нерсе болгон жок. Болгону учурунда токтоп калды, бир аз болгондо коюп кетмек. Ары- бери өткөндүн баары көңүл буруп жатышты. Кээ бири токтоп тиктеп турса, кай бир башын буруп карап өтүп кетишет.

Биринчи класстарда окуган кыз.

- Ага, эмне ыйлап жатасыз?- деп Кадырга карап таңыркады.

Жүзүнө карай, сени машина менен уруп кетсем эмне болор эле деп коркуп кеттим да, карындашым,- деди.

-Ыйлабаңыз, Кадырдын көзүндөгү жашты кичинекей колдору менен аарчып койду.

Кыздын беттеринен өөп, кечирип кой э? -деп андан бетер жаштары тамчылады.

- Атың ким?

- Жанара... -Кадыр күлүп алды.

- Жанарабы?

- Ооба... -Жолдун четине жетелей...

- Сен азамат кыз турбайсыңбы, мектепте кандай окуйсуң?

- Жакшы окуйм.

- Мегой могу акчага шоколад алып жечи, макулбу? Кадыр бүтүн беш жүз сом акчаны Жанарага сунду.

- Жок ага, албайм. Апам таанытбыган киши менен сүйлөшпө деген, бир нерсе берсе да алба деген.

- Чын элеби?

- Ооба...

-Апаң туура айтыптыр. Акылдуу кыз турбайсыңбы, атың да мага аябай жакты. Кел анда мындай кылалы. Экөөбүз таанышалы, жарайбы? Кичинекей бойтойгон кыз макул дегендей башын ийкеди.

- Менин атым Кадыр.

- Меники Жанара... Маңдайкы эки тиши жок ширин кыз күлүп койду. Абдан жакшы, Кадыр кичине кыздын колдорунан өөп, мына эми тааныш болуп калдык э?

- Ооба...

-Эми жок дебей алагой, шоколад алып же жарайбы?

- Апам урушат да.

- Сен апаңа айтпай койсоң кантет?

- Анда жалганчы болом да.

Кичине кыздын акылына тан берген Кадыр сөз таппай ыңгайсызданды.

- Анда айтчы, эмнени жакшы көрөсүң? Өзүм алып берем сага, айтагой.

- Мм, мага жомок китептер жагат. Анан дагы кыздардын сүрөтү бар альбомдор жагат.Түстүү калемдер жагат, деп айтты.

Чөгүңкү көңүлүн көтөрө түшкөн кызды Кадыр өз карындашындай жакшы көрдү. Бекем кучактап турган калыбында жолдун аркы бетинен орто жашта аялдын чый- пыйы чыгып сүйлөнүп келе жатканын көрдү.

- Жанара кызым, кайда кетип калдың дүкөндөн чыкканча? Эмне болду?

- Саламатсызбы? Сиздин кызыңызбы?

- Ооба...

- Катуу айдап бара жатсам алдымдан чыгып калды. Жалгыз кызыңызда эле эмес, менде да күнөө бар.

- Ай иним эмне дейсиң? Ушул ырaспы?

- Ооба эже, кудай сактады, кечирип коюңуз суранам.

- Келчи кызым, мен сага айтпадым беле, чогу барабыз деп, карачы бу агаң сүзүп кетсе эмне болмок? Дагы кудай сактаган тура. Бул тиги дүкөнгө шашып жаткан, урuштум эле бая эле.

Кадыр жолдун аркы бетиндеги, калем сап, дептер, китептерди саткан чакан дүкөндү көрдү.

- Көзүңдү карап айда иним, дагы бир жаратканым өзу сактаптыр.

- Кечириңиз, суранам. Эжеке каршы болбосоңуз, Жанара жүрү.

Кадыр Жылмая күлүп, кичине кызды дүкөнгө жетелеп жөнөдү. Тиги аял таңыркап карап кала берди. Анда Жанаранын айткан нерселеринин баарын алып берди, аябай кубанып баштыкчага салып көкүрөгүнө бекем кысып кучактап алган.

- Жөн эле койсоң болмок да иним.

- Жо-ок эже, бул менин өзүмдү күнөөлүү сезгендигим үчүн эмес, кызыңыз аябай акылдуу экен, деп жылмая карады. Болуптур эмесе, бир заматта жүрөктү түшүрдүң, кызын жетелей басып баратты...

Эки чачы ийининен ылдый өрүлгөн ак бантикчен жылдыздуу кичине кыз, артын карап колун булгалап, “рахмат ага!” –деп койду.

Кадырдын ичи жылып карап турат.

Кантсе да аял кишиде боорукерлик көбүрөөк жашайт, Жанара бир аз тынчсызданып: “Машина айдап баратып бир нерсе болдубу?” -деп жүрөгү сезип турду. Кадыр унаасынан түшүп кеткенде кабатырлана үч ирет коңгуроо кылып жиберди. Жооп болбогон соң, кыжаалат боло түшкөн. Унаасына келип олтурган Кадыр: “Ырас эле формамды чечип койгон экенмин,” - деп күбүрөндү да телефонун издеп тапты, анда кабыл алынбаган үч жолку коңгуроонун Жанарадан экенин көрүп ичинен кубанып алды.

Кабатырландыңбы ээ, жаным, деп сүйүнүп, атайын эле кайра чалган жок. “Мага сага окшогон периште жолукту садагасы,” - деди.

Жанара шыпшынып: “Телефонду албаганы эмнеси? Эмне болду билип коёюн дегем го. Макул өзү чалар,” - деп кабатырланды.

Кадыр чарчаңкы абалда жумуш ордуна келип олтуруп калды.

Жаз мезгили, аба сонун, муздак шамал жүрүп турат. Сабактан кайтканда айылда кире бериш жерде чакан көпүрө бар, анда шар аккан суугa Жанара олтуруп колун жууп жаткан.

- Кандай Жанара, артынан келген Мурат жанына олтура кетти.

- Азыр эле бир класстан чыктык го, эмнеге учурашасың?

- Жаным минтип окуу жылы да бүткөнү калды, бир жакка баягы эле бешөөбүз эс алып келбейлиби? Кандай дейсиң?

Алар бешөө болуп жакшы тил табышып достошоор эле анан дагы бир айылдан болушат.

- А калган достор билсе таарынат го?

- Кече Куткелдиге айтып чекесин чыгарсам: “Экзамен бүтөөр менен жайлоого барабыз, ошого камынып жатабыз бара албайм го,” - деди.

- Аа, кыздарга айтып көрүш керек экен.

Мурат какымдын сары гүлдөрүнөн токулган тегерекчени Жанаранын көкүлдөрүн бир аз сылап башына кийгизди.

-Жаным сага бардык нерсе жарашат.

- Рахмат Мурат, качан жасап үлгүрдүң?

- Жолмо-жол жасап келдим, мени карасаң. Жанаранын чекесинен өөп койду.

- Эмнеге маанайың чөктү?

- Мурат, сени капа кылыштан коркуп келем, классташпыз. Кечирип кой, сага дос катары мамиле жасап келем.

- Билем, билем, айтпай коё берсең болот, Мурат сага жакпайт, анткени ал сулуу эмес, чөнтөгүндө да сокур тыйыны жок.

- Ал эмне дегениң? Жанара эркелей ийини менен Муратты түртүп койду.

- Сени качан тыйының жок, сулуу эмессиң деп айттым?

- Демек сулуу экенмин да э?

- Келесоо десе…

Бирин-бири күлүп карап турушту. Күндүн нуруна Жанаранын кирпиктери төшөлүп жүзүнө көлөкөсү түшөт.Тиштери апапак тизилип бетинде уячалары кирип жылмайган сайын, Мурат ичинен суктанып турду.

Дубалга башын жөлөй, Мурат мына ушул өткөн көз ирмемдерди эстеп тамагы буулуп олтурган. Ошондогу Жанаранын келбетин эстеп, жүрөгү жанчылат.

-Касенов, чыгышка!

- Кайда?

- Ашыкча суроо берүүнүн кереги жок! Жүзүңдү дубалга бур! Алдыга бас.

Узун коридордо оңго бурулуп, баягы Жанара экөө жолугушкан бөлмөгө келишти. Жанара келди бекен? Мурат жылмайып, кубана түштү. Ээрчитип келген жигит эшикти ачаар замат Кадырдын күтүп олтурганын көрдү. Маңдайындагы отургучка ийининен ныктап олтургузду.

- Кандайсың Мурат?

- Көрүп тургандай. Эмне болду?

- Сага кат келди.

- Олтурган жайыма алып барып берүшчү эле го?

- Бу сапар андай болбой калды.

Кадыр жумушуна жаңы келип олтурганда Касеновго кат бар дегенин угуп калып колуна алып алган. Ал Жанарадан го, деп болжоп турган. Дароо чыдамы кетип окуп да жиберген.

- Мына, окуй берсең болот.

Мураттын абдан жини келип турду. Катты ачып окуп кирди.

"Айдай мени кечир, сени абдан сүйөм. Сага берген кордуктарым үчүн бүгүн тозокко кетип жатам. Кеч болсо да мени кечирээриңе ишенем. Балдарымды өөп кой. Мени кечир суранам, балдарыма менин ичкич экенимди элдер айтса да жалган деп корголоп тур. Бул катты Мурат да окусун. Анын алдында күнөөм тоодой.

- Мурат иним мени кечир, азыр бул катты окуп жатсаң, жездең жарык дүйнөдө жок. Сага сүйлөөгө акым жок билем. Инилериңди, жеңди сага таштадым. МЕНИ КЕЧИРГИЛЕ" -деген жазууларды окуду. Мураттын көздөрү жашылдана түштү, мурууну сууланышып өпкөсү көөп чыкты.

- Качан келди бул кат?

- Жарым саат мурун. Башка эмне маселе бар?

Мурат Кадырды таңыркай карады. Кадыр сөз баштоону ойлонуп олтурган.

- Жанара тууралуу сүйлөшөйүн деген.

- Э-эй! Анын ысымын оозуңа алба! Мурат дароо ордунан тура Кадыр жакка эңкейе сүйлөдү.

- Эмне болот алсам? Кадыр да ордунан турду.

-Колумду чеч эркек болсоң, анан сүйлөшөлү.

-Хым, сен кызык экенсиң. Аны чечүүгө болбойт, ошону билесиңби?

- Коркуп жатам десең окшошмок!

- Жанара тууралуу эмнени айткың келди?

-Сен кимсиң билесиңби? Эми түрмөдө чирий турган адамсың. Жанара мага да жагат.

Мурат өзүн кармай албай турду. Кадырдын жакасынан бекем мыжыга:

- Эмне деп турасың сен?! Ал жалгыз меники, керек болсо өлтүрөм сени.

- Сенин колуңдан келет ал иш, туура айтасың.

Кадыр мазактады. Катуу дабыштарды уккан эки жигит чуркап кирип Мураттын колун кайрып жерге басты.

- Кадыр эсиңде болсун, ушул жерден кутулуп чыксам сени менен сүйлөшөм. Кадыр Мураттан улуу болуп турса да, Мурат аны токмоктоп койгонго да күчү жетет эле.

- Алып баргыла жайына! Муратты жулкулдата чыгып кетишти.

Бул кандай сокку? - Ушул эле жетишпей тургандай өзү. Мураттын өңү бозоруп, келип жайына олтуруп калды. - Мындайда оюна эч нерсе келбей бир жерди теше тиктеп катып мостоёт бечара.

“Сен кимсиң? Кыйынсыңбы?...ыя! Кимсиң өзү? Менин жан дүйнөмдү тепсегидей! Менин бакытыма кол салгыдай! Мен күрган сүйүүгө көз арткыдай! Мен ээ болчу нерсеге ээ болгудай! Кайдан чыктың өзү? Мага эң кымбат болгон адамымды тартып алчу оюң бар

го? Шайтан десе! Төрт дубалда олтурганымдан пайдаланайын деген экенсиң?! Сага окшогондорду өлтүрсө cooп болчудай! Менин периштемдин бир кирпигине татыбайсың Акмак! Жаратканым, башка кандай азап берсең чыдаар элем, бул азбыңа чыдабайм! Зөөкүрдөн периштени куткар. Канатын сындырып койбосун." - Мурат ичинен ушул сөздөрдү айтып Кадырды жек көрүп турду.

Аңгырай бош калгансып жүрөгү калбыр сымал, соккон сайын добуш чыккандай, көкүрөгү кайгыдан ооруп кетти. Эркектик намысы жерге киргизди. Дубалды муштуму менен бир уруп, жанынын ооруганын да сезбей, көзүнө келген жашты артка тартып, каралжын канды колунан тамызып нес болду.

Өжөрлүгүн кара. Менчиктеп алгансып. Сага айтпай- этпей эле, ээлеп алам керек болсо. Болгону кулактандырып коёюн дедим.Чамасы ал периге сен татыктуу эмес экениңди билбей жүрөсүң го. Кадыр да бөлмөдө куду Мурат менен сүйлөшүп жаткандай ары- бери басты, өзүнчө күбүрөнүп алды. Ал кандай чоң ката кетирип жатканын сезсе кана.

Адам баласы, жер бетиндеги көптөгөн пенденин арасынан бирди өзгөчө көрүп, сүйүп, ошону издейбиз. Бул махабат. Ал адамдын жакшы жактарын, сулуулугун ошол адам гана көрө алат. Башканын көз карашына ал жөпжөнөкөй эле болсо, сүйүктүүсү үчүн табылгыс байлык. Баарына даяр туруп, кайгысын, кубанычын да көтөрө алабыз. Мына, дал ошондой абал, чөп чөмөлөгөндөй азап үйүлдү Муратка.

Дүйнө кооз, биз анда жашайбыз. Кыймылдаган, ооруну сезген жандуунун баары, экиден жашоого ыңгайлашкан, табигаттын мыйзамы. Бардыгын ойлоп таап, баш ийдире алган адам баласы дартка даба, дары тапса да, сүйүүгө дары тапкан эмес. Мына ошондон улам анын азабы оор. Бул дартка чалдыкпаган киши жокко эсе. Эртеби кечпи даамын татат. Ушул акыбалда Мураттын келбетин көргөн киши бар болсочу. Кадыр сунган калемпирди качырата чайнап, сүйүүсүнүн күчтүүлүгүнөн бир да калыбынана жазбай сыртына чыгарбаганы менен, жүрөгү өрттөнүп турду. Жездеси үчүн бир жактан, периштеси үчүн экинчи жактан азаптанып олтуруп, жаш жүрөгү жамаачыга толуп кетти. Мээси чачырап, түркүн ойлорду казып терээңине жете албай убара.

Ушинтип олтуруп кеч кирди, акыры чыдабай:

"Жанара сен кайдасың алтыным? Келчи мага, сени сагындым. Кадырдын колуна түшө көрбө, көзүнөн ысык жаш таамп. Азыр көпөлөк болуп кетсем, бир жылчыктан учуп чыгып сага бармакмын. Сени дагы бир көрүүгө зармын." – деп колуна калем алды.

"Эстесем сени, элжирейт жүрөк алтыным,
Арбыбай турат, негедир азыр талпынуум...
Өзүңсүз өткөн, өмүрдүн не бар кереги,
Келсеңчи жаным, бир келип кетчи жашыруун.
Апапак жүзүң, назик бир жаның керемет,
Салбаса деймин, зөөкүрлөр аны тебелеп.
Ишенчээк жансың, жаныңа такыр жолотпо.
Алыска кетсең, акырын мага келе кет.
Садагам менин, санаанын турам үстүндө,
Бир болчу күн бар, саргайып такыр үшкүрбө.
Айла жок жаным, дарегим жаман жердемин,
Чыдамым кетти, келсеңчи мени күттүрбө."

Колуна ак барак калемди алып, бышактап олтуруп ырларды жаратты.

Жездемдин кыркы өтсүн, эжем бечара баш аягын жыйып алсын. Сага сөйкө салдырам.

- Сен деле каршы эмессиң э Жанара? Кыялында сүйлөшүп, алыстарга учту. Мен канча убакыт мында болом билбей турам жаным. Мени күтөөрүңө ишенем...

Топ ачкычын столдун үстүнөн шашыла алып, жумуш ордун кулпулап, чыгып жөнөдү Кадыр.

- Кадыр Бектенович! Артынан чуркап чыккан күзөттө турган жаш жигит...

- Жанагы маселени эмне кылабыз?

- Мен айткандай жаса, күбө болчуунун баары толук аты жөнүн жазып кол коюп кетишсин.

-Түшүндүм!

- Ии баса, мени сурашса жумуштар менен деп айт.

- Жарайт!

Кадыр ар дайым жумушуна так, жоопкерчиликтүү бала. Ал азыр бир аз эрте чыгып Жанарага шашып баратат.Үй -бүлөдө төрт бир тууган, үч уул бир кыз. Ата- энеси орто жаштан эбак эле ооп жашап калган кишилер. Эки агасын бирдей бир күндө ажал алып кетип тагдырдын оор сыноосунда калышкан. Мындай кайгыны көтөрө албай, атасы эки жылдан бери шал болуп төшөктө жатат. Башы гана кыймылдап калган жерлеринде жан жок. Жалгыз эжеси өз турмушун куруп кеткен, кыз- баланын жолу ушул да. Үйдө жалгыз Кадыр калып,

ата- энесине караан, кенже көкүрөк күчүгү. Булар тамыры күчтүү, колунда бар кишилер. Бала кезден Кадыр эч нерседен кем болбой өстү. Азыр дагы заңгыраган көз жоосун алган сарайда жашайт. Мында Кадырдын да эмгеги чоң.

Ал ар дайым өзүн тыкан, таза алып жүрөт.

Үйүнө чуркап кирип өз бөлмөсүнө көтөрүлүп бара жатып экинчи кабаттагы атасы жаткан бөлмөгө баш багып караса, уктап жатыптыр. Бутунун учу менен кирип, маңдайынан сылай чекесинен өөп коюп чыгып кетти .

- Уулум! Сенби? - Биринчи кабаттан апасынын үнүн угуп:

- Ооба апа азыр түшөм.

- Ии садага болоюн, бүгүн эрте келген го?

Милиция формасын шашыла чечип жуунуга кирип кетти. Бардык нерсеси ирети менен турат, бут кийимдери, костюмдары, шымдары, көйнөктөрү өз-өзүнчө. Сергип жуунуп чыгып, кийимдерин ачып карап олтура калды. Кадыр кай жерде өзүн кандай алып жүрүү керектигин абдан жакшы билет. Бир карасаң МАИ кызматкери, бир карасаң чыкыйган костюм шымчан чоң киши, а бир карасаң өспүрүм балдардай кечинде бийге барса жапжаш баладай кепканы артка буруп, заманбап жаштарча кийинет.

Азыр кандай кийим тандоону билбей олтурат. Күрөң түстөгү чөнтөгүнүн чекеси кызылдан тигилген шым, көгүш чакмак көйнөктү тандап кийип, чыкыйган кара пальтосун жана бутуна да ар дайым жалтырап майланып турган кара бут кийимин кийди. Чачын тарамыш этип жарашыктуу боло түштү. Жагымдуу атырдан бир аз сээп койду. Кубанып биринчи кабатка түшсө, апасы тамак даярдап күтүп олтуруптур. Апасынын чачтарынан жыттап өптү да олтура кетти.

- Ии кулунум, супсулуу болуп кайда? - Кадыр ордунан тура калып:

- Кандай экен апа? Жарашыптырбы? Кыздарга жагамбы? - деди.

- Жакпай анан. Садага болоюн.

- Апа... - Жылмайып колдорунан кармап, мен сизди келиндүү кылсамбы дейм.

- Кулунум менин, ырас болбойт беле. Ии, айтагой, кай жактан? Сүйлөшүп жүрөсүңөрбү? - Кадырдын бир аз кабагы бүркөлө түштү.

- Апа өзүбүздүн эле жерден, шаардын четинде турат. Жакында борборго окууга кетип калуусу мүмкүн. Мен ал менен сөзүмдү бышыктап сүйлөшүп алган соң, сиз барып сөйкө салсаңыз дейм апа.

- Салайын кулунум, эмне өңүң бозоро түштү? Ал кыз макулбу деги? Мына атаң да сенин келинчегинди көрөм деп жатат. Бечара

тулку боюн сезбей, атаңа өтө оор болду. Батыраак үйлөнсөң, небере жытын жыттасак дейм каралдым.

- Жарайт апа... Апасынын колунан өөп:

- Мен барайын, кеттим, кабатырланбаңыз, -деп жөнөп кетти.

- Тамак ичсең боло?

- Рахмат апа, тамактанып алдым.

- Балам этият бол, жол тайгак болуп турат.

- Макул апа! - Машинасына олтураар замат, жалтыраган кол саатын алып тагынды да айдап жөнөдү...

Эртең коюлат экен сөөгү, сен ошондо барып тур. Айдай байкуш сүрсүп араң калыптыр. Ыйлай берип бети шишип, ээги кеберсип үлдүрөп олтурат. Бир жакшы күндү арнабады го, раматылык Анаркул. Ошентсе да балдарымдын атасы эже, деп солуктап ыйлайт бечара. Жанаранын ата- энеси сүйлөшүп чай ичип олтурушту. Үй иши менен алек болуп жүргөн Жанара төркү бөлмөдө телефонунун конгуроосун угуп чуркап кирди. Телефонду албай туруп Кадыр экенин көрүп өчүрүп салды. Кайра- кайра коңгуроо кылып жүрөгү сыгыла түштү Кадырдын. Айласыз кат жазды...

"Жанара сураныч телефонду ал. Сага айтчу сөзүм бар, жана да бир окуя болуп кетти," - деп табышмактатып сөзүн аяктады.

Муну окуп дароо жооп берди Жанара.

- Угуп жатам эмне болду?

- Кандайсың?

- Жакшы өзүң?

- Жанара мен сага баратам, жетээриме аз калды.

- Эмне дейсиң? Сени ким чакырды мында? Эмнеге келип жатасың? Арты- артынан суроо берди.

- Жеткенде айтам... Анан да, бир жерге барып олтуруп келели, апаңдардан сурап даярданып тур, макулсуңбу?

Аябай таң калган Жанара, нес боло түштү.Телефондун өчүп калганын байкабай, сүйлөнүп алды.

-Сага жолуга албаймын, артыңа кайт! Көргүм келбейт сени. Ушу Кадырдан тажадым. Мурат сен капа болбо, сени эч кимге алмаштырбайм. Кабагыңды бүркөбөчү, - деп дубалда илинген сүрөтүнүн бетинен сылап койду.

Арадан он мүнөт өтпөй Кадыр зуулдап жетип келди. Телефондон Жанара ачууланып урушуп кирди.

- Кадыр эмнеге мындай адамсың? Кет дарбазанын алдынан, кандай уятсыз немесиң? Мен телефонду таптакыр өчүрүп таштайм! Түшүндүңбү?!

- Макул өчүрө бер , ансыз да формачан турам, үйүңө түз эле кирип барам. Баягы маселе боюнча деп коём, кирип баратам...

-Токто Кадыр, макул, азыр беш мүнөткө кана э!

- Ооба чыга бер Жанара беш эле мүнөт.

Жанара жаштык кылдыбы? Айтор коркуп кетти, шашыла сыртка жөнөдү. Аппак калыңыраак көйнөк менен саймалуу кара чыптама кийген үйдөгү жүрчү кийими менен эле эшикти ачып чыгып келди. Кадырдын жүрөгү огунан чыгып, бүлкүлдөп согуп турду. Алысыраак туруп тиктеше кетишти. Жанара Кадырды тааныбай таң калды. Ал эми Кадыр адатынча сулуулугуна суктана карап, күүгүмдө жакшы көрө албай алаңдады. Акырын жакындай басып келип:

- Эмне маселе болду? - деди кекете.

- Алгач учурашып алсак кантет?

Колун сунуп жылмайды Кадыр. Айласыз колун берип турган Жанаранын өңү бузула түштү. Мамыктай жумшак ысык колдору, бош өрүлүп артына ташталган чачы, бир аз алдыга бөлүнүп түшкөн узун көкүлү, аппак көйнөгү Кадырды эстен тандырды. Дудуктанган Кадыр: “Сага жоолук да жакшы жарашса керек? Бир гана жоолук жетишпей тургандай,” - деп ичинен күбүрөндү.

Кадыр, сага жүзүңө эле ачык, болгон оюмду айтайын, таарынып же кыжырың келсе жаңылышасың. Сени эркек катары өзүмө жакын кабыл алып көңүл бөлө албайм, сен мага жакпайсың. Ишен, сага акем катары мамиле жасап, Мурат үчүн аргасыз сүйлөшүп жүрөм. Жан дүйнөңө үмүт туудуруп коюудан корком. Бейчеки эле өзүңдү убара кыла бербе. Туура түшүнчү, суранам. Мураттан артык башка бирөөнү табууга аракетим жок, мага андан кымбат адам жок. Менин тынчымды ала көрбө башка өтүнөм. Өзүң ойлоп көрчү, сенин сүйгөн адамың болуп турса да, башка бир кыз жаныңды койбой жармашып, тынчыңды алса сен эмне кылмаксың? Ал кыз сага таптакыр жакпайт, ойлоп көрсөң? Жанара жан дилинен Кадырга кабактарын бүркөп жакын барып үзүлүп түшүп сүйлөп жатты...

Анын чырайы кабагын түйүп турса да керемет эле. Кадыр карап турган калыбында тамагы буулуп ооруп, шилекейин кылк жутуп, денеси чымырай түштү. Жанарадан жүзүн дароо буруп, машинага колу менен таянып жер тиктеди. Канчалык катуу карманбасын көзүнөн жаш таамп кетти. Башын асманга көтөрүп оозундагы сууктан чыгып турган буусун үйлөп:

"Жанара мен сени катуу сүйүп калдым"- деди. Өзүн күнөөлүү сезгендей Жанара да жер тиктейт. Эмне деп айтаарын билбеди.

- Жаным, кел машинага олтуралы үшүп кеттиңби?

- Жаным дегенге кандай акың бар?! Азыр эле эмне дедим, мен абага сүйлөдүмбү?

- Кечир мени, суранам кечирип кой.

Кадыр кандай айла табаарын билбей башы ооруп чыкты. Аңгыча жандарынан шырп- шырп этип бир киши басып өттү.

"Ии ушундай болоорун сезип турдум эле. Ким экенин таанызбай да калдым," - деп ачууланды Жанара. "Айылда сөз жерге жатпайт эмеспи. Болоттун кызы түн катып жигит менен кезигишип турат" дейт экен эми. Ичинен сүйлөнүп ызаланды.

- Макул мен кирейин, менин айткандарымды түшүндүң деп ойлойм.

- Токтой тур Жанара, бир аз тура турчу. Кетпечи, менин да оюмду укчу өтүнөм. Сени кыйнабайм, азыркы сөздөрүң сөөгүмө жетти.

Бирок жашоо татаал нерсе, аны түшүнүп болбойт. Кайсы күнү кандай оор абалда калабыз ким билип турат дейсиң. Мени келжиреген жигит экен деп эле кабыл ала бербей, адам катары түшүнчү. - Буга чейинки жашоом, бал кошулган чай сыяктуу болсо, сенин жолуктурган күнүмдөн баштап карандай суу ичкендей жашап жатам, Жанара. Ушинтип оор абалда калдым. Сени көрбөй тура албаймын, сагынам. Менде эмне күнөө, айтсаң? Канча өзүмдү алаксытам, жыйынтык жок. Азыр мага жашоонун оор күндөрү туш келип турат. Сенден чоң нерсе каалабайм Жанара, бир эле өтүнүчүм бар, эркектин оозу менен айтып жатам, ишене берсең болот. Азыр сага бир сунушумду айтайын, эгер макул болсоң экинчи жаныңа басып келип тынчыңды албаймын, тажатпаймын. Кыскасын айтканда сүйүүмдөн баш тартам, Мурат экөөңө бакыт гана каалайм.

- Угуп жатам, эмне болгон сунуш экен?

Жанара үчүн табышмак болуп, бүркөгөн кабагын жаза, көздөрүн бат- бат ирмеп Кадырды тостоё карады.

-Мен, биз жакында достор болуп чогулабыз. Анда Америкада окуп бүтүп ошол жакта жашап калган эки досум келинчектери менен келет. Сегиз бала түбөлүк бекем дос болдук, кыйышпас дос десек да болот. Арабызда Акыл аттуу жигит жакында эле жол кырсыгынан эки бутунан айрылып, эки баласын бакчу күчүн жоготту. Аяш дагы абдан жакшы аял, досубузга бел болуп, белин бекем бууп жашап жатат. Алар колунда жок адамдар, баарыбыз акча топтоп жакында эле эки бөлмөлүү батир алып бердик, ушул биздин шаардан. Досум ата- энеси

менен турчу. Бөлүнүүгө шарты жок эле. Мына ошол досту мындан наркы келечекке болгон көз карашына кубаныч кошолу деп чогулуп жатабыз. Акылдын бактылуулугунда чек жок. Аяш апабыз ыйлап, сүйүнүчүн жашыра албайт. Акыл дос: "Чогулалы баарыңарга ыраазычылыгым бар" - деп батына албай турат. Ансыз да көп болду жолуга элекпиз.

Кыскасы, Жанара ал кечеге мени менен бирге барышыңды каалайм. Жок дебечи, мен сага сөз бергендей андан соң, башка тынчыңды албайм. Достордун арасынан мен эле бойдокмун. Экөө болчубуз, бирөө жакында үйлөндү. Эгер жолугушууга сүйлөшкөн кызым жок барсам, катуу эле уят болом. Эки аптадан кийин чогулабыз го чамасы, алыстагы достор да жолго камынып коюшуптур. Аяшыңар бар, деп ар дайым алдап жүрөм. Эмне дейсиң?

Жанара тамагын кыра...

- Сенден мындай сунуш күтпөгөм Кадыр, кандай жооп айтаарымды да билбейм. Мен мындай кыла албайм, ал жерде сүйүшкөндөрдүн ролун аткара албайм, алар мага ыңгайсыз суроолорду узатышса калп сүйлөп олтура албайм.

- Эмне деп суроо беришмек эле, Жанара? Жок дебечи! Түшүнчү. Кадыр бир бутун тизелей бүгүп, Жанаранын колдорунан кармады.

- Тур Кадыр, ой тобо, бул эмне кылганың? Сен сөзүңө турасыңбы анан?

- Албетте күмөн санаба, макулсуңбу?

- Турсаң боло эми! Мен ойлонуп көрөйүн.

Кадыр кубанып кетип колдорунан өөп койду. Жанара колун жулкуп алып.

-Бардык нерсенин чеги болот Кадыр. Мен ооба деген жерим жок, ойлоноюн дедим.

Жанара үнүн бийик көтөрүп сүйлөп бурулуп тез- тез баса кирип баратып, бир нерсе унуткандай токтоп артына карады.

-Кадыр, жана күндүзү коңгуроо кылсам албадың, сен тараптан катуу дабыш чыгып эле жок боло түшсөң кабатырлангам.

Кадыр жакыныраак басып келип:

- Сен экөөбүздүн маектен кийин, көңүлүм чөгүп бара жатып, бир кичинекей кызды коюп кете жаздадым. Колумдан телефон ыргып кетти катуу силкингенде, мен сыртка чыгып кеткенде чалыпсың. Аты Жанара экен, - деп жылмайды Кадыр

- Кадыр, адам баласы жок нерсе үчүн "өзүн азаптарга салуусу, акылсыздыгы." Абайлап айдасаң боло, бир бечаранын кара көзүн кашайтып жүрбө. Макул эмесе, жакшы жетип ал.

Жанара кирип кеткенде Кадыр калыбынан жазбай дарбазаны тиктеген бойдон көпкө катып турду. Сөздөрү октой экен, ошондо, жок сүйүүнү бар деп өзүнчө жапа чеккен киши болбо дегениби? А менин ага болгон сүйүүм жалган эмес. Кадыр түркүн ойлорго жетеленип үйүнө жөнөп кетти.

Акыркы учурда Жанара жашык боло түштү, махабат муну көкүрөгү жарадар ак куудай кылып өзгөрттү. Анын ар бир азабын, сүйүү үчүн жасаган эрдиктерин жазып олтурсаң беш том китеп. Байкуш кыз, акыркы Мурат менен болгон жолугушуудагы көз ирмемдерди жүрөгүнө бекем сактап, ошол бактылуу элес менен жашап калды.

Атаганат, Мурат менен өткөргөн күндөрү кандай керемет эле, анын баркын билбегендиги үчүн ал өзүн аябай күнөөлүү сезип жүрөт.

Онунчу класста окуп жүргөн кезде мектепте " Сулуулар" мелдеши болду. Сегизден жогорку класстар аралыгында эле. Окуучулук кез кандай бакыт, бардыгынын даярдыктары мыкты.

- Жанара көрөсүң алтыным бул таймашта сен жеңесиң.

- Койсоңчу Айпери, агай да мени тандап туруп алды, анын сөзүн эки кылбайын деп гана катышып турам. Мен үчүн жеңиш эмес, эптеп көзгө көрүнсөм болгону.

- Ал эмне дегениң? Кызык экенсиң, жакшы ойдо болсоңчу. Карачы чачтарың кандай сонун жасалды.

Бир топ кыз чуркурап келип:

- Жанара курбум пери болуп калыпсың, биз баарын даярдадык, колдоп турабыз сени, сен жеңишиң керек, –деп кубанып жатышты.

- Рахмат достор силерге, силерсиз эмне кылмакмын.

- И баса, жанагы жеңил бийдин музыкасын Мурат алып келем деп кетти эле, келдиби?

- Келип калат азыр.

Мурат эчаак эле келип кыздар кийинчү бөлмөнүн жанында балдарга аралаша туруп алып, аз- маз ачылып калган эшиктен Жанараны аңдып жаткан. Кыздардын бири эшикти бекем жаап койгон соң чыдамы кетип кирип барды.

- Ой, кыздар кечиргиле, музыканы алып келдим.

- Абдан жакшы. Мурат жакшылагыла эми, силерге ишенебиз.

- Албетте буйруса.

- Кыздар, беш мүнөткө сыртка чыгып тура аласыңарбы?

- Тура алабыз " Рамео" кыздар кеттик. - Кыткылыктай күлүп чыгып кетишти.

- Эмне болду Мурат?

- Сага бул кызыл көйнөк абдан жарашат экен Жанара.

- Рахмат. Экөө тиктешип туруп калышты, Мурат бечара сөз таппай колу калчылдайт.

- Жанка, сен бүгүн өзгөчө сулуусун, сени мындай кийимде көрбөгөм.

- Койсоңчу Мурат дагы баягы адатыңбы?

Чачтарын назик кармап, кел музыкасыз эле бийди бир кайталап коёлу.

- Макул. Белинен бекем өзүнө тартып Жанаранын көздөрүнө карады. Бөлмөнү чимириле айланып, каректерин бири- биринен албайт. Мурат Жанараны көкүрөгүнө бекем кыса кучактап:

- Алтыным, сенсиз менде жашоо жок.

- Жалгыз сени түбөлүк сүйөм ишен. Эч качан, Мураттын жүрөгүн башка бирөө ээлей албайт.

- Болуптур, коё берчи.

Жанаранын чачтарынан жыттап, бетинен өптү. Мураттын эң жакын досу Калыс, эшикти бекем жаап кыздарды кигизбей жатты.

- То-октой тургула, кирүүгө болбойт мында.

- Калыс, мелдеш башталганы калды!

- Күтө турат мелдешиңер.

- Ач эми... - Кыздардын чыдамы кетти. Калыс тымпыя эрдин кымтып, көзүн жуумп, башын чайкады.

- Бийкеч, колуңузду тартыңыз, болбойт дебедимби киргенге.

- О-ой! Калыс күйдүрөсүң да кишини.

- Күйбөңүз пери. Кечинде барсам, чыгасыңбы Айпери?

- Ай турчу ары!

Калыс абдан тамашакөй бала, шайыр жүрөт. Мурат менен Жанара эшиктеги ызы- чууну угуп күлүп алышты.

- Жүр жаным чыктыкпы?

- Чыктык...

Экөө жетелешип чыга келишти.

- Сабыр кылгыла, сабырдуулук бул эң жакшы нерсе, - деп Калыс сүйлөп жаткан.

- Аа мына чыгып калышты, бүттү окшойт.

- Койчу досум, сүйлөйсүңда, - деди Мурат Калыстын далысынан таптап.

Жанараны кыздардын арасына таштай, балдар каткыра күлүп басып кетти. Ал мелдеште Жанара биринчиликти багындырып, классташтары абдан кубанышты. Жеңил бийде Мурат кара костюмчан, Жанара экөө бири- бирине абдан жарашып турду. Опурап- топурап класстын ичине чакан стол жасашып адаттагыдай жеңишти майрамдап калышты.

Мурат мектепке ар дайым сүрөт тартып келген агайды таап келе калып, эстеликке сүрөткө түшүшкөн. Ошондо кыналыша капыстан Мурат менен түшүп калган сүрөттү азыр Жанара күн сайын кучактап уктайт.

Кадырдын сунушу Жанарага жага бербеди.

"Алар бир үйдө чогулушса, мен ал үйгө кантип барам, ошондо эле жообун бере салсам болмок экен. Эч качан бара албайт экенминда. Эми чалчу болсо катуу урушуп берейин," - деп өзүнчө даярданып алды.

Ушинтип окшош күндөр уланып турду. Айыл тынч, топураган бейчеки чуулдаган бирөө жок. Арабаны калдырата аркы айылдан берки айылга чөп ташып калчу караандар, кар жамынып жаткан жер энени ойготот. Маңдайдагы зыңкыя көк тиреген тоо үстү, али бүгүнкүдөй тумандан арылбады. Магдыраган журт кыбыр эткен кыймылсыз, күңк эткен шоокумсуз, жел дымыгандай дымып, көл тунгандай тунуп тынч жашоодо.

Айдай да баш аягын жыйып, кыркылыгына чейин деп бир аз камданып, илбирей- силбирей жашап жүрдү. Жанара бир эмес эки ирет барып, көңүл айтып, жай сүйлөшүп олтуруп келди.

Көктөн салаңдаган кара булутту жарып чыккан күндүн илеби көздү уялтат. Жылт- жулт эткен аппак кар магдырай кучагын жайып жерде.Таранчылар жылаңачтанган талдан- талга секирип, бийик турган дарактардын башында каргалар да утурлай каркылдап коёт. Малдын чөбүнөн түшкөн күкүмдү терип жеген майда таранчылар сарайдын чатырына чыркырап тизилип конуп олтурушат.

Чачтарын бош гана экиге бөлүп өрүп, учуна ак бантик байлап боз пальто, боз топу кийген Жанара, окууга жөнөдү. Күндүн илебине бетип тосуп, көздөрүн жуумп таза абадан терең жутуп алды. Бүгүн аба- ырайы күндөгүдөн жакшы.

Муратты ушунчалык сагындым. Жаным, эми камактан аман- эсен чыксаң, өзүм сага кам көрөм, сени аярлап алам. Баары сен айтканыңдай болот. Окууну аяктап баш кошсок, сага жакшы жубай болуп берем, эки уул, эки кыздуу болобуз. Мен кош бойлуу болуп сени менен колтукташып жүргөнүбүздү элестетип кетем. Аман- эсен чыксаң экен, кутулуп.

Ушул убакта Жанаранын жаштык деми толуп турган кези. Анча-мынча сөздү кулагына илбеген, өжөрлөнгөн, жак этkeнин коё бербеген курак кимибизде гана болбогон. Сабакта олтуруп Жанаранын ойлору бир жактарга алып учат. Китепти тикесинен коюп окуп жаткандай түр көрсөтүп Муратка болгон сагынычын баракка тизип жатты.

Бүгүн мектептин коридорунда тынчтыкты сактоочу, конгуроону убак- сааты менен басып турчу киши Куткелди эле. Ал Жанара олтурган классты шашыла ачып:

“Саламатсызбы эжеке. Жанараны директор агай чакырып жатат,” - деди. Жанара сыртка чыгаары менен:

- Кандайсың? - деди дароо.

- Рахмат жакшы, өзүңчү? Шашылып басып бара жаткан Жанара артында келе жаткан Куткелдини карабай эле сүйлөп жатты.

- Жанара, шашпай турсаң, экөөбүз сүйлөшүп албайлыбы?

- Эмнени?

- Жанара сабактан кийин чогу кетсек кантет? Менин сага айтчу сөздөрүм бар.

- Капа болбо , башка жумуштарым бар.

- Азыраак эле убакыт бөлүп койчу Жанара.

- Капа болбочу Кадыр, бөлө албайм!

- Кадыр? Ким ал?

- Ой, кечир Куткелди, суранам артымдан баспачы!

Куткелди таң калып коридордун баш жагында кала берди.

- Саламатсызбы агай?

- Кел кызым, кирегой. Олтур. Окууларың жакшыбы?

- Рахмат агай, жакшы.

- Апаңдар тынчпы?

- Ооба агай баары жакшы...

- Кызым, өткөндө атаңа жолукканмын, сенин окууларың боюнча сүйлөштүк. Анан Мураттын маселеси бонча милиция бөлүмүнө баргам, жакын арада соту болот дешти. Болот адвокат жалдап берип жакшы иш кылыптыр. Кече мектепке Мураттын эжеси келип, шаарда

батирди сатмакмын, жардамдашыңыз дейт. Айылдан чыкпайм, таанышым дагы жок, жарнамага берип сатып бериңиз деп келиптир. Эптеп инимди чыгарып алсам, башкасы кереги жок деп ыйлайт бечара. Азыр баарын акча чечип калбадыбы. Сага бул кагазды берейин деп чакырдым, мында номурлар бар, батирге кызыккан адамдар, коңгуроо кылып көрсүн атаңа айтагой. Айдай да жаштык кылып арзан эле сатып жибербесин. Атаң жакшы жардам кылып жатыптыр, эми батирин да сатышып жардам берип койсун. Мен дагы кардарлар менен сүйлөшүп жатам. Балким Болоттун да тааныштары алып калабы деген ой. Кече, бүгүн коңгуроо кылсам атаң телефонду албайт. Сенден эле берип жиберейин дедим. Атаң шаарга бат- бат барат эмеспи. Анан мага чалып койсун, дагы сүйлөшөбүз.

- Болуптур агай берип коём.

- Макул эмесе барагой кызым.

Жанара класска келип олтуруп калды. Кагазга кайрадан чиймелеп жазып олтурду. Муратка кат жазсам деп жүргөн эле.

" МУРАТЫМ "

Самап турам, жаздын келген убагын,
Көктөн ылдый жамгырлардын кулашын.
Тээ тигинде байчечекей гүл терип...
Келе жатат, мени сүйгөн Муратым.
Жек көрүүлөр сүйүү балга айланып,
Калдым окшойт бир өзүңө байланып.
Көздөрүңдө таза, тунук сезимге,
Мас болгондой бир заматта арбалып.
Мындан күчтүү сезим болбос көрүнөт,
Мунун баары жомок сымал сезилет.
Түш болсо эгер, ойгонбостон уктайын,
Түбөлүккө кат койнуңа мени бек.
Сүрөтүңдү көрүп турам айдагы,
Сүйүп мени, күлүп турган жайдары.
Көрүнөсүң ар бир жерден көзүмө,
Керек болсо суудан аккан сайдагы.
Менден алыс темир тордо олтуруп,
Жете албай жалдырадың кол сунуп.
Сагынычка кусалыкка чыдабай,

Ыйлап жүрөм жүрөккө муң толтуруп.
Сен менен бир атырсам дейм таңдарды,
Сенден төрөп чоңойтсом дейм балдарды.
Жан дүйнөмдү жанчып турат кайгы муң.
Азыр мени түшүнгөн бир жан барбы?
Баркың билип баалабадым Муратым,
Билсем гана пай дубалдын урашын.
Дарак, чөптөр, тамдар, тоолор көрүнбөй,
Карыш жылсам сен көрүнүп турасың.
Мезгил мени дарылайт деп айтпаймын,
Сага болгон сүйүүмдөн баш тартпаймын.
Кучагыңды, өпкөнүңдү, жытыңды,
Эч жоготпой көкүрөккө сактаймын.
Жалгыз мени сүйүп келдиң Муратым,
Айланчыктап "Периштем" - деп турасың.
Сенсиз азыр кайда басып барбайын,
Жайып тосот, жалгыздыгым кулачын.
Айрылдымбы кудай берген теңимен,
Ачуу дартка кабылгандай көрүнөм.
Даниярдай келип калсаң капыстан,
Жамилиядай ээрчип кетем сени мен.
Болгум келди, Жамилиядай чечкиндүү,
Болбосун деп сүйүүбүздө эскирүү.
Түбөлүккө кол кармашып бир жүрсөк,
Түк болбойттур көөдөндөрдө өкүнүү.
Жолугушуу кайда калды жайдагы,
Күбө болуп карап турчу ай дагы.
Даңазалап күчтүүлүгүн сүйүүнүн,
Махабат деп отко күйгөн Раймалы.
Сени сүйгөн Жанарандын кебин ук,
Канайт жүрөк кайгы анда толуп жык.
Сагынычтан саргарбагын Муратым.
Барам сага, дагы барам, мени күт...

Жанара буга чейинки өткөн күндөрдүн баарын, көз алдынан тартып жатты.

- Эмне болду? Эмнеге ыйлап жатасың Айпери?

- Кийин айтып берейин, сабак бүткөндө, азыр жайыма коё тур ыйлап алайын.

- Эч качан койбойт экенминда, кана мени карачы. Жанара колу менен Айперинин көз жаштарын сүрттү...

- Ыйлагандан көрө айтып жеңилдеп алсаң кыйла жакшы, Айпери.

- Болбойт дебедимби! - Колдоруңду тарт дегендей түртүп койду Айпери.

- Сен мага таарынгансың го э?

- Сенин мени менен ишиң жок болуп калганына кыйла убакыт болду. Оюңда эмне бар билсем кана. Ар дайым күтпөстөн кетип каласың, сабактан чыгып. Өткөндө сүйлөп жатсам укмаксан болосуң. Айтсаң, деги сага эмне болгон? Жанара?

Курбум Айпери мага абдан катуу таарыныптыр. Анысы аябай билинип турду. Ал өзүнө ишеничтүү нымдашкан көздөрү менен Жанарага тигиле карап, жооп күтүп турганын билдирди.

-Алтыным, мага эч нерсе болгону жок. Кел чын эле, мына акыркы сабак бүткөнү калды, жолдо сүйлөшүп кетели. Сен дагы жашырбай бул көз жаштар эмне үчүн экенин айтып бер, жарайбы?

Айпери мурунун шыр тартып, макул, деди.

Сабак аяктап экөө жай гана басып баратса, Куткелди шашыла жулунуп тезден басып жетип келди.

- Салам сулуулар, чогу кетсек кантет? Бирин- бири тиктей үн катышпады.

- Эмне болгон кыздар? Жактырбай турасыңар го дейм.

- Жо-ок андай деле эмес.

Айпери чыдабай жооп бере салды. Жол бою ар сөздүн башын бир айтып, Жанарага тийише сүйлөгөн Куткелди, көңүлгө түтөөрлүк сөз укпай ичинен бушайман. Жолдо тээ алыска ойлорун чуркатып коюп Жанара жанындагылардын сөзүн чала угуп баратты.

- Таптакыр сөзүмдү укпай четке кагасың Жанара. Сүйлөшсөк кантет?

Селт эте оюн бөлгөн калыбында... Эмнени айткың келет, айта бер, - деди Жанара.

Куткелди бир Айперини бир Жанараны тиктеп ыңгайсызданып, башка учурда сүйлөшөбүз го деди.

- Мен тоскоолдук кылып жаткан жокмунбу? - деп Айпери байкагандай көз кырынан жылмайды.

- Жо- ок ай, андай деле эмес классташ деп койду Куткелди. Айперинин Чыдамы сууп кетти көрүнөт.

- Жанара, курбум, үйүңдө иштериңди бүткөн соң, менин үйүмө келип келсең кантет? Сабакты чогу аткаралы.

-Макул, каршы эмесмин, экөө бирин- бири карап көздөрүн кысты. Айылга жакындай келгенде:

- Мынакей биз жылгаяк тепчү дөңчө, кар калыңдап жааганда тебели ээ кыздар?

Жанара токтой дөңчөнү карап, Мураттын анда чана сүйрөп бара жатканын, ой- боюна койбой алдына олтургузуп, зуулдай каткырып муз тепкенин, аярлуу ысык эриндери менен бетинен өпкөнүн эстеп көзүнө жаш айланды.

Айрыкча бир учурду эстесе дайым күлүп алат. Кыздар бир тарап, балдар бир тарап болуп кар урушуп ойноп калмай адаттары бар. Кууп жетип, баса калып кыздарды жуумай, ар дайым оюндарынын башталышы эле. Беш алты кыз арадан бир балага алы жетчү. Жанараны эки жигит карга уйпалап коюндарына салып, ойнобойм дегенине карабай карга көөмп жатышты. Шашыла чуркап келген Мурат:

- Балдар! Койсоңор боло, ооруп калат го...

- Койдук- койдук досум, каткыра күлүп калышты.

- Кел Жанка турчу.

-Мура- ат! Кайда житип кеттиң?! Аны көкүрөгүнөн түртүп кабагын түйдү. Мурат бир аз жылмайып:

- Оюн эмеспи жаным, кел күүп берейинчи.

Жанара жан дилинен ага эркелеп турганын өзү байкаган жок. Жаш балача катып кыймылсыз тура берди. Мурат айланчыктап артына , алдына өтө калып кийимин тазалап жүрөт. Жакасында карларды тазалап, коюнуна кире түшкөндөрүн алып жатып, бир аз баш баккан бөдөнө тумшук көкүрөгүнө колу тийип кетти. Ушунчалыкка жеткиче тим тура бергендиги үчүн Жанара ызалана түштү.

- Бул эмне кылганың?! Бетине чаап жиберди.

Селейе түшкөн Мурат:

- Жанка токтой турчу, мен, мен байкабай калдым. Атүгүл сезилген да жок. Артына шарт бурула караган Жанара:

- Эмне сезилген жок?

- Ошол, тигил...

Тантырай сүйлөп турду Мурат. Экөө каткыра жыргап күлүп алышты.

- Ой тобо Мурат келесоосуң... Жанара жүзүн колдору менен жаап кыткылыктап токтоно албайт. Жанына басып келип, эки ийининен кармап өзүнө тартып бекем кучактап:

"Ооба, Жаным, сенин жаныңда ушинтип келесоо болуп калам," - дечү Мурат.

Бул көз ирмемдерди элестетип көзү жашылданып турган Жанараны курбусу байкап калды көрүнөт...

-Сага эмне болду алтыным?

Унчукпа дегендей башын чайкады Жанара. Дароо табышмактуу кыймылына түшүнө салып тим болду.

Курбум таарынып калды деген ой Жанаранын оюнан кетпеди, барса барайын деп камынып калды.

Сабакта Муратка жазган катымды кайра- кайра окуп көп убакыт олтуруп койсом керек, апамдын үнүнөн улам беките салып чуркап чыктым.

- Ыя кызым, бөлмөңө кирип кетип эле жок болуп кетесиңда. Тигине атаң кой жетелеп келе жатат, балдар жаңы шорпо сагынды, кыш дагы минтип баш бакты, союп алалы дейт. Мен ичеги карын жууй салайын, сен үзбөй ысык суу даярдап тур.

- Ии маакул апа...

Биз этти жиликтеп, баш шыйрагын казанга салып, куурдак жасагынча күүгүмдөп кетти.

- Апаке, мен курбу кызым Айпериге барып келейинчи?

- Кеч болгондобу? Жайдын күнү болсо экен. Кышта күн кыска, түндө кантип келесиң?

- Түнгө калбаймын апаке, бир эле саат, келип калам.

- Алыс эмеспи? Жеткениңче качан?

- Апаке-е.

- Тамак да даяр болгону калды эле, бышкан тамакты таштайт бекен?

- Силер тамактанып жатканда келип калам.

- Болуптур, телефонуңду ал, тез кел.

- Жарайт...

Курбу кызымдын үйү чындыгында бизден алыс турат, өзүн чакырсам болмок экен, конок болот эле. А мейличи, шашылып чуркап жөнөдүм. Күйүгүп чуркап олтуруп жетип бардым. Мени күткөндөй столдун үстүн жайнатып, аш демдеп олтуруптур.

- Кел алтышка кечиктиң го?

- Үйдө мал союп, кармалып калдым.

- А эмне? Жөн жайбы?

- Ооба, кышкыга камдык.

- Аа, кел олтур, тамакты дымдап сени эки көзүм төрт болуп күтүп олтурам да.

- Аяш энемдер кайда?

- Атам экөө алысыраак туугандарга кетишкен, балалуу болушканбы чамасы. Келип калышат чыгар азыр. Сен мени таң калтырдын, Жанара... Өзгөрүп да кеттиң... Балким айтып берээрсиң.. Көптөн бери сырдашып олтурбай да калдык... Чай сунуп сүйлөп жатты Айпери.

- Айпери... Сенин башыңды оорутуп жиберемби деп корком, маанилүү деле жагдай жок. Андан көрө, өзүңдөн сүйлөчү, буркан-шаркан түшүп ыйлап жатканыңдын себеби эмнеде?

Жанаранын телефону чыңгырап, карай салса Кадыр экен, акырын сыр бербей кызыл баскычты басып коюп олтура берди.

- Ии досум эмнесин айтасың, Турат менен урушуп калдым.

- А эмне болуп?

- Ишенсең, кыжаалат кылып жиберди. Ал эмне мени айылдык, жоош кыз деп ойлойт го ? Же, баамы жок келесоо дейби? Билбесем...

- Эмне болду анча? Табышмактатпай эле сүйлөчү? Мага сөйкө салып кеткенден бери жолуга элек болчубуз. Телефондон гана сүйлөшөбүз. Кесиби тиш догдур болгондуктан кардарлар үзүлбөй, колу бошобойт го чамасы. Ал мага таң эрте жумушка барганда анан кечинде үйгө келгенде чалып турчу. Кийин эле чалбай калды. Өзүм коңгуроо кылсам бирөө менен сүйлөшүп жатат эле дейт, же өчүрүлгөн дейт. Жүрөгүм бир кызыктай болуп, жаман нерсе болчудай сезе баштадым. Анан акыры эки метр кат жазып, башка чалба, келсең сөйкөңдү берем, деп жинденип алдым...

- Билем бул келесоо адамдын сөзү, бирок жиним келгенде кармана албай, ойду- келди ар нерсе жаза бердим. Анда дагы жооп жок, кантип эле окубасын, окуду да. Кече чалсам, бир кыз алды. “Ким бул?” - деп сөйрүңдөп сүйлөп кыжырымды келтирди. Мен келинчеги болом, Туратка телефонду бергиле, сен кимсиң? - деп такалай баштадым. “Аа, Турат байкенин аялы жок го? Алдап турасыңарбы?” -десе болобу... Эй акмак! Мен шаарга барганда көрөсүң барбы, жокпу атың ким? - десем, корккондой: “Мен тамаша кылдым, Турат байке дарым түгөнүптүр алып келем деп сыртка чыкты, мен кардары эле болом. Тишимди дарылатып жатам. Азыр келсе айтып коём,” - дейт. Ушул кантип болсун, бирөөнүн телефонун алганга кандай акысы бар, дос. Кыскасы

мени кем акыл кыз деп жүргө го. Катты окуп чалбай койгонуна капамында.

- Ии анан чалдыбы?

- Ооба, тиги сөйрүк кыз айткан го, же ошол маалда жанында эле тургандыр балким, ким билсин. Бир кудайга маалым. Такыр колу бошобой, түндө онго чейин иштеп, келип эле чарчап уктап калганын айтып актанды. Тиш догдурлар да онго чейин иштейби ыя? Кыскасы эртең келет, бетме- бет олтуруп бир жакшылап сүйлөшөйүн. Бир барып алдап келейин деп келе жатса керек. Эмнегедир көңүлүм чаппай, көргүм келбей калды курбум. Сабакта олтуруп чыдабай ыйлап алдым. Сени уксам болмок экен, эмнеге сөйкө салдырдым десең...

- Кой антпе, ушуга да ушинтесиңби? Келсин, сүйлөшкүлө. Кээде аябай кыжаалат кылган маселе, жакшы жыйынтык менен аяктайт. Мына өзүң азыртан сак болууну ойлоп, аны ар тараптан карап көрүп жатасың, ачууга алдырып эле шашпа, жай гана чеч.

- Анын алдында туталанып ыйлаба, жарайбы? Ал сенин көз жаштарыңды көрбөй турсун. Кийин ыйласаң өтүмсүз болуп, тоготпой гана коёт. Сен ыйлаганда ал коркуп сооротуусу керек. Жүрөгүңдү жакшылап ук, сени алдабайт. Эгер болбойт деген дабыш уксаң дароо токтот, тескерисинче болсо өзүң айтмакчы кемчиликтери да көрүнбөй калат. Анын маңдайында турганда, жакшы көз караште бол, уялбай тике карап өзүңдү карма, ар бир сөзүңдү ойлонуп сүйлө кийин өкүнчү болбой тургандай... Сөздөрүң өтүмдүү болуусу шарт. Сенин аялдык касиетиң андан бийик туруп азырынча, сулуулугуң менен мас кыл. Аялдын сулуулугу чачында же келбетинде эмес, анын сулуулугу жөнөкөйлүгүндө. Оор басырыктуу болууга үйрөнүп, чыдамкай бол курбум. Бир сырдуу бол. Аны таң калтырчу нерселерди жаса, жана мага дагы баары бир дегендей түр көрсөтө бил. Боёнуп, атыр себинип ага даярдангандай түрүңдү билгизбе, ар дайым өзүңдү бир калыпта алып жүр. Ошондо артыңдан чуркап, сени тажатып коңгуроо кыла баштайт ишен. Ага абдан турмушка чыккың келип жатканын туйдура көрбө, андале өмүр бою кор болдуң дей бер. Өзүңө ишен, бир нерсеге баш отуң менен кирип, күйүп ыйлап, артынан кууп алба. Кыскасы орусча айтканда "серьёзная" бол.

Айпери оозун ачып угуп олтурду.

- Акылдуусуң курбум...

- Бул менин апакемдин акылдары, мээме ачып куйган. Жанара күлүп койду.

- Сөзүңдө жан бар дос. Бекер кат жазган экенмин ээ?

- Болду эми, ал өткөн иш, сени эмне деп жооп айтат деп жазсам жооп да бербедиң, деп айт.

- Сен айткандай кылайын курбум. Тамактан алып олтурсаң боло,

Жанара? Мм... А сен өзүң тууралуу айтчы...

- Менин жан дүйнөмдө болуп жаткан нерсенин баары кызыктай туюлсачы сага?

-Ай, койчу эми, кантип эле ошондой болсун. Эгер кап этпесең байкашымча Муратты сагынгансыңго э?

- Дал өзү курбум. Аны такыр теңсинтпей жүрүп эми көлөкөсүн көрүүгө зармын.

Жанара сөзүн баштаар замат көзүн жашылдантып алды. Ал буга чейинки болгон окуянын баарын айтып берип олтурду. Айпери да чыдабай ыйлап алды.

Жанара ушунчалык сүйүүнүн кулуна айланганы көз жаштарынан билинет. Кабагын чытып, жүзүн да бырыштырып өзгөрткөн жок. Жылмайып сүйлөсө да алмак- салмак көздөн ысык жаш салаалап турду. Улам колунун сырты менен сүртүп коюп, сөзүн улантып жатты. Кадыр тууралуу да айтып берди, ичиндеги бугун чыгаргысы келди көрүнөт. Эки курбу өткөн- кеткенди айтып алаксып түштү, эшикке коюу караңгы кире баштады. Жанаранын апасы кабатырланып коңгуроо кылды...

- Оу апаке, мына чыгып баратам, Айпери узатып коёт...

- Досум кетпесем болбойт, башка көрүшпөй калчудай сүйлөшүп олтуруп алганыбызды карасаң.

- Коркосуң го эми. Жарым жолго узатып коёюн.

Көп узабай эле Жанара:

- Кой Айпери артка кет, кайра кантип кетмексиң?

- Мен жетип алам, болуптур эмесе, эртең мектептен жолугабыз.

Өбүшүп коштошуп, шашылып жөнөп кетти. Кадамын тездетип басып баратып тердеп чыкты. Короонун түбү менен бара жаткан, килейген итти байкабай катуу үргөнүнөн коркуп кетти, кыйкырып да жиберди. Тартайган талдын алдында үйүлүп арак ичип олтурган беш алты жигиттердин бири Жанаранын үнүн угуп темтеңдей басып келди. Жанара караандарды көргөндө жана алардын баары шагыраган эркектер экенин туйганда жүрөгү оозуна кептеле түштү.

- Оо, асмандан периште түшкөн тура, кандайсын чоң кыз?

Жанара ансайын кадамын тездетти. Чуркап алдын тосуп, жигиттер! Мында келгиле, бизге конок келиптир, -деди тиги жигит.

-Эмне дейт? Жүрчү...

Баары жакындай келе жатты. Арасында орто жаштан ооп калган чоң киши бар экенин Жанара үнүнөн айырмалап турду. Жүрөгү бат-бат согуп кулагына жаңырып, колу- буту калтырай түштү.

- Аке суранам жолумду тоспоңуз.

- Коё турсаң пери, анте бербе эми. Баары Жанараны айланчыктай туруп калышты.

- Суранам акелер мени тигинде курбум күтүп жатат... Оозуна келген сөз ушул болду.

- Чакыр курбуңду, мында жигиттер көп. Атың ким чоң кыз?Арык узун бала өтө эле жакындай келип, колунан кармалады.

- Жогол ары, аке мени коё бергиле, мендей карындашыңыздар бардыр! Жанара баягыдан катуу коркуп, үнү ый аралаш кирилдей чыкты.

- Коркпо, карындаш жөн эле олтуруп көңүл ачып койчу биз менен, ыя?

- Жок аке мен шашып турам.

- Кайда шашасың! Арт жактан бирөө катуу үн чыгарды.

- Өзүнчө кыйынсынган немесиң го э? Муну карагыла, түн катып эмне жүрөсүң? Сүйлөп жаткан киши арак ичпегендей сыягы, соо кишидей сүйлөп жатты.

- Мен курбума келгем, Айпериге, ал сиздердин айылдык, таанысаңыздар керек? Жакындай басып келген киши...

- Анан! -деп кекетти.

Айылда бекерчиликтен кыштыр -жайдыр чогулуп арак ичкен немелер эле. Келечекке үмүтү жоктой жашашат. Ар бири кызды башынан ылдый сыдырып карап жатышты. Мындай кызуучулукта эмнелер гана болбойт, акылынан азышып, көздөрүнөн от жанып турду. Бечара кыз, жашоодон түңүлгөндөй. Эч кандай сөздүн пайдасы жок экенин туйган Жанара: “Апаке, кайдасың?” -деп ичинен эзилип ыйлап турду.

Эмнеге үн катпайсың?- Жер эне... Таман астымдан жарылып кетчи, коюнуңа сүңгүп кирейин. Зөөкүрлөр көрүнөт, мында мени таштаба. Булардын арасында калгынча, бөөрүлөр тытып жеп кетсе жакшы болор эле. Сенин мээримиңден жардам күтөм, жок дебе. Ушул убакка чейин, сүйүүнү, карасанатайлыкты, напсини, кубанычты баамдап таанып бүттүм. Демек мен адамдарды тааныдым. Ач карышкырдай болуп турган бул адамдардын жүзү мен туйган пенделердин келбетиндей жаман, мени куткара гөр!

Солкулдаган көкүрөгү ооруп чыкты. Байкуш кыздын колу-бутунун учтары тоңуп, тызылдай жаны жок немедей чымырап турду. Улам кымтыланып тез- тез бурула тегерене карап, ар биринин оозунан чыккан сөзүнө жооп берип, бирөө жарым келип калар бекен дегендей алаксытат. Жүзүн жууган жаш, жерге кулаганга үлгүрбөй, бетине жабыша калып, кыздан мурун сестенип тиги мас кишилерден корккондой.

Ээ адам баласы, мынча зөөкүр болбосоң эмне? Жандуулардын арасынан кыйла айырмаланган сенсиң. Колуңдан баары келет, миң түрлөнүп өзгөрүп турасың, акылдуусуң, мыкаачысың, боорукерсиң, жалганчысың, күчтүүсүң, амалкөйсүң. Мунун баары кичинекей жүрөгүңө кантип баткан?

“Апаке сени көрүп алсам болор эле, менин убалыма калышаарына аз калды. Сенин сөзүңдү укпай курбумдун үйүнө келгениме өкүнөм. Кечир мени апаке.” Жанара үнүн катуу чыгара эле ыйлап кирди.

“Үнүңдү бас!” -деп артынан келип күрөктөй колу менен бекем оозун жаап, белинен кучактай көтөрүп жол жээкте дарактарды көздөй сүйрөп жөнөдү. Буулуккан ачуу үнү менен кыйкырып, далбастап, көздөрү алаңдап, туш келген жеринен тытмалап тиги кишинин көйнөк жакасын тарткылады.

- Жигиттер токтотсок кантет? Бул жакшылыкка алып барбайт. Силер биздин айылда коноксуңар, биздин айылдык кыз болуп жүрбөсүн? Эртең бул иштин аягы жаман болот!

Арасында адамдын башын көтөрүп жүргөн бирөө бардай көрүнөт.

- Эй акмак! Корксоң кете бер! Сени бирөө бул жерде кармап турабы ыя?!

Кызып ашыгып алган бирөө өктөм сүйлөдү. Алысыраактан мейман болуп келген эки жигит бири- биринен өтүп кызды жулкулдата сүйрөп бара жатышты. Эс акылын жыйып, ошол жердин жашоочусунун бирөөсү карга бетин улам жууп, өзүнө келе албай артка кетенчиктеп алардан бөлүнүп турду.

Ата сакал оозуна бүткөнү эсинен чыгып: “Караңгыраак жакка алып баргыла, мында ара- тородо машина өтүп турат” - деди, акыл үйрөтүп.

Мына жинди суунун күчү. Кылмыш кырк жылда билинет деген ата- бабадан калган сөз таамай айтылган го.

Каңырсый жаман жыт уруп абаны булгап жибергендей. Мыкаачылык жакшы көз ирмемдерди тебелеп, тынчтык жашоону бузуп, бакытты качырды. Бүгүн минтип Жанаранын көргөн жыргал күндөрү кино тасмасындай карегинен чууруп өттү. Алсыз жүрөгү коркуп тамырлары үзүлчүдөй болуп турду.

Эх, айыл сонун, эли меймандос, берешен, ак көңүл, ак пейил, боорукер дейт эмеспизби. Аныбыз ырас, бирок бекерчиликтин айынан, көп нерседен алыс калгандары минтип караңгылыктанбы, же арактын күчү мененби, айтор гүлдү тамырынан үзгөнү жатышат...

- Өзүбүздүн айылдын кызы эмеспи?

- Жо-ок ай, тааныйт болчубуз, бул бир түн катып жүргөн шуркуя көрүнөт. Билесиңби, тиги Жаныбектин үйүнө келген өткөнкү кыздарды.

-Ооба билем...

-Ии, ошо, бир жыргаганбыз ээ. Ал кече күнү да алып келем деп сөз берип коюп жок! Көз чачырап турганда бул кыз өзү келбедиби.

-Ал шаардан келген кыздар болчу да, бул эмне дегениң?

-Болбосо эмне, бул жалгыз жөн жүрмөк беле, ошол кыздардын бири да?

Аракка тоюп турган немелер ар сөздүн башын сүйлөп акылман болуп чыга келишти, кызды талкууга алып жатышты. Эгер жинди сууга тойбой турган кези болгондо жакшылап сүрүштүрсө бирин-бири абдан тааныйт, өкүнүчтүүсү арактын күчү акылдарынан аздырып, төбөсүнө олтуруп алган шайтан да шаштырып турду. Мындай арам иш далай ирет болуп келген.

Аялын өкүртө сабаган Жаныбек акыры ажырашып тынган. Мунусу аз келгенсип үйү сойку канага айланып кеткен. Бала-чакасынан кол жууганы бир дагы өкүндүрбөй, кыйынсынып аялын кууп чыгып, билгенин кылып жашап келет. Ара- тородо ширеткич боло калып тапкан акчасына айылдын ичкичтерин топтоп сойку кыздарды алып келип эс алмайды адатка айландырышкан. Мунусун эл билбейт дейт го чамасы, айдан ачык белгилүү эле. Баары үрпөйүп Жаныбектин короосунун тушунда сагалай турушканда Жанара капыстан илешип калды бечара.

Жарыгын жылтылдатып алыстан күрүлдөгөн машинаны байкап калышкан немелер Жанараны сүйрөп талдарды аралай кадамдарын тездетишти. Жолдун четинде делдейе тиктеп турган караанды көрүп жакындай келип токтотту.

- Ассалому алейкум! Мында бир кыз өткөнүн көрбөдүңбү? Дегеле караан көрүнбөдүбү?

Милиция формачан адамды көргөн жигит оозуна талкан салгандай тиктеп туруп калды, мукактана шашып сүйлөдү...

- Жолдош милиционер, мында бир кыздын үнү чыгып жатат, мас кишилерге кабылды көрүнөт.

- Эмне дейсиң?! Акмак сен эмне кылып турасың бул жерде?! Кана кай жерде ?!

Коркуп кеткен бечара...

- Мында, -деп жылаңач теректерди аралап жол көрсөтүп кошула чуркады. Көпкө узай элек мас немелердин артынан жетип барышты.

-Токтогула! - Баарың колуңду көтөр! Абага бир жолу тапанча менен шашып кетип тарс эткизе атып жиберди. Заматта соолуга түшкөн немелер тостоё карап тим болушту.

- Кадыр! - Жанара аны үнүнөн караанынан таанып ый аралаш кыйкырды.

-Жанара! Алтыным, бул сенби?

Жулкулдата алдында турган эки кишини муштап кулатты. Баары нес болуп тиктешет. Чачтары жайыла түшкөн байкуш кыз, алардан суурулуп чыгып Кадырды көздөй шаша умтулуп бара жатып тизелей кулап түштү. Чуркап келип өйдө тургузуп, Кадыр тишин кычырата айланасына бир карап алды да, көкүрөгүнө бекем кыса кучактады. Кадырдын моюнуна асылып сүйүнүп турган Жанара... "Кадыр, Кадыр," - деп башка сөз айта албай буулугуп ыйлап кирди.

- Болду алтыным, мен жанымдамын ыйлаба, кана мени карачы. Көзүмө карачы. Сага тийиштиби? Капа кылыштыбы?

-Жок үлгүрүшкөн жок, мындан кетеличи суранам!

- Албетте, коё тур жаным.

Кадырдын эркелетип сүйлөгөн сөздөрү мындай учурда Жанарага билинген да жок. Ал эчаак эле аны менчиктеп алган сымал, жан эргитчү сөздөрүн ар бир сөзүндө кошуп сүйлөп жатты.

-Бери карагын баарың, силер менен милиция бөлүмүндө сүйлөшөм. Кадыр болгон күчү менен бакырып ар бирин жакалап жинденип алды.

- Койсоңчу Кадыр болду токтот, булар көп, сен жалгызсың! –деди Жанара. Ызы чуу боло түшкөндө мыкаачылардын экөө изин суутуп качып жөнөштү. Өзүнчө менменсиген бирөө Кадыр менен кармаша кетти. Жердеги жука карды омкоруп кара ылайга оонай бири- бирин муштап баш бербейт.

- Кады-ыр! Коркуп калган Жанара айла таппай чебелектеп , токмок жеп жаткан Кадырга боору ачып кыйкырып ыйлап турду. Алдына басып бир далайга муштап алган соң тура калып качып кетти. Дөңкүйгөн немеге алы жетпей калды көрүнөт, жини келип турса да бир аз сыр бербей тура калып Жанараны жетелеп жөнөдү.

Келип машинага олтурган соң Кадырдын алдыңкы эрини жанчылып канап чыкканын байкаган Жанара өзүн ыңгайсыз сезди, жүзүнө тике карай албай солуктап ыйлай берди.

- Жанар, бери карачы, секетим, сени мындай абалда көргүм келбеген. Мени кечирип кой. Күрмөсүнүн жеңдерин ылдый тартып, көздөрүн басып, капкара чачы капталына жайылып олтурган кызга Кадыр чын жүрөктөн боору ооруп сүйлөп жатты.

- Кадыр сага рахмат, кайдан-жайдан келдиң билбейм, кудайым өзү жиберди көрүнөт... Сага кандай ыраазычылыгымды билдирээримди биле албай олтурам... Рахмат... Менден эмнеге кечирим сурайсың? Кызык экенсиң. Мен сенден сурашым керек, мени деп минтип бети-башың канжалап олтурасың.

Жанара жан дилинен сүйлөп, көзүнөн жашы токтобой жатты.

-"Татынакайым менин, сен үчүн баарын жасаймын, ишен жаным..." Ичинен сүйлөнгөн Кадыр дагы деле адатынча сулуулугуна суктанып турду.

- Кандайча бул акмактардын колуна түштүң? Шашыла машинанын ичинен дары салынган кутусун издеп суроо берип жатты.

- Курбу кызыма келем деп ушуну көрдүм. Жол менен эле келе жаткам, алдымдан чыгышты.

- Мени кара, кел бул дарыны ичип алчы. Болду жаным, калтыраба, баары жакшы болот.

Кадыр коркуп калган Жанарага дары берип, үйрүлө түшүп жатты. Жүз аарчысы менен өзүнүн бети -башын тазалап жинденипсүйлөнүпт турду.

- Силердиби! Түрмөдө чиритем! Билесиңби жаным, кыз зордуктоо беренеси менен темир торго түшкөндөр эмне болот? Жакшысы, билбей койгонуң жакшы. Көрсөтпөсөмбү, буларга!

- Жөн кой, Кадыр. Кереги жок. Жаман иш болбогон соң, мындайларга өчөшпө.

- Бул эмне дегениң? Карачы сенин жүрөгүңдүн үшүн алышты, кантип ушуну жөн коём?

- Мени уят кыла көрбө Кадыр. Эл укса эмне дейт?

- Аа, сенин оюңа түшүндүм, ансыз да сенин арызыңсыз эч нерсе кыла албаймын. Буларды башка жол менен жазалаймын, алгач баарын иликтеп алыш керек.

- Бул жерден алыс кетеличи.

- Ооба, үшүп калыпсың, жылынып ал. Машинаны катуу айдап жөнөп кетти. Жанаранын корккону али басылбады, колу- буту калчылдап көзүнөн жаш тыйылбайт.

- Апам, апама чалышым керек. Менин телефонум түшүп калган тура, апам тынчсызданып жаткандыр.

- Эч нерсе эмес, менин телефонум менен конгуроо кыла тур...

- Өзүңдүкү кана десе эмне дейм?

- Бирдигим калбаптыр, дос кызымдыкы менен чалып жатам дегин.

- Бул окуяны апам билбегени дурус.

- Андай болсо өзүңдү бир аз басып ал, сыр бербей сүйлө.

- Апаке?

- Кызым, эмне болду сага? Чалсам албай жатасың.

- Аа кыздар менен күлүп олтуруп укпай калыптырмын апа, бул курбу кызымдын номуру, менде бирдик калбаптыр апа. Мен мына дарбазанын алдына келип турам, кыздар узатып келишти, кабатыр болбой уктай бериңиз кирем азыр.

- Кагылып кетейин, атаң урушту эмнеге жибересиң деп, жүрөгүм бир башкача согуп кыжаалат болуп жаттым эле, эртерээк кир үшүйсүң...

“Жанара дарбазанын алдында турам кыздар менен дейт,” -деп апам ары жакта атама сүйлөп жатты.

- Макул апаке, азыр кирем.

- Кадыр рахмат сага, мен аябай калпычы болдум.

- Азыр жагдай ушундай болуп калды Жанар, эч нерсе эмес.

- Айтчы, сен кайдан келип калдың? Жашоодон түңүлүп калдым эле, ээн жакка сүйрөшкөндө өлгөнүм ушул дедим. Кандай өкүнүчтүү, биздин эл ушунчалыкка чейин барып калышканбы? Уят сыйыт деген кайда?! Ыйман кайда?! Кадыр?!

- Сен бул азыр зөөкүрлөрдүн ыйманы кайда деп жатасыңбы? “Бир карын майды, бир кумалак чиритет” - дегенди билесиң да, ошондой эле бардык нерсенин жаманы болот. Баары тегиз жакшы болуп кетсе болбой калбайбы. Акмактар, эртең бармагын тиштеп калышары менен кабары жок. Ишенип коё бер, алар бул дүйнөгө жаралганына өкүнгөндөй кылам. Кадыр рулду бекем мыжыга кармап, айнектен эшикти тиктеп сүйлөп жатты.

- Суроомо жооп бербедиң Кадыр.

-А, мен, сага келгем күндүзү эле, тиги булагыңардын жанында бир саат тай турдум. Илгери үмүттө сени жок дегенде бир жолу суу алганы келет го, деп ойлогом. Тилекке каршы, кичине кыздар, балдар келип

алып кетип жатышты. Акыры чыдабай үй тарабына жакындата айдап бардым, канча олтурганымды билбейм, бир убакта сен чыга келдиң. Мени урурушуп кууп жибербесин деп, артыңдан жайлата айдап кете бердим. Мындай алыс жакта эмне жумушу бар деп сага таң калып турдум. Тез-тез басып шашып бараттың. Тиги үйгө кирип кеткениңден кийин, алысыраак токтотуп чыгышыңды күтүп олтуруп уктап кетиптирмин. Жумуштан дароо эле сага келгем, чарчап турдум эле. Сен кирип кеткенде, эшикте күтүп турам деп айтайын десем телефонуңду албай койдуң. Катуу уктап кеткендиктен, курбуңдун үйүнөн качан чыгып жолдон өткөнүңдү байкабай калыптырмын. Чочуп ойгонуп эле караңгы түшүп кеткенин көрүп сени издей баштадым. Же тиги үйгө кирип сурай албайм, бирок жүрөгүм сезип турду, үйүнө кеткен тура деп артыңдан шашып айдап бара жатсам жолдо бир жигит туруптур. Токтоп, андан жолдон бир кыз өтпөдүбү? - деп сурадым. Ал мында бир кыздын үнү угулуп жатат деп айтып калды. Дагы кудайга шүгүр, ошол жигиттен токтоп сураганым, сурабай өтүп кеткенде эмне болмок. Кудай сактасын, ушундай жаным. Сени жоготуп алайын дедим.

Жаштары тамчылай түшкөн Жанара, Кадырдын рулда турган колунан кармап, “рахмат,” - деди дагы бир жолу. Жүрөгү жылый түшкөн Кадыр ага коштой кыса кармап, өөп койду.

Болуптур эмесе, үйгө кирейин апамдар издеп чыгып кала электе, дагы сүйлөшөбүз.

Машинанын эшигин жаап чыгып кеткен Жанаранын артынан шашылып чыккан Кадыр...

- Токтой тур, - деп жакындай келип:

- Өзүңдү этият кыл, бейчеки эч жакка барбачы жарайбы? Көйгөй болсо мага айт, уялба...

- Жарайт, Кадыр кабатыр болбо, сага абдан ыраазымын, жакшы жетип ал... Көзүнөн жашы токтобой жаткан Жанара бакырая карап жылмайды. Бурулуп үйүнө кирип бара жатканда чыдамы кеткен Кадыр колуна бекем кармап өзүнө тартып көкүрөгүнө баса кучактады.

- Сенин бир тал чачың түшсө өзүмдү кечире албайм, жаным.

- Кадыр, менден бир нерсе үмүт кыла көрбө, сени акем катары сыйлайм...

- Жок - жок, андай оюм жок ишене бер...

Үйгө кирип, төшөгүмө боюмду таштадым да, бир калыпта көпкө уктай албай, коркуп калган жүрөгүмдүн катуу чыккан дабышы басылбай жаттым. Мурат, сенсиз мен эч ким эмес экенмин, буга көзүм

жетти. Кадырдын кучагында каршылык кылбай турганым үчүн мени кечир, башка айлам жок болуп калды.

Заматта эле көз жумду кылып, унутуп койчу окуя болгон жок. Буга чейинки бактылуу күндөрүмдүн бүктөмүнө жашырсам да, кашкайып эле дароо чыгып калчу түрү бар. Менин эң алгачкы өлүмдү жүрөгүм менен туюп көргөн мүнөттөр болду. Каракчылардын арасында тебеленип калчу болсом өмүрүмө кол салып, ичээр суумду какшыта төгүп, кан тамырларымды жулкуп үзмөкмүн. Мындан ашаарлык уят иш болбос. Башыма казан кийип алгандай оорлошуп, ооруп турат.

Бүгүн чейрек үчүн дилбаян жазабыз, сабактан калууга болбойт, башка учур болгондо бир күнгө жооп сурайт элем. Али кечиндегидей майда калтырак денемде. Өзүмдү мурдагыдай алып жүрүүгө аракет жасап жаттым. Таң эрте столду даярдап, эртең мененки тамактанууга баарыбыз олтурдук.

- Кызым, окууларың жакшыбы?

- Ооба ата, жакшы.

- Кечинде эмнеге кеч келдиң? Мындан ары, менин уруксаатымсыз эч жакка барба түшүнүктүүбү?

- Түшүнүктүү ата...

Атам үнүн бир аз көтөрөрүп сүйлөп, жини келип жатканын билдирди. Сестене атам жакты бир карай, көзүбүз- көзүбүзгө учурай тим болдук. Ыңгайсыз абалдан чыккым келди.

- Баса, ата директор бул катты сизге берди. Чалса албай жатыптырсыз, коңгуроо кылсын деди. Мураттын маселеси боюнча дейт...

-А коңгуроо кылыптырбы? Укпаган экенмин, сүйлөшөм азыр.

- Болуптур, мен сабакка жөнөйүн, кечигип калам. Айланып атам олтурган жайга барып: - Айткан сөздөрүңүздүн баарын эсимден чыгарбайм ата, жүзүнөн өптүм, апамды да бекем сүйүп алып мектепке жөнөдүм. Иним менен сиңдим дайым эрте кетип калчу адаттары бар, бүгүн дагы чала- була чай ичип эчаак эле менден мурун чуркап чыгып кетишкен.

Мен Муратка кат жазгам, бул ыр саптарымды ал сөзсүз окуусу шарт, канча болду дайын жок. Капкара каштарын чытып, эрдин тиштеп сагынып олтургандыр. Кадыр да куру үмүт туудуруп алды. Эгер бул катты Кадырдан берсем, Муратка жетпей калуусу мүмкүн, ырас эле... Жакшысы Айдай эжеден берейин.

Жанаранын татынакай назик, алсыз келбети бозоруп, Муратты эстегенде жүдөй түшөт. Кадамын тездете басып Мураттын үйүн көздөй бара жатты. Ичинен күбүрөнүп: “Таң атпай келиптир дебес.”

Короонун түбүнө жетип, дарбазаны эми кармаганда шарак этип ачып Айдай чыга келди.

- Ой, эже абдан коркуп кеттим!

- Мен дагы. - Экөө күлүп алды.

- Кел Жанара, чочутуп жибердиң го.

- Ошону айтсаңыз, таң атпай келип алдым.

- А эч нерсе эмес, жөн жайбы? Тигил кичинекейим уктап жатканда, суу алып келип алайын деген элем.

- Ооба, жай эле. Эже, Муратка берчү катым бар, көптөн бери бара да албай жүрөм, сиз качан барасыз?

- Бүгүн барам, кече колум бошобой бара албагам, классташ балдары биз барып келебиз деп мында өтүп бара жатып айтышкан.

- Ырас болбодубу, сизден берип жиберейин.

- Макул, берегой.

- Сизге рахмат, мен жөнөйүн жакшы туруңуз.

-И макул...

- Ай Мурас, тигил Жанара эжең менен чогу кет. - Айдай окууга жөнөп жаткан уулуна сүйлөдү.

- Жүрү Мурас. Колунан жетелей, маектешип мектепке жөнөп кетишти...

- Жанара эже? Мурат акем качан келет билбейсизби?

- Ошону билсем кана күчүгүм, мен да сен сыяктуу билбей жатам.

- Бирок кабатыр болбо, ал жакында келет.

- Сизге ким айтты?

- Жакшы адамдар.

- Жаман адамдар кандай болот?

Мурастын берген суроосуна жооп таба албай Жанара бурчка такала түштү.

-Жаман адамдарбы? Жаман адамдар, арак ичкен, чылым чеккен, апасынын сөзүн укпаган, тил албаган, жалкоо, ушундай болушат.

- Анан дагы аялын урган э?

- Ошондой болсо керек, эмнеге мындай дедиң?

- Демек, менин атам жаман киши болгон тура э?

- Бул эмне дегениң? Кой андай дебе Мурас...

"Кайдан дагы ойлонбой арак ичкен деп айтып жибердим," - Жанара ыңгайсыз абалда калды.

- Апам айтты, атаң бизди асмандан карап турат деди, бирок ал жакта арак жок экен, ичпей калыптыр. Атам апамды көп урчу, Мурат акем болушат эле дайыма. Азыр Мурат акем алыста иштеп жүргөндө, атам асмандан түшүп келип дагы апамды урса ким болушат? Басып бара жаткан калыбынан дароо токтой калып:

- Келчи мага кичинекейим.

Баланын жан дүйнөсү таза, кыпындай чаң жок. Ал болгонун-болгондой айтып жатты. Жанара Мурасты олтура калып көздөрүнө тиктеп бекем кучактады. Эмне деп жооп берсем деп ичинен эзилип турду.

- Өзүң айтпадыңбы, ал жакта арак жок экен деп, демек ичпейт, апаңды дагы урбайт, түшүндүңбү?

- Түшүндүм...

- Ошентсе дагы Мурат акем батыраак келсе, абдан жакшы болор эле...

- Мурас, эч качан атаңды жаман деп айтпа жарайбы, ал сени кичинекей кезиңден колуна көтөрүп чоңойткон, ал сенин атаң, жаман деп айтканга болбойт.

- Арак ичсе дагыбы?

- Ооба, ичсе дагы, ал сенин атаң.

- Апам да ушинтип айтат, бирок мен атамды жакшы көрөм, апамды урганда кичине жаман көрүп калам, кайра унутканда жакшы көрүп калам.

Мотурая маңдайкы бир тиши жок Мурас Жанарага карап жылмайды.

-Азаматсың, сен акылдуу баласың да.

- Ассалому алейкум! Сабактан келгенде ойнойсузбу мен менен?

- Алейкум ассалом, ооба, ойнойбуз...

Мурас жанынан сабакка шашып өтүп бара жаткан өзү курактуу бала менен кол алышып чоң кишилердей учурашты...

- Мурас, ал бала сен менен эле тең көрүнөт, эмнеге сиз дедиң?

- Ал менден бир жаш чоң, үчүнчү класс.

- Аа ошондойбу? Бою бирок сенден кичине экен э? Сен менен тең окшойт деп ойлободумбу?

- Мурат акем: "Кичүү улууга биринчи салам айтат" - деп айткан. - Өзүн арандан кармап келе жаткан Жанаранын карегы сууланыша түштү.

- Мурат акең абдан туура айтыптыр, эсиңден эч качан чыгарбай жүр э?

- Ооба...

Кичинекей Мурастын акылына таң калып бара жаткан Жанаранын жүрөгү жылыды. Мектепке жакын калышты.

- Жанара эже, Мурат акем экөөбүздүн атыбыз окшош, бир тамгадан гана айырмаланат, карасаңыз, Мурат - Мурас...

- Ырас эле, эч байкабаган экенмин.

Маңдайынан сүйүп койду. Чуркап мектепке кирип кетишти.

Айдай балалуу болбой жүрүп, араңдан кудайга жалынып тапкан уулун Мурасым деп атаган. Атасынан калган Мурас деп коёр эле.

Адам баласы бул жашоодон өзүнүн ордун алдына ала көрүп, келечегин туюп, үмүт шамдарын күйгүзүп, кандай караңгылык каптабасын айласын таап жашап келет. Ооба, бирөөлөр үчүн жыргал болсо, а бирөө үчүн түйшүктүү ары кыйын. Өмүрдө биз даамын татпаган нерсенин өзү жок, анын арасынан өлүм өтө ачуусу. Кечирээк татсам деген тилек кимде жок дейсиң...

Ошондой эле ага каршы эң таттуусу да бар, ал "Сүйүү" жана "Өмүр". Булардын адамга аба менен суудай керектигин баарыбыз билебиз. Пендени өзгөрткөн сүйүү, гүлдөткөн сүйүү, бүрдөткөн сүйүү, бакытка чулгаган сүйүү, башка бир дүйнөгө алып учкан сүйүү, көзүн көр, кулагын кереӊ кылган сүйүү, бактылуу кылган сүйүү, бактысыз кылган сүйүү, ыйманга каршы чыккан сүйүү, уу сымал антты жуттурган сүйүү, айтор күчүбүз жетишсиз. Кээде "Сүйүү" - бул кайдан жаралган дегенге акылым илешпей, жооп таппайм. Көрсө табигаттын белеги тура...

"Ушинтип эле илгертен энелерибиз кандай кыйынчылык болбосун көтөрө билип, өзүн сүйгөн адамга баш ийип, алып качып кетсе моюн сунуп эле жашап калган туурабы?

Ошол сымал Жанаранын да каршылыктарына анча терикпей турайын. Кыз эмеспи кантсе да, кылыгы менен дешет го... Анын үстүнө акылдуу, сулуу айтор менин оюмдагыдай. "Кадыр адатынча мектептен алысыраак айылга кетчү жолдун четине унаасын токтотуп Жанараны күтүп олтурат.

Чач тарачка барып, андан соң жакшы костюм алып, бүгүн өзгөчө калыбында. Бир гана кечеги окуядан кийин сол көзү ак чыттын көк гүлүндөй даана көгөрүп, ыӊгайсыз абалда. Чындыгында Кадырды көргөн бийкечтер тийишпей, сөз айтпай койбос эле... Ал баарына бирдей мамиле жасап жылмайып гана коёт. Далай кечелердин көркүн

ачып, каалоо-тилектерди катыра сүйлөп, ырдап дагы коймой жагы менен кыздардын жүрөгүн ооруткан учурлары болду.

"Алтыным, кече үйүнө кирип, эки көзүн тизесине басып, өпкө кага солуктап ыйлаган чыгар," - деп Жанарага боору ооруп турду.

Буйруса, ак көшөгөдө сулкулдөп келин болуп олтурсаң, а мен кудундай келген- кеткендин билегинен кошо кармап куттуктоо сөздөрдү угуп, мурунумду барбайтып, бактылуу болуп учуп жүргөн күн келээр. Анан сен, "Бегим" - деп мойнума асылып жатсаң жанымда, алдыңкы эринин тиштеп чалкалап олтургучта жаткан калыбында жылмайды.

Кадыр көптөн бери ооруп жүрөт. Мунусун энесине да айтпайт, догдурдан кеңеш алып, дары - дармек ичип жакшы болуп калган. Бирок ичинен уйгу- туйгу болуп шаарга жакшылап көрүнүүгө барбасам болбойт деген даярдыкта. Догдур деле коркунуч жок, шамалдап калгансың, жаштар ушусуңар да, жука кийинесиңер, мындай оору баарыбызда бар деген.

Анын эси-дарты Жанарада болуп, көңүлүн өзүнө буруу эле, ансыз шаарга кете албайт. Сыртта чылым чегип, Жанаранын келчү жолун утурлай карап турду. Апапак болгон кала гүлдү жакшына оротуп, арткы олтургучка коюп койгон. Алыстан жай гана кадамын санай басып келе жаткан Жанараны көрүп жалгыз экенине кубанып кетти. Анын маанайы суз экенин туюп турду. Жакындай келгинче Кадырды тааныбай өз ойлору менен алышып жер тиктеген бечара кыз, улам жүзүнөн кулаган жашты сүртүп коюп жатты.

- Кандай Жанара?

- Кадыр, кайдан сен?

-Сени күтүп турам...

- А эмнеге? - Саламын алик албай туруп суроо узатты.

- Өзүң жакшыбы? Кантип калдың? Сага кабатыр болдум.

- Шүгүр Кадыр, рахмат, акырындык менен унутулат. Жанара Кадырдын көгөрүп чыккан көзүн көргөн сайын, жүзүн ала качып, ордуна тура албай кыжаалат болуп жатты.

- Кел жеткизип коёюн... Машинанын эшигин ачып, жылмайды. Бул сапар каршылык кыла албай, үн - сөзү жок олтурду.

- Тиги гүлдөр сага, жөн гана, алып кой сураныч.

- Рахмат, убара болупсуң. Сен экөөбүздүн мамилени түшүнөсүң деп ойлойм Кадыр.

- Албетте, кабатыр болбо.

Чакан күзгүдөн арт тарабын улам акмалап, кантип сөз баштаарын билбей дым болуп айдап баратты.

- Кече такыр уктабай түн терметип чыктым, азыр бир аз уйкум келип турат- деди Кадыр.

Жанара бир топ унчукпай, бир убакта өзүнчө улутунуп алды.

- Эмне демекмин Кадыр, сага ыраазымын. Маңдайга жазгандары акырындык менен болуп келатат. Кача албайм. Эми дагы сыноолор алдыда чыгар, билбесем да сезип турам.

- Ушундай эле токтото бер, айылга айдап кирбе, түшүнөсүң да.

- Макул, бир аз олтура турчу.

- Мен барайын Кадыр, башым ооруп турат.

Кадыр сыртка чыгып, арткы эшикти ачып Жанаранын жанына олтурду.

- Эмне болду?

Арткы айнектин түбүнөн кызыл, белек болуп оролгон бири чоң, бири кичине кутучаны алып.

- Бул сага, - деди.

- Мында эмне бар?

- А сен ачып көр да. Жалтыраган белектер оролчу кагазды ачып, андагы чөнтөк телефонду көрдү.

- Кадыр мен муну ала албайм, капа болбо.

- Менден сага чакан белек, жок дебечи Жанара. Айтсаң, эмнеге бардык жасаган ишиме каршы чыга бересиң?

- Себеби алар менин оюма дал келбейт.

- Макул, кечир мени. Алып кой, сураныч, ушул заманда телефону жок кантип жүрмөк элең.

- Буйруса жакында алмакмын, бирок мынчалык кымбатын эмес.

- Артка кайрыба сураныч, өтүнөм. Жанаранын эки колунун сыртынан кош колдоп кармап сүйлөп жатты.

- А бул эмне?

- Аны үйүңдөн ачып көрөрсүң. Жанара, баягы сунушума эмне дейсиң? Буйруса мына, досторум да эртең келип калышат, бүрсүгүнү чогулабыз. Менин сага берген убадамды билесиң да, сөзүмө таштай бекем турам ишен. Досторумдун алдына сүйлөшкөн кызым жок баруу уят болуп турат мен үчүн. Анын үстүнө, "Качан көрсө жумуш деп тытынып жүрөсүң, кыз менен сүйлөшкөнгө убакытың болобу?" - деген сөздөрү намасыма тийип жүрөт.

- Кадыр, жалган иш жасагандан уялсаң боло, мен бирөөнүн үйүнө сени ээрчип бара албайм, кечир.

- Жок- жок үйгө эмес, кафеге баарын алдына ала дайындап койгонбуз. Башында үйдө олтурсакпы деп, кийин достор бийлеп көңүл ачабыз дегенинен кайра айнып кетишти. Жанара өзүңдү менин досум катары элестетип эле, мени ээрчип ошол жерге барып койчу, жок дебечи...

Кадыр көздөрү жайнап сүйлөп жатты.

- Кечеги окуядан соң, атам мага жини келди, кеч киргенде эч жакка кадам баспа! Эмнеге кеч келдиң?- деп урушту. Кечир Кадыр бара албайм.

- Жанара, эч кимдин түн катып кафелеп жүрчү чамасы жок, баары үй- бүлөлүү, бала- чакалуу дегендей, күндүзү эле олтурабыз кабатыр болбо, айткан убактыңда үйүңө жеткирип коём. Мени карачы, сабагыңдан чыккандан кийин эле дароо алып кетем, күүгүмгө да калбайсың.

Жанаранын Кадыр сүйлөп жатканда, оюна көп нерселер келип жатты. Анын коркунучтуу абалынан куткарганы да көз алдында турду. Бир жагынан Муратты ойлоп, жүрөгү канайт.

- Макул, Кадыр, мага кылган кечеги жакшылыгың үчүн жок дей албадым. Сени акем деп эле эсептеп турам, анан сөзүңө туруп тынчымды албайсың. Кийин, дагы бир шартым бар, мени Мурат менен жолуктурасың. Эгер баягыдай бизди кезиктирсең, макулмун. Кадырга карай күлүп турду. Кадыр кыймылсыз калыбында, Жанаранын келбетине суктана карап туруп, аны кыялында жүзүнөн бекем өзүнө тартып кармап эриндеринен өөп жатты.

- Кады-ыр? - Кадыр көзүн дароо ала качып:

- А ооба сен айткандай болсун, ишене бер, - деди.

- Болуптур эмесе, мен кеттим.

- Баса, жаңы номер салып койгом телефонго, мен чалганда алып тур макулбу? Келишим бүткөнчө, -деп жылмайып койду Кадыр.

- Макул...

Жанарага угузбай акырын, " Жаным менин" - деп шыбыранды.

- Жанара эже! Жанара эже- е...

Мектептин коридорун жаңыртып, эртеси күнү Мурас чуркап келди.

- Күчүгүм десе, күйүгүп алыпсың го?

- Саламатсызбы?

- Кандайсың?

-Эмне болду?

- Эртең менен кыйкырсам укпадыңыз, сизге жетпей калдым.

- А, жөн- жайбы?

-Апам сизге бул катты берди, чамасы, Мурат акемден го.

- Ии алтыным рахмат.

- Кече барганда алып келди.

Ичимден жарылчудай кубанып турам, оо кудайым бул кургур жүрөк кабынан чыгып кетпесе экен.

- Жүрү үйгө кетесиңби? Чогу кетели?

- Жо-ок, менин сабагым эми башталат да.

- Кандайча? Күндө эртең менен келесиң го?

- Негизи түштөн кийин окуйм, эртең менен кошумча сабагым бар, анын үстүнө ийримдерге да катышып алгам, шахмат ойногонду сүйөм.

- Ошону айтам да, бая мени менен келгенде таң эрте сурайм деп эсимден чыгыптыр. Азаматсың, талыкпай оку, мунун арты жемиштүү болот. Эч качан китеп окуудан, ийримдерге катышуудан тажаба жарайбы?

- Жарайт…

- Барагой анда, катты алып келгениңе рахмат.

- Ой кайда жүрөсүң? Сени издеп жатпаймынбы, тиги Мураттын инисиби?-деди курбусу Айпери...

- Ооба...

- Эмне дейт?

- Ай жөн эле. Өзүң эмне болду? Мени издепсиң?

Катты экиге бүктөп сол жеңиме колумду артыма алып акырын билгизбей салып койдум, жалгыз өзүм окугум келди.

- Сени издегеним, Турат менен кайра жакшы мамиледе болуп калдык, абдан кубанып турам. Ал мага момундай шакек ала келиптир карачы.

- Кубанычтамын курбум, шакегиң да абдан жакшынакай экен. Сага чалбай жүргөнүнүн себеби эмнеде экен?

- Чындыгында көңүлгө толоорлук деле сөз айтпады, бирок мен ишенүүнү чечтим. Сени менен телефондон урушууну каалабадым дейт. Билбесем досум, алдап турат деп ойлобойм, өзүнө ишеничтүү сүйлөп турганынан шек санай албадым.

- Эмнеси болсо да, бактылуу болсоңор болгону курбум.

- Ырас айтасың, менин да тилегим ошол.

Айпери көпкө сүйлөп туруп алды. Оюмдун баары тигил катта болуп, анча- мынча сөзүн укпай турдум.

- Жанара, эмне болгон сага? Сен мени тиктеп турасың, бирок оюң башкада.

- Ым, айтсаң, бол эми...

- Айпери, Муратты катуу сагындым.

- И алтыным түшүнөм сени, аны баарыбыз сагындык. Ал барда класстын көркү чыгып турчу го. Мени дайыма, "Айпери дагы сумкаңа нан салып албадыңбы? Бар болсо берчи, мен сага алма берейин," - деп эле тамашалай берчү. Бирде эки алма кармап туруптур ойго батып, Мурат, берсең боло бирөөсүн десем, кичинесин берет, чоңун жейм десем, "Бул Жанарага кап этпе" - деп күлүп койгон, азыр эстейм. Сени абдан сүйөт э курбум?

- Мени ыйлаткың барбы? Желмогуз десе...

Айпери каткыра күлүп, болду, болду классном эже кечириң,- деп тийишип сүйлөп калды.

- Кыздар күлкүңөргө мени да кошуп алгылачы. Айжан дүңкүлдөй басып келип, экөөбүздүн ортобузга туруп колтуктады.

- Кошул, кошул...

- Кыздарики, мына минтип чоңойдук, саналуу айдан соң ар кимибиз ар жакка тарайбыз.

- Ошону айтсаң, буга чейин тажап жүрсөк, эми сагынабыз мектепти.

- Силерге бир оюмду айтсам дейм. Жашырбай айткылачы, кыздаар, ким жигит менен өбүшүп көргөн?

- Оо- о кайран мунун оюн кара Жанара.

- А эмне? Өзүбүз эле го айткылачы. Жанараны го Мурат далай өпкөн э курбум, сен болсо Туратың менен өбүшкөндүрсүң, ушу мен бечараны өпкөн киши жок.

Коридорду жаңыртып күлдүк.

- Айжан шашпасаң Алмаз жакында чыгып келет, ошондо өбүшөсүң ха-ха –ха...

-Ээ-эй курбум ал мени өппөйт, дүңкүйүп минтип бир аз чоңмундагы андан, өбүш үчүн үстөл коюп же секирип өбүшү керек.

Боорубуз эзилгиче күлдүк, Айжан дайыма чөгүп турган маанайды көтөрөт.

- Курбум аны секиртип, үстөл койдуруп олтурбай эле эңкейип өзүң эле өбө салчы эй.

- Ырас айтат Айпери, ошондой кыл, кийин Алмазды бир өөп албаптырмын деп өкүнөсүң.

- Тигини, тигини, мен силерге караганда ары сулуу, ары оор басырыктуу, ары ыймандуу кызмын, андай кыла албайм, хым!

Андан бетер жарылып күлдүк, көзүбүздөн жаш чыгып жыргап алдык. Курбуларымды карап олтуруп жүрөгүм жылыйт, булар дагы менин жашоомдун бир бөлүктөрү.

- Кыздар тарадыкпы ? Антпесе курсагым ачып кетти, тиги манты саткан Сагынбү эже да суук түшкөндөн бери келбей калды.

- Анын соодасын сен эле жүргүзөсүң  досум. Айпери Айжанды шылдыңдай күлдү.

- Тамаксоо жаным чыдабай кетемда курбум.

- Андан көрө тиги өткөнкү карызыңды бергенсиңби?

- Бербей анан...

- Ал сени бирде класска чейин издеп келиптир. Каткыра күлдү, Айпери.

- Ошентет ал эже, бербей коёт деген го э?

- Тигине, аты ким эле? Короз кант саткан аке келди, бар алып же.

- Кой ай , кайра ичимди ачыштырат канты. Болуптур эмесе, арыктап  кете электе үйгө барып тамактанайын.

- Ошент...

Айжан менен өбүшүп коштошуп, Айпери экөөбүз үйгө жөнөдүк. Эх, кандай бакыт, жол бою жеңимдеги катты улам сөөмөйүм менен сыйпалай кармап, түшүп калбадыбы дегендей текшерип коюп жаттым. Айпери баягы ою менен эле бөлүшүп, бактылуу экенин айтып түгөтө албай келе жатты. Үйгө жетип бөлмөмө кирээр замат ичинен кулпулап алдым. Китеп кабымды жайына коюп, диванга күп эте олтуруп катты окуп кирдим.

"Кандайсың Жанка? Ден-соолугуң жакшыбы? Окууларың? Мектепти, классташтарды сагындым. Сени кандай сагынганымды билесиңби? Алтыным менин, сен бар экенсиң ушул төрт дубалдын ичинде да өзүмдү бактылуу сезип жашап жатам. Өкүнүчтүүсү сенин жанында жокмун.

Бүгүн түшүмө кирдиң, ыйладым жаным, себеби сенин колуңдан башка жигит тартып алып кетип жатыптыр, ойгонуп түшүм экенине кубандым. Сени көрбөгөнүмө көп болду, келсең боло Жанара. Суранам менден жүзүңдү буруп кетпе. Бул турмушта эжем экөөңдөн башка эч кимим жок. Сагынып, көлөкөңө зар болуп олтурам, периштем менин.

Муратты таштаба, мен сени сүйөм, азыр ушундай жаман акыбалдамын алтыным.... Бир мүнөт убакыт берем Жанараны көрүп

ал, андан соң алып кетем деп ажал келсе да макулмун... Мен үчүн жаралгансың сен Жанара, акыркы күндөрү жиндеп кетээриме аз калгандай туюлуп жатат.

Бүгүн классташ достор келди, мага кат киргизишти. Сыягы, каттын аягын Куткелди жыйынтыктаган. Анда мындай дейт:

"Жанарага качан жолугуп сүйлөшпөйүн, мени адашып Кадыр деп алат. Ким ал? - деп сурасам, ишиң болбосун деп кагып коёт, дос сен Жанараны сүйөсүң билем. Сыягы ал башка жигит таап алган го, бирок сени деле өрттөнүп сүйбөйт билебиз. Кыздар ушул да, жакшы сүйлөп белек- бекчек берип койсо бат эле башкага имерилип калышат. Сен кабатыр болбо, жөн гана билип алсын дедим. Жанарага көз салып турам ишен. Аман- эсен бошонуп чык, досуң Куткелди."

Айтчы жаным, мындагы милиция Кадырбы? Суранам ушул сөздөр калп болсун, ишенбейм. Ушул катты окугандан бери жан дүйнөм тынч албайт, сенден жооп күтөм. Чындыкты жаз алтыным. Суранам мени таштаба, жүз жолу айтам. Кадырды өлтүргүм келип жүрөм, калп деп айтчы.

Куткелди, мурун эле кызыктай сөздөр менен менин көңүлүмдү ооруткан күндөрү болгон, же жалгандан эле сен экөөбүздү уруштурайын дейби? Кызык, сенден эч качан көңүлүм калбасын билет акмак. Айтор андан да сак бол, жакшы жигит эмес.

Жашоо мен үчүн абдан кызыктуу, анткени сен барсың да...

Муратты сыздатып жалгыздыкта, жалдыратып калтырба.

Бир өмүр өзүңө кул болуп өтөйүн, бул менин жүрөктө антым да.

Сүйүүмдү таманыңа төшөйүн, чаптайын ооручу дартыңа.

Акыркы демимди жуткунча жетейин баркыңа... Аман тур Жанара, жооп күтөм."

Бул эмнеси? Эмнеге ушул катты мектепте окубадым? Куткелдиге жолукмак экенмин. Анын жалгандарды жазганы, бир аз чындыкка жакындагандай болуп калды. Белек алганым ырас, Куткелдини Кадыр деп алганым да чын. Мурат алтыным, сени эч кимге алмаштырбайм, ишене бер, солуктап ыйлап жаттым. Жан дүйнөм өрттөнүп турду. Бул эмне кылганың Куткелди? Акмак экенсиң! Мураттын жазган катында көз жашы тамгандай, тагы калыптыр сыясы сүрүлүп сыйпалып, тегерек тактардын ичи майда бырыш.

Жаным, кат жазып жатып ыйлаган тура. Кадыр мени бир балээден куткарып калды, ошол себептен белегин алып койдум, башыма да урбасмын. Намыстанып турам, Мурат кечирчи мени, Сенин ишенчиңди актайм, ишен жаным.

- Эже апам чакырып жатат,- деди Карачач Жанаранын бөлмөсүнө кирип...

- Мына, баратам.

Мурат...

Кантип эле ушундай болсун? Мага жазган ыр саптарына караганда, мени сүйөт жаным. Сени эч кимге бере албайм Жанара. Кандай керемет ыр саптарды жаратkансың мага берекем, эч качан жоготпой сактайм, жаттам алам. Кайран Куткелди, "Сен эле татыктуумун деп ойлойсуңбу Жанарага" - деп бекер айтпаган экенсиң. Ойлонбой кат жазып алдымбы? Жанара мага капа болсочу? Анда Куткелди Кадырды кайдан билмек? Жооп күтөм сенден жаным, жооп күтөм. Мурат ар түрдүү ой менен алышып, тынчсызданып жатты.

- Кызым, эмне болгон сага? Бычакты алып бер десем, кашыкты алып бересиң?

- А апа баары дурус, ойлонуп кетиптирмин.

- Карачач тур, бөлмөңө барып китебиңди окучу кызым. Мени карачы, айтчы мага жашырбай, эмне болду Жанара?

- Апаке, баары жакшы, болгону Мураттан кат келди. Ошону окуп, кыжалат болуп турам.

- Эмне дейт?

- Эч нерсе апа, ыр саптарын жазыптыр.

- Ой кокуй, ошого ушунчабы? Келчи мага. Кагылып кетейиним. Мени жазбай тартып, жашыксың, жумшаксың кызым. Бекем бол, сабыр кыл. Буйруса чыгып келсе, сен ага чейин окууңду бүтүрүп турсаң, аны батыраак бошотууга болгон күчүн жумшап жатышат. Андан соң, маңдайга жазган болсо бирге болосуңар.

- Сизди чексиз жакшы көрөм апа.

- Актилек! Ой Актилек! Иниңди чакырчы суу алып келсин.

- Ал сабагын аткарып жаткан чыгар, мен алып келем апа.

- Ошентчи кызым, суу калбаптыр.

Жанара ичинен бирдеме ойлонуп алгандай, шап ордунан тура калып, сууга жөнөдү, жолдо курбу кызы Айпериге коңгуроо кылды...

- Алло? Айпери, эмне кылып жатасың?

- Олтурам досум өзүң?

- Мен булакка баратам сенде Куткелдинин номуру барбы?

- Ооба, а эмне болду?

- Кат кылып жиберип койчу, азыр, макулбу?Эртең айтып берем.

- Азыр жазып коём.

Жанаранын чыдамы кетип дароо Куткелдиге коңгуроо кылды...

- Куткелди бул сенби?

- Алло, ооба мен, ким бул?

- Мен Жанара булакка келчи сага айтчу сөзүм бар.

- Макул, азыр.

Ордунан ыргып тура, Куткелди кубана түштү. Бирок эмнегедир жүрөгү уйгу- туйгу. Жанара булакка экинчи ирет келгенде Куткелди анда күтүп олтуруптур.

- Кандайсың Жанара?

- Жакшы эмес, көрүп турганыңдай жиним мурдумдун учунда.

- А эмне болду?

- Билмексен болосуң дагы, Куткелди. Качан мен сага, Кадыр деген ким экени менен сенин ишиң болбосун деп айткам? Айтчы мага?!

- Аа, түшүнүктүү, демек Мурат кат жазган..

- Албетте жазды.

- Сен мени адашып Кадыр деп алганыңдан баштап кыжаалат болуп жүрөм, жигитиң бар го деп ойлоп калгам, Мурат сен жөнүндө кайра - кайра сурап кат жаза бергенде ошону айтып койдум, мени кечирип койчу.

- Сен эмнеге кыжаалат болосуң мен таңмын? Ошол бир ооз сөз адашып чыгып кеткени үчүн аялдарча ушак кылып ташыганың эмнең?! Билип- билбей туруп айтканың туурабы? Айтчы!

- Жанара далай ирет сүйлөшөлү десем болбодуң. Эмнеге айтчы сен дагы? Сени аябай жакшы көрөм, сүйөм! Сени ушуну билбейсиң!

- Эмне?! Келжиреп сүйлөй бересиңби Куткелди? Ошол Кадыр да сага окшогон неме. Тажадым ушундай максатсыз сөздөрдү угуудан. Мен Муратты сүйөм, аны түбөлүк күткөнгө даярмын түшүндүңбү?!

Куткелди ордунан турган жеринде катып, тымпыйып, мисирейип, жер тиктеп, өкүнүч туйдура башын өзүнчө чайкап, айласы куругансып кыңырылды. Жанара мындан кандай сөз чыгаар экен деп күтүп калды. Тиги дагы Жанаранын оюн байкай, убагын кетирбей, суратпай сүйлөп кирди.

- А эмне? Мураттан эмнем кем? Сага өз сүйүүмдү айтсам болбойбу? Жанара...

- Сени кемсиң деп турган жерим жок, бирок мен Муратты, андан башкасын эмес жалгыз ошол адамды түбөлүк сүйөм, ишене бер.

Жанара Мурат жөнүндө сүйлөп жатканда, үнү буулуп демин ичине жутуп, аптыгып сүйлөп жатты.

- Башка жол издөөгө дараметим жок.

- Андай дебечи, Жанара, акыркы күндөрү уйкум качып, сени ойлосом заманам куруйт. Кандай айла кылам? Сени көргөндө жүрөгүм өрттөнөт. Куткелди Жанарага жакындай келип, ээгинен өйдө көтөрүп:

- Сени бактылуу кылам, мага бир мүмкүнчүлүк артып көрчү. Биздин келечегибиз кең болот,- деди аянычтуу үн менен.

- Болбойт Куткелди, мага капа болбо.

Колунан бекем кармап Жанараны өзүнө тартты.

- Эл көрсө эмне дейт, колум ооруп кетти Куткелди коё бер, коё бер дейм!

- Эмне дешсе ошо дешсин, -деп Жанараны аярлай бетинен өөп койду. Колун жулкуп алып, жүзүн аарчып, көзүнө жаш ала сүйлөдү.

- Сени жек көрдүм, көзүмө көрүнчү болбо!

- Токто Жанара! Кечир мени, туура эмес кылдым. Артына бурулуп карабастан сууну алып кете берди...

- Акмак болдуң Куткелди! Ушул керек беле сага...

Жердеги карды тепкилеп, башын мыкчый булактын жанына олтуруп калды. Жанаранын ишенбей койгонуна шагы сынып, дагы мисирейе жер тиктеп, дагы жыйрылган таш кирпидей кымырылып, олтуруп калды.

Өзүн мага жакындаткысы бар, ушунча жылдан бери мындай бала экенин билбептирмин. Сабагын карап олтурган Жанара үшкүрүнүп алды. Дубалда илинген Мураттын сүрөтүнө карай: "Жаным, мени түшүнөсүң деп ойлойм. Сага бара албай жатканымдын себеби бар. Кантип эле сени сагынбайын, катуу сагымдым ишен, таарынбай тур." –деп көзүнөн жаш агызды.

Жанараны ар күн курчап келген кайгы, сагыныч ушу беймаза бир түнү, баягыдай эле кара көлөкө дагы түн жамынып, дагы аягы шырп дебей, дагы дубал түптөй жыла басып, алсыз тулку боюн келип курчап турду.Телефондун конгуроосу оюн бөлдү.

- Да?

- Кандайсын сулуу?

- Кандай Кадыр?

Жанара үнүн аянычтуу чыгарып жай сүйлөдү.

- Сага эмне болду?

- Магабы? Мага өтө кыйын болду. Сен эле жетишпей турдуң эле.

- Дагы сени "Кайгы" капа кылдыбы?

- Тиштеп алды.

-Жаным, кичинекейим менин барайын жаныңа чыкчы?

- Кадыр эмне дедим эле сага?! Мындай сөздөрдү сүйлөбөчү болду!

Кадыр коркуп кетип, эртеңки жолугушууга мени менен барбай койбосун деп, кечирим сурап дароо сөздү башкага бурду.

- Кандай экен? Чак келдиби?

- Эмне?

- Белегим?

- Кайсы?

-Ачып көрбөдүңбү?

- А, жок баса али ачканым жок...

- Ачып көрсөң, азыр бол эми.

- Рахмат, Кадыр аябай жакты.

- Кийип көр э? Ишенем, сага жакшы жарашат.

Кадыр кечеге кийчү жашыл түстөгү кымбат баалуу көйнөк белек кылган. Жанара анын көйнөк экенин жакшы деле баамдабай айтып койду.

- Мен эс алайын Кадыр, болуптур жакшы тур.

- Жанара, коё тур, эртең бир аз сабагыңдан эрте чыга аласыңбы?

- Эмнеге?

- Даярданабыз кечеге, макулсуңбу?

- Болуптур, сүйлөшөбүз дагы.

Төшөнчөсүндө ары оонап, бери оонап жай таппай, уйкусун качырып алган Жанара абдан кара терге түшүп кыйналды. Жуурканды буту менен тээп ылдый сүруп ачып, бир калыпта үйдүн чатырын тиктеп, алда кайда бир жактарга оюн чуркатып, кызгылт эриндерин улам суулап, чачынын арасында майда терден жүдөй ордунан ыргып тура, терезеге карай басты.

"Бөлмөнүн ичи ысый түштү негедир" - деди. Айнекти ачып, кардын суугуна бетин тосуп, терең дем алып, Мураттын ага карап жылмайып күлгөндөрүн, ой боюна карабай кучагына кысып өпкөндөрүн элестетип турду.

Кызык, бул элестер менен жашап калдым, сени сагынып куурап калчу болдум. Мурат, ошол жерден качып чыгып кетчи, мен дагы сени менен кетейин. Аалам кезип, дүйнөгө сукталалы, түбөлүк сендик болоюн. Жанара жомокторго ишенип жашайт.

"Ооба бала кыялмын, кыялымда башка дүйнө бар, ал жакка кирип кетсем жалаң гана жакшы адамдар жашайт негедир," - деп айтат. Өзүнчө жылмайып бир учурларды көз алдына тартат.

- Алымбек агайдын майда ак алмасы бышып жетилип, шагы ылдый саландай ийилип турат, качан өтпөйүн жыты буркурап, ооздон кара суу келтирет. Кечинде ак чөлмөк ойногону чыкканда, уурулукка кирсек кантет достор?

- Былтыркыны унуткансың го э дос?

Мурат оозуна жаңы жазда өсүп чыккан жашыл узун чөптөн бир тал тиштеп алган калыбында, шымдарынын багалегин өйдө түрө таш үстүнө олтуруп сүйлөдү.

- Бир аз суу жүгүргөн чыгар да, азыр быша элек болсо керек.

- Ии сага, жыты буркурап жатпайбы...

- Койсоңорчу балдар, былтыр агай: "Менин алмама уурулукка киргенче тапшырма аткарбайт белеңер!" - дегенин билесиңерби? Ошондо баарыбыз физикадан үч алганбыз. Жанардан башкабыз.

Тизеден аз- маз өйдө сары көйнөк кийген Жанара Айперини колтуктай балдардын жанына келип тура калды. Улам көз кырын салган Мурат, кээде уяла жүзүнө карай албай мойнун шылкыйтса, кээде уурданып карегин бат- бат ала качып аңдып карап коёт.

- Кеттикпи достор!?

- Кеттик!

Эки айылдын ортосундагы сары дөңчөлөрдүн боорунда тизиле өскөн тыт ар жыл сайын ак, кызгылт, сары, капкара түстө жайнай бышып жаш балдардын баарын өзүнө тартат. Классташтар кечке маал чогулуп, мөлтүрөй бышып турганда тоё жешип ойноп келишээр эле. Дагы чогулуп, чуркурашып кетип жатышат. Жол бою ырдап да коюшат, гитара ойноп айылдын көркүнө көрк кошкон жаштардын каткырыгы да тоо жаңыртат.

Булакка бир аз токтой желим бөтөлкөгө суу алып, бети мойнун чайкай калышат. Апапак болгон сандарын көрсөтө көйнөгүн акырын көтөрүп балтырына кыпчый олтуруп Жанара жүзүн сууга жууп кирет. Анда Мурат башкалар басып кетсе да, Жанараны күтүп анын келбетине ар-бир кыймылына суктана карап олтурчу. Жүзүнө жабышкан узун көкүлү суу болуп, Муратты карап, күндүн чагылышкан нурунан көзүн уялта жылмайып коёт. Ансайын көкүрөгү кызып чыккан Мурат да калбай утурлай коштоп жылмаят.

- Эмнеге балдардан калып калдың?

- Сени күтүп турам да. Жанара, өткөнкү жасаган ишим үчүн кечир мени.

- Сени эчаак эле кечиргем.

Сабак учурунда доскада турган Мурат, Алыкул Осмоновдун ырын айтып баратып өзү Жанарага чыгарган ыр саптарын адашып айтып алып, классташ балдардын күлкүсүнө калган. Эжей дагы аябай күлүп, "Азаматсың, Алыкул мында калыптыр" - деп беш коюп берген. Бети кызыра түшкөн Жанара жер тиктеп үн катпай олтуруп калган.

Тоонун шыбагы айылдын четине чейин жышкай өсүп, ар бир кадамыңда жыты буруксуй, ширеси балтырыңа жабышат. Анда сары аарылар салмандата уя салып алган. Оюнга кумары канбай турган балдар, аралай чуркашып, уялаган аарыны көзгө илишпейт. Тиги аары да уясын козгоп кеткен соң айланчыктап учуп, артынан жетип тызылдата чагып калат. Жанаранын апапак бетин торсойто чагып кетти. Маанайы чөгүп, тыт жебей жаагын кармап олтурат. Мурат адатынча ага ичи ачышып, улам бадырайган капкарасынан терип келип "жейсиңби?" -деп алдына үйөт, айланчыктайт.

Оюн бүтүп айылга кайтып жатып...

- Колуңду алчы. Шишиги тарадыбы? Бултушка кыз болуп калыпсың го.

- Мура- ат! Турчу ары, бул эки күндөй тарабай жүрсө керек эми?

- Жо-ок ай, тарап кетет, азыр булакка барып муздак басасың.

Ушундай кыпындай окуяларды да Жанара жүрөгүнө гүлгө ороп сактайт. "Ушу кыздын шишип калган бетинен," - деп деп кайра-кайра кыжырын келтирип өөп коёт Мурат. Ошол күндөр кандай керемет, ар бир нерсени өз убагында барктабай өткөрүп жибергенибиз кандай өкүнүчтүү.

Тээ колоттон малдын үнү, аттын дүбүртү угулуп, чымчык сайрап турат. Чырыч бала байлап тоо боору сапсары түскө боёлгон. Жайдын табында таштан урган ысык дем, ээ -жай бербей курт кумурсканы да көлөккө издетип куйкалайт.

Таңга маал, ширин уйкунун кучагынан суурулуп чыга албай жаткан Жанараны апасы ойготту.

- Сабагыңдан кеч калдың кызым!

- Ооба апа, ырас айтасыз. Шашыла бети- башын жууп, кийине баштады.

- Тиги , Апсамат келиптир, кечинде сен уктап калганда.

- Эмне дейт апа.?

- Чоң энемдин күмбөзүн жаңыртам, сүрөтүн тартып берип койсунчу дейт. Аябай суранып кыңырылып сени уктап жатат десем ишене албай, араңдан кетти.

- А эмне азыр дароо тартып берсин деп келиптирби?

- Жо-ок өзүң менен сүйлөшөйүн деген го...

- Макул эмесе тартып берем да. Бошоор замат.

- Ошент кызым. Майрамкан эне раматылык, курут майын көтөрүп менин кызыма бергиле деп көп келчү, сени аябай жакшы көрөт эле.

- Албетте тартып берем апаке.

- Апа...

- Оу кызым...

- Мен бүгүн кечке маал келем апа, мектепте бир аз жумушум бар.

- Эмне болгон жумуш экен ал? Кечкиге кала көрбө кызым.

- Жарайт апа, калбайм..

Алдап койгону үчүн ичинен кызыктай болуп кетип баратты. Себебин такап сурабаганына кубанды. Ансыз да телефонду бир күнү байкап, кайдан алдың?- десе эмне дейм,- деп бушайман болуп жүрөт. Үчүнчү сабактан соң, Кадыр чалып шаштысын кетире баштады. Акыркы эки сабактан жооп сурап араңдан кыйылып олтуруп мектептен чыгып жөнөдү.

- Таптакыр тынымсыз чалып туруп аласың да Кадыр!

-Кечир Жанара достор чогулуп калышты. Олтур тезирээк кеттик. Биринчи салонго баралы, көйнөгүңдү унутпадыңбы?

- Унутпадым, жанымда, бирок...

- Эмне бирок?

- Кийип көргөн жокмун.

- Чак келет, мен ишенем.

Кадыр Жанараны жакшы салонго алып кирип, өзү сыртта телефон менен тынымсыз достору менен сүйлөшүп жатты. Гүл саткан дүкөнгө барып гүл алып келгенге дагы үлгүрдү. Чыкыйган кара пальто, ак көйнөк менен кара шым кийип көз айнек кондуруп алган Кадырга Жанара да ичинен “Тимеле жасанып алган го,” - деп шыбыранып койду.

Кыздар, сулууну ого бетер көркүнө чыгарып, чачтарын абдан мыкты жасап боёнтуп коюшту. Өзүн карап олтурган Жанара, таптакыр башка кыз болуп өзгөргөнүн көрүп, толкунданып алды. Арты бир аз узун келген, жашыл түстөгү көйнөктү кийсе абдан чак келип, өңүнө

жарашып эле калды. Жумушчу кыздар бирин- бири карап жылмайышат.

- Сулуу адамды жасаган жакшы да, түйшүк аз деп тамашалай күлүштү. Мына эмесе, даярсыз, көңүлдүү эс алыңыз..

- Рахмат сиздерге, абдан ыраазымын...

Сыртта чылым чегип турган Кадыр боз пальтосун үстүнө жаап чыгып келе жаткан Жанараны көрүп, бир азга өзүн жоготкондой делдейе карап, каректерин ала албай жалдырай туруп калды.

- Саламатсызбы чоң кыз? Таанышып алсак болобу?

- Бул гүл сизге.

- Рахмат Кадыр, актриса болууга убактым жок.

- Албетте кечиресиз. Олтуруңуз...

Жөнөп кетишти. Жолмо- жол маңдайдагы чакан күзгүдөн адатынча аңдып бара жаткан Кадыр, жан дүйнөсүндө өзүнчө сүйлөшүп бара жатты.

"Сендей кызды кантип колдон чыгарам, Жанара? Кантип эле менин эч жерим жакпасын сага? Мурат болуп калсам кана! Аттиң десең, ушул аз өмүрдө сенден башкасын жүрөгүмө кабыл ала албасым ырас алтыным. Жүрөгүңө кантип жол тапсам?"

Жанара...

"Эң жаман иш жасап жатам, Мурат кечир. Айласыздан сени көрүү үчүн мунун баары, жаным. Сени көрүп, көкүрөктө ооруларым басылаар, жүзүңдөн сылап, мойнуңа асылып, жытыңдан жыттап алчу күн үчүн ушул нерсеге бардым." Экөө өз ойлору менен алышып бара жатышканда, ортодогу жымжырттыкты Кадыр бузду.

- Сулуу, сени капа кылган каракчылардын жазасын берип жатам.

- Кантип? Кандай күнөө коюп?

- Кабатыр болбо, аларда күнөө толтура экен, айылдагы бир үйдү сойку канага айландырып жиберишкен, бир бөлмө толтура бөтөлкө. Кошуналары дагы мени колдошуп, ырас кылдың дешип жатат. Сыягы алардын дагы тынчын алып жиберишкен го. Ошондой жаным, үчөө камакта. Шаарда сойку кана болчу эле, замандын өзгөрүп кетиши ыпылас иштерди айылга алып келди. Бут коёр таза жер калбады. Эгер мен ошондо бир аз кечиккенде, сенин намысыңды тебелешмек, аларга катуу жаза керек.

Маанайы чөгө түшкөн Жанараны байкаган Кадыр: - Мени карачы, татынам. Көңүлүңдү чөгөрдүмбү? Кечирип кой, алардын жазасыз калбасын сени билип алсын дедим, күзгүгө тигиле сүйлөдү. Болду эми унуталы. Келип дагы калдык.

Кафенин маңдайына унаасын токтотуп жатып, сыртта күтүп турган эки досун көрдү.

Жанара түшпөй тур, өзү жерге түшүп айланып келип арткы эшикти ачып колуп сунду. Жанара дароо түшүнө калып назик колун сунуп унаадан түшүп келди.

Кадырга бакырая карап: "Актёрлук чеберчиликти көрсөтүү башталды го э?" -деп жылмайды.

- Албетте, жаным, деп жакындай кулагына шыбырап күлдү.

- Оо, Тино күттүрдүң!

- Тино дегени ким? Жанара Кадырга жакындай сурады.

- Сага айтам деп эсимден чыгыптыр. Достор мени бир француз актёруна келбетимди окшоштурушат, ошондон бери "Тино" болуп калгам.

-Кандайсыңар?

-Тино Ала- Белди ашып келгендей эле болдуң го?

- Кечиргиле, достор. Далысын таптай жылмайды.

- Бул аяшыңар, Жанара.

-Эң жакшы, эң сулуу, - деди достордун бири Бекен Жанаранын колунан өптү. Анда эмесе кирдик, баарыбыз бирге таанышалы. Кадыр менен Жанара алдыда басып баратты. Артта утурлай келе жаткан эки дос бири- бирин карап: "Чүрөк го э?" - дешип жылмайышты.

Узун жасалган столдо суйкайган сегиз келин бир тарапта тизиле олтурушат, эң башында коляскада ак калпак кийип олтурган каратору келбеттүү жигит. Баары ордунан туруп: "Биздин бойдок, красавчик" - дешип тамашалай кучакташа учураша кетишти Кадыр менен. Жанара келиндердин жанынан жай алып олтурду. Бардыгы менен таанышып бир сыйра көз чаптырып жакшылап карап алды. Эң негизги ыңгайсыз абалы, Кадырдын достору улам Жанараны тиктеп коюшат, сиз деп баары жылуу кайрылып жатышты.

-Тино бул кичинекей кыздын башын кантип айландырып алдың? Бирөөсүнүн келинчеги тарсылдай сүйлөдү.

-Айландырбай эле табышып алдык...

-Азаматсың, качан той?

-Азыр эмес, аяшыңар мектеп окуучусу. Кийин, окуу жайга тапшырса ошондо той маселесин ойлоно баштайбыз.

- Оой, Тино, сен карып бара жатканың менен кабарың жокко э?

-Карыбайбыз досум, ушунча күттүм, издедим, акыры таптым, эми кантип бир аз күткөнгө жарабайын.

- Азаматсың, Тино келгиле анда, Жанара аяш менен таанышканыбыз үчүн, Акыл досумдун ак өргөлүү болушу менен, жана дагы көп убакыттан кийин жолугушканыбыз үчүн алып жиберели.

- Сизге карап күндүзү олтурууну чечтик, деди төрдө олтурган Акыл Жанарага. Жанара сыр бербей, рахмат деп тим болду. Тамак тартылып, жакшы сөздөр сүйлөнүп олтурушту. Келиндер күйөөлөрүн улам ыгына келтирип, азыраак ич, машина айдайсың, деп тыйып жатышты. Жигиттер бөлүнүп сыртка чылым тартканы чыгып кетип жатышты.

Жанарага Кадырдын чөйрөсү абдан жакты, ичинен ыраазы. Баары жаман адамдарга окшобойт. Билимдүү, сүйлөгөн сөздөрү оордунда экен, деп баа берип олтурду. Америкадан келген досунун келинчеги Зарина. Жанарага кайрылды...

-You are so beautiful... ( абдан сулуу экенсиз .)

- Thanks you too beautiful ( рахмат сиз дагы сулуу экенсиз.)- деди Жанара да англис тилинде...

Ар кандай суроо узатышып, ар тараптан Жанаранын сырткы келбетине, ички жан дүйнөсү окшош экенин билишти.

-Тино, эркексиң досум!- таңмын.

- Анан эмне ургаачы деп жүрдүң беле?

- Тфу-уй ата, кубанганымды билдире албай айтканым го.

- Рахмат досум, тамаша.

- Кайра жаңыдан үйлөнгүмдү келтирдиң го досум...

- Сулуулук дүйнөнү сактайт дейт го, ошол ырас. Сөз жок, аяш сулуу экен, акылдуу да көрүнөт.

- Олтурган кыз оордун табат- дегендей. Карт бойдок жигит зорун табат экен ээ?

Каткыра күлүшүп Кадырды эрмектей калышты...

- Сулууларга кантип көз артпайсың, жүрөк жаш болуп турса.

- Досум жүрөк да жаш болчу беле, сенде жашаган элестер жаш. Эт жүрөк кызматын өтөп, согушу басаңдап, барган сайын карып бара жатпайбы.

- Сөзүңдө жан бар дос.

Кадыр саамайга кабагы бүркөлө, оор үшкүрүнүп, жүзүн чытый, колундагы чылымын дурустап тартпай эле урнага салып жиберди. Жанында жолдоштору байкабады көрүнөт, сөздөрүн жумуштагы ийгиликтерине буруп, ойлорун ортого салып жатышты. Асмандан салаңдап турган кара, боз булут дагы Кадырды аягандай маңдайдан, жалгыз ошол тиктеп тургансыйт. Анткени, Жанараны башка көрбөй

каларына аз убакыт калды. Сөзүнө туруп өз жолу менен кетүү керек эле. Жанынан дагы артык эсептей баштаган адамын жоготуу кыйындыкта турду.

Жанара ыңгайсыз суроолорду бербесе экен деп ичинен тилеп шаштысы кеткендей, суроолорго кыска жооп берип олтурду.

Майыптар арабасында олтурган Акыл, сулууча келген кара тору ирени, сурмалуу алагар көзү, ак пейли менен бакырайып тиктеши мурдатан тааныш Муратты эстетти. Бар болгон өзгөчөлүгү Муратына окшоп кең далылуу, көзү капкара сурмалуу. Мурат дагы ушундай көзү сурмалуу, кара тору жигит.

Кайтып келип жайына олтуруп жатып Кадыр Жанарага жакындай кулак түбүнө келип: “Баары жакшыбы жаным?” -деди. Ал мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, апапак алкымына мурунун жакындата жыттап койду, бирок тийгизе алган жок. Кемеге түшкөндүн жаны бир демекчи, Кадырдын ар бир жасаган мамилесин мурдагыдай кагып силкип сала албай, Жанара жылмаюу менен кабыл алып жатты.

Адам деген сырдуу жан, анын оюнда эмне бар экенин биле албайсын. Суусундук куюп, тамак ашын алдына жылдыра көңүл бөлүп жаткан Кадыр: “Келечегим да сени менен ушундай болсо кана,” - дейт муңайыңкы.

-Маестро! - музыка! Аз-маз кызып алган Кадырдын досторунун били Белек кыйкырды. Жанатан калыбынан жазбай сүлгүнү билегине илип чыкыйып, катып жанында турган тейлөөчү жигит, акырын басып келип:

- Аке, музыка саат сегизден баштап коюлат;- деди.

- Койсоңчу иним, кантип болсун ушундай? Кана, койгула музыкаңарды.

- Аке, музыкантыбыз келе элек.

-Чакыргыла, чакыруу керек...

Тигил тейлөөчү жигиттин жүзүнө жакындай келип, төш чөнтөгүнө жашыл акчадан кыстарып, жаагына акырын бир эки чаап:

“Иним бир сыйлап кой бизди,” - деди. Шуулдай жөнөп кетип, он мүнөттөн кийин, музыка жаңыра баштады. Олтурган жай караңгыланып, жаркыраган түстүү өчүп- жанчу жарыктарды күйгүзүп коюшту. Көптөн бери буулуга түшкөн достор, кара терге түшкөнчө бийлешип, моокумдарын кандырып жатышты. Жанара бечара ирбелеңдей, сыр бербей арасында жүрөт. Улам Кадырдын достору алмашып- алмашып маңдайына келип бийлеп коюшат.

Аңгыча, музыка токтоп, үн таякты колуна алган достордун бири, каалоо тилек айтып, Кадыр менен Жанара үчүн жеңил бий койдурду.

Кадырга майдай жага түштү, акырын басып келип, колун сунуп Жанараны ортого жетеледи. Кол чаап кыйкырышкан аяштар, өз жубайларын бири- бири менен алмашып, алар да бийлеп жатышты.

Аргасыз баш ийип турган Жанарага абдан оор абал болуп турду. Белинен бекем өзүнө тартып, кучактай Кадыр мыйыгынан жылмая бийлеп жатты. Эгер азыр Мурат болгондо, денесин майда калтырак басып, олдоксон абалга туш болуп, көкүрөгүнө жабыша сезимдери козголмок. Азыр, сүрдөнмөк тургай, атүгүл өзүн араңдан карманып, аргасыз бийлеп жатты.

-Жанара?

- Оу, эмне болду? - Кадырга бул жооп жумшак угулуп, жүрөгү жылый түштү.

- Сени башка көрбөй каламбы, деп коркуп турам.

- Эмне, келишимди бузгуң барбы? Жанара бир аз үнүн көтөрүп сүйлөдү.

- Жок - жок, андай эмес, негизгисин айттым да.

- Көрүп турасың Кадыр, сени сыйлап, убадама туруп, мында келдим. Эми сен берген убадаларыңа тур, жарайбы.? Жанара сүйлөп жатып Кадырдын жүзүнө карады.

- Сөз болууга мүмкүн эмес жаным, албетте турам.

Оо шумдугуң кур, сүйүү бул айтып түгөткүс дастан. Бул учурда Кадырды көргөн кишинин боору ооруйт. Жетим баладай Жанарага аярлуу тиктейт. Көздөрүнө көпкө тигилип турду да, чыдамы кетип Жанаранын эриндеринен өөп койду. Дароо жүзүн ала качкан бечара кыз, көздөрүн алаңдата келгенине бушайман боло түштү.

- Бул эмне кылганың? Кадыр? Андан үн- сөз жок, кайра өзүнө бекем тартып бийлей берди.

- Сага ишенип келбедим беле, азыр бекер кылганымды билип турам.

- Билесиң Жанара, кечирип кой, дегенден башка сөз айта албайм.

Музыка аяктап, сөздүн аягына жетпей столго келип олтуруп калышты. Бир аз олтуруп, Жанара тазалыкка туруп жөнөп калды. Артынан дароо Кадыр жетип барды.

-Токто Жанара... - Колунан кармап: “кечирип койчу,” –деди.

- Кечирдим, Кадыр кечирдим! Балким мындан да өткө жаман иш жасап, кечирип койчу деп тураттырсың?! Ушул сенин мага болгон сезимиңди билип туруп, ушул жерге коркпой келген мен келесоо!

Акылы эчак толгон Кадыр сөздүн төркүнүнө дароо түшүндү.

-Эмне дегениң бул? А, айтчы? Жанара... Сенин бир тал чачыңды түшүрүп капа кылбайм, бул ойлоруңду жогот. Билем сен аял затысың, анын үстүнө жашсың, мындай чөйрөнүн арасында күндө эле жүрбөгөнүң көрүнүп турат. Башка кээ бир кыздардай кафелеп баспаганың да билинип турат. Татынам, сага эч бир зыян келтирүүгө жол бербейм, жана өзүм дагы келтирбейм. Түшүмө кирбеген нерсе, сенин коркуп турганыңды эми байкадым. Сени капа кылгандан көрө, тапанчаны мээме туштай коюп атып салган жакшыраак.

Жанара аз- маз уяла түштү.

- Анан эмне? Өбүшүүгө болот дейсиңби? Бул нерсе күнөө болбойт дейсиң го сөзүңдүн маанисинде?

- Андай дегеним жок, болгону... Сенин бул келбетиңди көргөндө акылдан азам, кечирип кой, ишеничиңди актай албадым. Жүзүнөн сөөмөйүнүн сырты менен акырын сылап, көзүнө жаш айланта сүйлөдү Кадыр.

- Айтчы? Мурат менен такыр өбүшпөгөнмүн дечи? Мындай күнөө жасап көрбөгөнмүн деп айтчы?

- Ал такыр башка нерсе, арамдык жок, мен аны катуу сүйөөрүмдү билесиң да.

- Сага болгон менин сүйүүм да адал Жанара, арам оюм түк жок.

- Кадыр чоң киши болсоң да кабарың жок экен, эки адамдын сүйүүсү бирдей турса жүрөгүндө мына ошол адал сүйүү. Сага эч кандай сезимим жок, ошол себептен мында сени ээрчип келип, өзүмдү-өзүм алдагандай, арам иш жасагандай сезилип турам.

- Мынча жан дүйнөң таза жаным, сага кол тийгизгенден да коркуп турам, чаң жугузуп аламбы деп.

- Мени үйгө жеткизип койчу? Сураныч? Ушул жагы жетээрлик болду, башка чыдай албайм.

- Макул жаным, жеткизем, бир сааттай күтө тур э? Достор менен коштошуп, жакшы сөз кошуп сүйлөп коёлу, жарайбы?

- Болуптур, -деди Жанара.

Жанаранын эмнегедир Кадырга боору ооруп кетти. Сыр бербей экөө жетелешип барып олтуруп калышты.

"Достор, дүйнөдө силердей адамдар бар үчүн жер нугунан жылбай турат. Алтындарым аман болгула. Ушунчалык аяшыңар экөөбүз жетине албай кубанып турабыз, ыраазыбыз. Өмүрдүн калган күндөрү силер менен коштолсо, эки бутумдун жоктугу да билинбейт досторум. Ар дайым силер менен бирге, жолугушуп, жамандык, жакшылыкта тең бололу. Жакшылыктар көп болсун," -деди Акыл.

“Кадыр сага кубанычтабыз, айдай сулуу келишкен татынакай аяшыбыз менен тааныштыр олтурасың, эми тоюңардан жолугалы, бир жылдан соң бешик тоюңардан жолугалы,” -деп Акыл чын жүрөгүнөн сүйлөдү.

Мындай каалоолор ошол жерде олтурган адамдын баарынын оозунан чыкты. Акылды улам карап, ары- бери сүйрөп жаткан татынакай балдызы да Жанарадан бир аз кичүү кыз. Жездесин тынымсыз эл арасына сүйрөп кошо бийлеп жүрдү. Акылдын келинчеги столго улам жаңы тамак, салаттарды жаңыртып чуркап жүрөт.

“Анда эмесе бизге уруксат, Жанаранын ата- энеси караңгыга калууга уруксат берген эмес, түшүнөсүңөр деп ойлойм. Жеткизип коюп келем достор,” - деп Кадыр ордунан Жанараны жетелей турду.

Дагы да жакшы кептер айтылып эки жашты узатышып майрамын улантып калышты. Жол бою үн катпаган Жанара, жасалган чачын акырын жазып, көзүндөгү боёкту өчүрүү менен алек.

- Кадыр мектеп формамды кийип алайын.

- Албетте...

Жолдон бурум жерге токтотуп Кадыр унаасынан түшүп кетти. Шашыла кийинип, китеп кабын ийинине асып олтуруп калды.

- Сени досторум абдан жактырышты, ашыгып да алышты...

- Койсоңчу, кайдагыны айтпай. Өзүмдү ууру кишидей сезип жатам Кадыр.

- Эмнеге?

-Апам баары бир байкайт көрөсүң.

- Мына эшик жарык эле, түнгө калбадың, урушпас?

- Урушпайт го, бирок алдаганымды билет.

- Жанара, сен Мурат менен канча болду сүйлөшкөнүң?

- Эмнеге?

- Эми, сурадымда, жашырбай айтчы.

- Биз бала кезден биргебиз, экөөбүз үчүнчү класста таанышканбыз. Эң башында менин эң жек көргөн адамым болчу. Кандай суроо бербесин жооп бербейм, кагып салам. Артымдан калбай чуркап, дайыма бир жүрчүбүз. Жактырбай турсам дагы сабакка келбей калса издеп калам, өзүмдөн өзүм уялам. Эртеси келгенде урушумуш этип, эмнеге келбедиң?- деп себебин сурап алам. Кийин минтип бой жетип акылыбыз толо баштаганда, Мурат абдан өзгөрдү. Келишкен мырза болду, аны көргүм келбейт деп алып эле, кайра мектептин коридорунан издөөчү болдум.

Бирде күз келип, жүгөрү бышып, жыйын терин баштаганда, ал биздин үйгө балта сурап келип калды. Атам пая оруп жаткан, мен болсо данын кайрып тазалап жүргөм. Дароо көрүп эле: “Болот аке, келе бериң мага” - деп колунан алып жарым сааттын ичинде кыйратып оруп салса болобу. Артынан данын чогултуп бараткан мен: “Атама эле берчи, былжырабай, эчаак эле оруп салмак, колуңдан келбегенден кийин эмне аласың?!” - деп кыйынсынып шаштырган киши болуп бултуңдап койдум. Көлөкөдө жарма ичип олтурган атам ууртунан жылмайып коёт.

Жаным, эч үн катпай, маңдайдагы салаалап аккан терин жеңи менен сүртүп: "Орулган жактын данын ажырата бербейсиңби?- же бүттүңбү ал жакты"? - деп жумшак сүйлөйт. Жалгандан эле: “Бүттүм мен!” - деп олураңдайм. Жылмайып гана коёт. Көрсө, мен ага эркелеп жүргөн экенмин. Азыр, азыр ал жанымда жок, Кадыр... Кандай айла кылбайын баары ошол адам үчүн, аны көрүү үчүн баарын бермекмин...

Мен деп ушул иш болду, болбосо боштондукта жүрмөк. Сен аны түшүнбөйсүң! Жанара ыйлап кирди. Кадыр кумсарып, тамагы буулуп, дароо унааны токтотуп, арткы олтургучка өтүп Жанараны бекем кучактады.

- Мени кечирип кой, сенин сезимиңе тоскоол болбойм эми жаным. Бирок сен, эң эле пейили, жүрөгү таза адам катары менин көңүлүмдө жашай бересиң.

Эреркеп кеткен Жанара, көкүрөгүнө башын коюп акеси катары туюп, бошонуп ыйлады.

- Бизди качан жолуктурасың?

- Ыңгайы болор заматсага чалам күт. Кадыр араңдан гана, үнүн чыгарып жооп берди.

Жанараны жеткизип, өзү кайтып кафеге барып, маанайы чөгүңкү олтуруп, арты- артынан конякты куюп ичип, ичинен жанчылып буркурап ыйлап турду.

***

## "ЧИЛДЕ"

Кадырдын караанын ошол бойдон көргөн жокмун. Ал сөзүнө турду, менин тынчымды алган жок, кээде ага ыраазы болуп эстеп коём. Бирок ал бизди Мурат экөөбүздү жолуктурган да жок, мына анын сотуна саналуу күндөр калды. Мен Мураттын катына жооп

жызып көңүлүн жайлантып койдум. Балким дагы деле Кадырды жек көрүп мени кызганып олтургандыр ким билсин. Мен Кадырдын баары бир жолуктурбасын башында эле сезгем эмнегедир. Чыдамым кетип дайыны жок болуп кеткен соң өзүм чалып көрдүм.

Шаарда ооруканалардын биринде бөйрөгүнө суук тийип дарыланып жатыптыр. "Кечир, тез келишим керек болуп калды," - деп кутулду. Эми сот болсо Муратты көрөм деп үмүттөрүмө шам жагып жашап жатам.

Бороондун уңулдаган үнү, мештин моорунан угулат, сырттан урган шамаалдан улам күлү бетиңе сапырылып, мештин эшигин ачсаң көмүрдүн жыты каңырсый жыттанат. "Ушул мешибиз оңолбос болду, дагы жакшы үйдүн төрүндө эмес, андале капкара ыш болуп олтурмакпыз" –дейт апам.

Жанар, бөлмөңдөгү ысыткычтарды кармап көрчү, ысып жатабы? Үй сууй түштү. Апам күн сайын, от жагып, кайра тазалап күлүн алуу менен алек. Кечки оттун чогу өчүп, табы кайтып бөлмөм сууп калыптыр. Муздак ным сезилет, буу баскан айнек булаңгыр тартып, агарып турат. Төшөнчөмдү чүмкөнө жамынып, уктоонун аракетин кылсам да, түн жарымда ойгонуп алып, кирпигим катып, уйкум качты, тынчым кетти. Капилет ой көңүлүмө бүлүк түшүрдү.

Күн өткөн сайын күдүк көбөйүп, түркүн- түмөн ой жорууга жолуктурду. Бирде Мураттын далылуу келбети, кыймылы көз алдыма тартылып, " Жаным"- деген сөзү тула- боюма жылуу илеп оройт. Бирде жүрөгүм өйүйт, кандайдыр бир кокустук болуп кетчүдөй тынчсызданам, коркунучка кабылам.

Караңгы түн дагы мени ороп алып. Хы-хы-хы, сен байкуш Муратты дагы көрөр бекенсиң ыя? Бой көтөрүп жүрүп минтип олтурасың, хы-хы-хы -деп шыбырайт. Кантейин, калыс сөзгө каяша барбы, демим кесет.

Булуттан күндүн желеси аз- маз чачыраса, чатырдын үстүндөгү карлар аздан эрип дубал түпкө тамчылайт. Учтуу муз бирөө жарымыңа түшүп кетпесин, деп атам тамдын башында кар күрөп жүрөт. Мектептеги күндөрүм бир нугунда өтүп жатты.

Мурат...

Жездемдин кыркылыгы өткөндөн бери эки ирет кат жаздым, эмнеге дайын жок. Бул күндөрдө кашыма чейин агарып карып баратам, алым тайып өңдөн аздым. Баягы Мурат жок, денемдин

бардык бөлүгү кургап калса да, сезимдерим кургабай тулку боюма суу себет. Эжем эмнеге жооп жазбайт? Эмне болду экен?

- Касенов! Толоюн келген формачан жигит, Мурат олтурган жайга келип, маңдайкы чакан каалгадагы жылчыкты ачып сүйлөдү.

- Бери келчи! Акырын жайынан туруп, ойго чөккөн Мурат, жылчыкка жакындай келди...

- Кандай анан Рамео? Сага сөзүм бар, жакшылап ук. Сенин ар бир жазган катыңды окуйбуз, бул биздин иш, сага келген каттар дагы окулат, муну билсең керек? Андагы сенин ырларыңды окуп калдым. Оо, керемет! Бир кезде Анарама мен да ушинтип жазгам, көз алдыма келди. Кыскасы, махабатка кыянаттык кыла албайм. Акыры чыдабай сага келдим. Акыркы жазган катың дарегине жеткен жок. Анткени Кадырдын колуна түшүп калып жатты. Менин сөздөрүмө түшүнүп жатсаң керек. Сүйгөнүң Жанара Кадырды теңине албайт экен буга ишен. Катыңда сөйкө салам деп жазыпсың, аны Кадыр жок кылды. Бул сырды ичиңде сакта, сага боорум ооруду. Сүйүүңдүн күч экени жазган катыңдан көрүнүп турат.

Кыскасы Кадыр шаарда, кайрадан кат жаз, дарегине жеткирип коём. Давай! Мени түшүндүң да? Карс жаап басып кетти.

Демек түшүнүктүү. "Урод" сага көрсөтөм карап тур! Мурат шашылып колуна калемди алып, кат жазып кирди.

КАТЧЫ: “Ордуңуздардан туруңуздар, сот келатат!”

СОТ: “САЛАМАТСЫЗДАРБЫ, ОЛТУРУҢУЗДАР.

БҮГҮНКҮ КЫЛМЫШТЫК ИШКЕ БАЙЛАНЫШТУУ СОТ ОТУРУМУН АЧЫК ДЕП ЖАРЫЯЛАЙМ!”

Жыгач балкасын карс уруп, кырк жаштардагы маңдай чачы ак киши жайына олтурду.

СОТ: “КАТЧЫ, ИШКЕ КАТЫШУУЧУЛАРДЫН БААРЫ ТОЛУГУ МЕНЕН КЕЛДИБИ?”

КАТЧЫ: “ООБА, УРМАТТУУ СОТ, СОТКО КАТЫШУУЧУЛАРДЫН БАРДЫГЫ ТОЛУГУ МЕНЕН КЕЛИШТИ. СИЗДИН ЧАКЫРУУҢУЗДУ КҮТҮП ТУРУШАТ.”

СОТ: “БҮГҮНКҮ СОТТУК ООТУРУМУНДА ЖАШ ӨСПҮРҮМ БАЛДАРДЫН ИШИ КАРАЛЫП ЖАТАТ. ТОП МЕНЕН ЖАСАЛГАН КЫЛМЫШ ДЕП ТАБЫЛЫП, АНДАГЫ КҮНӨӨНҮ ЖАЛГЫЗ МОЙНУНА АЛГАН АЙЫПТАЛУУЧУ КАСЕНОВ МУРАТ

КАСЕНОВИЧ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЖКнин 97-БЕРЕНЕСИНИН

( киши өлтүрүү) 1- б менен АЙЫПТАЛЫНАТ.”

СОТ: “КАТЧЫ СОТКО ЧАКЫРЫЛГАН АДАМДАРДЫН КЕЛГЕНДИГИ ТУУРАЛУУ БАЯНДАМА БЕРСЕҢИЗ.”

КАТЧЫ: “ИШ БОЮНЧА СОТ ОТУРУМУНА КЕЛГЕНДЕР. ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНА КАРАШТУУ, НООКЕН РАЙОНДУК СОТУ ТӨМӨНДӨГҮЛӨРДҮ КАМТЫЙТ.

МАМЛЕКЕТТИК АЙЫПТООЧУ ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН МЫЙЗАМДУУ ӨКҮЛҮ БЕЧЕЛОВА Н.

СОТТОЛУУЧУ КАСЕНОВ М. АНЫН ЖАКТООЧУСУ КӨСӨЕВ Т. КҮБӨЛӨР АЙДАРАЛИЕВА Ж. БЕРДИГУЛОВ К Ж.Б. ТАРАПТАР ӨЗДҮГҮН ТАКТООЧУ ДОКУМЕНТТЕРДИ ТАПШЫРЫШТЫ.”

СОТ: “КАСЕНОВ М. АЙЫПТАЛЫЧУУГА КАРАТА КЫЛМЫШ ИШИ БОЮНЧА КҮБӨЛӨРҮНҮН СОТ ЗАЛЫНАН ЧЫГЫП ТУРУШУҢУЗДАРДЫ СУРАНАБЫЗ!”

Түнү менен ойлонуп, башым катып жаткам. Бирде жүрөгүм дүкүлдөп алдыга шаша согот, бирде убакыттан жайлай артта калат. Көрсө, сүйүү деген бар күчүн жүрөктөн чыгарат тура. Азыр сол колумдун тамырын бармагым менен басып, жүрөгүмдүн катуу согушун байкап олтурам. Мурат, эки тизесине чыканактарын коюп, бир аз өсүп кеткен чачын мыжыга кармап жер тиктейт.

Классташтар, ата- энелер, кошуналар, мугалимдер сот залына толуп кеттик, албетте биз күбө болчу кишилербиз. Шагырай кирип келип жай алдык. Мурат чакан тордун ичинде олтуруптур, аландап издеп коёт, акыры көздөрүбүз чагылыша түштү. Экөөбүз тек гана каректер менен сүйлөшүп турдук.

- Кандайсың Жанара?

-Жакшы, жаным , арыктап жаагың кирип көздөрүң эле калыптыр го?

- Сени сагындым да...

- Мен дагы сени сагындым...

- Мени кечир, билем, мен бүгүн акталып чыкпайм, сенин жаныңа бара албайм.

- Сен мени күтөсүңбү?

- Албетте, жаным, түбөлүк күтөм.

Көзүмө жаш айланып араң турам. Жанымда курбум Айпери, титиреп жаткан тиземди шап кармай:

- Жанара, өзүңдү кармачы алтыным, карачы колу- бутуң калтырап чыкты. Бир Муратты, бир мени карап: "Көрөсүң курбум, баары жакшы болот," -деди. Мурдумду шыр тартып Айпериге карай:

- Курбум, башка Муратты көрбөй калсамчы? -Эмне кылам? Көздөрүмдөн жаш этегиме томолонуп кулап жатты. Мени көкүрөгүнө бекем кыса.

- Чүш-ш, чүш-андай дебе, көрөсүң аз убакытта чыгат.

Сыртка чыгуубузду суранган соң, залдын алдында олтургучтарда тизилип кезегибизди күтүп олтурдук.

Кээде ойлойм, эмнеге мен мындай адаммын? Башка кыздардай эле сүйүү менен ишим жок жүрсөм эмне? Же болбосо, кечирээк келсе эмне? Башым бир иштеп, бир иштебей маңкуртча, эмне жөнүндө ойлоноорумду билбей калдым.

Алгач күбө катары биринчи мени чакырышты. Окуя болгон түнү спирт ичимдигин да колдонгонубуз ачыкка чыгып, кыпындай нерсенин баарын төкпөй- чачпай такап сурап жатышты. Прокурордун берген суроолоруна мукактап араң жооп берип, Мураттан көзүмдү ала албай жаттым.

Сот залынын сүрү башкача, милиция формачан мылтык, тапанча, корголонуучу таяк кармаган кишилер айтор тизем калтырайт. Биздин адвокат, оздон сөзүн жула алып прокурорду жайына коюп жатты. Окуя капыстыктан болгондугун, жана өлгөн жигиттин күнөөсү бар экенин, жана дагы уруштун себеби мен экеним айтылып жатты. Ар бирибизди такап сурап, күбө болчунун баары сүйлөдү.

Сот чечим чыгаруу үчүн, сот залынан чыгып кеткенде, кайтып келбесин тилендим. Ичимден эзилип жанчылып, жүлүнүмө ийне сайып койгондой бир ордумда катып карегим жансыз. Бир өзүмө келип Айдай эже тарапты карасам, чачтары бошоп, кошуна эже колдорун укалап олтуруптур. Карегинен тынымсыз аккан жаш зээниңди кейитет. Муратка карата айтылган күбөлөрдүн сөздөрүнүн бир да жагымсыз жаманы болгон жок, анын тартиптүү экенин, жакшы окугандыгын мугалимдер тастыкташты.

Айтор коңшу - колоңдордун оозунан да жаман кеп чыккан жок. Негизи булардын баары чындык эле.

КАТЧЫ: ОРДУҢУЗДАРДАН ТУРУҢУЗДАР, СОТ КЕЛАТАТ...

СОТ: ӨКҮМ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН СОТ ӨКҮМ КЫЛАТ: БҮГҮНКҮ КАРАЛГАН КЫЛМЫШ ИШИ БОЮНЧА

СОТ МЫНДАЙ ЧЕЧИМ ЧЫГАРДЫ... 1990- ЖЫЛЫ ТУУЛГАН, БИЛИМИ ОРТО, БОЙДОК, ЭЧ ЖЕРДЕ ИШТЕБЕГЕН, МУРДА СОТТОЛБОГОН, КАСЕНОВ МУРАТ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН НООКЕН РАЙОНУНА КАРАШТУУ СОТУ 2009- ЖЫЛДЫН 27- ЯНВАРЫНДАГЫ ӨКҮМҮ МЕНЕН, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЖКнин 97- БЕРЕНЕСИНИН (киши өлтүрүү) 1-б МЕНЕН КҮНӨӨЛҮҮ ДЕП ТАБЫЛСЫН, АЛ БОЮНЧА 11 (он бир) ЖЫЛГА ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТЫЛСЫН. ЖАЗАСЫН КҮЧӨТҮЛГӨН ТАРТИПТЕГИ АБАКТАРДА ӨТӨСҮН. БАШ КОРГОО ЧАРАСЫ ӨЗГӨРТҮЛҮП СОТ ЗАЛЫНАН КАМАККА АЛЫНСЫН.

ӨКҮМГӨ НААРАЗЫ ТАРАП ОН КҮНДҮН ИЧИНДЕ НООКЕН РАЙОНДУК СОТУНА ДАТТАНУУГА АПЕЛЯЦИЯЛЫК СУНУШ КЕЛТИРҮҮГӨ АКЫЛУУ. ТӨРӨГАЛЫК КЫЛУУЧУНУН КОЛУ.

АЙЫПТАЛУУЧУ ОРДУҢУЗДАН ТУРУҢУЗ: СИЗДИ СОТ КҮНӨӨЛҮҮ ДЕП ТАПТЫ. ЭГЕРДЕ СИЗ ӨКҮМГӨ НААРАЗЫ БОЛСОҢУЗ, ОН КҮН ИЧИНДЕ ДАТТАНУУГА АКЫЛУУСУЗ. СИЗГЕ БАРДЫГЫ ТҮШҮНҮКТҮҮБҮ?

МУРАТ: ТҮШҮНҮКТҮҮ...

СОТ: АНДА АКЫРКЫ СӨЗҮҢҮЗ.

Мен жасаган акмакчылыгымды эр жигит катары өз мойнум менен жазасын тартуум керек. Бардыгыңыздардан кечирим сурайм! Капыстыктан болуп кетти, атайын жасаган жокмун. Айдай эже кечирип коюңуз мени.

Жанара, Алтыным кечир, эжем экөөңдөн башка эч кимим жок. Мени күт жаным. Мага сенден башка эч кимдин кереги жок, ушуга ишен. Жанара күт мени! Мага эми баары бир, жашоонун кызыгы кетти, бир гана сен үмүт туудурасың, сенсиз жашай албайм Жанара!

Мураттын сүйлөгөн сөздөрүн угуп турган сот да жер тиктеп, каштарын өйдө көтөрүп үшкүрүнүп алды. Милициялар бири- бирин тиктешет.

Мурутчаны: -Бул эмнеси ыя? Токтотпойбу?

-Сүйүү дегениңер ушул болсо керек да, -деди, баягы Муратка катты дарегине жеткирип, жардам берем деген милиция.

Жер ачылып кетпейт, же мен кирип кетпейм, сот залында олтургандардын баары мени карашат. Уятымдан көзүмдө жашым да кургай түштү. Айрыкча атам олтурган жакты карай албай бетим

чымырайт. Муратты мынчалык ачык- айкын сүйлөп жиберет деп ойлогон эмесмин.

СОТ: "БҮГҮНКҮ КЫЛМЫШТЫК ИШКЕ БАЙЛАНЫШТУУ СОТ ОТУРУМУН ЖАБЫК ДЕП ЖАРЫЯЛАЙМ!"

Соттун чечими таш баскандай мойнубузду шылкыйтты. Айдай эже тура калып Мурат олтурган чакан темир торду кармап:

- Мурат, бир боорум менин сенсиз кантип жашайм эми? Алтыным менин. Эми кантип күн кечирем, келечегиң эмне болот эми? Мурат! Оо, шордуу пешенең ай.

- Ыйлаба эже, баары жакшы болор, үмүттө жашаңыз, бир күнү чыгып келем. Алтыным эже ыйлабаңыз!

Темир тордон колуна кишен салып сыртка жетелешти.

"Мени карап койчу бир жолу, Жанара!" –деди Мурат кети бара жатып.

Жер тиктеген калыбында турган Жанара Муратка бир карады. Мойнун буруп карап кетип бара жаткан Мурат жылмайып күлүп койду. Анын жүзүндө, кайгы да, кубаныч да, сүйүү да, өкүнүү да бар эле.

Кантелик, тагдыр ушул экен, жана гана жетелешип ойноп жүрүшкөн жаштар, минтип түбөлүк бири- биринен ажырагандай сезим калтырып турат. Мурат көзүнүн жашын ийинине сүртүп, көп нерсеге өкүнүп ичтен күйүп бара жатты.

Эми, минтип байлоодогу иттей, соксоюп олтурам эми. Чөгүү, өкүнүү жүзүнөн билинет.

Бирөөнүн жашоосу кызыктуураак, бирөөнүн жүзүндө кубаныч, а кай биринин таптакыр санаасы жок сымал, Жанара ар бир адамга көз артып суктанып, тигилип карачу болду. "Бактылуу адамдар, ийинимден түртүп өтүп кетишет эмнегедир. Кайдан, аларга тең келүү, мында эле тура турайын," - деп өзүнчө караңгылыкта чүнчүй түштү.

Жанара жан дүйнөдөн катуу жабыркап турган кез. Мүнөзү таптакыр өзгөрдү, баягыдай кыңылдай ырдап калчу адаты, апасынын мойнуна асылып эркелөөчү кыялын жоготту. Качан көрсөң өңү кубарып суз гана алдынан учураган адамга оозунан салам айтат. Ачылып бирөө менен маек курбайт, мурдагыдай. Курбуларынан да абдан четтеп өзү менен өзү. Ар дайым сот залындагы болгон окуяларды көз алдына тартып, бошонуп ыйлап алат. Көзү канталап, кирпиги нымдашканын энеси далай ирет байкады.

Ошондо Талгат Көсөевичти жакалап алган Айдайды коридордон кетип баратып көргөн.

“Убадаларыңыз кайда? Жок дегенде мөөнөтүн азайтат деп ишенгем сизге. Он бир  жыл, эмне деген гана убакыт? Оо, шордуу жаным ай!”

Тизелей олтура калып, эч кимди көзүнө илбеген Айдай, буркурап ыйлап алган.

“Туруңуз, андай дебеңиз, Мен сөзүмө турам, көрөсүз, жардам берем,” - деген адвокат  тынчтандыруунун амалы кылып.

Сыртта пальтосун топчуланып жатып карегинин кырын салып Жанара өлгөн жигиттин ата- энесине карай, ичинен наразы болуп турган. Капкара түстөгү кымбат машина минген киши, аялынын келишин күтүп турду да, аялы келген соң машинага олтуруп, от алдырып калды. Өлгөн жигиттин апасы дароо олтурбастан Жанарага тигиле карап көпкө турду да, олтуруп жөнөп кетти...

“Кичинекей эле бакытым бар эле, аны да алып тындыңар. Мына! Силер ойлогондой болду! Чырагыңарга май таамп жаткандыр! Ооба, билем, менде өчүңөр бар болчу да!”

Жанара үйүнө келгинче ушинтип ичинен кимдир бирөөлөр менен урушуп келген.

Атасы улам маңдайкы күзгүдөн карап, кызынын жүзүнөн көп нерселерди байкап бара жатты.

Жанара үчүн соттун чечими төбөгө чапкан камчыдай тийди. Эл дуу-дуу болуп түйшөлүп кетти.  Муратка боору оорубаган адам жок. Сөз артынан сөз ээрчип кыйла жандары кейип, аяп турушту.

Жанараны кай жерден учуратышпасын, далысынан ушалай: “Кандайсың? Жакшысыңбы?” - деп жан- дилинен сурашат. Кээде бул нерсеге кыжыры келе түшөт, үнсүз гана башын ийкейт бечара кыз.

Акыры оюк көргө барарыбыз анык эмеспи. Аз өмүрдө күлүп, ойноп жашоо, кайгы- муңсуз турмуш болсо деген баарыбыздын тилегибиз.

- Жеңди чакырчы Карачач, тамак ичсин.

- Кардым ток, дейт го апа...

- Жөн кой, бир аз унутуп алсын, менден ыңгайсызданып жатат. - Болот кызынын катуу уялып турганын билди. Жанара Мураттын сөздөрүнөн улам атасынан уялып, бет алдына олтура албай, сүйлөшө албай жүрөт.

- Болот, Муратка кыйын болду. Адвокатыңардын жардамы кайсы? Көрүнбөйт го?

- Билбесем кемпир, тиги, таанышым бар, сүйлөшөм, мынча көп убакытка калбайт, деп эле жайгарып жатат го, ишенип тура берели, же мен түшүнбөсөм мындай жашыруун иштерине.

- Ка-ап, Айдайга жаман болду. Калган балдар эмне болду? Дайынсыз, сөз да болгон жок го, алар тууралуу?

- Аз убакытта бошотушат экен. Акчалай салык салышыптыр.

- Алардын жашы жете элек да, ошол себептен өздөрүнчө соту болобу, же кандай жолдо чечилет, иши кылса үч жыл үй камагына алышып, акча талап кылып жатыптыр, Талгат айтты...

- Айтор чыгып калышса болду.

- Чыгат кемпир, кабатыр болбо. - Жанаранын ата- энеси тамактанып сүйлөшүп олтурушту.

- Алло, Кандайсың? Жанара...

- Кадыр! Кайсы бетиң менен чалып турасың!

- Эмне болду?

- Эмне болсун! Муратты он бир жылга кесип салды. Билип туруп сурайсың! Балким куттуктайын дедиңби? Майдай жагып турса керек!

- Андай дебе Жанара, мен сенин акыбалыңды сурайын деп чалдым.

- Менин акыбалым жаман, билгиң келип турса!

- Жанара, мен шаардамын го, неге мага жиниң келип турат? Ооба, Мураттын соту болорун билем го бирок сени табалайын деп чыккан жерим жок. Анын соттолуп кетүүсү белгилүү эле. Киши өлүп жатпайбы, Жанара...

- Сени эсиме салып койчу дедимби? - Мурат, ой Кадыр... Сен мага башка тынчымды албаска убада бергенсиң, унутпасаң.

- Ооба, болгону соттон кийин акыбалыңды сурайын дегем.

- Акыбалымды билесиң да, кандай экенин!

- Кечирип кой, макул жакшы тур.

Бир аз убакыттан соң Жанара Кадырды кагып сүйлөгөнү үчүн ыңгайсыз боло түштү. Кадыр ичинен Жанарага капа болуп алды. Жини бетине чыгып, догдур кызга катураак тийди.

- Муну алсаңыз боло, кечинде да унутуп калыпсыздар, өзүм сууруп койдум. Тамчылатма дарынын колунда сайылып турган ийнесин жулуп алды.

- Кечиресиз, мага бериңиз. Колуңуздагы кан токтосун, колуңузду бүгүп кармаңыз, -деп сыртка шашып чыгып кетти.

Уучтаган топуракты кайра жерге чуурутуп төккөндөй эле күндөр биринин артынан бири токтоосуз өтүп жатты. Асмандан булут сүрүлүп, кээде күн чыгыш кызарып калат. Күндө сабагына ээрчип бир топ булут Жанаранын артынан калбайт, боору ооруйт, бирин- бири акмалап, тымызын суроолуу тиктешип, ар бири өзүнчө тунжурап

турушат. Сабактын майын чыгара окуган Жанара ошол калыбынан жазбады. Бирок келбети аянычтуу. Аз сүйлөөчү болду, бөлмөсүнө кирип кулпуланмай адат таап алган. Ал жаңыдан тарткан эки сүрөттү дубалына илип алды.

“Жүрөгүмдүн канына боёп тарттым жаным. Бул жашоомдо эмнени көрбөй калсам, эмнени сага айта албай калсам, көңүлүмдөн алып чыгып, ошонун баарын, мына ушул сүрөткө кошуп тарттым,” -деп, күбүрөндү...

Манжалары боёк бойдон боюн диванга таштап уктап калганын көргөн апасы, маңдай чачынан сылап көзүн жашылдантып сүрөттөргө карап таңыркап турат. Анда Мураттын темир тордо олтурган сүрөтү, жана бурулуп артын карап жылмайган сүрөттөрү тартылыптыр. Керемет, боёкторду ушунчалык мыкты берген. Жакындай келсең чамбулала чийилген сымал туюлат, ал эми алыстан карасаң адамдын келбети даана көрүнүп тирүү элес калтырат, сүйлөп жаткандай. Кызынын талантына тан берип, көпкө карап турду Толгонай.

Мураттын акыркы жазган катын Айдай алган, жана дагы эмне кылсам деп башы катып бир чечимге келе албай бушайман болуп жүргөн. Акыры эң жакшы кошуна эжеси Насипадан кеңеш сурайын деп, үйүнө баш бакты. Экөө көпкө олтуруп андан соң бир чечимге келип, Жанаранын үйүнө чогу баралык дешти.

Алгач Айдай кыдырып жүрүп жакшы сөйкө алган.

***

Мураттын каты...

“Кандайсыз, Айдай эже? Инилерим жакшыбы? Сизди, инилеримди көргүм келип араң олтурам. Сапырып муздатып берчү жармаңызды сагындым. Чылым чекпе, арак ичпе, деп айтчу сөздөрүңүздү сагындым. Мага арнап бышырчу, май токочту сагындым. Айтор баарын сагындым.

Эже, бир өтүнүчүм, акмак иниңиздин сураныч. Жанарага сөйкө салып коюңузчу. Сиз билесиз да, мен ал менен дем алам, суусунум канат, жашайм. Өтүнөм эже, суранам!” -деп жазган.

- Насипа эже? Жанаранын ата - энеси макул болбосочу? Анан калса он бир жыл күтмөк беле?

- Ок! Бул эмне дегениң Айдай! Жакшы тилек кылсаң боло! Он бир жылга жетпей чыгып келет деп үмүттөнөлү. Шаарда батириңди да

саттың, Көкүл да акча даярдап жатыптыр, азыр акчанын заманы, бир айласы болот. Жакшы нерсени сүйлө.

- Ошондой болсо кана. Айдай солуктап ыйлап кирди.

- Болду эми жашыңды сүрт. Кечинде Болоттордукуна өтөбүз, жакшы нерсенин эртерээк болгону жакшы. Сөйкөнүн дурусун эле алдың да? Жаш кызга ылайыктуусун?

- Мына эже көрсөңүз.

Мураттын өтүнүчүн аткарууну туура көргөн Айдай. "Иним түрмөдө олтурса, а мен сөйкө салам деп барсам, кандай ойлошоор экен?" -деп, күндүзү кечке бушайман болуп жүрдү.

Мурундун учун тоңдура түнкү суук түшүп, каалгага колуң жабышат. Айылда апапак кар жамынган үйлөрдүн моорунан чыккан түтүн, көмүрдүн жытын таратып кыштын көркүн чыгарат. Айдай жакшы дасторкон жасап, Насипа эжени ээрчитип Жанаранын үйүнө келишти.

Ашканада идиш- аяк жууп жаткан Жанара көздөрү жайнай түштү. Айдайды бекем кучактап учурашты. Төркү тамдан чыгып келген апасы, конокторду кубануу менен тосуп алып, дасторконго олтургузду. Аңгыча атасы да эшиктен кирип келди.

"Эмнеге мындай дасторкон менен келишти экен?"- деп Жанаранын ата- энеси улам бирин- бири карап түшүнбөй олтурушту.

Чайын дайындап берген Жанара чуркап бөлмөсүнө кирип, эшигин акырын ачып коюп, сөздөрүн угуп олтурду. Жүрөгү жакшылыкты бир жамандыкты сезгендей, кабынан чыга жаздап согот.

Насипа:

- Биз Айдай экөөбүз жакшылыктын жышааны болуп келдик. Силерди туура түшүнөт деп ойлоп турабыз...

Айдай:

- Ооба, жакшы ойду ортого салсакпы деп, келип олтурабыз.

- Ой ичти бышырбай айтыңыздар, атасы өлгөндү деле угузат турбайбы, -деп апасынын тынчы кетти.

- Өзүңүздөр көрдүңүздөр сот залындагы окуяны. Мына эми Мураттын өтүнүчү менен келдик. Жаштардын убалына калбайлы деп, буларды түбөлүк бир болсун деп, Жанарага сөйкө салганы келдик. Албетте, сиздердин макулдугуңуздар менен.

Бөлмөсүндө угуп олтурган Жанара ыйлап жиберди, кубанычтын жаштары эле. Жанаранын ата- энеси бири - бирин тиктеп үн сөз жок олтуруп калышты.

Жанара ордунан акырын туруп, апапак жүзүнөн сыдырыла аккан жашты ээгинен ылдый тамызбай колунун сырты менен аарчый, көкүрөгүнө колун коюп, сууланышкан кирпигин төшөлтө көзүн жуумп жылмайып, кандай жооп болор экен дегендей каалгага жөлөнө тыңшап калды.

Атасы тамагын кыра:

"Толгонай конокторго чайдан куй," - деп өзүнчө жини келип турганын билгизгендей, эки алаканын ушалай: "Нанга карап олтуруңуздар" - деди. Жолдошунун кабагын байкай койгон Толгонай, өзү сөз баштоону чечти.

-Айдай, кагылайын, жакшы оюңар бар экен. Минтип, биздин алдыбызга келгениңерге кубанып турабыз. Бирок, азыр шашпай турсак болчудай. Ооба, Мурат көз алдыбызда өспөдүбү. Элпек, ичинде кири жок мыкты жигит. Бир жаман жүрүм- турумун көрбөдүк.

Бул сөздөрдүн артында не ойлор жатканын Жанара туюп турду. Баятан тамылжып турган жүзү өзгөрдү. Түйшөлүп чексиз санаадан баш жарылгыдай болуп, аптыгып, денеси ысып чыкты. Ал кече да түнү уктай алган жок. Таң таштаган мезгилде гана көзү илингендей жатып, көп чачыранды ойлордун убайымынан улам бир кызыктай түштөргө кабылган. Чочуп ойгонуп, андагы толтура санаага туш болуп, эми эле колуна келип коно калган бакыттын кызыл кушу, капилет селт чоочуп уча качкан өңдүү ичи астейдил сыйрылып калган.

Толгонай ушул сөздөрдү айтып оозун жабаар замат Болот нес болуп жер тиктеп олтуруп калды. Айдай жооп күткөндөй алмак-салмак көзүн албай карайт.

Насипа орто жашка келип калган аял, өлүмдөн башкасын туя алган курч акылга ээ. Ал Болоттун оюн сезип турду, анан өзүнчө кебин ортого салды.

- Силерди түшүнүп турам, балдарыбыздын бакыты биздин эң биринчи көйгөй. "Ушулар бактылуу болушса экен," - деп жүрүп карыйбыз. Өзүңөр деле билесиңер да, бул экөөнүн сезимдери тээ бөбөк кезинен баарыбызга маалым. Түбөлүк бир болушса жаман эмес, Болот кагылайын макулдугуңарды берсеңер, Жанаранын да оюн угуп көрөлү. Мына Муратты аз мөөнөттө чыгып келиши үчүн бардык күчүн жумшап жатышат. Мен дагы эмнегедир жүрөк түптө сезип турам, көрөсүңөр бошонуп келет. Ошондо булардын тоюна күбө болсок жаманбы?

- Насипа эже, сиз менин бир тууган эжем болуп калбадыңызбы. Мен ушул бүт өмүрүмдү балдарымды окутам деп жумшап келатам. Жанаранын окуусу шарт. Анан мен Муратты жакшы билем, абдан

жакшы жигит, каршылыгым болбос эле. Болгону азыр булар жаш, оозунан сүтү кете элек кызыма эмитен сөйкө салдыра албайм. Сүйүүнүн баркына жетчү жашка толо элек. Мындай балалык сезимдер кимибизде болбогон. Эгер насип болсо эч жакка кача албайбыз. Мурат бошонуп келсе, кызым окуусун бүтсө, булардын тоюна каршы болбосмун. Мага таарына көрбөңүздөр...

Айдайдын мойну шылкыя түштү: "Ушундай болорун билип тургам, ошентсе да инимдин өтүнүчү менен келдим эле, болбоду," -деп ичинен күбүрөнүп олтурду. "Башка айыл ичине кеп чыкпасын, мында эле калсын, атабыздын жообун эки кылып көрбөгөнбүз, деп" -деп Толгонай оор үшкүрүндү. Кантсе да эне да, макул деп айтууга тили бурулуп барбай, эрдин тиштене тим болду. Кызынын сезимдери канчалык күчтүү экенин сезип, туюп турса да күйөөсүнөн озуп, макулдук бере албады.

Кудай башка салганын көрөбүз, отко салса да, сууга агызса да өз эрки. Негизи эле жашоонун шыбагансынан куру жалак калган бир бечара окшойм, түк гүлүм бажырайып ачылып, кабагым жаркылдабады. Тагдыр сол көзүн салып турган бейм? Келечекте күлү бир жерге доодо болбос аялдай туюлам, эмне үчүн мындай? Эмнеге?- деп Жанара шырдактын үстүнө эки тизесин кучактап олтуруп алып көз жашын көлдөттү.

Башка сөзүңөрдү угууга жүрөгүм алсыз, дегендей эшигин бекем жаап алды. Көпкө тунжурай олтуруп калышты, ар ким өз ою менен алек.

-Болуптур анда эмесе, биз бата кылалы, кеч да болуп кетти, деди Насипа.Ушуну эле күтүп тургандай Болот алакан жайып жиберди. Узатып чыгып бара жатып Толгонай, Айдайды ичтен аяп турду.

-Мурат аман-эсен кайтып келсе буйруса, Кызымды ойлонбой алып кете бересиңер, деди Толгонай. Болоттун оюу да туура: "Окуп жүрүп дагы далай сүйүүгө кабылат, азыр булар бала" - дейт. "Капа болбой кеткиле," - деп буйшайман...

"Капа болгон жерибиз жок, түшүнүп турабыз," - деп Насипа сөзүн коштоп койду.

- Болот, эмне дароо эле катуу тийдиң ыя?

- Анан эмне? Макул деп турушум керек беле? Кызыңдын келечеги алдыда, эгер биздин тилибизди алса. Эне- атанын тилин алган жакшы болот. Кызыңдан кутула албай олтурасыңбы? -деп, Болот жиндеди.

-Ай! Ушу сага айткан кайран кеп! Өмүр бою жак этксниңди коё бербей жашап келатасың мени менен! Түк мени укпайсың! Чай ичкен

столго олтурган Толгонай кол аарчыны чекесине басып көзүн жашылдантты.

- Сени түшүнбөй турам апасы? А эмне туура эмес кылдымбы? Ыя! Же менден жашырчу бирдеменер барбы?!

- Бул эмне дегениң Болот? Сен экөөбүз сүйүүгө мас болуп жүргөндө канчада элек? Ошону билчи! Сот залында Мураттын сөздөрүн угуп турдуң туурабы? Убал болбосо дейм. Жаш неменин шагы сынып турат ансыз да. Билбей калдым, башым маң! Эмнеси болсо да кызың кийин бизди күнөөлөбөсө болгону.

- Күнөөлөбөйт! Ойлосоң, эгер бошоп чыга албай калса, он бир жыл күтөбү кызың, кара далы болуп?

- Бошоп келет, жакшы ойдо бололу.

- Муну кызыңа кеп кылба, дагы балалык кылып жүрбөсүн. Эгер чын эле бошоп келсе Жанара окуусун бүтө электе, Айдайды өзүм чакырып тойду белгилейм, деп Болот өктөм сүйлөп, уктоочу бөлмөсүнө кирип кетти.

"Талаша албайм, Болоттун айтканы да туура, Толгонай сеники дагы ырас," - деди.

Айнекке чап жабышкан аяз, баятан бери бул окуяга күбө.

Күлкүнү душман кылып алган Жанара, апасы менен да ачылышып сүйлөшпөй калды. Окууга барат келет, үй тиричилиги менен алек. Толгонай бечара, баласы үчүн эмчектери сыздап, аяп алат, ичинен ыйлайт. Мурдагыдай катуу урушпай, Жанарага мамилеси өзгөрдү. "Бекем карма кыздарды," - деген Болоттун сөзүнөн улам кыздарын катуу тилдеп тураар эле кээде.

Кадыр шаардан кайтып, жумушуна келди. Бир ордунда олтура албай Жанараны көргүсү келет. Күнүгө убакыт таап, мектептин жолун акмалай аңдычу болду. Алыстан карап Жанарага жакын келе албай ыза болот. Аңдып көрүүнү адат кылган Кадыр, куду жумушу бар кишидей күнүгө айылдын кире бериш жеринен алысыраак унаасын токтотуп, карап олтурат.

Бирде кар эрип жер балчык боло түшкөнүн көрүп чөлмөккө чоң-чоң таштардан тизип койду. Анан карап олтурса Жанара келип ошол таштар менен аттап өтүп баратат. "Жаным, колума көтөрүп жүрөр элем сени," - деп жылмайып тамагы буулуп сүйлөнүп алды.

-Уулум! Кадыр! Каргылдаган үнү менен бөлмөсүнөн дабышын акырын чыгарган Манас, суусап таңдайы катып турат.

- Оу ата? Мен келдим.

- Мени арабама олтургузчу, төмөн түшөлү.

Манас көлөмдүү сары, быгжыйган киши эле. Күрөң мойлосу өзүнө аябай жарашкан, сүрдүү келбети бар. Шал болуп ооруп төшөктө жаткандан бери, тили булдуруктап, жаагы кирип коркойуп калды. Эки уулунан бир күндө ажырап, тагдыр жонуна камчы уруп из калтырды. Ошол барабар, оор сыноону көтөрө албай, ал күчтөн тайып, шал болуп арабада олтурат.

Ал өз убагынын мыкты эл тартипчиси, милициянын генералы, ишин кынтыксыз жөнгө салган көрөгөч инсан. Анын жолун Кадыр улады.

Каза болгон эки агасы менен бирге, ошол каргашалуу күнү Кадыр шоопурдун жанында олтурган, рулда улуу агасы эле. Ичээр суун түгөнбөсө, илинип калган жардан чыгасың, күйүп жаткан оттон аман каласың дегендей, бир Кадыр тирүү калып, эки ай ооруканада жатып адам болгон. Ошондон эки бөйрөгүнө, жамбаш сөөкө запкы кетип жыл сайын дарыланып турмайы бар.

- Ата, эч жериңиз оорубадыбы?

- Ооруса да сезбейм уулум, тулку боюм толугу менен эле сыздап ооруп жатса керек.

- Эртең догдуруңуз келет, кече коңгуроо кылдым.

- Ал өткөн апта эле келбедиби.

- Ал эмне дегениңиз, бир айда эки жолу сизди карап туруусу шарт, ансыз болбойт. Тепкичти араба түшө тургандай кылып ыңгайлаштырып коюшкан. Биринчи кабатка келип ата бала столдо сүйлөшүп олтура калышты.

Манастын жубайы Майрам, бүт өмүрүн элине арнаган мыкты эл агартуучусу. Азыр карылык эс алууда. Ошентсе да ал күчү жайында, үй кызматчысынан талашып тамактарды жасап, тигүүчүлүк менен алектенип, бир жерде олтурбайт.

Кадыр: "Келин алып келдим апа!" - деп бирде тамашага салып, үй кызматчы алып келип берген. Мүнөзү оор, эки баланын энеси Жийде аттуу татынакай келин. "Жапжаш кыз эле көрүнөсүң," - деп өзүнөн бир жаш улуу Жийдеге чай ичип олтуруп тийише сүйлөйт. "Сага эрмек табылбадыбы, Кадыр" - деп күлүп калат.

Буга чейин, "Кызматчыңдын кереги жок!" - деп жинденген Майрам акыркы эки айда буту колу узарып, Жийдеге көнө түштү.Экөө өткөн кеткенди сүйлөшүп, каткыра күлүп, биргелешип манты түйүп мамилелери жакшы.

-Уулум, апаңа кызматчы жалдап коюп, үйлөнүүдөн кутулдум деп турасыңбы? Манас тамашага салып сүйлөдү. Улам оозу сүйлөгөндө

жакшы эпке келбей сууланышып турат. Кадыр атасынын оозун бат-бат сүртүп, тамактан жегизип:

- Андай эмес атаке, мына келиниңиз окуусун бүткөнү калды, дароо алып келем, кабатыр болбоңуз, - деп көңүлүн жайгарды.

- Ошентсе да, ылдамдат уулум. Минтип ар мүнөтүмдү санап, араба кучактап олтурам. Апаң да жашарып кетпейт. Небере жытын жыттап калсак дейбиз уулум.

"Минтип күндөр зуулдап өтө берет тура. Каап, эмнеге кеч жолуктум сага Жанара? Кантип сени менчиктеп алсам? Мени көрсөң жиниң келет, жолотпойсуң. Барсам чыкпайсың, нары да түкүрүк жерге түшпөгөн суук. Сенсиз жашоом такыр кызыксыз, же сени таптакыр жолуктура электеги, учуп-күйүп жүргөндөгү жаш кезимде үйлөнүп албаптырмын."

Кадыр ата- энесинин сөзүнө кулак салып олтурган киши көрүнгөнү менен, ичинен өзүнчө ушинтип сүйлөнүп жатты.

Муратты Ош областына которушту, бечара анда дагы убактылуу камакта жүзү кумсарып, зонага барсам өлүгүм келсе керек деп олтурат. Жанаранын ата- энеси сөйкө салдырууга таптакыр каршы чыкканын угуп, бир чети тирүүлүктү жек көрсө, бир чети Жанараны жоготуп алдым окшойт, деп ызаланып ыйлады.

Ош шаарына барар замат өзүн алсыз сезип, эс- учун жоготуп кулады. Кайран гүлдөй жигит, эт жүрөгү араң согуп толтосуна мелт - калт ириң толуп, жамаачыга толуп кетти. Догдур көзөмөлдөп тынымсыз карап жатты. Аябай алсыз, нерв чарчаган, денесин муздата албай жатабыз. "Дагы жаш ошол себептен турат, эгер орто жаштагы адам болгондо эбак мээсине кан куюлмак." –дейт догдур. Эриндери бозорун үч күн эч өзүнө келбей догдурдун көзөмөлүндө болду.

Үчүнчү күнү көзүн ачса, апапак шыпта люстра илинип турат, кенен бөлмөдө жатканын туйду. Денеси жанчылып калгандай жансыз, боюн өйдө көтөрүп тура албай калтырап, жүрөгүнүн согушу тамагынан угулат. Жерде килем салынып, диван кресло коюлган. Сыналгынын үнү чыгып жатат. Акырын башын көтөрүп айлананы байкаштырды да, туруп жайына олтура кетти. Маңдайында, капкара түстөгү спорт кийимин ас- үстү менен кийген, башында допусу бар курсактуу кишинин сыналгы тиктеп олтурганын көрдү. Ал Муратты бир карап алды да, кайра калыбынан жазбай олтура берди.

"Деги, кайда келип калдым?"- деп алаңдап чочулап турду.

Аңгыча темир эшик карс ачылып, чакан апапак чемодан көтөргөн киши кирип келди.

“Колуңду тос. Жүрөктүн кагышын өлчөп, жогору экенин айтты. Жапжаш туруп эмнени мынча катуу ойлондуң? Үч күн, ачкасың, дары гана куюп жаттым, эмне мынча? Дагы ден- соолугуң чың экен. Жигиттик кайда? Сабырдуу болуш керек. Өзүңдү кара, мындай көрүнүш болбойт. Бул дарыны ичесиң, калтырба. Мен дагы бир келип кетем.” –деди догдур.

Туруп жөнөп бара жатканда догдурдун билегинен шап кармап: “Аке, мен кайда келип калдым?” - деди Мурат.

Мыйыгынан бир аз күлүп: “Ош шаарынын сизосунда, мындагы шартты көрүп таң калып жатасыңбы?”

“Тээтиги кишини көрдүңбү? Ага боштондук менен камак бирдей эле, бейкапар жашайт. Чириген бай киши дешет, аз да болсо багың бар экен, сени мында бөлүшүптүр.

Шыбырап сүйлөп алды да, кайра дабышын көтөрүп: “Болуптур эмесе жакшы болуп кет,” -деп чыгып кетти.

Мурат иштин жайын эми түшүндү. Чыкыйы лукулдап дале ооруп турат.

Күндөр токтоосуз өтүп жатты. Жанара арыктап, жүзүнө кайгысы чыгып, көп уктоочу болду. “Уктап калсам, аз да болсо баарын унутам, түшүмө кирбесе экен деп тилейм. Муратымды түшүмдө көрсөм кубанчумун, азыр андай эмес, аны аяп кетем. Дайым кыйналып жатканын көрөм, деги бул азаптардын чеги кайда? Качан түгөнөт. Мынчалык жазалагандай, кандай күнөө кылдым экен. Апамдын курсагында эле чарчап калсам эмне, же таптакыр жаралбай койсом эмне. Мени кечир жараткан, бул азаптарыңды токтот, чыдабайм!” –деп үзүлүп түшүп күндө ушинтип ыйлайт.

Мектептин коридорунда шуулдай басып Айдай Жанараны издеп жүрөт. Узун көйнөк кийип, кара жоолук салынып, эски пальто үстүндө. Маңдай чачын бубак басып, бутунда өтүгү да эски. Жаш келиндей чачын боёп, аз да болсо өзүнө карап жүрүү оюнда жок, тагдыр муну анда- мында ташка ургулап ушул акыбалга алып келип койбодубу.

- Куткелди! Кандай иним?

- Жакшы Айдай эже, кандайсыз?

- Мен, Жанараны издеп жүрөт элем, классын көрсөтүп койчу.

-А, биз азыр алгебрадан чыктык демек алар киришет.

- Жүрүңүз...

- Ырас болбодубу...

Партага колун коюп, үстүнө башын жөлөй терезени карап жаткан Жанара, эч нерсеге көңүлү жок. Коңгуроого он мүнөт бар. Куткелди класска кирип Жанараны ээрчитип чыкты...

- Саламатсызбы? Айдай Эже?

- Кандайсың алтыным, окууларың жакшыбы?

- Рахмат баары жайында, суз гана ооз учунан айтты.

-Мен Мурастын ата-энелер чогулушуна келген элем, сага жолугайын деп кайрылдым. Сабагың баштала элек болсо, жүрчү, сыртка чыгып сүйлөшөлү. Үстүнө кийип ал.

- Макул, азыр...

Экөө мектептин алдында отургучтардан жай алды.

- Сиңдим, өткөндө үйүңө бардык, апаң айткандыр.

- Апам айтпай эле, баарын өз кулагым менен угуп турдум Айдай эже. Жанара адатынча ыйлап кирди.

- Болду эми, апаңдарга күнөө койбо. Ата- эне балага жамандык каалабайт. Бактылуу болушса экен дейт ар дайым. Мен дагы аларга капа эмесмин. Түшүнөм, Мурат түрмөдө олтурса, сенин келечегиңди ойлошту да. Атаң деле жаман айткан жок, мөөнөтүнөн эрте чыгып келсе той кылабыз деди. Ошондой эле болуп калса экен. Бассам, турсам тилегим ошол.

Айдай Жанаранын колун өзүнө тартып, алаканына сөйкөнү салды.

- Бул сеники, сиңдим. Мурат мага сөйкө салды деп ойлой бер, аны күтөсүң ишенем, күмөнүм жок. Бул сенин ар дайым жаныңда жүрсүн, шаарга окууга барсаң, ошол жакта тагынып жүр, жарайбы?

Жанара көзүнө жашты мелтиретип, алаканынын бекем жаап көкүрөгүнө коюп, Айдайдын моюнуна асыла кучактады.

- Эже, эмнеге менин тагдырым мындай болуш керек, эмнеге? Аптыгып токтоно албайт. Сүйлөп да, ыйлап да жатты.

- Болду, болду, жашсың, өзүңдү бекем кармап, Муратты күт. Чыгып эле келсинчи, экөөңө тоскоол болчу менен өзүм сүйлөшөм. Алыстарга качып кеткиле, сүйүүнү даңазалап, узакка бактылуу өмүр сүрөсүңөр, балалуу болосуңар. Жанаранын жаштарын сүртүп, маңдайынан өптү.

- Соолуп өзүңдү биротоло таштаба, жакшы тилек кылып, мурдагыдай шайыр жүр. Ар бир кайгы, карылыкка жетелейт. Ансыз да мүнөт сайын карып бара жатабыз. Болуптур, алтыным, сабагыңа кир.

- Айдай эже , сизге ыраазымын.

- Макул, кирегой, мен кеттим.

Жанара Айдайдын артынан көпкө карап туруп, ага боору ооруду. "Эми балдарын кантип багат? Шаарда батирин да сатып жиберишти. Байкуш эже аябай кайгы үстүнө кайгы болуп олтуруп жүдөп калыптыр. Жараткан сизге жардам берсе экен. Рахмат, Айдай эже, бардыгы үчүн рахмат."

Мына, бүгүн дагы кеч кирди, айыл тунжурап ызгаардын гана ышкырыгы ар үйдүн терезесине жармашып, шыкаалап карайт, шуу-у-шуу-у этип. Кургак кар жерде жай алып, ныкталып эрий турган түрү жок.

Жанара Айдайдын берген сөйкөсүн тагынып, күзгүнүн алдында турат, өзүнчө кыялдарга жетеленип, ууртуна көп күндөн бери эми жылмаюу келди.

Жаным, сенин колуктуң болсом, Айдай эжеңди апамдай көрүп сыйлап, бактылуу жашамакпыз. Сен иштеп, мен үй- жайды, балдарыбызды, эжемди карап, башкалардыкына окшош эле, татынакай турмуш курмакпыз. Өзгөчөлөнөм дебейм, таап келгениңди жеп, шүгүр кылып, жашоонун ырахатына чогу батып, сен менен менин жөпжөнөкөй жашообузга көз артчудай кылмакпыз. Мурат, ишенип кой, "Байдын койнунда калтырап жаткынча, кедейдин койнунда кутуруп жат" - деп чоң энем айтмакчы, сен менен карандай суу ичип жашасам да, бир келген өмүргө наразы эмесмин. Эң башкысы, сен барсың. Мойнуңа асылып, эркелеп, сен менен өмүрүмдү өткөрсөм жаман эмес. Сен менин ата- энемден, бир туугандарымдан кийинки эле байлыгымсың. Азыр кыйкырсам үнүм жетпес алыстыкта туруп, жан дүйнөмдү таш басып турат. Баягы, биздин үйдө жүгөрү оргонуңду ар дайым көз алдыма тартам.

Жеңдериңди өйдө түрүп алып, көйнөгүңдүн көкүрөк топчулары ачылган, кара терге түшүп, улам мен тарапты карап жылмаясың, көзүмдүн кареги менен тең айланасың. Ичиңде кыпындай да кириң жок, ар дайым туура сүйлөп, бейчеки тамашалабайсың. Ушул мүнөздөрүң үчүн сени сүйсөм керек.

Көкүрөгү кыйылдаган семиз киши, көзүнүн капталынан Муратты карап, тээтиги бөтөлкөдөгү сууну алып келчи, деди. Ордунан шап тура, алып колуна карматты.

- Олтур, аты жөнүң? Кайсы берене менен? Кай жактансың? Жашың канчада? Сүйлө!

Мураттын көздөрү алаңдап, кайсы суроосуна жооп берерин билбей калды. Тамагын кырып, колдорун ушалап, эриндерин суулап ыңгайсызданды.

- Токто-от бул калтыракты, болду, болду...

Көкүрөгүн кыйылдата күлүп.

-Тиги жабандын ичин ач, алып кел баарын, муздаткычтан салатты алып кел, тамактаналы.

Өзү дивандын сүйөнгүчүнө колдорун жайып, чалкалай сыналгыны тиктеп олтурат. Мурат, буттары тыбырай, столду жайната салды. Муздаткычты ачып, андагы бир жука кесим чучукту сугунуп алды, ашказаны ачышып, үч күндөн бери ачка бечара. Семиз кишиге көңүл бурбастан шашыла тамактанып кирди.Тиги киши мыйыгынан күлүп карап коёт.

Бир аз өзөк жалгап алган соң, маңдайында олтурган адамды унутуп койгонуна ыңгайсызданып: "Кечириңиз, аябай ачка элем," - деп жүзүнө тиктей албай жер карайт.

- Менин атым...

- Токтот! Ал теманы кечкиге калтыралы, түн ичи аябай зээригем, ошондо айтасың! Азырынча сени "Качок" деп коёюн. Мындай мамилеге туш болуп көрбөгөн Мурат: "Токтот!" - деп катуу сүйлөп жиберсе селт этип чочуп кетти. Жакшылап тойгуз кардыңды, жыйнап кой, мен эс алайын... Чалкалай түшүп уйкуга кетти.

Мурат эмнегедир көңүлү жай таппай, тээ түпкүрүндө тынчсызданып турат. Столду жыйнап, өзү килемдин бетине чалкалай жата калып, оор үшкүрүнүп алды.Төш чөнтөгүндөгү Жанара жазган катты сыйпалап таппай жүрөгү шуу дей түштү. Ордунан так секирип туруп, чөнтөктөрүн тинтип таппайт, көзүнө жаш келип, тамагы буула, оң колунун муштумун түйүп, сол колунун алаканына урду.

Эмне болду? Катыңды издеп жаткан болсоң, дивандын кычыгында турат. Семиз киши көзүн жуумп жаткан калыбында сүйлөдү.

"Жакшы жазылган," - деп ары бурула жатып алды.

Мурат катты кайра - кайра окуп, өзүнчө жылмайып, кагазды өөп койду да, бир нерсе эсине түшө калгандай нес болуп дубалды теше тиктеп олтурат.

Бат эле түн кирип, убакыт тез өтүп жаткандай. Эшик ызгаар болгону менен, Мураттын жаткан жери жылуу, шарты жакшы куду үйүндөй эле. Керебетке боюн таштап магдырап уйкуга кетти. Түн ортосунда семиз киши:

- Качок! Мурат! -деп уйкусун бөлүп ойготуп жиберди. Керебеттен башын ылдый салаңдатып, угуп жатам аке, деп көздөрүн ушалайт Мурат.

- Сүйлөп бер, баягы суроолорго жооп бер.

Мурат Таттуу уйкудан суурулуп чыга албай бир аз үн катпай жатты да, саамайдан соң:

- Атым, Мурат, Кочкор-Ата шаарынан болом. 97- берене, 1- бөлүм. Жетим баламын, эжемдин колунда өстүм. 18 жаштамын.

- Кандайча өлтүрүп алдың?

- Кокустук аке, түк мындай кылчу оюм жок болчу. Минтип баарынан айрылып олтурам.

- Жанара ким? Катыңдан окудум, догдур сени чечинтип жатканда чөнтөгүңдөн түшүп калып капыстан окуп калдым, атыңды дагы билем.

- Ал менин сүйгөн адамым, чексиз сүйөм.

-Ошондой де? Ал аябай сулуубу?

- Акмөөр мында калат аке...

Көкүрөгүн кыйылдата күлгөн киши:

-Сенин таптаза жан дүйнөң, менин жаштыгымды эске салат. Ата-энемдин кенже уулумун, мектепти дурус окубадым, кийин чоң окуу жайга тапшырып аягына чыкпадым. Шаарда бир адамдар менен байланыш түзүп алып, ошол жол менен кеттим. Наркотик сатып алектенем. Баса, мени Шах деп кой, ата- энем койгон ысым эчаак өлгөн...

Шах Муратты эмнегедир көңүлү сүйүп ал менен тең тушундай сыр чечишип жатты

Кийин акча артынан, акча болуп олтуруп байыдым, баш отум менен кирип алдым, артка жол жок болуп калды. Он тогуз жашымда сендей курагым, Алтынай аттуу кыздын менден боюнда бүтүп калды, тимеле татынакай кыз, акча менен арбап алгам, "Сени сүйөм" дечү, калппы, чынбы ким билсин, -деп ойлоп коёр элем. Дайыма акчама кызыгып жүрөт го, деп ойлой бериптирмин. Ал менин эмне менен алектенгенимди билчү эмес.

Бир күнү боюнда барын айтты. Жиним бетиме чыгып, алгач алдап жатат го деген ойдо жаактан ары бир салдым. Шуркуя, мени алдап тийип алгың бар! Келесоо ойлобо, деп бечараны жакалап жүрөгүн түшүрдүм. Тизелеп буркурап ыйлап кирди. Он жети жашта, жаш болчу бечара... Аны бузуп койгонум аз келгенсип, таштап кеттим. Убакыт учкан куш да, бир жолу алдыман капыстан чыгып калды, ичи дөмпөйүп төрөшүнө аз калыптыр. Шарт бурулуп басып кетти. Ошондо боюнда бар экенине ишендим. Менин акмактыгым, артынан чуркап барсам болмок экен, ит кыялым ага жол бербеди.

Кыскасы, Алтынай мени аябай сүйчү, мен аны арам ойлорума аралаштырып, кор кылдым. Кийин, уктум уул төрөптүр, аты Мурат

экен. Мага абдан окшош экенин айтышты. Бир эки жолу артынан акмалап, көтөрүп жүргөнүн көрдүм. Баягы жасаган ишим үчүн жанына батынып бара албадым. Аларга шаардан үй алып, баарын жасап даярданып, өзүмдү да кечирим суроого даярдап, үйүнө барсам жок, алыска чет жакка кеткенин айтышты, уулумду алып кетип калыптыр.

Ушул убакка чейин өзүмдү кечирбейм, мына жашым элүүдөн ашты, дагы деле издеп жүрөм, алган тамым ошол-ошол бойдон турат. Кийин Минура аттуу айымга үйлөндүм, алты кыз төрөп берди. Ал бечаранын да көзүнө чөп салып, уулду болууну эңсеп, үч жыл мурун жаңы мектепти бүткөн кыз менен нике кыйдым. Там-жай алып бердим, кем кылбадым. Ал дагы удаа эки кыз төрөдү. Аялым билет, айла жок, ичине жутуп, уул төрөй албаганы үчүн өзүн күнөөлөп жүрөт.

Алтынайды далай издедим, дайыны жок. Акчаны аябадым, бирок таппадым. Ошентип анын каргышына калдым. Кудай мага экинчи ирет, уул берген жок. Ушундай Мурат, азыр уулум келишкен жигит болгондур, үйлөнгөндүр. Сенин катыңды окуганда ысымың, уулумду эсиме салды. Бул жарыктыкта уулум бар экенин билип жашаганыма өзүмдү бактылуу сезип жүрөм. Сага айтаарым, сүйүүгө кыянаттык кылба. Каргышы жаман.

Мурат таң калып угуп жатты. Тиги сүрдүү кишини мынчалык ачылып сүйлөйт деп ойлогон эмес.

- Сизге суроо берсем болобу?

- Сүйлө!

- Ошондо канча жашыңыздан баштап, наркотик менен алектенесиз, эми сураганым, Алтынайды акча менен арбап алдым дегениңизден?

- Жакшы суроо болду. Менин эки агам бар, бир тууган, аларды ээрчип ыйлап жүрүп алты жашымдан мектепке барып алдым. Бир жылга, тең туштарымдан эрте бүттүм. Мен шаарга окуу жайга барганда, Алтынай мектепте окуйт эле. Ошол жылы тааныштык. Көп өтпөй эле, жаман адамдарга жолуктум, алардын чөйрөсүнөн чыга албай калдым. Эки жыл ата -энемди окуп жатам деп алдап жүрдүм. Кыскасы чоң окуу жайга баш баккандан тартып ушул жумушка азгырылдым калдым. Жада калса, Алтынай дагы билбейт. Кийин Алтынайдан айрылып калгандан соң, ызаа болуп жүрүп ичип алмай адат таптым.

Ошондондой күндөрдүн биринде, бирде катуу масмын, саунага барып достор болуп эс алып жатканбыз. Кыздар келишти, анан ошол жерде бир кызды тандап, бөлмөгө алып бардым. Буркурап ыйлайт бечара, окуусуна акча таппай айла жок келгенин айтат, аны ашарта

сөгүп, уруп дагы койдум. "Коё бериңиз, келгениме өкүнөм, мен тазамын" - деп ыйлайт. "Экинчи мындай кылбаймын, бул мага сабак болсун, окуумдан кууп жиберсе да, айылыма таза бойдон кетейин," - деп чыркырады. Мен түк ишенбедим, жапжаш чыбыктай кызды уйпалап, убалына, каргышына калдым. Ойлосом, өзүмдө дагы карындаш бар, эмнеге мындай иш кылдым, билбедим. Мастыкка салып баарын жасадым.

Таң эрте көзүмдү ачсам, моюн орогучу менен асынып алыптыр, түндө эле өлгөн го, денеси муздап, катып калган. Ошондо кудайды биринчи ирет оозума алдым. Ошол арам ишим үчүн эң алгач 28 жашымда отуруп чыктым. Бат эле досторум чыгарып алышты, себеби иштин көзүн мен жакшы билем.

Мураттын көздөрү бакырая, коркуп кетти. "Оо кудайым, кайда келип калдым," - деп ичинен тобо кылып алды. Жүрөгү дүпүрөп, туйлап, эки ийини шөлбүрөп, туруп керебетте олтурган калыбында башы каңгырап нес болду. Өзүнчө демиге, кысыла, мурду тердеп чыкты.

Сага буларды эмнеге айтам, балам…

Муратка "Балам"- деген сөзү, жакшы угулуп жүрөгүн жылытты.

Сендей кезимде тагдырымды талкалап алдым. Арам ишке барба, түз жүр, ак мээнет кыл. Эми кудайымдын жазасынан коркуп жүрөм. "Кыз баланы кордогон мына, мындай болот!"- деп кыздарымдын биринен көрсөтпөсө экен. Сегиз кызым бар, алардын келечегинен чочулайм.

Бул сапар, менден товар алган киши алдап кетти, ачуум жаман, үйүнө барып өлтүрүп койдум. Мына эми, бул жерде эс алып жатам. Бирөөгө карасанатайлык кылсаң, кайрылып өзүңө бат эле келет Мурат, ушул эсиңден чыкпасын.

Шах өмүрүндө бирөөгө ачылып сыр айтпаган, жемин жегизбеген, жакшылык кылбаган адам. Муратты бир көрүп эле жылдызы келишип турду. Анын таптаза жан дүйнөсүн алгачкы эле көз караштa билген. Кече сыртка суракка чыкканда Мураттын эс- учу жок жатканын көрүп, "Мага кошуп койгула," - деп айткан. Анча мынчага сөзү өткөн курч киши.

Айдай ансайын жанчылып: "Эми Ошко качан жеттим. Тамак ашы тартыш болуп ачка калып жаткандыр," - деп күндө бушайман, ыйлайт.

Мурат, ар бир макулук жерди өз кадамы менен ченейт.

Жакшы адам болууга тырыш, ар бир баскан кадамыңдан гүл чыксын, сен менен жашаган аял заты өзүн чексиз бактылуу сезсин. Мына, сага айтып жатып өзүм бармагымды тиштейм. Эми мага артка

жакшы адам болуп кайрылууга болбойт. Бир гана нерсеге моюн суна алам, ушул беш күндүк жашоодо бирөөнүн көзүн ачаарлык жакшылык кылсам деп жүрөм. Мм...ушундай...ошондо эле күнөөлөрүм жуулуп калбайт, бирок, бир жакшы иш жасабай өтүп кетүүдөн корком.

"Негизи, сиз андай эле зөөкүр адамга окшобойт экенсиз. Өзүнүн айыбын сезип биле алган адам, демек жакшы. Өз катасы үчүн бушайман болгон, уяттуу ары акылдуу киши," - деп эмнегедир Мурат оюндагысын айтты.

Мурат акылдуу бала, канча жаш кичүү болуп турса да, Шахты жакшы тарапка үндөп койду. Шахтан жооп болгон жок, көпкө үн катпай жатышты.

Жанарага сөйкө салдырып коёюн десем, ата- энеси көнбөдү, себеби белгилүү да. Муратты он бир жыл күтөбү деп коркуп кетишкен чыгар, ушундай жаман акыбалдамын. Аны акыркы жолу Ноокендеги сизодон көрдүм. Жаным, айласын таап келиптир. Кучактап өөп баары бир моокумум канбады. Өтө эле сулуу, аны коргой албай келжиреп мында олтурам. Ансыз жашоо таптакыр кызыксыз, мен бул жарыкка аны коргоо үчүн жаралган болчумун. Милдетимди аткара албадым.Татынам, көзүн көлдөтүп сот залында ыйлаган бойдон калды.

- А эмне, сен ал менен түн өткөрүп жүргөнсүңбү?

-Жо-ок аке! Кайдан, жанына барсам колум чөнтөгүмө батпай калтырап, бутум тыпырайт, андай ишке эч качан бара албайм. Кантип эле капа кылайын, назик жан, анын намысын тебелей албайм.

- Ал өзү макул болуп турса дагыбы? Шах өзүнүн жашоосундагы кыздардай Жанараны талкуулап кирди...

- Өзү эч качан андай ойдо болбойт. Керек болсо, арандан өбөм. Башында такыр мени теңине алчу эмес. Ээрчип алам, кичинекейим менин, ачуусу келип далай уруштү. Акыры менин таза сүйүүмө көзү жетти бейм, мойнума асылып эркеледи. Ал мүнөттөр ата- энем тирилип келгендей кубаныч тартуулайт.

Сезиминин күчтүүлүгү Шахка жакты. Ал мындай майда- чүйдөгө маани бере бербес эле. Бир гана таза балалыгы эске түшүп, көптөн бери мындай сөздөрдү укпагандыгы, жаш жигиттин байлыгына айланган тунук сезими, Шахты баш ийдирип турду. Мураттай жапжаш болуп таза дүйнөгө кетип калгысы келип жатты...

" КҮТӨМ СЕНИ"

Сени көрүү турса дагы кыйынга,<br>
Күтөм жаным, күтөм чыдап кылымга.

Мага берген бул тагдырдын азабы,
Максатыма жетеледи чынында.
Ал максатта жашайт сенин элесиң,
Ар мүнөттө арбап мени келесиң.
Жүрөк канап, сыздаса да жүлүнүм,
Сен бар үчүн бактысызмын дебесмин.
Бир өзүңдө өмүрүмдүн маңызы,
Күтүп сени тездейт жүрөк кагышы.
Курмандыгың сүйүү үчүн жасаган,
Сезимимдин тоодой сага карызы...

- Жанара!

- Баратам апаке!

Ырынын аягына чыга албай калганына ызаланып, төшөнчөнүн алдына бастыра салып Жанара чуркап бөлмөсүнөн чыкты.

- Кызым, атаңа уйларды суугa айдашып койчу, иниң мектептен кечикти. Булакка айдап барып кармап тур, тоё ичип алган соң. Атаң чөп салганга жетишсин. Дароо эле ликилдеп чуркап жөнөшөт, ачка турган немелер... Булактын этек жагына айдап бар, билесиңда, башын тебелетпе. Малдар деле көнүп калышты, агымына барып ичишет...

- Болуптур апа, чыптамамды кийип алайын. Колуна узун чыбык алып, уйларды алдына салып айдап жөнөдү...

- Айдай! Уйдөсүңбү? Насипа эже үйүнө кирип баратып дабышын катуу чыгара сүйлөдү...

- Мындамын эже, төркү тамдан жайылган чачтарын кулагына илип, көздөрүнө жаш толтуруп чыгып келди.

- Эмне болду? Айланайын, деги көзүңдөн жаш тыйылбас болду.

- Саламатсызбы? Келиңиз, кириңиз.

- Келдим айланайын. Насипа алаканы менен оозун жаап, кабагын бүркөп, кейип, Айдайды аяп кетти.

- Айдай, сага чоң табактарыңдан бере турчу деп келгем. Кудагыйым келет кечинде, неберемди бешикке салабыз. Ар нерсенин өзүнө жараша машакаты, милдети кайрып берээри болот турбайбы? Бир милдеттен кутулайын. Биринчи неберем эмеспи, жакшылап шаңшөкөтү менен жасайын дегем. Кечинде сен дагы өтөсүң да буйруса?

- Ооба эже, сизге каралашам.

- Ой, каралашчу келиндер толтура, кудагыйларымды, алгыла, жегиле деп олтура турсаң болгону чай куюп э, кечикпей өт...

- Макул эже...

- Азыр табактарды даярдай салайын. И, баса, эже? Күзгү буудай унуңуздан калганбы?

- Ооба, унуң жок болуп турабы?

- Мм, кече түгөнүп калган, алууга акчам аз болуп турат. Бир кап бере турсаңыз дегем. Жардам акчабыз тийсе эле, дароо алып берем эже.

-Макул, садагаң кетейин ал, ала бер. Баягы болгон акчаңды, тиги адвокат сөрөйгө бердиң да э?

- Ооба...

- Башкысы Мурат чыгып келип калса болгону, алдап кетсе кудай турат го, үстүбүздө карап, жыргап кетпейт.

- Кабатыр болбо, кем- карчың болсо сурай бер, анын эмнеси бар экен. Жалгыз бойсуң, жөлөп турчу күйөөң да жок. Уялба, жарайбы?

- Абдан ыраазымын, рахмат. Азыр Мурас келсе, барып араба менен сүйрөп алып келебиз.

- Ошенткиле, мен оңойлотуп босогого коюп коём.

Жашоонун оор күндөрү акырындап, Айдайды курчай баштады. Чыдамкай жан, тырышып тиричилик кылып жатат. Кээде оор үшкүрүнүп, илең- салаң ойлору ар тарапка чачырай, аял болуп жаралып калганына кейип кетет. Кайра балдарын эки тарабынан колтугуна кыса кучактап, көзүн жашылдантып: “Баары жакшы болот, бул нерселер убактылуу” - дейт. Ансайын турмуш дагы азууларың качыратып, ага карап тиш кайрып, өйдө- төмөнгө ургулайт.

“Жаман да болсо Анаркулум жакшы эле, ичпеген учурда отун жарып, от жагып, жупка жайып бышырсам жанына такай олтуруп оодарып жардамдашчу. Байкушум, арактын кулу болуп албадыбы. Бир көкүрөгүнө кысып, мени аял катары өөп эркелетпей өтүп кетти. Жаңы үйлөнгөндөгү эң жакшы күндөрүбүз бир айга гана созулган. Кийин эле баягы караңгы нугуна түштү.” –деп кейип алат.

Канткен менен жаш бечара. Эми гана отуз сегизге чыкты, эркектин жытын жыттап, көкүрөгүнө башын коюп, эркелеп, жетелешип жашай турган убагы. Анаркул азаптын үстүнө азап берип келбедиби. Азыр чыбыктай оркойуп арыктап, жүдөп да кетти. Бир гана ою балдарын кем кылбай багуу, инисинин аман чыгып келишин тилеп жашоо.

- Апа, мен келдим, апа- а?

- Жакшы болбодубу. Чечинегой, Насипа эженин үйүнөн бир кап ун алып келели. Эмне болду? Үшүп калдыңбы?

- Жо-ок апа, болгону өтүгүмдөн суу кирди. Башы ажырап калган өтүгүн көрүп зээни кейиди Айдайдын.

- Чечип мештин жанына кой, кургаса тигип берем. Бологой уулум, камыр жууруйун батыраак алып келип, бөбөгүң турса карды ачып ыйлайт, өзү да араң уктаттым.

-Мына апаке даярмын.

- Колуңду жуудуңбу?

- А, азыр...

-Мештин үстүнө кумганга суу куюп койгом, ысып калды, ошого жуу. Эки жолу самында, уулум, сен кармабаган нерсе калбады мектепте, ооруйсуң!

- Билем, апаке...

-Апа, жөн эле коюңуз өзүм эле сүйрөйм...

- Кой кагылайын бутуң да тайгалак, келе экөөбүз сүйрөйбүз.

- Апа...

- Оу балам...

- Өткөндө Арзыкан эжеден бир нан алгам, сизге айтам деп унутупмун. Сиз ылдый шаарга түшүп кеткенде.

- Ии, мейли азыр бышырганда берип коёбуз. Уулум, сен чоңойдуң э?

- Ооба апа,

- Өткөндө шаарга түшкөндө арак завод бар экен, ал жерге жумушчу керек дешти. Сен окууңдан келген соң, иниңди карап тура аласыңбы? Мен иштейин уулум.

- Карап тура алам, Бекболот басып калбадыбы, жетелеп ойнотуп турам. Мешке от жагып, келишиңизге чай кайнатып турам.

- Садага болоюн акылдуум, силер бар жашап жатамда. -Уулунун маңдайынан сүйүп, көзүнүн кычыгы сууланыша түштү.

Мурат ар күнү башынан кечирген Жанара экөөнүн кызыктуу окуясын Шахка айтып берип, анын жүрөгүн жылытты. “Болду, калганын эртең, ушул жерден улантасың, бүгүн баарын угуп алсам, эртең зээригип кетем,” - деп каткыра күлүп коёт. Куду атасындай мамиле жасап, Мурат уктаса үстүн жаап, өзүнүн уулун эстеп бушайман болот. Сырттан күндө даамдуу тамактар, суусундуктар, бүтүн бышырылган тоок, мөмө- чөмө киргизилип жатты. Мурат башында таң калса, кийин көнүп кетти. “Ал, же, сен өсүшүң керек, тартынба” - деп Мураттын алдына жылдырат. Эки сыйра жаңы кийим, бут кийим алдырып берди. Мурат абдан ыраазы болуп, атасындай ысык мамилесине кээде көрсөтпөй ыйлап алат.

Экөө ынак гана күн кечирип жатышты.

“Эми экөөбүз, бул жерден ажырайбыз уулум, ошондо мени унутпа, сага менден эстелик болсун,” - деп күрөң түстөгү курду белек кылды, анда оюу менен "Шах" - деп жазылганын көрдү Мурат.

-Насипа эже! Насипа эже- е!

- Кел келегой, эмне болду?

- Шашып турат элем, короонуздан кирбей эле кыйкырып кирдим. Эже, мен жумуш таптым эле, арак заводдон, эшик- эркке чыкканда балдарыма көз сала туруңузчу сураныч.

-Макул садага болоюн, а эмне жумуш кылат экенсиң?

-Бөтөлкө жубам. Жакшы экен, саат мынчада кел деп кыйнабайт экен, канча бөтөлкө жуусаң, ошого жараша акчасын бере берет дешти.

- Жакшы болгон тура, макул барагой, балдардандан кабатыр алба, көз салбай анан. Бар барагой.

- Рахмат эже...

Насипанын Айдайга боору ооруп, ичинен үшкүрүнүп алды, артынан бир далай карап туруп: “Анан кантсин бечара” - деп күбүрөндү.

Айдай ыкчам кыймылдап, көбүрөөк бөтөлкө жууганга аракет жасап, ирбелеңдей аракети күч.

“Сен жашоого эмес, жашоо сага керек” - демек бар, ошол сыңары, тирүүлүк бул түйшүк. Насипа абдан жакшы аял. Айдайдын балдарына ысык тамак жасаган сайын үйүнө алып келип тойгузуп, же салып алып барып берип жүрдү. Күүгүмдө чарчаңкы жумуштан келип, колун мешке ысыткан Айдай сөөгү какшай, уйку азгырып термелип олтурат. Анын мүнөзү ошол жерде иштеген аялдарга абдан жакты, аз убакытта сый -урматка ээ болуп, чогу иштешкендер менен мамилеси жакшы. Айрыкча бөтөлкөнүн оозундагы капкагын чыгарган станокту иштеткен Мырза Айдайга көз кырын салып койгон. Жуулган бөтөлкөнү алып келип, ошол станоктун жанына тизет. Ар убак кандай сөз баштоону билбей, жолдошу бар бекен? - деп ичинен эзилет. Акыры Мырза ошол жерде Нагима аттуу өзүнөн улуу эжеден аныгын билип берүүсүн суранды.

- Атың Айдай беле?

- Ооба эже...

- Кече аябай кеч кеттиң, өзү да шаардан сыртта турат экенсиң, азыр күн кыска эмеспи, коркпой жетип алып жатасыңбы? -же болбосо жолдошуң тосуп кетсе болмок. Машинеси барбы?

- Кайдан эже, жолдошум каза болгон, эки уулум менен жесир калдым. Автобус токтоп калгынча жетишип калып жатам.

- Ии, кечир, канча болду каза болгонуна?

- Жылдыгы боло элек.

-Аа... Иши кылса, эртерээк жетип ал, кеч калып кетпе.

- Рахмат эже...

-Бул жер менчик болгондуктан, былтыр жаап коюшкан, ошондо талаага чыгып иштеп, жумуш жок, минтип белимди да оорутуп албадымбы, ыкы-ый белим. Быйыл кайра ачылып жакшы болду. Болуптур, иштейгой, сени алаксыттым окшойт, маанисиз сөздөрүм менен.

Нагима Мырзага, Айдайдын жолдошу кайтыш болуп кеткенин айтканда, төбөсү көккө жеткендей сүйүндү. Ансайын көңүлү бурулуп, тээ жаш кездеги сүйүүсүн жаңы жолуктурган бозуландай, жумушка дурустап кийинип келе баштады Мырза.

"Карындаш, бөтөлкөнү жууган соң, тээтиги ящикке тизе бер, мен көтөрүп алып келип коём. Утур аз-аздан алып келип убара болуп жатасың," - деп акырындан сөзгө тартымыш этет...

Айдай бечара кайдан билсин, улуу агадай мамиле жасап: "Рахмат," - деп ыраазы болуп коёт. Анын өтө мээнеткеч, оор басырыктуу экенин көргөн Мырза, ичинен көңүлүн кызытып жүрөт.

"Ай, келиндер, мырзалар, тиги жумушка күрүч алып келиптир, айлык акыга берет экен. Каалоочулар болсо келип алгыла,"- деди чачы желкеден кыркылган, көзү бир аз жылчыйган келин баарына кабар берип чакырды. Мырза терезеден карап турган, угуп калып дароо Айдайга жетип барды.

- Айдай, карындаш, жумушка күрүч алып келиптир, айлык маянага дейт, аласыңбы?

- Жо-ок аке, ала албайм го, аз эле болду иштегениме, анын үстүнө акча керек болуп турат аябай.

- Аа, сени укпады го деп, айтып коёюн дедим.

- Рахмат, аке...

Өзүнчө кетип баратып, Айдайга боору ооруду.

Капкара мурду барбайган кызыл куртка кийген аял, күрүчтү таразага тартып таратып жатыптыр.

- Анан, эзилип калбайбы? -деп келиндер сурап коюшат.

- Эзилбейт этпейт: "Ак буудайда айып жок, аны кылган зайып жок" - дейт, ашты басканды билиш керек да сиңдим!

- Ай, билебиз эже!

- Анда үн дебей ал, жөргөлөйт күрүчүм аш демдесең.

- Ошондой деңиз, көрөбүз, демдеп. Каткыра күлүп соодагер айымды тамалашты.

- Эже, мага жыйырма киле тартыңыз...

- Ии иним, чыгар бекен? Баятан бери кайда жүрдүң?

- Мырза, кызың экөөң мынча күрүчтү эмне кыласың? Беш киле алсаң деле далайга жетпейби?

- Кайра кышка жетсин деп жатам.

- Оо, кокуй, мите басып кетпейби?

- Тарта бериңиз эже...

- Чыгат экен, мына , өзү дагы жыйырма киле калыптыр, калп сүйлөбөйт экенсиң... –деди соодагер аял тарсылдай сүйлөп.

Кеч жумуш аяктап, Айдай баштыгын асына шашыла жөнөдү.

- Токтой тур Айдай, күтө тур азыр...

- Эмне болду? Мырза аке?

- Мына муну алып ал үйүңө, акысын мен төлөп коём.

- Бул эмне?

- Күрүч...

- Керек эмес, рахмат сизге.

- Кел эми, атайын сага да кошо алып койдум. Он килеси мага он килеси сага. Жок дебей алып койчу, жаман ойлобо. Жүр мен жеткизип коёюн, жарайбы?

- Сизге таң калып турам, мунун баары эмне үчүн?

- Жүрү, менин машинама олтуруп сүйлөшөбүз.

- Кереги жок! - мен барайын, капа болбоңуз.

- Айдай, биз эми жаш бала эмеспиз, мени угуп койчу, сураныч... – деди Мырза ишкананын оозунда токтоп турган көк түстөгү жигули маркасындагы унаасынын эшигин ачып. Айдай кыйылып олтуруп арандан көндү.

- Мырза аке, мындай мамиленин мага кереги жок.

- Кандай мамиле?

- Мен кара кийген аялмын, бул жолу сизди сыйладым. Башка мындай кылбаңыз.

- Айдайка мен сени капа кылайын дебедим. Менин сага болгон оюм түз, чогу иштейбиз, карындашымсың, болгону ошол.

Мырза адамдын ичи- койнуна кирип, ойду - тоону сүйлөп элпилдеп- желпилдеген адам эмес. Ичиненен ыңгайсыз абалда калган

Айдай, ии ушундай акмакмын, эмне деп койдум ыя? - деп кейип баратты.

-Ушул айылда турасыңбы?

- Ооба, тигине кызыл дарбаза, токтой бериңиз. Рахмат сизге, жакшы жетип алыңыз. Айдай муну ал, эмнеге кетип баратасың?

- Мырза аке, капа болбоңуз ала албайм, кереги жок.

- Мындай кылганың болбойт, мейли эмесе, жакшы эс ал.

Күрүчтү дарбазага жөлөй коюп, бат- бат басып унаасына олтуруп жөнөп кетти Мырза. Айдай шылкыя түштү, айласыздан күручтү көтөрүп үйүнө кирип кетти.

Жумуштан келип тим олтурбастан, эртең мененкиге тамак жасайт. Кир жууйт, үй жыйнайт. Балдары кээде келсе мештин жанына кучакташып уктап калган болот, көрүп өзүнчө солуктап ыйлап алат.

Кайран жаштык кез, айрымдардын тагдыры татаал, мына ошол себептен бетке бырыш басып колун койгон мезгилге күлгүн жашты уурдатып жиберебиз... Качан гана карылыкка моюн сунганда, артында бир дагы бактылуу элестер калбаганы үчүн кейип өксүктө калабыз. Ал эми бекерге аккан көз жаш болот. Кайтарып ала албаган соң, кейиптин кереги жок.

Мурас акылдуу бала болчудай инисин жакшы карап, эшикке бейчеки чыгарбай, курсагын тойгузуп алып олтурат.

- Апа, мугалим эжей: "Эмнеге шахматка келбей калдың?" - деп улам сурап жатат.

-Уулум, азырынча ийримдериңе барбай тура тур, мен иштейин, антпесе акчаны кайдан табабыз? Иниң чоңоюп окуп калганда, мына ошондо экөөңдү тең ийримдерге калтырбай жиберем, Макулбу?

- Макул, апа...

- Садагаң кетейин, сен менин канатымсың, атаңдын ордун басарысың.

Ош шаары сизо...

- Мурат, сен Жанарага үйлөнсөң, анын көзүнө эч качан чөп салба. Азыр маңдайымда уулум болгондо, ага мыкты тарбия берүүгө болгон күчүмдү жумшамакмын.

- Деги мындай оюм жок, ал мени он бир жыл күтөбү? Айтыңызчы?

- Андай дебе, он бир жыл зонада калбайсың уулум.

- Кантип чыгам, айтыңызчы? Өлбөгөн төрт шыйрагым ушул жерде калмай болду. Ага жетип эле алсамбы, бактылуу кылууга болгон аракетимди жасайм, эч качан ыйлайтпайм, көзүнө чөп салмак мында турсун, көңүлүнө кир жугузбайм.

-Ушул бойдон калсаң дурус уулум, негизи эркектер акмак келебиз, ошону билесиңби?

- Кандайча?

Оозуна ширеңкенин баласын тиштеген Шах, шыпты карап чалкалап жаткан калыбында сүйлөп жатты...

- Ооз менен баарын гүлдөтүп коюу кимдин колунан келбесин. Алганча артынан чуркайбыз, а кийин эле жезкемпир көрүнүп калат. Анын жезкемпирге айлануусуна биз себепкербиз. Бизге бала төрөп, анын түйшүгүн жалгыз өзү тартып, түнү менен уктабай, өзүнүн келбетине көңүл бурууга убактысы жок, майда бырыш басып бат карышат. Анан эле кѳчѳдѳгү кыздар көзүңө сулуу көрүнүп, азгырыласың. Көпчүлүк айымдар, төрөп түшкөн соң салмак кошуп таптакыр өзгөрүп кетишет. Өзүн карабайт деп күнөөлөп коёбуз, убактысы болсо, акчасы болсо карайбы? Мына ушуну ким эске алат?

Мисалы мен, канча азап көрсөттүм Минурума. Кийин, чыбыктай жапжаш кыз алдым, экини төрөгөн соң, Минурадан айырмасы жок болуп калды. Эми дагы сулуу, арыгын алып алсам тиги эки аялдын убалы кимге? Алардын бул жашоодо бактылуу болуусуна каршы чыккан, түз жолдон аксаткан мен болдум.

Мурат: "Чын эле бул тууралуу ойлоп көрбөптүрмүн," - деп ээгин кырча тиштеп угуп олтурду.

Эми айтып олтурсам аябай көп... Эң башкысы бир аялды толук бакытка чулгай алган эркек, дүйнөдөн ордумду таптым десе жарашат. Ушундай уулум, мен буга кеч түшүндүм. Сен акылың болсоката кетирбе. Мурат үчүн эң жакшы акылдын бири болду. Ал көпкө сүйлөбөй, өзүнчө ойго чөөмп Шахтын жанында катып олтурат.

Бул баштан эмнелер гана өтпөдү дейсиң, мына ушундай. Жарыкты өчүргөн соң, экөө эки башка ойлорго азгырылып көпкө жатышты.

Бу шаарга чейинки жол адамдын шайын оодарып жиберет. Бир унаа араң сыйган тар, бир жери тайгак кечүү, бир жери көпкөк муз. Автобус жайлай ары- бери чайпалып арандан айылдан суурулуп чыгат. Нары, күн да желесин жайбаганына кыйла болду. Айдай автобустан түшүп жерди тандай басып, шашылып жумушка жетип келди. Моюн орогучун, пальтосун чечип жатып, оң тарабында алысыракта Мырзанын карап турганын байкай калды.

- Саламатсызбы?

Жылмайып башын ийкеген Мырза өзүнчө ойлоно түштү. Адатынча бөтөлкөлөрүн тизип жууп кирди. Келатам дегендей,

тамагын кыра, станогун иштетип, майын куюп кызыгыча олтургучка олтура кетти.

Күрүчтү ачып көрө элекго э? -деп өзүнө- өзү суроо берип ичинен күбүрөнөт.

- Айдай канча балаң бар? Ойго чөгүп кеткен Айдай: "Эмне дейсиз?" -деп бурула карады.

- Үйдө жөжөлөр канчоо?

- А, эки уулум бар. - Мырза эмнегедир жылмайып жиберди.

- Алар канча жашта?

- Кенжеси үчтө, улуусу сегизде.

- Чоң жигит болуп калышкан турбайбы?

- Менин жалгыз кызым бар. Аты Мээрим, атасынын көкүрөк күчүгү, жети жашта.

- Кеч үйлөнгөнсүз го э?

- Ооба, өтө эле кеч, келинчегимдин эгиз боюнда бар эле. Төрөттөн каза болду, эки уулумду да аман алып кала алышпады. Алты жылдан бери кызым экөөбүз жашайбыз. Ага ата болгонум менен, эне болуп бере албай келем. Кыз бала чоңойгон сайын жетилип, өзүнө жараша көйгөйү болот экен, мен үчүн кыйын болуп турат. Беш жашка чейин чачын кырып салчумун. Кийин ата чачыма бантик байлайм десе ошондо гана анын кыз экени эсиме келди. Эки жаштан баштап чоңойттум. Мээрим бирге жаңы чыкканда эле келинчегимдин боюна бүтүп, эгиз уул экенин билип абдан кубанганбыз. Менимче баары жакшы болчу, эмнеденката кеткенин ким билсин. Кийин эле ооруканага барганда тынбай кан кетип туруп алды. Догдурлар сактай алышпады.

Ата-энем да каза болгон, беш жыл ичинде алтындай болгон адамдарымды жоготтум. Айдай колунун суусун аарчый ящиктин үстүнө олтура кетти. Ичинен Мырзага боору ооруп, кыйла эле кейип алды.

-Мына ушундай карындашым, негедир сага айткым келди. Анда жумушту баштайлы, таң заардан маанайыңды чөктүрдүмбү?

- Жо-ок, баары жакшы, бирок сизге оор болуптур, сабырдуу болушуңуз керек. Тирүү киши жашай берет экенбиз, өлгөндүн артынан өлүп кете албасак, кыйын экен.

-Ушу Мекамды ойлоп кана ичимден сыздап алам, кайгы үстүм-үстүм болуп олтуруп анчале аксатты.

- Өзүң тууралуу сүйлөп берсең, Айдай.

Ордунан тура калып, кечиресиз, деп басып кетти.

Капа кылып алдымбы? Туура эмес сүйлөбөдүм менимче. Айткысы келбеди окшойт- деп Мырза ошол күнү кечке бушайман болуп жүрдү.

Чилде чыгып, күн кээде кылтайып калчу болду. Күн жылымдай баштагандай, бирок дале доңголок кар эрибей ошол-ошол бойдон. Чатырдын үстүндө тизилип олтурчу таранчылар буту колун сунуп чиренип, жаз жакындап келе жатканын сезишкендей.

Мончого от жагып олтурган Жанара, Муратты ойлоп: "Жаз келсе окуу аяктаса шаарга кетем, Муратымды эми кантип, качан көрөм," - деп мурунун шыр тарта ыйлап олтурду. "Классташ балдарым кутулуп чыгып келишпеди, качан чыгышат болду экен?" Отун жарып жаткан атасы, кызынын акыркы күндөрү катуу өзгөрүп кетишине эмне себепкер экенин абдан жакшы билет. Чоңоюп калды, мени менен сүйлөшкөндөн уялат, - деп жүрөт. Толгонай болгон иштин баарын айтып берген, тек кызыңды күнөөлөбө дейт.

Мурас, майда чырпыктан алып кел уулум, тиги чакага салып, аш басайын. Түштөн кийин жумушка кетип калсам, ачка олтурбагыла. Айдай таң эрте тамакка камынды. Бүгүн ишемби, Мурас үйдө. Чырпыкты эки бүктөп чакага салып, тыпылдап отун ташып жүрөт. Баягы күрүчтөн басайын деп баштыкты ачып караса, бетинде бүктөлгөн кагаз. Эмне болду экен? - деп ачып окуп кирди...

"Айдай, карындашым, сага уялбай муну жазганым үчүн кечир, батынып айта албадым. Жаш балдарча кат жазып алганымды кара. Сен тууралуу баарын билем, бизге жумушка келгениңден тартып менин көңүлүмө төп келдиң. Сенин жаныңда сүйлөөдөн тартынам, акеңдин бул кылыгын уят көрбө. Жолдошуңдун каза болгонуна бир жыл болбой туруп турмуш жөнүндө ойлонбосуңду билем, ошентсе да чыдамым кетип жазып койдум. Сураныч капа болбо. Таарынып, көңүлүң кирдеп жумушка келбей койбо. Ишенип кой оюм түз. Балдарды жетимсиретпей чогу күн кечирсек кандай дейсиң деген оюм. Азыр эмес, сени күтө алам. Татынакай ак той бермекпиз. Бул аке акмак тура дебе, сенин кыйналганыңды көрүп чыдамым кетти. Эгер таптакыр каршы болсоң жумушка келгенде менин саламымды алик албай койсоң түшүнөм сенин жообуңду. Жумушка келбей койбо Айдай. Сени эч качан кыйнабайм, өз эркиң, болгон оюмду айттым, сыр бербей келип иштей бер..." –деп жазыптыр Мырза.

Оо кудайым ай, деп катты бүктөп чөнтөгүнө сала койду Айдай. Дагы жакшы Мурас ачпаган. Бул эмне деген шумдук, ырас эле жумушка баргым келбей калды. Ушу жашка келгенде кат жазышкан деген эмнеси? Кызык аке экен, күлкүң келет, ой тобо.

Бирок Айдайдын жүрөгү эмнегедир жылыды. Себеби турмушта эркектин жакшы сөзүн уккан эмес, өзүнчө жылмайып алып, кайра

уялды. Анаркулум кантсе да этегимди биринчи ачкан эрим, ушул оор күндөрдө минтип акылсыз болушум акмакчылыгым. Бир жыл өтпөй туруп, эр жөнүндө ойлогонум эмнеси ыя? Анын үстүнө Мурасым чоңоё баштады, мени кызганат чыгар, бөтөн эле бирөөнү кантип ата деп кетсин. Ушул уулдарым мага эр, ата- эне, бир тууган болуп беришет, -деп кагазды бырыштыра мешке салсамбы деп, кайра бүктөп бекитип койду. Балдарын тойгузуп олтуруп, кекиртегинен тамак өтпөй уйгу- туйгу болуп жатты.

-Апа, тамак жесеңиз боло, такыр эле жебедиңиз.

- А, уулум, алагой, жегиле силер.

- Сизчи?

- Мен жана чай ичип алдым, жей бергиле. Көңүлү тынчыбай: "Жумушка барбай койсом акча жок, жакшы эле төлөп берет экен," - деп ойлонуп олтурду.

Кой, аны оюма албай иштей берейин, саламын алик албай койсом түшүнөт да. Бирок, качанга чейин алик албай коём, мындай кылуу да туура эмес. Шашыла кийинип, уулуна катуу дайындап жумушуна жөнөп кетти. Жолможол, автобуста ойго чөгүп, Муратты ойлоп, адвокаттын жардамы тийсе экен, же коңгуроо кылып койбойт, мен чалсам албайт деп ызаланып баратты.

- Саламатсыңбы Айдай?

Колунун майын сүлгүгө аарчып жаткан калыбында Мырза учураша кетти.

- Саламатсызбы?- деген Айдай оозун дароо жаба салып көздөрү алаңдай, ай ушу эсим курсун таптакыр унутуп калган турбаймынбы,- деп шашыла чечинчү бөлмөгө кирип кетти. Муну байкай салган Мырза: "Демек катты окуптур, байкабай айтып алды," - деп ичинен аябай күлдү, бир чети кубанды.

"Мен муну ооба деген жооп катары кабыл алам" - деди.

Эмне деген аял болдум ыя? Алик алсамда сыр бербей койбой, билгизип койдум. Ай ушу эсимдин жоктугу, эми кантип иштейм, такай ошонун жанында туруп жумуш кылууга туура келет. Жүзүн ала качып, араңдан уялып бөтөлкө жууп жатты.

Мырза ичинен кубанып, ал деле билмексенге салымыш этип, шыпылдай бөтөлкөлөрүн ташышып, жардамдашып жүрөт.

Бул экөөнүн тиричилигин карагыла, ынак, куду жубайлардай, бир сонун, -деп Нагима эже тамашалай сүйлөдү.

Ансайын экөө бири- биринен уялат. Капыстан көздөрү учурай түшсө дароо ала качып сөз сүйлөшпөйт. Ошентип далай күндөр өттү.

Мырза жылуу мамилесин көрсөтүп, убагын күтүп жүрөт. Атаганат, сүйүү адамды жаш баладай өзгөртөт, чоң эле киши башын жерге салып тартынып турса бир башкача көрүнүш. Бул сезимдин буйругу, жашоонун маңызы да, кызыгы да ушул...

Чилде чыгып кеткен убак, күндүзү жылымдап, нымтыраган жумшак кыш болуп турат. Өтө чоң эмес там, тышынан шыбак тартылып, чатыры саман менен жабылган.Үй ичиндеги, даңгыраган жерге суу себилип шыпырылган да килем салынган. Чоң от жагылган ылай кемегенин жанында коноктордон арткан шыйрак, баш этти казанга салып кайнатып, небересин алдына алып эркелетип олтурган Насипа сырттан кимдир бирөөнүн шырп- шырп этип келе жаткан дабышын укту.

- Ой эже кандайсыз?

- Кел Бурулкан, жакшысыңбы?

- Жакшы эже, итиңизден коркуп араң алаңдап кирип келдим. Чамасы мени байкабай калды го, болбосо арсылдап чыкмак.

- Ой ал үрө берет, тиштей албайт, карыды.Тиги столду алып олтур.

Айылдын окуясын жерге- сууга таштабаган аял, дарегине жеткизип турат. Аялдар чөйрөсүнө анчейин кошо беришпейт. Насипага акыркы кабарларды айтууга келди көрүнөт. Экөө божурашып оттун жанында олтурушту.

- Ии, эже, тиги коңшу Айдай бар го, раматылык Анаркулдун аялы, ошо бир апта болуп калды. Бир көк түстөгү машине менен келип түшүп калат. Өзүнөн бир аз улуу киши көрүнөт, эрин көмөөр замат эр таап алганы эмнеси? Тымпыйып алып жаткан экен го мында э? Таптакыр жакшы келин, жоош, эстүү деп ичим жылычы эле.

- Ай, Бурулкан, ушул да кеп болдубу эми? Анын Айдай экенин кайдан билдиң?

- Ой эже, өз көзүм менен көрдүм.

- Сенин үйүң тээ тетиги жакта жатса, түндө Айдайдын үйүнүн жанында, эмне кылып жүрөсүң?

- Насипа эже, жумушуң болсо коңшу- колоңдукуна өтүп калат экенсиң да. Анан кийин эле чоң кызымда айтып келди.

- Кызың кайдан көрүптүр?

- Ой, ал достору менен ойноп жүрүп көрүптүр.

- Балдарды ушак менен ишиң болбосун, чоңдорго аралашпа, уят иш - деп, урушпайсыңбы? Бул да тарбиянын бири...

- Ой эже, чоңоюп түшүнүп калган соң, сүйлөйт экен да...

- Анын жумушка киргенин билесиңби? Балким чогу иштешкени болуп жүрбөсүн... Азыр күн кыска автобуска жетишпей калса, жеткирип коюп жаткандыр? А балким, такси айдаган кишидир?

- Ии балким?

- Аныгын билбей туруп, айтыштын кереги не? Бурулкан...

- Ой эже, сизге эле сөз кылдым, тиги үйүн көрүп эсиме түшө калып.

Насипа Бурулканды жактырбай турду, бир чети ишене албайт, бул мастан эмнени көрдү экен? - деп ичинен таң калып жатты.

- Тиги Айшакан бар го, аягы суюк.

- Мм...

- Ошол кызын Аселди эрге берип жатыптыр. Али окуусун бүтө элек, мектепте мугалимдер эмне дейт экен ыя? Шашып эмне кылат дейм да.

- Сен билбеген нерсе жок өзү, Бурулкан.

- Ой эже, укканымды айттым да. Кызы да өзүнө окшоп көп баскан аяк бейм , болбосо эмне, мынчалык эрте эрге тийиштин кереги жок эле да. Бузулуп алганбы, чамасы...

- Койсоң, кокуй! Бизде да кыз бар, сын тагып эмне кылабыз, тез эле башыңа келет. Асель, Мурат менен Жанаранын классташы эмеспи, жаман кыз эмес менимче. Айыл эли эле апасынан улам жаш кызды каралап, ушакка кошуп сүйлөшөт. Балким сөйкө салып кетишеттир, азыр тийбес? Насипа жини келгенин сөздөрүнөн билдирип турду, ачуусу катуу келди окшойт, тамак ич деп ооз учанан айтымыш этип Бурулканды эшикке узатты .

Ай ушу ушакты сүйөбүз да, айтпасак башыбыз ооруйт, мастан десе, жетип келиптир дароо, - деп күбүрөндү. Айдай менден жашырбас эле, бир ыңгайы келсе сүйлөшүп көрөйүн, деп даярданып койду.

Бүгүн баягыдай кара булут жок, асман ачылып, түн ичи күн суук болду. Толукшуган ай небак батыш жакка ооп, сүйрөлгөнсүп чубалып жаткан боз булутка жашынгансыйт.

Айдай жумуштан эчаак эле келген, терезеден түшкөн айдын жарыгында кенже уулунун маңдайынан сылап, өзүнчө жүзү тамылжып көпкө олтурду. Мырза бул сапар да жеткизип койгон. Ал эки уулуна окшош оюнчук машина, тапанча алып берди. Ыңгайсызданып араң алды бечара. Анаркул раматылык балдардын оюнчугу менен деле иши болбос эле. Айылдын балдары велосипед тепсе Мурас томсоруп турчу. Эми таң эрте ойгонсо оюнчукту көрүп сүйүнүшөт.

Айдай канча өзүн аракет кылып, Мырзадан алыстайын десе дагы, ак жумал кең далылуу Мырза оюн бийлеп алды. Азыр бул сезимди

кабыл алууга өзүнөн - өзү уялып турган чак. Чылым чекпей, ичимдик ичпегенине Айдай таң калды. Жакшы адам экен, - деп өзүнчө ойлоп жүрөт. Ыкчам- ыкчам кыймылдап бөтөлкөлөрүн ташышса, ичинен ыраазы. Кээде жыйырма жаштагы кашкөй кыялы азгырып, көз алдына кара жалдуу боз аргымак минген азамат жигитти тартат.

-Ура-а машина, аке кайачы, машина экен... Таза сүйлөй албай чулдураган Бекболот көзүн ушалап жаткан агасынын үстүнө чыгып олтуруп оюнчукка сүйүнүп жатты.

-Кана берчи, ким берди сага?

- Апам, бейди.

-Турагой уулум, чай ичели, кайнап калды. Бетиңди жууп кел.

- Апа бул оюнчуктарды сиз алып келдиңизби?

- Ооба уулум, жактыбы?

- Жакты апа...

- Эки машина меники, тийбе! Бекболот чырылдап ыйлап кирди.

- Кой уулум, антпе, карачы экөө опокшош. Бири акеңе, бири сага, макулбу? Мегой, бул тапанчаны да ойно.

- Мейли апа, берип коюңуз, ойной берсин. Инисинин маңдайынан өөп, Мурас сыртка бетин жууганы чыгып кетти.

"Кагылып эле кетейин, мындай оюнчуктан чыгып калган көрүнөт. Акылдуум менин," - деп Айдай улуу уулуна жылмайып ыраазы болду.

Бум- м, бум-м -деп бөбөгү оюнчукту ойноп кирди.

Сабагыңды жакшы окуп кел уулум, сен келгенде жумушка кетем. Бирөөнүн буюмун сурабай алба, бирөө менен мушташпа, кыздарды урба, калп сүйлөбө, эжекең сүйлөп жатканда кунт коюп ук, -деп галстугун тагып, сумкасын асып жатып Мураска күнүгө айтчу сөзүн кайталады. Өзү шашылып кир жууп кирди. Бекболот күндөгүдөй жанына келип жөлөктөп кыйнабай, оюнчукка аябай алаксып ойноп жатты.

- Кандайсың Айдай?

- Келиңиз Насипа эже, берилип алыпмын, сизди байкабай калдым. Колунда суусун сыдыра, билегин берип өбүшүп учурашты.

- Ичкериге кирсеңиз, өтүңүз.

- Кой кагылайын, мында эле олтурайын, сенин жаныңда, жууй бер.

- Жөн эле келип калдым, ал- акыбалыңды сурайын деп, жумушуңа көнүп кеттиңби?

- Рахмат сизге, ооба көнүп калдым, бары дурус. Келсем балдарымдын карды ток, уктап жатканын көрүп сизге абдан ыраазы болом эже. Чоң апа, кайачы, машина!

- Кагылайын, ким алып берди?

- Апам!

- Буларды мени чоң апа дегиле, деп койдум эле, унутпаганын…

- Ии эже рахмат...

Айдайдын көзү жашылданып, чын ниеттен Насипага ыраазы болуп жылмайды. Бурулкан айткан ушакты айтсам, капа болуп калбасын, өзү айтаар эгер чын болсо, деп Насипа тишин- тишине басып олтурду. Бирок Айдай, мурдагыга караганда кабак- башы ачылып, жүзүндө кубаныч бардай, аны байкап турат.

Насипа эже, сиз менин апамдай болуп калдыңыз. Сизден эч нерсе жашырбайм, акыл сурагым келип турат.

Айдай маселени кабыргадан коюп, чекесин чыгара баштады.

-Сура сурайбер.

Баласын бурулуп бир карай, алыста эле ойноп жатабы, укпас дегендей түр көрсөттү.

Жумушумда бир аке бар, аялы каза болуп, көп жылдан бери жалгыз кызы менен жашайт экен. Ишке орношкондон тартып мага мамилеси күндөн- күнгө жакшырып барат. Бул менини акмакчылыгым деп уялып жүрөм. Кошуналар да байкап калышкандыр. Ой- боюма койбой машинасы менен жеткирип койчу болду. Насипа эже, бул кылыгым эң уят билем. Анаркулумдан эч кабагым жаркылдабаган жаным, анын сөздөрүнө, мамилесине бат эле келесоодой арбалып алдым. Ичиңизде болсунчу, сизге айттым. Эми болсо канча болсо күтөм чогу жашайлы дейт. Мына бул оюнчуктарды алып берип, эгиз уулумдан ажырагам уул балдарды сүйөм дейт. Кече жумушка кызын ээрчитип келиптир. Абдан татынакай, көздөрү бакырайып тартиптүү экен. Бул сенин апаң болот, деп айтып койсо: “Неге мурун үйгө келбедиңиз,” - деп мойнума асылып ыйласа болобу. Күндө Мырза аке менен ээрчип келип, жанымда олтурат. “Жүрүңүз үйгө” - дейт, чачын өрүп берип койсом, абдан кубанды...

Мурунун шыр тартып Айдай ыйлап жатты.

- Аты Мырзабы? Тигил жигиттин.

- Ооба эже. Кызымдан айрылганымды билесиз да, тимеле көзүмө жакшы көрүнөт, кыз бала кандай жакшы эже. Ошентип акылсыздык кылып жүрөм.

- Айдай бир нерсе сурасам кап этпе, үйүңө киргизип, чогу болуп жүрөсүңөрбү?

- Жо-ок эже, кудай сактасын, жүзүмө тике карабайт. Андай арам иштен алыс болоюн. Болгону, менин да оюма төп келип жатканын карабайсызбы.

- Кечир кагылайын, жаш кыз эмессиң сурадымда.

- Ооба эже түшүнөм.

-Айдай мени ук, бул жашоодо сенин да жакшы жашоого укугуң бар. Ал жигитти жакшылап байка. "Биринчинин азабын, экинчи берсин сазайын," - демек бар. "Биринчи көч кайда барса, экинчиси да ошол тарапка барат" дейт.Чанда гана адамдардын экинчи турмушу жаркылдап калса, көпчүлүгүнүкү биринчисинен өтүп жаман болуп калат. Жаман адам болуп жүрбөсүн. Сенин башыңа дагы балээни үйгөн. Андан көрө ушул жалгыз бой жашооң дурусурак. Арак ичпейт бекен?

- Ичпейт экен эже, бир чылым чеккенин көрбөдүм. Баягыда уялбай эле сурап койдум. "Бала кезден тарбиям ушундай, чылым чекпейм. Ичимдик болсо жакпайт. Жүрөгүм бат- бат согуп көзүм канталап чыгат. Кээде жакшылыктарда достор менен ууртап коём деп көңүлүм калган" - дейт.

- Анысы дурус экен. Эмнеси болсо да байка сиңдим. Кээ бир эркек бар, ичпей туруп эле чегинен ашып кызганчаак, кызыл камчы. Оой бул эркекетерге түшүнүп болбойт. Сенин кабагыңдын жаркылдаганын көрүп кубанып турам. Жакшылап байкаштырып жүрө тур, өзү эле билинет. Анан эл эмне дейт экен, мындай кылганым туура эмес деп өзүңдү сыкпа. Жашоо сеники, кандай кааласаң ошондой пайдаланасың. Кана эми жакшы жигит болуп, балдарыңа ата болуп берсе. Мындан артык нерсе барбы. Жакшы жаңылыгың бар экен, сага айтчу кеңешим ушу. Шашпай көрө туралы, убакыт көрсөтөт.

- Шашканым жок эже. Таптакыр мамилемди үзсөмбү деп жаткам.

- Кой, эгер сага жакса, үзбө балким ал сенин бакытыңдыр. Сени келин болуп келгениңден тартып билем го Айдай, бир жакшы күн көрбөдүң кагылайын. Эми өзүң үчүн жакшы жашоонун даамын татсаң жаманбы? Жакшы эркектин кучагында, бактылуу болгонго не жетсин.

Айдай Насипанын берген кеңешине ыраазы болду. Кирин жууп бүтүп, чай ичип олтуруп көпкө сүйлөштү.

Ии, бечера Айдай. Тиги мастандын айтканы туура тура. Карачы, жаман адамдан калган жаратты, жакшы адам айыктырат болуп, көңүлү жибип калыптыр тиги жигитке. Ушинтип акмак адам болуп өлсөң, сени эстеген киши болбойт тура. Эринен такыр жылуу сөз укпаган

байкушка, жакшы сөзүн айтып имерип алса керек. Жакшы жигит болуп калсын эми, уул балага ата керек эмеспи. Айдай үчүн кубанып турам.

Тапсын ушинтип, жакшы жолдош, качанга чейин жүрмөк эле. Кайра эрсиз жүргөн жаман, эл көзүнө да ыпылас көрүнөт.

"Сен өлгөн сөң артыңдагылар көпкө эстеп жүрүүсүн кааласаң колуңдан эч нерсе келбесе да, эмгегиң сиңчү иш кыла албасаң да, жакшы адам бол," - деп чоң энем бекер айтпаган экен. Азыр Анаркул мыкты инсан болгондо, эр жөнүндө ойломок кайда, унута албай көп жыл боздоп ыйлап жүрмөк. "Сүткө оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет" болуп, күмөн санап мамиле кылуудан коркуп турган тура байкуш, деп сүйлөнүп ичинен күбүрөнө Насипа үйүнө кирип кетти.

Күзгүнүн алдына келип, жоолугун алып, өзүн карап турган Айдай канча убакыттан бери, таптакыр келбетине көңүл бөлбөгүнүн сезди.

Эх, десең, деп үшкүрүнүп, ак чачтарын артка тарай, кайра жоолугун салынып, жумушуна жөнөп кетти. Кийейин десе же бир дурус көйнөгү жок. Чачымды боёп, апам берген сандыктагы кездемелердин жакшысынан көйнөк тиктирип кийейин, - деп өзүнчө ойлонуп автобуста бара жатты.

Мырза Айдай үчүн көп нерселерди жасады. "Бул түйшүктүү дүйнөдө сенин мындан наркы көргөн күндөрүң жакшы болот деп сөз берем Айдай, мага ишен," -деп машина айдап баратып дайым айтчу болду.

Күйөөсүнүн берген азаптарын жашырбай айтып: "Мен эркек адамга ишенбейм, бары окшош болсо керек" - деп, бирде көкүрөгүн жарып болгон сырын көз жаш менен айтып берген. "Анын үстүнө, сизге төрөп бере албаймын, оор операциядан кийин ушундай жагдай, бекерге убара болбоңуз," - деп далай өзүнөн алыстатуунун амалын кылды. "Сиз менен мамиле кыла албаймын, мени кечириңиз," - деп болгон аракетинче каршылык жасады. Бирок жыйынтык жок. Ансайын, артынан түшүп: "Мага бала төрөп бербесең да макулмун. Мына биздин балдар, сенин эки уулуң, менин кызым, ушулар биздин байлыктар, жок дебе," – дейт Мырза. Акыры көндүрдү бейм. Экөөнүн мамилеси жакшырып, өзгөрүүлөр кирди. Насипа дайыма: "Эл эмне десе ошо десин көңүл бурба," – деп Айдайдын көңүлүн жайгарат.

Жаз айы...

Өлбөгөн кулга жаз келер демекчи... Жерди жылытып, катмарынан жашыл чөп жарып, жаз баш бакты. Айлана адыр- күдүр тоо, миң түркүн чөп- чар... Жанара экзаменге катуу даярдык көрүп, күнү- түнү китеп окуп, алаксыйт. Анан кантсин бечара, далай ирет Муратыма деп ыр саптарын жаратып, дарегине жетпесин билсе дагы даярдап бекитип жүрдү.

Баягы курбусу Асель Бурулкан айтмакчы, экзаменге жетпей, мектепти аяктабай туруп турмушка чыкты. Колунда бар, бай жер экен. "Бала жалгыз уул, дипломду да сатып берет керек болсо," - деп апасы урушуп жүрүп көндүрүп турмушка узатты. Айылда классташтар бара алышпады, көпчүлүгү жаман көрүп, балдарын тыйды. Оозунан сүтү кете элек кыздын тагдыры талкаландыбы? Аны убакыт көрсөтөт. Асел ыйлап, ыйлап аргасыз моюн сунду.

Мурат менен Шах экөө эбак эле экиге бөлүнгөн. Зонанын тартиби менен күн кечирген Мурат, ал жерден жакшы адамды учурата албады. Шах эмнегедир Муратты өз баласындай көрүп, зонага кандайдыр бир адамдарын жөнөтүп кабар алып турду. Кадимкидей энесин күткөндөй күтөт Мурат. Өңү саргарып, далай ирет кусалыкка, сагынычка кабылып, Жанараны, эжесин сагынып ыйлап жүрдү.

- Айдай, жакшысыңбы? Мырза колунан кыса кармап, оюнда бирдемени айткысы бар...

- Жакшы өзүңүз кандайсыз? Мен жакшы, Айдайка сага бир сунушум бар.

- Угуп жатам.

- Кел, иниң Мураттан кабар алып келели, жер карайып калды, коркунуч жок. Балдарды алып алабыз, кандай дейсиң?

- Чын элеби? Мен инимди көрөмбү?

- Албетте көрөсүң... Айдадын көздөрү бакырая, жылмайып кубанып алды.

- Рахмат сизге...

- Эртең жумуштан жооп сурайбыз, бат эле келип калабыз, - деп Айдайдын кубанычына кошо кубанып, элтеңдей жумушун жасап жатты.

Мырза жакшы адам, бул дүйнөдө көп азаптарды башынан кечирсе да, токтоо бир мүнөз кыялы жашоонун түз жолуна салды. Элпек, ак көңүл, эң жакшы сапаты аял затын аябай сыйлайт.

Эртең жолго чыгабыз деп сүйлөшүп, Мырза Айдайды адатынча үйүнө жеткизип кетти. Айдай күндөгүдөй эле жөн олтурбай үй тиричилиги менен алек.

- Мурас, ай Мурас дейм!

- Оу, апа!

-Келчи уулум, Жанара эжеңдин үйүн билесиң да, эшик караңгылап кеткендир, барып келе аласыңбы? Чалайын десем номери жок. Коркпойсуңбу?

-Жо-ок апа, жакын эле го мында...

-Эмне дейин?

- Аа баса, апам эртең Мурат акеме кетип жатат, десең өзү дароо түшүнөт, эгер бирдеме берчү болсо жоготпой, колуңдан түшүрүп албай алып кел жарайбы?

- Макул апа, мен кеттим...

- Этият бол уулум, иттер көп. - Өзү колу бошобой, уулун жиберип алып тынчсызданып жатты.

Мурас Жанаранын үйүнө жетип дарбазаны каккылап көпкө туруп калды, эч ким жок. Аздан соң, баратам, - деп Толгонай чуркап чыкты.

- Келегой Мурас, жөн жайбы?

- Саламатсызбы? Жанара эжеге келдим эле, үйдө болсо айтып коёсузбу? Толгонай дароо түшүндү көрүнөт.

-Үйгө кир, азыр...

- Жо-ок, мында эле тура турайын.

- Кызым, Жанара, сени Мурас чакырып жатат.

Китеп окуп олтурган калыбында, башын өйдө көтөрбөй, жүрөгү болк эте, жылмайып алды. Дароо, чуркап чыкты.

- Мурас, кандайсың, күчүгүм?

- Саламатсызбы? Жанара эже, эртең апам Мурат акеме кетип жатат.

-Чын элеби? Кубанганынан Мурасты көкүрөгүнө бекем кысып кучактап көзүнө жаш алды. Кандай жакшы, мени күтө тур азыр...

Даярдап жазып жүргөн катын алып чыгып берип, Мурастын бетинен кайра- кайра өөп узатты. Ошол күнү өзүн кыйла жеңил сезип, негедир жан дүйнөсү кайгыдан бошоп, аз да болсо кубанды.

Мурат, мени курчап тургандын баары сенсиң, ушуга ишенем. Булбул үндөшөт, мукамын тыңшайм, куду сен мен үчүн ырдап жаткандай.

Канаттары башайы калдыркан көпөлөктөр делдектеп, асел аарылар жаңы ачкан өрүк гүлүнө конуп, алда кайда жумушу бардай кайдадыр

зуулдай учуп жөнөшөт. Буларды карап олтуруп сен ар дайым эсиме келесиң, сен анда жашайсың. Биз экөөбүз тоонун гүлүн терип ойногон балалык кезди кантип унутам?

Мурат, сага кат жибердим, качандыр бир күнү, ошол кагаз кайрылып өз колума келсе экен деп жашап келем. Сен аман болчу карегим, оорубачы, кыйналбачы. Алты саның аман кайтып келчи суранам. Сага жете албайм, алыстасың, кусамын жаным, чыдамым кетип барат. Жанара жатар алдында алма бактын түбүндө олтуруп көзүнөн жаш сызылта ыйлап алды.

Эки уулун, Мээрим кызды алып алып Айдай менен Мырза жолго чыкты. Жолможол ар нерсени сүйлөп, күлдүрүп, Мырза узак жолду кыскартты. Уулум кел жаныма олтур, деп Мурасты жанына олтургузуп, чоңойсоң машина айдаганды үйрөтөм, анан апаң экөөбүздү салып алып айдайсың, - деп чын дилден Мураска ар нерсени сүйлөп бара жатты. Кантсе да акылына кирип калган Мурас, бир аз таң калып, анчейин жактырбагандай, түр көрсөтүп, улам апасын карайт. Мырза да аны ичтен туюп турат, акыры көнүп кетер, - деп үмүттөнөт.

Чырмалган тикендүү темирден короо, Мурат аркы бетинде, Айдай берки бетинде, экөөнүн тең көзүндө жаш. Мырза: “Мен балдарды алып алысыраакта турам, азырынча иниң биз жөнүндө билбегени жакшы, деп ыңгайсызданды. Кантсе да эркек адам, сени кызганып, мени кандай киши болду экен, деп ойлонуп ого бетер бушайман болбосун” – деди Айдайга.

Болгон муң ыйын айтып ыйлап Айдай термеле инисин аяп карап турат.

Жанара берген катты ташка ороп, короодон ашыра ыргытты. “Башка жерден кезигебиз деп ойлогом, ушу кантип болсун, иним өзүңдү кара деп,” - ансайын буркурап ыйлайт.

Бир айда бир же эки ирет Айдай Мураттан кабар алып турду. Кээде сырттан учураштырышса, кээде жагымсыз күңгүрт ортосу айнек менен тосулган бөлмөдөн жолуктурушат. Бат- бат келүүгө Айдайдын чамасы жетпей, курсагы токпу эмне болуп жатты экен, аман - эсен үйгө кайтуусун буйрук кыла гөр, - деп кудайдан күндө тиленип жүзүн жаш менен жууйт. Жанара ар бир барышына кат жазып даярдап берип жатты. Мурат, кубанганынан кээде зонада күн өткөрүп жатканын унутуп калат.

Ушул кантип болсун, акмак адам тура. Болгон акчаны бербедик беле. Айдай Болотту күндүзү дарбазанын алдынан учуратып анын суук кабарына дене бою дүркүрөп капа.

Карындашым, аябай ыңгайсыз болуп турам, ошол адвокатты мен тапкам, мындай экенин билсем кана. Көрүнөн таш чыккыр адам экен, жок дайынсыз жок. Жумуш ордуна бара берип бутум тешилди. Бир нерсени жүрөгүм сезгендей, акыркы күндөрү бат- бат коңгуроо кылсам такыр албай жаткан. Көрсө капкачан качып кетиптир. Айдай кармана албай ыйлап жиберди. Шаардагы батирин сатып, эжеси Көкүл салган акчаны кошуп, кеминде эки килейген үй сала турган акчаны колуна карматкан. Эми минтип изи сууп жок.

- Мени кечирип кой Айдай.

- Эмнеге кечирим сурайсыз, Болот аке? Сиз кайдан билиптирсиз, бул акмак жарып кетпейт, себеби үстүбүздө кудай бар.

Экөө көпкө сүйлөшүп турду да Айдай үйүнө кирип кетти. Бечарага ушул эле жетишпей жатты эле. Аны издөөнү токтотпойм, акыры табам -деп Болот сөз берди. Катуу ойлонуп мээси чачырап Айдай андан бетер жүдөй түштү, себеби иним аз жылдын ичинде чыгып келип калар, - деп үмүттөнүп жүргөн. Жакшылыктан үмүтүн үзүп, анчейин көңүлү эч нерсеге түтпөй, күндө кечинде кудайга жалбарып ыйлайт.

Минтип окуу жылы да аяктап калды:

Кечеге кийчү көйнөктөрүн камдашып, шаракташкан кыздар өздөрү менен убара. Жанара эчаак эле камдап койгон.

-Бул күнү мени менен бирге колтукташып чык, ушул күндү канча күттүм, деп Куткелди жанын койбойт.

- Капа болбо, Куткелди, мен Калыска сөз берип койгом. Мураттын эң жакын досу.

Каргашалуу окуяда Калыс алыска ата- энеси менен кетип, темир тордон аман калган.

- Кеттикпи сулуу?

- Кеттик...

Жанара Калыска карай жылмайды. Жаштар ушул түнү бийлеп, ойноп аябай жыргашты. Бир гана Мурат жетишпей Жанара көңүлсүз. Экзаменди эң жакшы тапшырып, кызыл менен бүттү. Окуу жайга топтогон упайы да жогорку көрсөткүчтө.

Ушинтип студент болчу күн келди. Айпери тойго камынып убара. “Менин тоюмда мага курбу бол, таарынам,” - деп Жанараны ой боюна койбой көндүрдү. Окуу жайга керектүү кагаздарын тапшырып Болот кызын шаардан жакшы жатаканага жайгаштырды.

Жанара Т. Садыков атындагы көркөм сүрөт Академиясынын студенти болду. Окуу башталгынча Айперинин тоюна курбу кыз болгонго да үлгүрдү. Тойго Жанаранын ата- энеси да барды, абдан

жакшы өттү. Кооз ресторанда, столдор мыкты жасалган. Жанара элдин көз жоосун алып, суйкайып Айперини жанында олтурду. Жигиттер көз артып, күйөө баланын дос жигити Жанарага тамшана тиктеп тойдун кандай өтүп жатканы менен иши жок.

Жакшы курбу кыздарды таап, жатаканада биргеликте, ынтымакта жашап жатышты. Жанара эстүү жан, бейчеки баспайт, атасы күнүнө эки маал коңгуроо кылып кабар алып турат.

Эх, кандай сонун аба ырайы, кыздар менин силерге жакшы жаңылыгым бар. Жакынкы арада биз шаардан үй алабыз, ошондо бул жерде кысылбай меникинде турабыз, кандай дейсиңер?

Жанара менен чогу окуган шайыр мүнөз Азем, жатакананын терезесинде олтуруп сүйлөп жатты.

-Сен үчүн абдан кубанычтамын курбум, ошол убак келе берсин, көрө жатарбыз, -деди Жанара.

- Бул эмне дегениңер кыздар? Айнектен секирип түшө, кабагын чытып, бетин бултуңдатып: Меникинде жашагыңар жок, силердин - деди.

- Ой эми сенин там алганың калдыда, биздин жашаганыбыз калды. Алгач ала бер, андан кийин чын эле көрө жатарбыз, туура кеп да... Андан көрө бар, чай койчу. Кызык, ушуга да таарынабы адам?

Жанаранын жанында сабак карап олтурган Бурма тамашалай урушуп койду.

- Хым! Ушу силерди!

Эшикти карс жаап чыгып кетти Азем. Ой тобо, деп экөө баштырын чайкап күлүп алышты. Жанара айылга тынбай Айдайга кат жазат, Айдай аны Муратка барган сайын жеткирип турду. Канча аракет жасап бир аз унутуп, кыздар менен көңүл ачып балмуздак жеп, сейилдеп алайын десе дагы такыр окшобой, Мурат ар бир мүнөттө көз алдына келет. Кыздар да: "Эмнеге дайым суз жүрөсүң, сенин ачылып сүйлөп, күлгөнүңдү көрбөдүк," - деп көп айтышат. Сабактан келип чарчаңкы абалда ар түркүн ойго жетеленип жаткан Жанара телефондун дабышынан улам уктап кетип баратып ойгонду.

- Алло, ким экен бул?

- Мен Айжан, кандайсың курбум?

- Айжан алтыным кандайсың? ,

-Ушинтип классташыңды бат эле унутуп коёсуңбу?

- Сени кантип унутайын алтыным. Үнүңдү угуп абдан кубанып турам, силерди сагындым Айжан, баягы экөөбүз олтурган партаны сагындым досум. Жанара ыйлап кирди.

-Айтпа курбум, ал учурду ким сагынбайт. Жашыңды сүрт, сага жакшы жаңылыгым бар.

- Айтчы, курбум!

-Биздин классташ балдар чыгып келишти! Жанара бөлмөнү жаңыртып кыйкырып алды...

- Кандай жакшы, оо кудайым бар экенсиң го...

- Анан? Айт, сүйлө алар менен кезиктиңерби?

- Ооба, Алмазик келер замат мени үйгө сурап келиптир, менин Ошто окууда экенимди угуп, билесиңби курбум, бир кучак гүл алып кече балдар болуп келип кетишти. Ал гүлдү Алмазик мага алганын айтты. Жарылып кете жаздап кучактап баарын өптүм. Бир тууганымдай көрүнүп калган классташтарым, азыркыга чейин кубанычым тарабай турат.

- Мен аябай кубанычтамын курбум. Жанара баягыдан дабышын көтөрө ыйлап кирди,

- Эмне ыйлайсың Жанара? Баары жакшы буйруса Мурат да чыгып келет көрөсүң.

- Оозуңа май курбум, оозуңа май...

- Сага абдан кубанып турам Айжан, көрдүңбү, Алмаз сени жакшы көрөт, айтсам ишенчү эмессиң.

- Ошондой болсо кана, аны көргөндө ыйлап жибердим. Буйруса борборго барабыз сага жолугабыз дешти.

- Чын элеби? Өзүм күтүп алайын аларды. Эки курбу көп нерселерди сүйлөшүп черин жазышты, бир сыйра ыйлап алышты. Жанара эмнегедир жонуна бастырылган ташты алып койгондой жеңилдеп кубанычы чексиз. Сырттан кирип келген Азем менен Бурманы кучактап алып кубанат. Эч нерсеге түшүнбөгөн курбулары айран таң. Мына кыздар, дайыма капасың дечү элеңер, капачылык жоюлду, мындан ары баары жакшы, - деп бөлмөнү айланып тегеренип батына албайт.

***

Ош шаары, күчөтүлгөн абак...

- Э ! Оо! Токто! Бул баягы ыйлак жигит го э? Кандайсың? Тамеки барбы?

- Чекпейм!

- Чекпейт экен! Ха –ха-ха... Кыз болуп эле калбапсың, бирок, бул жерде кыз болсоң да болот. Оозуңду боёп, юбка кийгизүү керек... Ха-ха-ха. Кайсы берене менен? Атың ким?

- 97- берене, Мурат...

- Оо-о, жаман эмес, анан эмне калтырайсың!? Заара кылып жибердиң көрүнөт шымыңа. Мени ук! Балапан! Бул жерде мен айткандай болот! Түшүндүңбү?! Мен каалаган нерсени аткарасың! Баш ийбей көр! Кыз бол десем, кыз болосуң! Каршылык кылып көр!

Муратты ашкананын жанында жакалап турган жигит мурдун мурдуна тийгизип сүйлөп жатты. Баягы өлтүрүп алган жигитке түспөлдөш, Жанараны түртүп жиберген учурду көз алдына тартты да, бет талаштыра бир уруп жерге кулатты. Калганы жым- жым карап турушат. Зонада бири-бирине жардам берүү, болушуу деген таптакыр болбойт, көрүп турган нерсени көрбөдүм деп жеңсе болот тартип ушундай.

Жаагын ары- бери түздөп, ордунан туруп, жаман эмес... Азаматсың! -деп какшыктай сүйлөп туруп Муратты тумшукка бир урду. Чалкасынан мурдунан кан чыгып жаткан Муратты көрсөтүп: "Жигиттер алгыла," - деп сүйрөтүп бир бурчка алып барышып төртөөлөп аябай тепкилеп, эсин оодара сабап коюшту. Милициялар келип ажыратып калгынча кыйла эле оор жарат алган Мурат, эс- учу жок жатат. Жалгыз муздак бөлмөдө дарыгердин көзөмөлүндө болду. "Дагы деле өзүнө келе албайт, оң тарабында кабыргасы сынган, мурун сөөгү да сынган," дейт догдур. Денеси көгала, бир калыпта былк этпей жатат бечара...

Өлүп калбайбы? - деп утур милициялар сурап коюшат.

Зонаны үстүртөн караган тартип сакчы, шилекейин чачырата, ошол күнкү иштеген милицияларды тизип алып бакырып жатат. Бирок бекерге, мындай мыкаачылык күн сайын болуп турат. Өлүп калганы канча, эч ким мойнуна албайт. Ошол сыяктуу көрүнүш бүгүн болду.

"Азырынча айта албайм, акыбалы өтө начар, эки күн күтөбүз, эгер көзүн ачпаса ооруканага комага түшөт, жүрөктүн согушу бар, азырынча. Колумдан келишинче аракет жасап жатам, жардам берүүгө алсыздаймын, болгон дары дармекти пайдаландым. А эгер көзүн ачса ушул жерде караганга болот," - дейт дарыгер.

Кабар алууга келген Шахтын жигиттери аныгын билип Шахка айтып барышты. Башын мыкчый Шах мындай деди: "Бул көрүнүш болбойт, өлүп калат ал жерде," - деп өзүнчө бирдемелерди күбүрөнүп ыза болгон Шах, столду карс эткизе уруп, жанындагы жигиттердин үрөйүн учурду.

Тээ тетиги алыстан келатат, жылаң бут ак кийимчен киши. Утур жакындай берди. Мураттын көзү уялып, колун чекесине алып, алаканын жайып карап жатты.

-Жезде, бул сизби? Тирүүсүзбү? Кайдан келдиңиз? Токтой туруңуз азыр, мен бул суудан өтүп алайын. Айдай эжеме алып барыңыз. Ал жакта Жанара да бар.Токтой туруңуз.

-Токто Мурат! Сени жакшы адамдар күтүп жатышат. Сен бүгүн мени менен кетишиң керек эле. Бирок жакшы адамдар сенин кайтып барууңду каалашат.

Оң тарапта, алаканын жайып олтурган Айдай эжесинин ыйлап олтурганын көрдү. Ошол эле учурда, үйдө толтура адам, дасторкондун чекесинде, ак сакал киши алканын керип, " Мурат аман- эсен кайтып, үйүнө эртерээк келсин"- деп бата кылып жатышыптыр. Кайра Жанаранын элеси көрүндү, жапжалгыз бактын ичинде жүзүн алаканы менен жаап: "Оо кудайым, Мурат кутулуп келсе экен" -деп буркурап ыйлап жатат.

- Жанара алтыным, ыйлаба, Айдай эже ыйлабаңыз.

- Мээрими күчтүү жараткан жакшы адамдардын тилегин четке кага алган жок. Сага өмүр тартуулады, кайт артыңа, ээрчибе мени кайт. Карылыкка моюн сунганыңда келем, ошондо чогу кетебиз, кайт...

Эсине келе албай жаткан Мурат, элес- булас түшүндөгүдөй ушул нерселерди көрүп жатты. Жараткан кандай мээримдүү, бул нерсе чындык...

Илгери бир заманда бактылуу жубайлар жашаптыр, алар такыр ымыркайлуу болушпай жүрүп, акыры жараткандан тилек кылат дейт... "Оо кудурети күчтүү кудайым, бизге наристе берчи, аз убакытка, кайра аласың. Ушинтип бала жытын жыттабай өтүп кетемби? Бир айча эле жыттап моокумум кандырып алайын, кайра өзүңө аласың," - деп жалбарат. Бул тилегин кабыл кылган жараткан, аларга өмүрү өтө кыска уул наристе берет. Кубанычы койнуна батпай, уул төрөгөн соң, чоң той беришет. Алардын үйүнө абдан көп эл келет экен. Бардыгы кайтып жатып алаканын керип: "Уулуң өмүрлүү болсун, дени сак болсун, ыймандуу болсун," - деп бата кылышат. Ошентип той аяктап, арадан үч ай өтөт. Келишим боюнча уулумду кайра алып кетет, - деп сыздаган эне күнү түнү уулун бооруна кысып, көз жашын төгөт.

Ошентип жарым жыл өтөт. Ошондо аял жаратканга кайрылат экен...

"Оо кудурети күчтүү кудайым, сен экөөбүздүн келишимибиз боюнча уулумду эмнеге алып кетпей жатасың?" - дейт.

Анда жараткан: “Сенин уулуңа айтылган ар бир баталарды кабыл кылбай коё албадым. Жакшы адамдардын сураныччын аткарбай коё албайм,” - деген экен. Ошондо аял буркурап ыйлап рахматын айтып түгөтө албай сүйүнгөн деп айтышат. Ансыңарындай, Айдай кудай өткөзүп: “Иним аман эсен келсин, бата бериңиздер,” - деп аксакалдарга жалбарып далай ирет дасторкон жайып, батасын алган. Ошондуктан, кандай тилек кылсак, жалбарып жан дилден сурасак, мээримдүү эгем, аябайт экен. Ал Муратка өмүр тартуулады.

Экинчи күнү көзүн акырын ачкан Мурат, апапак бөлмөдө жатканын туйду. Денеси сыздап ооруп турат. Кыймылга келе албай, бир далай түйшөлдү. Ак халатчан киши жанына басып келип, көздөрүн колу менен ачып, карегине жарык кылып карап коёт.

“Көзүңдү ачтыңбы? Мени угуп жатасыңбы? Былк этпе, сага кыймылдоого болбойт азыр,” - деп колуна асма укол сайды.

- Бүгүн аба- ырайы күндөгүдөн башкача ээ кыздар. Сейил бактагы жыгач олтургучта олтурган, Жанара жана анын курбулары, сабактан чыгып сөзгө алаксый мында басып келишти.

- Ой тобо, Жанара китебиңди жаап турчу бир аз, ичине кирип кетет экенсиң эми, - деп тамашалашты.

Жанара ошол учурда, ою таптакыр башка жакта. Ал китептин ортосуна Мураттын сүрөтүн коюп алып карап олтурган. Жанаранын бүткөн бою ысып, эт жүрөгү эзилип, тээ алыстарда...

Ал бая күнү классташ балдарын тосуп алып, соолуп ыйлаган. Куду жатындаш адамындай жакын сезилип, аларга өпкөсүн кагып, сырын чечкен. Ошол барабар, таноолору, көзүнүн кычыгы кыбырсый бергендей ар түнү уйкусун качырып алат. Азыр бир аз уйкусу келип, айласыздан эле курбулары менен олтурат.

-Мына кыздар, ошентип окуганыбызга бир жыл чукулдап калды. Буйруса каникулда айылыбызга да барабыз. Минтип студент болуп жүрөбүз, жолубузду ачкан кудайыма миң мертебе шүгүр. Ушундай ынтымакта окуп, аяктаган соң өз кесиптин ээлери болуп, дүйнөгө таанылган сүрөттөрдү жараталы.

Азем жакшы ойлору менен бөлүшүп, куду каалоо тилек айтып жаткандай божурады.

-Сен журналист болуп эле албапсың, мында эмне кылып жүрөсүң дейм да, - деп кыздар күлүп алышты.

- Жүрү балмуздак же бир суусундук алып келип ичип олтуралы.

Бурма ордунан тура калып Жанара менен Аземди колунан тартты.

- Кыздар мен олтура турайын, экөөң барып келгиле , - деди Жанара.

- Макул эмесе, орундукту эч кимге бербе, тигине толтура студенттер келе жатышат. - Ой макул, бара бергиле, - деп Жанара адатынча Мураттын сүрөтүнө тигиле калды.

- Чоң кыз, саатыңыз канча болду? Кара шым ак көйнөк кийген жашы Жанарадан бир топ эле улуу жигит олтурган жайга келип кайрылып сурады.

- Саат үч жарым байке.

- Ии рахмат... Аа, жаныңа олтурсам болобу?

- Жо-ок, болбойт, курбуларым келет азыр...

- А кана курбуларыңыз?

- Тигинде келе жатышат. Жанара калп эле башка бирөөлөрдү көрсөттү. Аңгыча Жанаранын маңдайына келип бир башкача тиктеп туруп калды. Эркек сөрөй болуп тийишкиси келип турат го, - деп маани бербей китебин тиктеп олтура берди. Ошол замат караңгылык кабагын салып, арт тарабынан келип оозун беките кучактай так көтөрүп чет жакта токтоп турган унааны көздөй баягы жигит экөө Жанараны сүйрөп барып салышты.

Жап, жап эшикти, айда эмне карап турасың?! Шуулдай айдап жөнөштү. Чыркырап ыйлаган Жанара, көздөрү чанагынан чыга жаздап, машинанын айнегин чапкылап ыйлап баратат. Айланада анча-мынча байкаган эл аң- таң, көз ирмемде болгон окуяга түшүнбөй калышкандай. Машина зуулдап бир заматта узап кетти. Китеби колунан ыргып, андагы Мураттын сүрөтү жерде жатат. Курбулары кайтып келип, Жанараны ордунан таппай тызылдайт. Китебин, жерде жаткан сүрөттү алышып, коркуп турушту.

Ары жакта олтурган эки жигит: “Курбуңарды кызгылт түстөгү машина салып кетти, беш мүнөт боло элек азыр эле,” - деп айтышты.

- Анан карап олтура бердиңиздерби?

- Анан эмне кылмакпыз карындаш, көз ирмемде болуп кетти, жакшы байкабай калдык.

- Жок дегенде машинанын номерин көрө алдыңызбы?

- Жок карындаш, бат эле узап кетти.

- Оо, шумдугуң кур, шаарда, чагалейдин чак түшү. Айылда болсо бир жөн эле. Ушундай боло берет экен ээ?

- Эми эмне кылабыз? Азем өзүн кармана албай ыйлап кирди. Болду Азем, өзүңдү карма, азыр милицияга кайрылабыз. Бурма милицияга чалып жатты. Азем олтургучта бетин колдору менен жаап алып ыйлап олтурат. Так маалымат керек дейт, машинанын маркасы, номери керек дешти.

- Ошолор качан эле жардам бере койчу эле.

- Койсоңчу курбум, буларга так маалымат керек да ырас эле. Жүрү бөлмөгө баралы, баягы номер жазган дептерде апасынын номери болсо керек, коңгуроо кылабыз. Экөө шашылып чуркап жатаканага кетишти.

Байке, мени коё бериңиз суранам! Бул эмне кылганыңыздар?! Мендей карындашыңыз бар чыгар?! Коё бериңизчи өтүнөм!

Жанара жанында олтурган жигитти жакалап алып буркурап ыйлап сүйлөп жатты. Жигит жүзүн ала качып тике карай албай, шилекейин кылк жута, кызга боору ооругандай, аяр тиктейт.

- Мага тийбеңиздер, сурнам, коё берип коюңуздарчы!

- Сага тийбейбиз карындаш коркпо, болгону буйрукту аткарып жатабыз.

- Сен көп сүйлөбөй жолду кара! Азыр эрежени бузсаң менттер токтотуп көргүлүктү көрсөтөт. Кооптуу иш кылып жатабыз! Өзү бутум тарткан эмес менин! Шаардан чыгып кеткенге аракет кылалы...

Арткы олтургучта олтурган бир жигит кыйкырып сүйлөп жатты. Утур жол чырактын жанына келгенде экөө эки тараптан Жанаранын эки колунан бекем басып оозун жаап турушту. Буулугуп, буркурап көздөрүн жуумп алып ыйлап бара жаткан Жанара абдан коркуп турду. Жигиттер бир аптадан бери ыңгайын издеп, Жанараны айланчыктап жүрүшкөн. Сааты бүгүн чыктыбы бейм, колдон чыгарбай шуулдап кетип бара жатышты. Шаардан бир топ узай чыгып кетишкен соң, "уф-ф," - деп үшкүрүнүп алышты.

Жанара эки тизесин кучактай арткы олтургучтун бурчунда ыйлап баратат.

"Болду карындаш ыйлаба, бизди кечир, башка жол жок болуп калды. Азыр жетчү жерге көп бар, жол узак ыйлаба көп, алыңдан таясың," - деп бир жигит сүйлөп жатты. Мени коё беришпеси анык, деп ансайын Жанара эки көзүн тизесине басып буркурап ыйлай берди...

Айлана күүгүм тартып, эшик караңгылай баштады. Чөнтөгүндөгү телефонду дароо эле алып өчүрүп салышкан. Же курбулары чала албайт, же ата- энеси...

Ыйлай берип жүзү жашка жуулган Жанара, көзүнө алы жетпей уктап кетти. Жигиттер, ырас болду, уктап кетти дешип шыбырашып сүйлөшүп бара жатышты. Узун кара чачы далысына жайылып, эки тизесин бекем кучактаган калыбында, кичине гана орундукту ээлеп машинанын улам силкингенин да тоготпой катуу уктап кетип бара жатат...

- Ушу кыздын убалына калбасак болду, башында эле көнбөй койсок болмок.

- Сулуу экен э? -деп бирөөсү ашыгып коёт.

- Баркына жетип бактылуу болуп кетипсе, убалына эмес, сообуна калабыз - деп күлүп коюшат.

Бу баш аягы белгисиз жарыктыкта, эмнелер гана болбойт. Керек болсо жердеги кыпындай кумурсканы да башкарууга милдеттүү эмеспиз, анткени ал биз айткан жерге эмес, өзү каалаган жерге уясын салат. Акыйкат менен тирелишип, жеңип чыгабыз деп ойлойбуз. Бирок бул куру ой, куру үмүт, акыры акыйкат жеңет...

Акыры түн жамынып тогуз саат дегенде болжогон жерге жетип барышты. Эки саат мурун Жанара кайрадан ойгонуп алып ыйлай баштаган. Эшиктин караңгылыгынан кайда кетип бара жатканын жакшы баамдабай эле, "Келип калдык жигиттер," -деген сөздөрүн угуп, жүрөгү кабынан чыга жаздап согуп жатты.

Бийик там, айланасына бүт чырак орнотулган, айтор бардык жери даана көрүнөт. Үймөлөктөшкөн аялдар, кичине балдар чуркап жүрүшөт. Чоң кишилер ары- бери басып, бир жумуш бүтүрүп жатышкандай. Анан да кымбат баалуу машиналар токтоп турат.

Үйдүн алдына унааны токтотоор замат, толоюн аял эки келинди ээрчитип келип машинанын эшигин ачып, андагы бүрүшүп олтурган кичинекей кызды көрүп: "Ии бечара, кызым келегой, коркпо," - деди.

- Колуңузду алыңыз, тийбеңиз мага, эжеке суранам, мени бул үйгө киргизбегиле деп буттары менен тепкилей ыйлап кирди Жанара.

- Кой, антпе кызым, түшөгой, сени түшүнүп турам, жүр үйгө кирип сүйлөшөлү жүрөгой кызым, -деп колу бутунан тартып эле жерге түшүрүп алышты.

Бечара кыз: "Өлгөнүм ушул тура, эмне болуп жатат, оо кудайым жардам бере гөр," - деп ичинен сыздап турду. Алсыз кантсе да, бирине да каршылык көрсөтө албай, кыйкырып ыйлап үйгө кирип бара жатты.

Үй абдан чоң, заңгырайт, дароо сүйрөп экинчи кабатка жетелешти. Андагы көшөгө тартылган бөлмө абдан кооз, апапак мыкты жасалган көздүн жоосун алган көшөгөнүн этегин кайрып үстүнө илип коюшкан.

"Эжекелер суранам, мени көшөгөгө киргизбегиле," - дегенине карабай алып кирип уйпалай жоолук сала башташты.

Бир кезде апасы Жанараны бой жетип чоңойду дедиби, айтор бир акылын айткан. "Эстүү кыз, кокус ала качып бир жерге капыстан барчу болсо, кутуулунун гана айласын ойлоп, оозуна келгенди айтып, көшөгөнү тытып чыр салбашы керек. Ал анын тарбиясын көрсөтөт. Ата- энесине сөз тийет. Тиги кошуна, келин алып келди эле, орусчалап ашарта сөгүнүп, айнектерди сындырып, көшөгөнү жулуп жиндеп алып, эми мына жашап жатат. Келиндин келген күнү кайнененин эсинен кетпейт дейт. А жакшы, эстүү кыз, суук сөз сүйлөбөй эле, көңүлү жок болсо акыл сөзүн айтып, чыгып кетет жашагысы

келбесе, ушундай кызым. Тарбия алган кыз, эч качан эси жоктук кылбайт," - деген. Ушул сөздөр эсине кылт дей түштү да, уйпалап жаткан эжелерге карап:

-Эжекелер, мен кимге тийем өзү? Көрсөм болобу? Анан дагы ата- энем келсин, менин тагдырымды ошолор чечет. Алар эмне десе ошол болот, чакырыңыздар мага күйөө болчу жигитти, -деди.

Мындай сөздү күтпөй турган аялдар, бирин- бири нес боло тиктеп туруп калышты.

-Апе-ей, билбейт беле? Ооба айланайын, көрсүн биздин жигитти, чын айтат, чакыргыла. Биздин жигиттей жигит барбы, өң десең өң, бой десең бой, билимдүү деп биринен - бири жарышып сүйлөдү.

Башына салып жаткан жоолукту көшөгөгө иле салып, аялдар бөлмөдөн чыгышты. Айнектен секирип кеткиси келгендей Жанара сыртты акырын басып барып карап коёт, жерден кыйла бийик. "Кандай гана бактысыз кыз болуп жаралдым экен, жараткан буга чейинки азабың жетишээрлик эле го мага," - деп килемде тизелей олтуруп ыйлап жатты. Эшикти ачып кирип келген жигитти карап таң кала тиктеп калды.

- Кадыр, бул сенби? Бул чын эле сенсиңби? Кадыр жакындай басып келип Жанаранын алдына чөгөлөй калды.

- Жанара мени кечир, алтыным сенсиз бул жашоодо күн кечире албайм, мени түшүн. Мен сени сүйөм, өмүр бою сүйүп жүрүп өтөм, алаканыма салып багам.

- Акмактык кылдың Кадыр! –деп Жанара жаагына бир салды.

- Мени тез кай жерден алып келсең, ошол жерге жеткирип кой! Бул эмне кылганың? Ушул кантип болсун? Мен сага бүлөө боло албайм Кадыр.

Кадыр акырын ордунан туруп, көзүнөн жаш агыза ыйлап кирди.

- Мага сенден башкасы кереги жок! Жанара! Болбосо эчаак эле үйлөнүп алмакмын.

-Ушу сен ушундай жапайычылык кылдыңбы? Билимдүү, эстүү бала деп жүрсө, мен Муратты сүйөм! Аны жакшы билесиң! Мени тез жеткирип кой! Болбосо...

- Болбосо эмне?! Соттотуп жибересиңби?! Кадыр Жанаранын эки ийининен кармай катуу сүйлөдү.

- Ооба, соттотуп жиберем, ошондон артка тайбайм, билет экенсиң го...

- Сени бул үйдөн бир карыш жылдыра албайм, сен меникисиң Жанара, түбөлүк меникисиң. Кадыр эмнегедир өзүнө ишенип сүйлөп Жанарага тике карады. Баятан бери өктөм сүйлөп жаткан Жанара, корко баштады.

- Бул эмне дегениң?

-Ушундай Жанара, сен мендиксиң. Кадыр бурулуп сырка жөнөй берди.

- Токто Кадыр! Мени ук, мындай кыла көрбө сенден өтүнөм. Айтчы баарын аткарам, болгону мени коё бер. Мураттан ажыратпа. Кадыр сенден суранам!

- Өз эрким менен коё бере албайм кечир...

-Жоо-ок Кадыр! Мени укчу суранам! Жанара тизелей Кадырдын бутунан кармай буркурап ыйлап жатты.

- Кады-ыр! Менин убалыма калба, кетпе, токто! Кадыр кайда сен?! Эмнеге мени укпайсың?! Суранам угуп койчу!

Кадыр бутун аргасыз тартып алды да сыртка жулкунуп басып кетти. Көзүндө толо жаш, Жанараны аяп турду, айла жок, катуу сүйөт. Тепкичтен ылдый карай түшүп бара жатканда алдында турган жеңеси Кадырдын жүзүн көрүп зээни кейиди. Жанара артынан атып чыга... - Кадыр! Токточу! Мындай кылба! Түбөлүк кулуң болоюн, мени Мураттан ажыратпа,- деп кыйкырып сүйлөп келип, тепкичтин этегинде жалдырай тиктеп турган аялдарды көрүп, ошол жерге кулаган бойдон тизелей ыйлап кирди. Кайра бөлмөсүнө алып киришип, көйнөк кийгизип, жоолук сала баштапты.

- Эмнеге мынча титирейсиң? Болгондур эми.

- Бурма, биз Жанараны жоготуп коюп эле ушинтип олтура беребизби? Кана! Дептердеги аяш эненин номери?

- Бар го деп ойлогом... Бурма оор басырыктуу кыз, экөө тээ түн жарымга чейин уктабай бир ыйлап, бир сооронуп олтурушту. Азем чыдамсыз, ары-бери басып улам ыйлап алат. Аңгыча телефонго коңгуроо келди, шашылып ала койсо, Жанаранын апасы.

- Алло, бул Бурма бекен?

- Бул ким?

- Мен Жанаранын апасы.

-Толгонай эже кандайсыз?

-Жакшы айланайын, Жанарага саат бештен бери чалам, телефону өчүк , айтчы телефонун күйгүзсүн, жанындабы? Уктай албай кайра чыктым, сенин номериң бар экен дагы жакшы.

Саат түнкү эки:

- Аяш эне, Жанараны ала качып кетишти, биз дүкөнгө барып келгинче эле болуп кетиптир бул окуя. Бурма ый аралаш сүйлөп жатты...

- Кандайча? Качан?! Кайда алып кетти?!

- Билбейбиз аяш эне, биз да уктай албай олтурабыз...

- Оо, кудайым, өзү сактаса экен! Таптакыр көрбөдүңөрбү?

- Жо-ок көрбөдүк, ошол жерде олтурган бирөө кызгылт түстөгү машина деп айтты, башка эч нерсе билбейбиз.

Толгонай дароо телефонду өчүрүп:

- Болот! Болот дейм, тур! Жанараны ала качып кетишиптир.

- Кайда?!

- Билишпейт экен кыздар, билбейбиз деп жатышат! Толгонай кантсе да эне да, ыйлап кирди.

- Эми эмне кылабыз? Никесин кыйып коюп, кабар берсе канттик? Болот шашыла кийине баштады.

- Анттес, адам болсо, ошентип эле көрсүн өз колум менен өлтүрүп келем. Ызырына эшикке чыгып кетти...

Арадан бир саат өтпөй Болотко коңгуроо кылышты. Толгонай уктай албай термелип олтурган.

-Кызың биздин эле шаарга келиптир, мында экен, Кочкор- Атада. Олтурбай ыйлап жатыптыр, азыр машина келет, менин карындашымды чакыр, келин да кошо келсин, чогу барасыңар. Камырдан кыл суургандай суурул чыккыла ал үйдөн. Менин кызым каалабайбы, демек калтырба! Түшүндүңбү?!

-Түшүндүм... Бат эле чогула калышты, көзүн ушалап жетип келген Болоттун карындашы:

- Ай жеңе, эмне болуп кетти ыя?

- Жанараны ала качып кетишиптир, биздин эле шаарга.

- Ии кокуй, сүйлөшүп жүрүптүрбү?

- Кайдан, сүйлөшкөн эмес.

Толгонай, бир нерсе эсине келгендей туруп калды.

- Не болду жеңе... Кайын сиңдисин колтугунан кармай тамдып капталына жетелеп барып:

- Байкуш кызым, Мурат деп сыздап жүрөт эле, эми билбейм эмне болот...

- Акеңиз да сөйкө салдырбай жиндеп туруп алды. Азыр мындай болбос эле.

- Жеңе, ал бала түрмөдө олтурса, акем качан чыгып келет деп коркту да.

- Окуусун аман- эсен бүтөт эле да, кыз...

Толгонай ыйлай берди. Аңгыча машинанын келип токтогон үнү угулду. Келди окшойт, жүргүлө...

-Толгонай, көнбөсө алып кел, бир күн калтырба, Болот ызырына сүйлөдү.

- Ооба, ооба! - Жөнөп кетишти...

Кадыр чылым чегип ары-бери басып тынчсызданып жатты. Досторуна уят болбоюн деп, башка эле балдарга акча берип: "Бир тал чачын түшүрбөй алып келип бересиңер" - деп сүйлөшкөн. Чогу иштешкендеринен да аябай уялып турду. Кадыр өзү милиция болсо, мындай ишке барбашы керек эле.

- Келишти кудалар, ай жеңе келишти! Ызы- чуу боло түштү. Толгонай "Өзүмдү кармайын, ачууга алдырбайын," - деп өзүн тыйып келаткан.

- Келиңиздер, кагылайын, кызыңызды олтургузуп кетиңиз айланайын, - деп кемпир- кезек жалбара сүйлөй баштады.

- Каалабаса кантап олтургузам, түшүнүңүздөр мени, - деди Толгонай көзүндө жашын аарчып. Кызы олтурган бөлмөгө кирээр замат артын карай эшикти жапты... - Мен кызым менен жалгыз сүйлөшөм, - деп артында келе жаткандарды токтотту.

-Апа, апаке, келдиңизби? Мени алып кетиңиз! Суранам апа!

- Кызым, кагылайын, бооруна кысып чачынынан жыттады.

- Бери карачы, бул баланы тааныйсыңбы?

-Ооба, тааныйм, бирок эч качан сүйлөшкөн эмесмин апа! Мен Муратка милиция бөлүмүнө барганда таанышып калганбыз. Апаке, бул сөздөрдүн азыр эмне кереги бар. Мени алып кетиңиз. Мен Муратты күтөм, кандай болбосун күтөм, окуумду бүтүрөйүн.

Артынан жабыла аялдар кирип келишти. Кудагый: "Таш түшкөн жеринде оор болот" - дейт. Көшөгөсү көгөрсүн деп бата берип таштап кетиңиз.

- Эмнеге мал сыяктуу сүйрөп келесиңер ыя?! Алдыбыздан өтсөңөр болмок да!

- Ооба, туура, балдар уурдап келе беришиптир, жаштык кылышты кечириңиз. Буйруса дүркүрөтүп той беребиз.

Толгонайды баары курчап туруп алышып, Ар сөздүн башын айтышып: "Таштап кет кагылайын, алып кетсең, ушунча кишинин наразычылыгы жаныңа батат," - деп чуркурашып Толгонайдын башын айлантышты. Кыз берип, кыз алып көрбөсө, Жанара анын биринчи жакшылыгы болчу, башы тегеренип кандай чечимге келерин билбей ыйлай берди.

Майрам колунан бекем кыса кармап: "Кудагый уулумдун убалына калбаңыз, ушул кызга үйлөнөм болбосо жок, деп туруп алды. Канча жерден кыз таптык, бирок жактырбайт, ак эткенден так этип, Жанара, Жанара деп көгөрүп алды. Алып кете көрбөңүз, бир элден, бир жерден экенбиз. Кызыңызды өз кызымдай бапестеп алам" –деп көзүн жалдыратты Майрам.

Деги койчу, эмне деген гана сөздөр айтылбады. А менин, Жанарага гана боорум ооруйт. Көзүндөгү жашын сүртө, апасынын жетелеп чыгып кетишин күтүп, алаңдап жатты. "Жанара кантейин, мен да сага жардам бермекмин, бирок колумдан келбейт," -деп баягы окуучулук кездеги көк асмандагы булут терезеден карап турду.

- Макул, мен кетейин, угуп коюңуздар, кызымдын көз жашы көлдөбөсүн. Эгер кор болчу болсо, ошондо сүйлөшөбүз.

- Кагылайын ал бул эмне дегениң? Өз кызымдай күтүм алам.

Майрам кубанып турду. Кайрылып Жанарага батынып бара албай Толгонай машинага түшүп жөнөп кетти.

- Апе-ей, бул эмнеси, сыйыбызды көрбөй эле, кудагый кетип калдыбы? Майрам тынчсызданып жатты...

- Мейли кетсин, жаш экен бечара, биринчи кыз бериши турбайбы. Көз жашын тыйып алсын кудагыйың, сыйлашчу күн али алдыда, - деди ошол жерде кемпирлердин бири. Бурчта угуп турган Кадыр өх-х, деп терең дем алып, кубанганын жашырбай жылмайып алды.

- Кагылайын, мына ата- энең эртең келмей болду тойго, баары дурус - деп башына жоолук салам деп кирген Майрамдын жүрөгүн түшүрө Жанара чыңырып ыйлады.

- Апа! Бул эмне кылганың! Апа кайда кеттиң!? Токто! Мени ала кет!

- Бул эмне кылганың? Болот ачууланып ары-бери басып Толгонайды урушуп жатты...

- Эмне мага эле күнөөнү коюп турасың,? баары жабылып мени жеп коё жаздады. Мына кыз көрүп турду го, башым катып маң болуп калдым. Ак сакал- көк сакал, кемпир - кезектин баары, жалдырап жалбарып атса, адамдын жүзү жаман экен. Кыйын болсоң барып өзүң алып кел! Кызым байкуш буркурап ыйлап калды, эмчегим зырылдап араң чыктым ошол үйдөн. Кызым мага таарынды ! Толгонай буркурап ыйлайт. Болот диванда жерди теше тиктеп олтурат.

- Жеңе, болду ыйлабаңыз. Суудан ичип алыңызчы, бирок жаман жер эмес экен. Көрдүңүз го, үйлөрү шумдук, күйөө бала сулуу жигит экен, бетиндеги калы өзүнө жарашып... Кесиби милиция.

- Эмне? Ошол ыраспы апасы? Толгонай мурдун шыр тартып:

- Ооба, Муратка милиция бөлүмүнө барып жүргөндө бул бала көрүп калыптыр да. Ошондо таанып калгам дейт Жанара.

- А бул акмак! Бекер кылган экенмин, Мурат уулума ыраа көрбөй койдум эле, кайдагы бир милицияга жар болду. Андан көрө Мурат түзүк эле.

- Аке, жаман бала көрүнбөйт, анан дагы колунда бар жер экен, алар жөн эле окутуп алышат, кабатыр болбоңуз.

- Башында калсын байлыгы, ал бай болсо, мен бай эмесмин, өз теңдүүлөрүбүз эле жакшы болчу!

Болот столду карс эткизип урганда, Толгонай менен карындашы селт этип чочуп кетишти. Толгонай кайра эле ыйлай берди.

Арадан бир апта өттү...

- Жанара, тамактанып алчы алтыным. Бети шишип көзү канталап турган калыбында Кадырга карай:

- Табитим жок, алтыным дебе мени, деди.

- Бери карачы...

- Жолобо мага, тур ары, мен сени жек көрөм Кадыр, ушинтип алып келип алсам эле, кыңк этпей жашап калат дейсиңби? Андай эмес, жаныма жолобойсуң!

- Эмне кыл дейсиң жаным, мени түшүнбөдүң, мейли, сен үчүн баарына даярмын, сага тийбейм. Анын да өз убагы келет. Сени бир көрүп көңүлүм сүйдү, канча ирет унутайын десем да, татынакай келбетиң, сүйлөгөн сөздөрүң эсимден чыкпайт. Мени жаман адам деп турасың, мен да сенин Муратыңдай бир адаммын. Сен Муратты кандай сүйсөң, мен сени ошондой сүйөм. Айтчы Жанара, же болбосо мени бул оорудан куткарчы, дарысын таап келчи, ичип алайын да сени коё берейин, эмне кыл дейсиң? Сенин көлөкөңө зар болуп, Бишкекте ооруканада жатканда өлүп кала жаздадым. Кийин мында келгенде сени күндө мектебиңден алысыраак жерде туруп алып аңдыйм. Себеби сени бир көрүп алсам жакшы уктачумун. Сен окууга кеткенде аңдып да көрө албай калдым. Чыдамым кетип барат күн сайын, жумушка көңүлүм жок. Кийин балдарга дайындап сени алып келгиле дедим, ушундай жаным, сен бул жашоодо мен үчүн дарысың. Кандай оору болбосун, сени көрөр замат сакайып кетем. Себеби мен сени катуу сүйөм. Эч качан, керек болсо үнүмдү бийик көтөрүп сүйлөбөм. Сен айткандай жашайбыз. Сени капа кылбайм, кор

кылбайм, ишен мага. Мага таянып жаша Жанар. Мага бала төрөп берсең, сени ханышадай төбөмө көтөрүп жүрүп өтөм.

Ушул учурда Майрам эшикти жөлөнө экөөнүн сүйлөшкөнүн угуп турду. Баласына боору ооруп, көзүнө жаш келди. Эмнегедир өзүнчө үшкүрүнүп алып басып кетти.

-Менин эмнемди сүйдүң Кадыр? Менден жакшы кыздар толтура жүрбөйбү. Мени укчу, Муратты кантип жүрөгүмдөн алып салам, өзүңдү эле ойлой бербей, мени да ойлосоң боло? Айтчы, жооп берчи? Муратымды кантип унутам Кады-ыр? Жанара ушул аз күндүн ичинде, бир жыл азап чеккен менен барабар болду.

Мен үчүн эң бактылуу көз ирмемдер жүрөгүмдө жашаса, жашоомдо кезикпеди. Ошентип, Кадырдын жубайы болдум. Ал мага сөзүнө туруп, такыр жолобой жүрдү. Ошол түнү төшөгүбүздү аңдыган жеңелерди кандай жол менен жайгарды билбейм, айтор: "Келиниңиз уул төрөдү деп," - сүйүнчүлөп жатышкан. Мен да сыр бербей жашай бердим. Ичимден гана жанчыла Муратымды сагынам. Кадыр болгон аракетин жумшап, карегим менен тең айланат. Жумушуна да берилип, күндө кабагы жаркылдай, мага гүл көтөрүп келет.

- Оо, бул сапар кызыл гүлдөр, кандай сонун... Ыя Кадыр, үй гүл саткан дүкөнгө айланды. Соолуп бараткандарын эмне кылайын? Столдо олтурган апасына ысык чай берип жаткан үй кызматчы Жийде, Кадыр эшиктен кирип келер замат, тамашалай сүйлөдү.

- Апа, жакшы олтурасызбы? Кадыр жүгүрүп келип апасын жүзүнөн өптү.

- Жакшы садагаң кетейин. Бүгүн эрте чыгыпсың го жумушуңдан?

- Ошенттим апа, себеби бүгүн мен, силерге табышмактуу белек кылам.

Жийде жаш балача:

- Чын элеби?

- Сулуу жигиттен гүл албасак дагы белек алалы анда...

- Жийде, сенин ичиң күйүп турат ээ?

-А баса, соолугандарын эмне кылам? - дедиң беле? Ошол гүлдөр сага.

- Кокуй, бул эмне дейт? Майрам уулуна карай:

- Ай, Жийдеге мен сопсонун эле гүл алып келип берип коём, сенин соолуган гүлдөрүңдү башына урсунбу? Жийде жаш кыздардай каткырып күлөт.

-Тынчтаның апаке... Кадыр апасын кайра- кайра өпкүлөп, гүлүн көтөрүп экинчи кабатка чуркап чыгып кетти.

- Көрбөйсүңбү мунун сүйлөгөнүн,- деди Майрам. Жийде күлкүсүн тыя албай:

- Майрам эже, ал мени дайыма тең туш катары тамашалайт, ага капа болбоңуз. Негизи уулуңуздун мүнөзү жакшы адам.

Жанара жуулган кийимдерди үтүктөп иреттеп жаткан. Бөлмөсүнө кирбей туруп, босогодон карап аялынын сулуулугуна суктанат. Апапак жоолук, кызыл

гүлдөрү бар жарашыктуу көйнөк, далысына өрүлүп түшкөн узун кара чачы. Анан калса бир аз көкүлүн чыгарып салынган жоолугу абдан жарашат.

- Кандайсың периштем?

- Келдиңби Кадыр? Бүгүн эрте келипсиң... Анча кубанбагандай Жанара ооз учунан сүйлөдү.

- Бул гүл сага...

- Рахмат, аябай гүлдөр толуп кетти, азыр муну да сууга салып коёюн.

- Токтой турчу, гүлдү мындай коё тур. Кадыр Жанаранын чырайына туруштук бере албай турду. Жүзүнөн бутуна чейин сыдыра карап: "Чын эле ушул менин аялымбы?" -деп ичинен өзүнө суроо берет. Жанаранын бакырайган көздөрү, туптунук жүзү, кызыл эриндери, төшөлгөн кирпиктери, апапак узун мойну, алмадай төрсөйгөн төшү Кадырды эстен тандырды. Кыңдай белинен аяр кучактап, эриндеринен өөп кирди. Каршылык кыла албай, аргасыз моюн сунуп турган Жанаранын жүрөгү бат- бат согуп коркуп турду.

- Токто Кадыр, болду! Кадыр дейм! Арга канча, кантсе да никелешкен жолдошу. Каршылыгына карабай, Кадыр көкүрөгүндө ысык сүйүүнүн күчү менен берилип турду. Андан ары сүйүүнүн кумарына батты. Жанар үчүн оор күндөрдүн бири болду десем болот. Көзүнөн жаш тыйылбай Кадырдын жүзүнө карабай жаздыкка бетин басып ыйлай берди.

- Мен ыраазымын жаным, бактылуумун, -деп Кадыр чачынан сылап, кубанычы койнуна батпай турду.

- Жанара, мени карасаң, ыйлаба болду, сен ыйласаң мен жаман болом. Сенин эч качан көз жашыңды көргүм келбейт.

- Эмнеге ыйлап жатасыз Майрам эже? Бир нерсе болдубу? Чайдан ичиңизчи.

- Келинимди карап туруп, аны аяп кетем, бир кезде, мен да ушул үйгө ушинтип келгем. Манас өжөр жигит эле, акыры сени алам дей берчү. Анда он жети жаштамын, келесоо убагым, могу сары дүңкүйгөн жигит, өзүн бир күзгүдөн карап алса болмок!- деп өзүмчө кыйын болуп жүргөн кезим.

Жийде колундагы чайнегин коё салып, ээгин таяна, көздөрүн бакырайта столго олтуруп угуп кирди.

- Анан эже, деп коёт улам.

- Ошол кызым, мени да чыркыратып сүйрөп келишкен. Сүйлөшүп жүргөн жигитим армияда кызматта. Ал келген соң аябай чыр салып үйгө чейин келип кеткен. Кече келинимди алып келгенде, ошол учур көз алдыма тартылды. Кантейин, уулума канча айтсам көнбөдү. Убалына калба, дегениме карабады. Эми Жанарага боорум ооруп турат. Мына келгенине бир ай болду, дурустап тамак жебейт бечара. Мени менен да ачылып сүйлөшө албайт. Кече күнү "Апа" - десе ыйлап ийе жаздадым. Куду менин жаштыгым садагаң кетейин. Тартиптүү экен, иш кылганын байкадыңбы, таза тыкан...

- Ооба эже, жакшы келиниңиз бар. Баса, мен да сиз менен сүйлөшөйүн дегем. Минтип келиндүү болдуңуз, балким мени жумуштан кет дей албай ыңгайсызданып тургандырсыз. Келиниңиз үй жумуштарына жетишсе менин эмне керегим бар деймда.

- Бул эмне дегениң Жийде? Сенин бул үйдө ордуң чоң, андай оюм жок. Анан калса, ушул чыбыктай келиниме, килейген үйдүн түйшүгүн мойнуна артамбы? Ко-ой андай дебе, сен мени таштап кеткиң бар окшойт? Маянасы көп жумуш таптыңбы?

- Ой эже, кайдагыны айтасыз.Ушул жумушумду сүйөм, үйүмө жакын, балдарымдын курсагы ток. Болгону, мени Кадыр жаңы алып келгенде: "Келин алып келгенче, ушуну келин кыла туруңуз," деп айтканын эстеп эле айтканым.

- Андай дей көрбө Жийде. Жанарага келээр замат оордук келтиргим келбейт, көнсүн бечара. Ансыз да аракет кылымыш этип жатат. Анын үстүнө тойдон кийин шаарга кетишет, окуусуна барат, улантсын. Аябай жакшы окуган кыз тура. Кудагыйым таарынат мага, окуусун эч качан таштабасын деп буркурап ыйлап кеткен.

- Сен баягыдай эле жумушуңду кынтыксыз аткара бер, а Жанарага үйрөтүп, көрсөтүп турасың, оордук келтирбейли, өзү араң жүрөт бечара... Сен мен өлгөндө кетишиң мүмкүн бул үйдөн.

- Майрам эже, ал эмне дегениңиз, жаман ойдон алыс болуңуз.

Майрам күлүп, көзүнүн жашын аарчыды.

-Рахмат, Майрам эже сиге... Колунан бекем кыса өөп койду.

Кадыр бүгүн башкача калыбында, үстүнкү кабаттан жүгүрүп түшүп, жүзү жаркылдайт.

- Кана уулум олтурчу, садагаң кетейин. Сенин мындай кабагыңды мен экинчи ирет көрүп жатам. Эң биринчи сага велосипед алып бергенде көргөм, билесиңби бешинчи классыңда. Анан азыр аял алып берген соң көрүп олтурам.

- Ооба, апаке бактылуумун, сиз мени экинчи ирет бактылуу кылдыңыз.

Каткырып күлүп калышты...

- Канакей келиним? Тамактансын Кадыр айтсаң боло, илмейип эч нерсе жебейт экен.

- А, азыр түшөт, кийимдерди иреттеп бүтөйүн дейт.

– Апа, бүгүн силерге жасай турган белегим, өз колум менен тамак даярдайм.

- Оо, андале бутумду асып олтурат турбаймынбы э?

- Ооба Жийде, бүгүн бутуңду асып олтуруп ал. Мен жасаган тамакты жегенде али бетиң чымырап уяласың...

- Ошондой де? Анда үйрөнөт окшойм сенден... Майрам менен Жийде Кадырды какшыктай күлүп олтурушту. Кадыр куду ашпозчудай кийинип, анда баштадым деп, ар сөздү сүйлөп күлдүрүп жатты. Бул үй бакытка бөлөнгөнү менен, арасында бактысыз бирөө бар.

Жанара төшөктө дагы деле жатат.

Мурат, мен үчүн эң биринчи эркек сен болушуңду тилегем, бирок жаным андай болбоду. Башкага этегимди ачтырып, бүгүн аял болдум. Мени кечир Мурат, сенин ишеничиңди актабадым. Айдай эже сага барган болсо менин турмушка чыкканымды айтып баргандыр. Ыйлап мага таарынып

тургандырсың? Менин эч кимге алым жетпеди Мурат, мени кечирип кой. Жаздыгын көлдөтүп Жанара ыйлап жата берди.

***

2010- жыл Ош шаары, күчөтүлгөн абак.

Мен Касенов Мурат Касенович. Жокчулукту жон терим менен сезип, анын азабын мойнум менен тартып көргөм. Балалыгым эң бактысыз күндөрүм, анткени жетим калдым. Кыйынчылыкка көнүп калгам, жаш кезимден ак-караны ылгап, жакшы жаманды карегим менен даана көрдүм. Бул жашоодо ордумду жоготтум. Өмүрүмдө кичинекей үмүтүм ашыккан адамым болчу. Эң кымбат адамыма жете албай, душманыма алдырып жибердим. Эми кайсы кургур үмүтүм мени алдыга жетелемек. Кайран кырчын жаштыгым абакта өтүп жатат, же эненин мээримине тойбосом, же мыкты эркектен аталык тарбия албасам, колумдан жетелеп балалык бактылуу күндөрүмдү апам менен өткөрбөсөм, дагы тагдыр тишин кайрып өйдөлөтпөдү. Бөбөк кезден оюнчукка тоюп ойнободум, бирде бар, бирде жок, тынчтыксыз илен- салаң турмушта бышып чоңойдум.

Ошондо жолуктурган Жанарам, башканын койнунда башын жөлөй аргасыз тушалды. Деги бул жашоодо менин ордум бар беле? Бул суроого жоопту кимден алсам? Эми бошонуп чыккандын пайдасы эмнеде?

Жанарам менин, тирүүлөй өлтүрүп кеттиң мени. Сен менен дем алып жашачумун. Азыр аба жетпей буулугуп турам. Периштем менин, эми сен үчүн никелешкен аялга чоочун эркек болом. Тирүү жанымды кыйып сала албай бук болуп олтурам. Себеби сени дагы бир көрсөм дейм! Бир эле жолу көрүп алайын, алыстарга кетем, сени такыр көрбөс жакка кетем. Ушул темир тордо сенин элесиңди бир көрүү үчүн чыдап мөөнөтүмдү өтөп чыгайын. Жашоонун мага кереги жок эми жаным. Баары бир түбөлүк уктоочу жайыма, токтоосуз кетем. Мен өлүмдөн коркпоймун, сени жоготуп алуудан коркчумун.

Бир күнү уйкудан ойгонсом, сени издеп таппай каламбы деп коркчумун. Кудурети күчтүү кудайым, ушул жерден аман- эсен чыгып Жанарамды бир көргөнгө уруксаат бер, ошол күнгө жеткир. Андан соң мени сөлдүрөтүп бул ааламга калтырба. Жашоодон үмүттөнүп нан чайнап жеп, суу ичип, өлбөстүн аракетин согуп бир нерседен умтулуп жашай албаймын.Чыныгы жашооңо алып кет, сенден суранам!

Эки ай дегенде мурдагы калыбына келип сакайган Мурат, керебетке буттарынын учун илип алып, кара терге түшүп эки муштумун жерге коюп күчтөнүп жатты.. Көзүнөн жашы таштай полго таамп, маңдайынан тамырлары чыга тиштенип алган. Ичинен ушул сөздөрдү күбүрөнөт.

Жети атасы бирөөгө өйдө карап сүйлөбөгөн теги жакшы адамдардан. Аттиң гүлдөй жигит жетим калып, ошол жакшы адамдар өлүп кетпедиби. Керебетке олтура калып, кайра тура калып, муштуму менен дубалды бир уруп, жука бетиндеги кабатын күүп жиберди. Ушуну көрмөксүң Мурат! Кайра-кайра дубалды ургулады.

"Брат, что случилось?!" -деди жанында жаткан шериги аң-таң... Мурат, тиштенип дубалга жөлөнө олтура калып ыйлап кирди.

Айдай акыркы ирет келгенде аргасыз Жанаранын турмушка чыкканын айткан. Өзү да үйгө келип шолоктоп ыйлайт бечара. Насипа ага кошулуп ыйлап алды. Мырза байкуш чебелектеп сооротууга шашат. Жумушта олтуруп Айдай Мырзага да баарын төкпөй- чачпай айтып берген болчу.

Айдай Анаркулдун жылдыгын өткөрүп, бир милдеттен кутулду. “Кийинки жылы күздө баш кошолу,” - деп Мырза жакында эле макулдугун алган.

Эки айдан соң чоң той бердик. Жомоктогудай көйнөк кийип, өзүмдүн жылдыздуу экенимди байкап алдым. Кадыр ансайын мени так көтөрүп айлантып: “Мына менин келинчегим, көрдүңөрбү?” - деп келген конокторго бетимдин кызылын чыгарып уялтып жатты.

Ата- энем Кадырга ыраазы. Айрыкча атам менен жакшы тил табышып, үйгө барсак тынбай атам экөө бир жумуштарды кылып, элпек кыялына сала үйүбүздү дагы чоң оңдоп түзөөгө салып, койду. Апам уста багып жаткан чагы. Иниме велосипед алып берип, сиңдимдин да кыялын орундатты. Бат- бат апамдардан кабар алып, кем- карчыңыз болсо дароо айтыңыз, - деп Кадыр чын жүрөктөн мамиле жасап турат.  Баягы алыстагы достору да келди. Бизге суктанып, тоодой бакыт тилешти.

Кадырдын мага берген калыңы аша чаап кетти десем болот. “Кыздын атасына кыл куйрук мингизмекпиз. Тилекке каршы мал -жан күтпөйбүз, биз темир тулпар миндирели деп чечтик,” - деп атама машинанын күлүчүн ыйгарды. Мага эмнегедир жага бербеди.  Менин көңүлүмдү алайын дейби билбейм, айтор Кадыр менден эч нерсе аяган жок.  Ансайын апам бечаранын көзү алаңдап, ушундай жооп кайтара алабызбы анан деп коркот. Кайын журтум: “Сиздерден эч нерсе кереги жок, балдар үчүн баарын жасап койгонбуз,” - деп апамдын өз колу менен мага арнап тиккен жууркан төшөнчөлөрүнөн башка эч нерсе албай коюшту.

Айыл эли дуу- дуу болуп сөз кылып жатышты. Алар мени эң бактылуу келин болду деп суктанышканын да уктум. Мен дагы чоң суммадагы акчаларды көтөрө баштадым. Айлык маянасын дароо мага алып келип берет. Бирок кайын энем абдан жакшы адам болгондуктан келген күндөн ал кишини жакшы көрөм. Жүрөгүм чыдабай акчанын баарын кайын энеме алып барып, сиз сактаңыз, үйдүн ээси сиз дедим. Анткени апам чоң энеме ушундай мамиле жасачу. Жетине албай сүйүнгөн кайын энем, маңдайыман сүйүп ыйлап да алды. Демек туура иш кылыптырмын деп ойлоп жүрөм. Бардык нерсени апам айткандай жасайм, ага бардыгы ыраазы болушат.

Мени бул үйдө жакшы адамдар гана кармап турушат. Эгер кыпындай эле терс мамиле болсо, бул кебетемде бир мүнөт бул жерде турбас элем. Тилекке каршы баарынын мамилеси жакшы.

Кайын атам момун киши аны таза абага сүйрөп сейилдетип, тамак жегизип, китеп окуп бермей адат таптым. Жаңы костюм кийгизип, кийимин бат - бат которуп карадым. Бутун жууп, тырмагын алып берем. Ар дайым ыйлап жай сүйлөп, батасын берип калат. Муну байкаган Кадыр:

“Алтыным, ушундай жакшы кыз экениңди билип, артыңдан ээрчип жүрүп алдым да,” -деп ансайын мени мактап көңүлүмдү көтөргүсү келет.

Кадыр мени чын жүрөктөн сүйгөнүнө ишендим, кээде аны карап олтуруп боорум ооруйт.

Экөөбүз өбүшсөк да, махабаттын кумарына батсак да, көзүмдү жуумп, аны Мурат деп элестетем. Бул менин эң чоң жасап келе жаткан күнөөм, аны билем...

Жаным Мурат, -деп айтып алган күндөрүм далай болду. Тостоюп карап унчукпайт. Бара- бара унутат дейби, ал сөзүмдү угуп таарынбайт деле, “Мен Кадырмын жаным,” - деп коёт.

Ошентип шаарга кеттик, барып окуумду уланттым. Кадыр жумушун шаарга которуп алды. Биздин андан сырткары кийим саткан да дүкөнүбүз бар, алардын баарын көзөмөлдөгөн кайын энем. Шаарга кетээрде кайнатам Кадырга карап: “Жанараны капа кылсаң, сенден кечем уулум, кызымдын бир тамчы көзүнөн жаш чыкпасын, акмактык кылып жүрбө” - деди. Бизди арадан узатышты. Мен да аларга аябай көнүп калыптырмын. Шаарга келип аларды сагындым.

Кадыр эч өзгөргөн жок, баягы калыбынан жазбады. Жумуштан эрте келип кээде даамдуу тамак жасап коёт. Экөөбүз чогу олтуруп тамактанганда жакшысын мага сунуп, колу менен жегизип калат.

Кандай гана өжөр, кыялы терс адаммын, ушундай жылуу мамиледен соң да, эч качан Муратты унутпадым. Бассам- турсам оюмда. Баягы үйдөгү тарткан сүрөтүмдү шаарга алып келип илип алгам. Башка эркек болгондо тытып коёр беле сүрөттү. “Менин жаным таланттуу, сүрөттөрүң керемет карачы,” - деп анда Мурат турганын да эсине албаганга аракет жасайт. Мен ушуга таң калдым. Айтор, Кадыр мени көнүп, мени сүйүп калсын деп аракет жасап жүрдү.

***

Арадан эки жыл өттү...

Башында сыр бербей жүргөн Кадыр, бара- бара менин кош бойлуу болбой жатканыма тынчсызданды. Мен да кээде ыйлап алам. Батыраак төрөп алсам, балама алаксып баарын унутам деп ойлогом, негедир боюма бүтпөй жатты.

- Сен бактылуусуңбу Айдай?

- Албетте, акыры жылмаяр, кубанар күнүм болот экен ээ?

- Албетте жаным, мындан ары такыр ыйлабайсың, сөз берем.

Мырза менен Айдай баш кошту, алардын бакытына айыл эли кубанды. Оозуна алы жетпегендер: “Дароо эрге тийип алды, араң эле жүргөн экен” - деп ушактаганга да үлгүрүштү. “Мураттан азырынча жашыра туралы убак сааты келгенде айтаарбыз” - деп жүрүшөт.

Мына карабайсыңарбы, дээрлик адам баласы бул кыска өмүргө бакыттын суусун ичкени келе бербейт. Көпчүлүгү анын азабын тартуу менен тирүүлүктүн ырахатына балкыбай, жашоону азап тура, каргыш урсун дегендери арбын...

Мен бул окуяда баарынан чет туруп, өзүмчө ийинимди кыстым, каалаган нерсеге жетчүлөр бактылуулар, эң алдыда ошолор бассын дедим. Кайсы бирине жан тартарымды билбей башым катты…

- Алло? Апа, келе жатасызбы?

- Ооба кызым, мына келип калдык. Кадыр жаныңдабы?

- Ал сыртка дүкөнгө чыгып кетти, азыр келип калат, дароо тосуп чыгабыз. Мен дасторконду жасап айылдан кайын энемди күтүп алууга даярданып жатам.

- Келдиңби Кадыр? Апам жакындап калдым дейт, жүрү батыраак тосуп алалы.

- Мына жаным, алма, өрүк, банан, жүзүм. Ушул эле болчу э?

- Ооба, ушулар болчу, азыр мен кийине салайын. Кадыр артымдан бөлмөгө кирип, мага ээ жай бербей кучактап өөп кирди...

-Кел Кадыр токтотолу, апам күтүп калат.

- Жанара, экөөбүз эки жыл жашап койдук, бирок сен дале баягы калыбыңдан жазбайсың. Мени бир жолу жаным деп койчу.

Ал акыркы күндөрү менден сүйүүмдү талап кыла баштады. Канча аракет кылсам да, аны сүйөм деп айта албай койдум. Ошондо да айтуудан баш тартып, кайын энеме шылтоолоп шашып чыгып кеттик. Жолдо баратып, өзүнчө тынчсыздануу кабагында бар экени билинип турду, машинаны катуу айдап, мага капа болгону айдан ачык маалым болду.

- Кадыр…

- Ымм...

- Мен сени жакшы көрөм, -дедим акырын. Мени карабай туруп жылмайып алды.

- Сенден бул сөздү канча күттүм Жанара, рахмат алтыным, а мен сени сүйөм, ушуну унутпа жарайбы?

- Жарайт… Жалгандан жылмайып койдум. Ичимде ит өлүп баратканын ким билсин...

- Көп ойлонуп башым катты, же төшөктөгү мамилем жакпай турабы деп, айласыздан башыма түркүн ойлор келди. Андай эмеспи Жанара?

- Жо-ок, кайдагы ойдо жок нерсени айтасың. Аны алдап коюну чечип ушундай дедим. Антпесем ойлонуп капа болчудай.

Кайын энемди тосуп алып, аны - муну айылдан кеп салып олтуруп, ошол күнү, чарчап уктап калдык. Анын айылдан келген себеби, биз ооруканага анализ тапшырганбыз. Боюмда бүтпөй жаткандыгынын себебин билсекпи деп. Анализдер Москва шаарынан аныкталмак, эртеси анын жообун укканы ооруканага бардык. Догдур бизди эшикте күтө туруубузду суранып, өзү кайын энемди ээрчитип кирип кетти. Көп убакыттан соң маанайы суз чыгып, кеттик үйгө деди апам.

- Эмне дейт догдур? Апа,- деп далай ирет сурасам, такыр жооп бербеди. Акыры үйгө жетип келген соң, Кадыр да чыдабай сурап кирди. Бизди маңдайына олтургузуп, өзү көпкө унчукпай олтурду да, анан мындай деди:

-Уулум, айып сенде экен, догдур баарын айтып көрсөтүп түшүндүрүп берди. Мына кагазда жазылган, окуп түшүнүп аласың, сен дароо дарыланбасаң болбойт уулум. Жашында дарыланып калбаса, кийин кеч болот дейт.

Кадырдын өңү бозоро түштү. Жанараны бир карап, өзүнчө демин ичине жутуп ордунан тура калып, жуунчу бөлмөгө кирип кетти. Жанара кагаздагы жазууларды окуп, көзүнө ишене албай турду.

Шаркырап аккан шаркыратма суусу, кулап ылдый түшүп, дыбырап алыстан жүзүңө конот. Кылымдар багытын бузбай, алга, улам алга теминүүдө. Желип өткөн жеринен миң түркүн тамырлар жанданат, жер бетиндеги жашыл жандуу чөптөргө дем, күч берет. Жандуу жансызга бир тегиз өмүр берет, көкүлүнө көрк тагат. Ушул сууга колумду салсам эле, жүзүмдү чайысам эле, бир гана ууртtasам эле, көкүрөктөгү түйүлгөн неме заматта жок боло калчудай, көңүлдүн кири жуулуп, энеден кайра төрөлгөндөй ар күнөөдөн арылып, наристедей тазарып, бүтүн дүйнөгө болгон көз карашым, жан-дүйнөм агарып калчудай сезилем.

Таң кылтайып күн желесин жайганда касиеттүү Сары- Челекке барып Тоскол- Ата көлүнүн жээгинде, бутумду кашкайган сууга салып, тирүү балыктардын ары-бери сүзгөнүн, туптунук суудан таштардын даана көрүнгөнүн байкап ырахат алып олтурам. Машинада катуу уктап жаткан Кадыр, бул коздуктан куру калды. Анын маанайы көптөн бери анчейин жаркылдабайт, анан калса күлбөй суз жүрчү болду. Бирок мен дегенде ичкен ашын жерге коё салып, баягы жаңы

үйлөнгөнүбүздөй ашыгып сүйүп турат. Суроого жооп берээрде өзүнчө тээ бир алыска ой жүгүртүп, андан соң үшкүрүнүп, жооп кайтарат.

Кантейин, алсыз болуп турам, анын кайгысын жумшартып, аз да болсо унутууга мында келгенбиз. Мен үчүн Кадырдын акыбалы абдан оор болуп турду.

Мында бадал, дүпкүр көп.Чычкандын мурду кирбес, жынс бадал, түркүн гүлдөр, көк тиреген карагайлар. Табигаттын кооздугуна магдырап, анчале өзүмдү бактылуу сезип, жүрөгүмдөгү күчтүү сезимдерди бир аз унуткандаймын.

Кадыр баягы догдурдун койгон чекитинен улам, өзүн таштап жиберди. Анын аталык уругу анча жансыз, кыймылы жай, дээрлик бөлүгү өлүк экени аныкталып, бул тукум куучулук оору же, бир мезгилде катуу сууктан запкы жеген дешти. Анын сол бөйрөгү кээде иштөө нугунан чыгып, заара ушатууда да кыйналат. Ошого ар жылы күчтүү укол, дары- дармектерди колдонгонго балким ошонун да кесепети деп айтышты.

Күндөн- күнгө акыбалы оорлошкондой, көрүп катуу боорум ооруп, акыркы күндөрү аны эркелетчү болдум. Апапак жүзүнө жылмаю келип, мени ашыгып катуу кыса өөп алат.

Шаарда кайын энемди узаткан соң, кийинки күнү түндө, Кадыр абдан кеч келди. Термелип мас, машинаны кантип айдап келген билбейм, абдан коркуп кеттим. Босогого боюн таштап, буркурап ыйлап кирди. Арaңдан сүйрөп жайына жаткызып, мен да көзүмө жаш алып араң турдум.

Көмкөрөсүнөн жаткан калыбында: “Жанара! Жанара дейм!” - деп катуу мени чакыра баштады, өзүмчө коркуп турдум. “Келчи жаныма, кичинекейим. Мен сенин убалыңа калдым ээ? Ошондой да! Анан кандай болсун?! Сени боздотуп ыйлатып, сүйгөнүңдөн ажыраттым! Мына эми! -Мына Жанара!”

Ордунан туруп керебетке олтура калып, эки колун эки жакка жайып, кыйкырып сүйлөп жатты. Босогодо бүткөн боюм калтырап, улам андан сестенип турам.

Каткырып күлүп, эки алаканы менен бетип жаап алып ый, күлкү аралаш дабышын бийик чыгарып, мени андан бетер коркутту.

“Ооба десең, Мураттын да кудайы бар да! Туурабы жаным?! Жанара, эмне унчукпайсың?! -Ооба, Мураттын кудайы бар, кудайы бар анын, анын сүйүүсүн тепседим. Ойлогом, таман астымда калат деп, бирок төбөмө чыгып кетти!”

Кадыр ушул сөздөрдү айтып кайра эле каткырып күлө берди. Мен босогодо, эки тиземди көзүмө басып ыйлап олтурам.

Бир далайга чейин, "Сенин убалыңа калдым Жанара! Сенин убалыңа калдым," - деп сүйлөнүп жатып уктады. Ошол барабар мен ага жакшылап көңүл буруууну чечтим, мага кылган жакшылыктарын эстеп, ыйлап алдым. Чачынан сылап, кийимдерин чечип, коюнуна кирип бекем кучактап, бети башынан өпкүлөп кучактап жаттым.

Таң эрте ысык тамак берип, экөөбүз жумушуна барып жайкы өргүүгө арыз жазып, менин каникулум башталып калган, дароо Сары-Челекке келе бердик.

Бир мезгилде эки адамды сүйүүгө жетиштим. Муратым менин тунук кол жеткис махабатым болсо, Кадыр жан дүйнөмдүн ээси, аны таштап кетүүгө, жамандыкка кыюуга батына албайм, боорум ооруйт. Ал өтө эле жакшы адам. Аны сүйбөй коюу мүмкүн эмес, кээде жөн гана боорум ооруйт го э? -деп өзүмө суроо берем.

- Жанара, мен Москвага барып дарыланып келсем, баары өз нугуна түшөт деп ойлойсуңбу?

- Албетте жаным, андан эч күмөн санаба.

- Жаным деген тилиңден сенин, ушинтип айтсаң эле оорумду унутам.

- Кадыр, сен мени кечирчи, эч качан жаныңдан чыкпай, сени менен кайгыда да, кубанычта да бирге болом.

- Чын элеби?

- Ооба...

Мен бул сөздөрдү анын көзүнө карап айтып жатканым менен, эмнегедир жалган эле аны сооротуп жаткандай сезим келди.

- Буйруса сен мага кыз төрөп бересиң, ал сага окшоп сулуу болот. Андан соң уул төрөйсүң, аны мен мыкты тарбиялайм, анан аларды алып дагы мында келебиз э?

- Ооба, Кадыр ушул тилектериң оорундалып калса экен, мен да батыраак эне болууну каалап турам.

- Жаным сен төрөп жатканда жаныңда болом, кичинекейим, төрөй алар бекенсиң?

- Бул эмне дегениң Кадыр? Төрөштү мага коё бер, жаным, төрөбөй анан. Чыйырды энебиз деле килейген Манас атабызды төрөбөдүбү.

- Ырас эле, анан кантип менин кичинекей Жанарам төрөй албасын. Сен көп сүйлөбөй жасаганды бил десең жаным.

Экөөбүз жашыл чөпкө каткыра боорубуз эзилгиче жатып күлүп алдык.

- Ушундай бактылуу күндөрдө көзүмдү жалдыратып, жараткандан сурансам, кантип четке каксын э? Кел жаным... Экөөбүз асманды

карап жатып, алакандарыбызды бекем манжаларыбыз менен мыжыга кармап тилегибизди айттык...

"Оо жараткан, бизге ымыркай бер, аталык милдетимден куру койбо, балалуу болуп, сен берген беш күндүк өмүрдө, анын каткырыгына мас болуп, ага кам көрүп, башкалардыкына окшош эле бакытка бөлөнүп өтсөм арманым жок. Суранам, ата болуу милдетимден айрыба. Мээримиңди аяба, сенден суранам, оомийин!"

Ошол күнү, кыргыз үйлөрдүн биринен жатакана алып, экөөбүз шишкебек бышырып, андагы эс алып жаткан мектепти аяктап кетип жатышкан окуучулардын оюндарын көрүп, музыкасына кошулуп бийлеп, башкача көңүл ачтык.

Кадыр Бишкектин мыкты дарыгерлеринин көзөмөлүндө болду, эң алгач анын аталык безин калыбына келтирип дарылоо эле. Багы жокко, дагы жок болуп, анын сол бөйрөгү иштөө жолунан чыгып жатты.

Бир жылга чукул дарыланган соң, жумушунан таптакыр бошоп, жакшы ооруканалардын биринде жатты. Анализдерин тапшырып, Москва шаарына операцияга даярдандык.

***

2013- жыл кеч күз...

Окуума тийип- качып олтуруп, акчанын күчү менен уланып жатты. Мындай оор күндө Кадырдын жанында болуум керек эле. Ооруканада такай аны менен болдум. Бир аз дүкөнгө чыгып кетсем да, "Жанара, келе жатасыңбы?" - деп, көзүн алаңдатып, мени издейт. Ооруканадан чыгып айылга келдик, апам кудай өткөзүп, элдин батасы менен Москвага узаталы деди. Кайын атамдын инисинин баласы аны менен чогу кетмей болду.

Жийде эже экөөбүз эшиктин алдындагы жалбырактарды шыпырып тазалап, баарын иреттеп, элдин келишине кам көрдүк. Кыш жаңы баш бага баштаган маал эле, Кадырды Ош шаарынын аэропортунан узаттык. Эч кимди көзүбүзгө илбей кучакташып өбүшүп коштоштук. Кадырдын өңү кумсарып: "Сага чалып турам э, окууңда жүргөндө этият бол, буйруса мен келген соң баары өзгөрөт, жакшы болот," - деп мени көкүрөгүнө кысып ыйлап алды. Токтоно албай мен да ыйлап, аны кайра- кайра кучактап алдым. Кайын энем жашын токтото албай ары басып кетти. Мага караганда, ал кишиге абдан оор болуп турганын сездим.

Ошентип, Кадыр Москвага жетер замат, ооруканага жаттым деп мага конгуроо кылды. Түнү менен сүйлөшүп, экөөбүз бат эле сагынышып кеткенибизди жашырбадык.

- Мен айткандай болбосо, баягы акчадан куру калдым дей бер, эгер ушул иштин өтөсүнө чыксаң, сен бир өмүр кем болбой жашайсың, мени билесиң сөзүмө турам. Шах, телефондо бирөө менен берилип сүйлөшүп жатты. Ага бир кеп айтсамбы деп турган жанындагы жигит, сөзүн бузуп албайын деп бир аз корккондой алысыраакта күтүп турат.

- Мамат! Келдиңби? Артында турган адамды сезип койгон Шах, күтүп турган жигитти чакырды.

- Сүйлө!

- Шеф, Муратка бардым, сиз айткандын баарын айттым, ал баягыдан өзгөрүп кетиптир, көрүнүшү жакшы. Чамасы ал жерде авторитет болуп алган өңдүү, токтоо сүйлөп, абдан качок болуп кетиптир.

- Бала, бышып калды да. Эмне деди анан?

- Албетте макулмун деди, сизге ыраазы экенин айтты.

- Жакшы, анда ишке өтөлү, убагы келди.

Шах көпкө ойлонуп акыры Муратты абактан акчанын күчү менен ордуна башка бирөөнү олтургузуу жолун издеп тапты. Мунун артында көп суммадагы акча жатат, анан калса абдан кооптуу иш эле. Мурат, көп күн ойлонуп, атүгүл коркуп, Шахтын жигиттери айтып кеткен күндөн тартып, өзүнчө тунжурай түштү. Кайра, "Эмне болсо болот да, он бир жыл олтургандын ордуна, кооптуу болсо да ушундай кылганым оңдур," - деп өзүн даярдап жүрдү.

Бирок баары Мурат ойлогондой деле коркунучтуу болгон жок. Шах ордуна бирөөнү алып кирип, Муратты бошотуунун аракетин жасады.

Кара териден жасалган жалтыраган олтургучта көз айнекчен арык кишинин маңдайына, колуна кишен салып Муратты жетелеп келишти.

- Олтур! Өзүң тууралуу айт!

- Касенов Мурат Касенович, 97- берене, 1990-жыл 5-апрель.

- Кийгизгиле. Жанында турган эки жаш милиция Муратка куртка шым, ичинен көйнөк кийгизип башына кара кепка кийгизишти. Кийген кийимдери бир аз тар келип турду. Тиги баштыкты асын...

- Эми мени ук, сен бошсуң, бирок Шахтын жигиттери сага сыртка чыкканда түшүндүрүшөт, ошолордун айтканын жасайсың, андан соң эркинсиң. Мында кайра кайтып келчү болбо. Төрт жылдын ичинде, көп нерсени көрүп, түшүнгөндүрсүң. Дагы пешенең бар экен. Сени бул

жигиттер чыгарышат... Мураттын көзүнө жаш келип, тамагы буулду. Колунда кишенди чечер замат:

- Сизге рахмат аке, -деп колун сунду. Бир аз карап турду да, арык киши колунан кыса кармап:

- Бар экинчи кайтып келбе, - деди. Мураттын түшү болуп жаткандай, жүзүнөн кубаныч орун алып, тиги эки жигитти ээрчип кетип бара жатты.

Күндөн күнгө кайын энемдин акыбалы оорлошуп баратты. Ыйлап, тамактанбайт. Кадыр Москвада төрт айдай болоорун айтып, андан бетер маанайын чөгөрдү. Сол бөйрөгүн алмаштыруу заарыл экен. Себеби оң бөйрөкө күч келип, көп узабай ал да жарактан чыгуусу мүмкүн дешиптир. Ансыз да эки бөйрөгү тең ооруй турган. Акыры менин да, кайын энемдин дагы чыдамыбыз кетти көрүнөт, билет алып бармай болдук.

"Кулунумду өз көзүм менен көрүп келбесем болбойт," - деп күнү-түнү ыйлай берди.

Кандайсың жаратылыш? Сени менен кенен олтуруп сүйлөшпөй калганыма көп болду. Жер эне, алтын топурагыңдан айлансам аздык кылат. Ар- бир бүдүр таштарыңды сагындым. Боштондук, саламатсыңбы? Сенин кучагыңдан кеткениме төрт жылдын жүзү болду, кайра кучагыңа ал! Табигат, сенсиң менин ишенерим, карегимсиң, тамырда ойногон канымсың, чымын жанымсың! Кээде ушул коздугуңдун, берекеңдин баркын билбей, сага акарат келтирип, убал кылдык, бизди кечир, кечир бизди! Кызыл топурагым, өзүңдөн жаралгам, өзүңө барам, ошондо мени бага көр! Көк асман кандайсың? Кечирип кой! Сени кичинекей жылчыкчадан көрүп жүргөндүгүм үчүн, акыркы кезекте учурашып турам! Бүгүн жаркырайсың, жүзүңө нур чайылып, кереметсиң! Мени кубануу менен тосуп алайын дедиңби? Бак- дарак жылаңач, баригин жерге күүп жер ным татртып турган кез.

Кыялданып кеттиң көрүнөт, жүрү олтур машинага. Шахтын оң колу болгон кочкор тумшук жигити, асманды карап бир далайга катып туруп калган Муратты далысынан таптады. Машинага олтуураар замат, зуулдаган бойдон Ош шаарынын чет жагына карай бет алышты.

Бийик, күрөң түстөгү эки кабат үй, сырткы жасалышы абдан кооз, көгүш дарбазасы, машина жакындаганда өйдө сүрүлүп ачыла баштады. Мурат өзүнчө тынчсызданып: "Мында эмне келе жатабыз?" - деп ичинен уйгу- туйгу болуп турду.

Түш качок, ичкериге кире бер...

Кара көз айнекчен чогу келген үч жигит, сүйлөшүп чылым чегип сыртта тура калышты. Артын жалт- жалт карай Мурат үйгө кирип барды.

- Кел, уулум, эркиндикке кайтышың менен. Чырагы өчүрүлгөн күңгүрт бөлмөдө кальян чылымын чегип олтурган Шах көкүрөгүн каргылдата, жай сүйлөдү.

- Саламатсызбы? Сизди көргөнүмө кубанычтамын Шах, башка көрбөй каламбы деп ойлогом. Мурат кубанганын жашырбай, Шахтын билегин кошо кармап, колун кыса учурашты.

- Олтур уулум, сенин ал жакта калууңдан пайда жок, сага окшогон жигиттин орду мында. Сага жигиттердин айтканы түшүнүктүү болдубу?

- Ооба, анын бары түшүнүктүү болду, бирок, бирок мен буга чейин мушташып көргөн эмесмин . Жада калга алсызмын деп ойлойм.

- Андан кабатыр алба уулум, сени даярдайбыз. Сенин көлөмүң, боюң барына дал келет. Болгону рингте өзүңдү алып жүрүүнү, эң жөнөкөй эрежелерди билсең жетиштүү. Эрежесиз мушташта өзүңдү ишеничтүү алсаң, душманыңа тике карасаң болгону. Угуп кой Мурат, сага сөз бергендей, бир гана ушул жигитти жеңип берсең болду. Андан соң баягыдай жөпжөнөкөй өз жашооңо кайтасың. Сен коркпо, бирөө мышыгыңды пыш деп, кийин тынчыңды албайт. Азыр сага ишим түшүп турат. Сенин бул чөйрөгө аралашып кетүүңдү каалабайм, буга сөз берем.

Мурат дендароо боло түштү, абактан бошоткондугу үчүн Шахка карыз экенин түшүндү. Айла жок, баш тарта албайт. Шах чалкалап жаткан калыбында, Муратты карап, анын ички дүйнөсүндө болуп жаткан тынчсыздануу оюн түшүнүп турду.

- Анчалык кабатырланба, сага эч нерсе болбойт. Андан көрө сүйгөнүңө бар, сагынгандырсың, көңүл ач.Үйүңдөгүлөрдү кубант, аларга күтүүсүз кубаныч тартуула.

- Кайдан Шах, аны эчаак эле жоготуп алгам. Менин камакта жатканымдан пайдаланып, бир “Урод” менчиктеп алды. Мурат көзүндөгү жашын эки алаканы менен сүртүп, ызырынып турду.

- Да-а, жаман акыбалда турбайсыңбы, бекем бол, жигитсиң, ага каршы бир нерсе жасаба, сени экинчи ирет темир тордон куткаруу кыйындыкка туруп калат. Анында өз убагы келет, жооп берет, көрөсүң.  Азыр бул жакшы учурду үй- бүлөң менен чогу бөлүш. Чөгүп, өзүңдү таштаба, жашооңдун кызыгы али алдыда уулум, жашсың. Муну ал, кереги тийет, азыр сени үйүңө жеткиришет.

- Күндө эртең мененки саат тогузда сени машина менен үйүңдөн алып кетип турат. Ошол агайыңдын айтканын бүт орундат. Бир ай жетет, андан соң рингтен жолугабыз.

Шах Муратка акча берди да бекем кучактап узатты. Жигиттер айнеги караңгыланган машанага салып жолдо келе жатышты.

Бу жашоону, азабы, кубанычы көркүнө чыгарат, ооба, ырас эле... Азыр Жанарамды көрүүгө эч кандай мүмкүнчүлүк болбосо дагы, эжемди, инилеримди көрүү кубанычы жүрөгүмдө турат. Эжем бечара жүрөгү жарылып кете жаздап кубанат чыгар. Канчалык сагындым сени айылым, даамдуу булактагы сууңду, көчөдө чууруп баскан малыңды. Маңдай тиреген тоолоруңду, шаркырап аккан сууңду, элиңди сагындым. Бүгүн кайтып өзүңө баратам, Кочкор- Ата шаарым, кучагыңа баратам. Балалыгым сенде калды, барсам сен да кубанат чыгарсың, жетимиңди кучагыңа кыса эркелет.

Улам жакындаган сайын, көз алдына көп нерсени тарткан Мурат, ээн айдоо жерлерине суктана карайт. Мына ушул жерлерде, чегирткенин канаты күйгөн ысыкта, кол кармашып аптапты тоготпой жетелешип чуркап ойногон Жанарамдын карааны көрүнөт. Сары этек көйнөгү, алдыма түшүп чуркаса шамалга көтөрүлө, сулуулугу ашып-ташып, чачтары шамалга учат.

Мурат толкунданып турду, айылдын кире бериш жеринде кыналыша турган кыз жигитти көрүп: “Бой жетип карындаштарым чоңойгон тура” - деп жылмайып алды. Күүгүм дегенде жетип келишти. Дарбазага жакындай токтоп, жигиттерге ыраазычылыгын айтып, кол алышты.

- Мурат, машыгуу залынан жолугуп турабыз.

- Болуптур эмесе. Жарайт, жигиттер, рахмат...Машина жүрүп кеткен соң, дарбазадан кирбей туруп, булакты көздөй басты. Тойо ичип, жүзүн жууп, баягы өткөн учурду көз алдына тартып ташка олтура, тамагы буула көзү жашылданып турду.

- Мурат? Бул сенби?!

- Ассалому алейкум, Казыбай аке.

- Валейкум ассалом! Э, бар бол! Мурат! Куду армиядан уулун тосуп алгандай, Казыбай дабышын көтөрө сүйлөп... Кагылайын уулум! Бар экенсиң го! Кучактап ыйлап алган кошуна киши, чын дилден Муратты көрүп кубанды. Мурат көзүнө жаш алып өзүн кармай албай турду көрүнөт, сиздерди сагындым, деди кучактап турган калыбында.

- Азаматсың! Биротолобу? Боштондукпу уулум?

- Боштондук Казыбай аке...

-Ай! Мен ушуну сезип жүрчүмүн, билчүмүн. Мына айыл тынч, бары жайында, көрдүңбү?

- Ушундай эле болсун, Казыбай аке...

- Качан келдиң?

- Он мүнөт болду.

-Али үйгө кире элексиңби?

- Булактан суу ичип алайын дедим, катуу сагынып кетиптирмин.

- Ай баракелде! Жүр, жүр уулум, эжеңди кубанталы. Бечара куурап калмай болду сени ойлоп. Жүр! Дарбазаны шарак эте ачып: Айдай! Карындашым! Чык мында! Мурат келди! Орто жаштан эчаак өтүп калган Казыбай, айылдын момун, кой оозунан чөп албаган, боорукер жакшы кишиси. Жаш балача, апасын күтүп алгандай Мурат үчүн кубанып турду.

Бул дабышты үйдүн ичинде угуп турган Айдай сыртка чуркап чыкты.Үйдүн аркы капталында отун жарып жаткан Мырза да чуркап келди.

- Мурат! Кагылайын иним! Бул сенсиңби? Чын эле сенби? Муратты бекем кучактап буркурап ыйлап кирди.

- Оо жараткан, тилегимди кабыл алдыңбы? Рахмат сага! Муратым менин, Казыбай аке, чын эле инимди көрүп турамбы? Мурат! Алтыным!

Жылмайып Айдай эжесин белинен кучактай көз жашын агызып турган Мурат, алысыраакта турган чоочун кишини карап таң калды. Эжесинин эки колунан кармай, кайра - кайра өөп:

- Болду ыйлабаңыз, мына мен келдим, баары артта калды, эже. Эми жаныңыздан чыкпайм, ишениң алтыным эжем...

- Адамды жашыттыңар алтындарым. Мен барайын, кошунага иштерим менен бараттым эле, -деп Казыбай жөнөп калды.

- Кой үйгө кириңиз, Мураттын келишине чогу тамактанып сүйлөшүп олтуралы.

- Болуптур карындашым, сагынычыңар тарасын, эртең келем, мен кеттим. Казыбай таңга калтырбай коңшуларга сүйүнчүлөдү, баары кубанды.

- Кандайсың Мурат? Бизди абдан кубанттың, сени аман- эсен көрүп турганыбызга сүйүнүп турабыз. Мырза басып келип колун сунду. Мурат акырын колун кармай:

- Рахмат, сиз ким болосуз?

- Жүрү үйгө кирели, андан соң сүйлөшөбүз. Эмнегедир Мурат эжесинин турмушка чыкканына кубанбады, дасторкондо кабагын салып, сөз сүйлөбөй олтурду.

Ичинен: "Бул ким? Качан эжемди алганга жетишти. Мунусу да бир мыкаачы болсо, андале эжемдин шору. Эмнеге мага айткан эмес?" - деп кыбүрөнүп олтурду. Айдай ансайын ыңгайсызданып, аябай инисинен уялып турду. Мырза мунун баарын туюп турса да, "Бара-бара түшүнөт, жаш жигит, азыр мунун ордунда мен болсом да ушуну кылмакмын, эжесин кызганып турат, түшүнөм," - деп жактырбаган көз карашына маани бербегенге аракет жасап жатты.

Биринчи суу кар жаап, анчале айыл балчык боло түштү. Жанара узак жолго камынып, кийим кечесин дайындап, окуусунан уруксат алып, кайын энесинин жанынан чыкпай ага бел болуп, кайгысын бөлүшүп жатты. Билет алып, экөө аэропортко барып Москвага жөнөп кетишти. Мурат жаңы гана бошонуп келгенде Жанара Москвага жол алды.

Бизди аэропорттон тосуп алган кайын атамдын инисинин баласы Урмат, дароо ооруканага алып барды. Кадыр абдан өңдөн азгандай, катуу уйкуда жатыптыр. Мен жанына жай алып, аны менен бирге калдым. Апамдар эки бөлмөлүү батирде бир айга келишим менен акчасын төлөп жашап жатышты. Оор операцыяга киргенде жанында болуубуз керек эле.

Күндөн- күнгө акыбалы оорлошкон Кадыр, мага билгизбегенге аракет жасайт. Акыркы күндөрү денеси, бүткөн бою кычышып тынчын алмай болду. Адам баласына ден- соолук болбосо өтө кыйын экенине көзүм жетип түшүнүп турдум, Кадырды ичтен сызып жаткан акыбалын көргөндө заманам курулат. Анын бир бөйрөгү таптакыр иштен чыккан соң, экинчисинин да иштеши начарлап баратты.

- Алтыным, сени бир өмүр бакытка бөлөсөм деп тилечүмүн. Тилекке каршы андай болбочу түрү бар. Кадыр курганган эриндерин улам жармаштырып чалкалап жаткан калыбында, Жанарага карап сүйлөп жатты.

- Сенин келечегиңе балта чаап алгандай, акыркы күндөрү өзүмдү акмак сезип турам.

- Неге мындай кептерди айтып олтурасың Кадыр, жаным менин, кайдагыны сүйлөбө. Көрөсүң, баары жакшы болот. Сен мындан сакайып, жаңы бөйрөктүү болуп, кайра мурдагы сонун күндөргө барабыз. Сен экөөбүздүн тилекти унуттуңбу? А, Кадыр, бат эле унутуп коёсуңбу? Мен сага уул төрөп берем. Эсиңдеби? Ушунун баары оорундалат, кудайым буйруса...

- Кичинекейим десе, сен эч нерсе билбейсиң Жанара.

- Эмнени билбейм, Кадыр?

- Кыргызстанда, мени үмүтүн үзүп салбасын дешкенби, айтор, дарылансаң болот дегенин билесиңби?

- Ооба, анан, эмне болду?

- Мен бул жашоого адашып келип калган тукумсуз бир бечара экенмин Жанара. Дээрлик бөлүгү эмей эле, таптакыр кыймылсыз, тубаса тукумсуздук дешти Жанара!

Кадыр көздөрүн бекем жуумп, жүзүн Жанарадан ала качып, дубалды карады. Асман жерге кулагандай, Жанаранын ийини шылкыйып, керебеттен сыдырыла, полго олтуруп тостоё нес боло түштү. Чачынан сылаган кадыр: “Кечирип кой мени, сага бут тоскон бир неме болдум,” - деп ыйлап жатты...

Таң агарып келаткан. Мурат сыртта сарайдагы, баягы машыгып жүрчү кум толтурулган кабын кайрадан шыпка ортолоп илип алып, кара терге түшүп ургулап жаткан. Айлана түнөрүп, анчейин жарык боло элек. Биресе кар жааса, биресе жамгыр жаап, адамды чыйрыктырып денесине бүдүр чыгарчу, жагымсыз аба ырайы. Азыр да себелеп таңга жуук эле муздак жел менен кар аралаш жамгыр баштады.

Айдай кичине уулунун ыйлаганынан ойгонуп кетти. Сырттан кайнак суу алып келе жатып, Мурат уктоочу бөлмөгө баш багып, анын эчаак эле туруп кеткенин көрдү. Өзүнчө ыңгайсыздана, үстүнө кызыл чыптамасын кийип, көкүрөгүн кымтылай, Мураттын жанына басып келди.

- Эрте ойгонупсуң? Мурат бир аз токтой артын чала- була карап, кайра эле үн дебей дүңкүлдөтө ургулай берди.

- Билем, мага таарынып турасың. Мени да түшүнчү, ушундай кылууга туура келди. Мырза жаман адам эмес, али чогу жашасак көрүп аласың.

- Ооба десеңиз... Жездем минтип өлүп, мен камакта олтурсам, үйгө эркектин колу жетишпей, сырттагы жумушту жасай албай кыйналдыңыз билип турам. Какшыктагандай көзүнүн кычыгы менен карап, жыгачка олтура калып, шорголоп аккан терин аарчыды.

- Эмнеге мага бир ооз айтпадыңыз? Алгач бул кишини билүү керек эле да, дароо эле турмуш кургудай эмне болуп кетти эже? Өзү узаткан суроосуна кайра уяла түшкөн Мурат, эжесине жакындай басып барып, эки ийининен ушулай жүзүнө карап:

- Кечириң мени эжекем. Сизди кызгандым көрүнөт. Бул дагы бир келесоо болбосун дейм да... Ансыз да жездемдин берип келген

азаптары жетиштүү болду. Бала кезимден көзүңүздөн жаш тыйылбады, кана эми ушул киши жүзүңүзгө кубаныч алып келсе! Эгер бир эле сизди капа кылчу болсо, билесизби эже, тирүү көөмп салам жерге могу кишини. Муштумун бекем түйүп турган Муратты карап жанатан бери көзүнө жаш алып турган Айдай бир аз коркуп кетти.

- Мурат, сага айтсам, сени тынчсызданат го дегем, андай дебе. Мендагы абдан акылдуу болуп калдым көрүнөт, Мырза жаман адам эмес. Буйруса алдыда көрөсүң. Эми сен жанымдасың да, эч нерседен коркпойм, сен жанымдасың... Айдай Муратты кучактап эжелик мээримин септи.

- Эже, мен түшүнө албай турган көп нерсе бар. Айтыңызчы? Жанара, кийин сизге чалып турдубу? Мени сурадыбы?

- Ал акылдуу кыз, мага кийин чалган жок. Толгонай эже үйүнө барып калсам буркурап ыйлап, кызым Мурат деп сыздап калды деп эки ирет айтты. Андан кийин такыр кабар жок. Мурат, иним, мындай болбосо болор эле, бирөөнүн турмушуна жаракка кетиргенден алыс бол суранам. Сенин ага болгон сүйүүңдү абдан жакшы билем. Акылдуу бол!

- Жок эже, жаман ойлобоңуз, жөн гана алыстан болсо да бир көрүп алсамбы дегем. Эгер Жанара бактылуу болсо эч качан кийлигишпейм. Ага чын дилден бакыт каалайм, себеби аны катуу сүйөм. Бир айласын таап, аны бир көрсөмбү дегем.

- Мурат, кантсе да сенден кыйла улуумун. Сенин башың жете бербегенге, меники жетет, турмушту, эриш - аркак болуп жашоону түшүнүп биле элексиң. Анте көрбө, ошондон башталат. Ал никелүү аял болду. Күйөөсүнүн ишеничин актап жашоосу керек. Мындай ойлоруңду унут, эгер чын эле аны бактылуу болсун десең...

- Корпоңуз эжеке, кантип эле арам ойго кетейин, бирок мага кыйын болуп жатпайбы.

Мурат көзүнөн тамган жашты эжесинен жашырган жок. Аңгыча үйдүн босогосунда турган Мээрим, Апа! Бөбөгүм ойгонду, деп кыйкырды.

Дарбазанын сыртында күрүлдөй келип токтогон машина, Муратты күтүп турганы белгилүү эле.

- Эже мен бир жакка барышым керек. Минтип эрте бошонуп чыккандыгым үчүн бирөөгө карызмын. Ким деп сурабаңыз, кабатырланбаңыз. Баары жайында. Келип калам, ойлонбоңуз... Ии, баса бул акчаны катып коюңуз, керек болсо пайладаныңыз, анан эже, сиз башка жумушка барбайсыз. Мен кеткен соң кетип калбаңыз, жарайбы?

- Макул, Мурат, мынча көп акчаны сага ким берди?

- Кийин айтып берем, мен кеттим!

- Күндүн ырайы жаман, бүгүн суук катуу болчудай, калыңыраак кийинсең боло...

- Баштыгыма күрмөмдү салып алдым эже.Айдай аң- таң боло түштү. Абайла Мурат! - деп карап кала берди. Кечке инисин ойлонуп, башы ооруп чыкты.

- Балээ басып, бир жамандар менен байланышып аалган го? Ээ? Сиз кандай ойлойсуз? Мырзадан кайра- кайра сурап, кабатырланды.

- Иниң жаман бала көрүнбөйт, аралашпай коё туралы. Билбегенибиз жакшыдыр. Кичине тил табышып сүйлөшүп калалы, сурап көрөм кабатыр болбо - деп Айдайдын көңүлүн жайгарды.

Мырза дагы Айдайды мындан ары иштебейсиң, балдар менен үйдө бол, деп эчаак айткан. Ал өзүнүн үйүнөн кабар алып, бир аз мал жанына жем берип кээде кармалып кеч келет. Бу заманда там салуу, жер алуу кыйын болуп турат, ата- энемден калган үйдү сатпайлы, эки жакта жашай беребиз, эртең эле минтип уулдарыбыз чоңоёт. Буларды үйлөп- жайлап там жайлуу кылуу керек, кереги тиет -деп айтат Мырза.

Түштөн мурун жабалактаган кар, түштөн кийин күн жарк этип, бат эле көл- шал болуп эрий түшкөн кар, жерге турган жок. Аба ырайы кескин түрдө өзгөрүп төмөндөдү.

Кечке маал күйүгүп, кийими сыгып алма суу болуп, мурдунан майда тер чыгып, Мурат жетип келет.

Кайда, эмне кылып жүрөсүң?- деген суроону ага эч ким узатпады. Шах айткандай, машыктыруучу агайынын айтканын аткарып, жарым айда бир экөө менен мушташып күчүн сынап көрдү, жеңилген жок. Рингге саналуу күндөр калганда Шах Муратты жанына алдырып, бир кезде өзү да эрежесиз мушташта болуп жүргөнүн айтып, Мураттын коркунучун басты.

Биздин жолубуз болуп, кезектеги төрт жүз кишини жарып чыгып, Турциядан алдырган бөйрөк, Кадырдын сол тарабынан жай алды. Операцияга кирип кеткенде, кайын энем көзү канталап, кирпигине уйку конбой термелип күтүп олтура берди...

Операциядан чыккан Кадыр жети саат өзүнө келе албай абдан коркутту. Ошол түнү, ушул муздак бөлмөдөн аман чыкпай калса, эмне кылам?- деп ичимдеп астейдил сыйрылып, жүрөгүм канап ыйлап турдум. Кадырдын өңүнө карап жанында башымды жөлөй олтуруп, анын баягы сизого баргандагы мага сүйлөгөн сөздөрүн эстеп, күлкүм келди. Байкушум десе, ошондо эле сенин мынчалык алсыз жан

экениңди билгенде, балким кагып- силкпес белем. Анда Муратымдын элесин бир көрүүгө зар элем да, ошол эң чоң маселе болчу мен үчүн. Акыры бошонуп чыгып келсе, аны бир көрө алар бекенмин? Кой, Жанара, акылсыз болбо, мындай ойдон алыс бол. Бирок кайра эле элеси көз алдыма келет. Өзүмдү- өзүм тарбиялап, урушуп турганым менен, мага баш ийбеген акылсыз жүрөк, буту колу пайда болуп Муратты көздөй чуркагысы бар.

Оор операциядан соң, Кадыр догдурдун көзөмөлүндө болуусу шарт эле. Кан басымын төмөндөтпөй , туура тамактанып, өзүн өтө кароосу керек. Жаңы бөйрөк ордун таап, кызмат кыла баштаганда гана баягы үлбүрөгөн чырагыбыз жаркылдай жана баштады.

Кайын энем экөөбүз бир ай турган соң, Кыргызстанга кайтууга туура келди. Кайын атамдын инисинин баласы Кадыр менен чогу калды.

- Өзүңдү эркин ал, жүзүңө урганга жол бербе. Жөнөкөй эрежени бузба, билесиң, талуу жерге урбайсың. Баягы кочкор тумшук жигит секунданттын ролун аткарып турду. Төбөсү ачык бийик, көк асман көрүнгөн айланасы темирден курчалган имаратта толтура адам. Кымбат баалуу кийимдерди кийген, анда суйкайган сулуу кыздар да алдынкы орундукта олтурат. Мурат абдан сүрдөнүп турду. Шах бийик жайда чылым чегип Муратка карап көзүн албайт.

-Жигит, абдан бышты, боорум ооруйт, уулума окшотом, ушул оюндан соң аралаштырбайм мында. Тиги ишенген эки күлүгүм өткөнкү мушташта жеңилип берди көрдүң го? Алгырдын жигитине ушул баланы ылайык көрдүм. Шах жанындагы кишиге эңкейип кулак түбүнө сүйлөп жатты. Айлана уулдай- чуулдай, Мурат дүңкүйгөн бет алдына келип тура калган жигитке бир сыйра карап алды. Сары билинер- билинбес муруту бар чекеси дөңкөйгөн Мурат куруактуу эле бала көрүнөт. Бир далай биринен- бири корголонуп олтуруп мушташ узакка созулуп кетти. Мурат өжөр жигит, бала кезден ушундай кыялга ээ.

Улам эс алганда кочкор тумшук жигит: “Эмне ойнотуп турасың, чарчап каласың, сазайын бер. Шахты кубант,” - деп кыйкырып сүйлөп жатты. Эл дуу- дуу көтөрүлүп ышкырык , кыйкырык көбөйдү. Баягы сынган мурдуна катуу муштум жеген Мурат артка кетенчиктеп көзүнөн от чачырады. Биринен- бири калбаган күчкө толгон эки жигит, былчылдата бирин- бири койгулап элдин моокумун кандырып жатышты. Улам муштум жегенин көргөн Шах, кабагын бүркөй Муратты аяп турду. Акыры алдына баса калып Мурат тиги жигитти бетинин тулпун чыгарып эсин оодара койду.

- Ай баракелде! Шах ордунан тура калып кол чаап кирди...

- Азаматсың! Ушуну билгем! Көзүм жеткен! - деп каткыра күлүп сүйүнүп алды. Бүткөн бою сыздап, бети шишип чыккан Муратты, дарыгер карап мурунунун үстүнө, бетинин ысып кызарып чыккан жерине муздак басып жатты.

Шах абдан кубаны:

Мына уулум, ишеничти актадың, береке тап, бул сенин акың. Ак конверттеги акчаны чөнтөгүнө салып: "Жигиттер үйүнө бир тал чачын түшүрбөй жеткиргиле," - деп буйрук берди. Түн жамынып үйүнө келген Мурат, сулк эле боюн таштай уйкуга кетти. Саат түнкү үч.

Апама, Кадыр айткан кепти айтпай коюуну туура көрдүм. Биз үйгө кайтып келдик. Кадыр экөөбүз коштошуп жатып ага аябай боорум ооруп турду. Мейли жаны аман болсунчу, башкасы маанилүү эмес. Жакшылап сакайып чыксын, келечек көрсөтөт али, деп өзүмдү сооротуп турдум. Көз жашын көлдөтүп кайра- кайра сүйөөрүн айтып кубарып- кумсарып кала берди Кадыр.

Таң эрте дасторкондо жүзүн жерге салып олтурган Мураттын шишиген көзүн көрүп, Айдай чыдабай урушуп сүйлөп, ыйлап кирди.

- Ай иним, төрт жылдык өмүрүңдүн текке кеткени жетишпедиби?! Дагы ким менен мушташтың?! Акылыңа кирсең боло! Баягы Мурат кайда? Ушинтип, ушунчалык өзгөрүп кетесиңби? Сага келип жаткан машине ким? Мындан ары бир карыш жылбайсың үйдөн. Уктуңбу?! Мырза улам Айдайды карап, болду дегендей башын чайкап коёт. Эжесинин ызылдаганын көргөн Мурат, көп күн үйдөн чыкпай көзүнүн көгүнөн ыңгайсызданып жүрдү, улам алдынан учуратып калса, эжекем менин, - деп Айдайдын ого бетер жинин келтирип бетинен өөп коёт. Мырзы көп ойлонуп олтуруп, андан соң Муратка кайрылды.

-Үйдө оокат- аш калбаптыр. Мурат, шаарга чыгып эле, машина менен, май- чай, үйдөгү кем карчыны алып келели.

- Макул жезде, мен даярмын, - деди Мурат...

Жезде дегенине толкунданып алган Мырза, Айдайга карай көзүн кыса, жолдо иниң менен жакшылап сүйлөшөм, - деди. Экөө базарды көздөй жөнөп кетти.

Кайын энем эртең менен тамактанган соң: "Жанара экөөбүз базарга барабыз.Тигил барчу жерге кийит - кечек алышым керек," - деп тойго камынып жатты. Мени дагы, "Жоолук, көйнөк алып ал, күн сууктай баштады, кийимдериңди жаңыртып ал," - деп ээрчитип алды. Тагдыр экинчи ирет кабагын салып тургандай, бир мезгилде, бир жерге Мурат менен Жанара барып, бири- биринин жанында эле байкабай жүрүштү. Ошондогу көз ирмем, айтып жеткире алгыс.

Бет маңдайында алысыраакта турган Жанараны байкаган Мурат, муунунан бошоп, көзү жапылданып тостоё тиктеп туруп калды. Ага удаа тиктеп туруп калган Жанара, чын элеби? - дегендей таң калып Муратты карап бүткөн бою селейе катып көзүн албай тура берди. Мурат турган жеринен козголбой, сатууга илинген кийим- кечектин тоскоолдук кылып жатканынан улам алаңдай арасынан издеп, көзүн албай Жанараны карап жатты. Бир заматта жок...

- Жанара! Кайда кеттиң?! Жан дүйнөсүндө кыйкырып издеп турду. Жанара кайын энесинин сөзүнө анчейин кулак салбай, ал кармалаган кездемени кармаламыш этип, улам артын жалт- жалт карайт, эт жүрөгү кабынан чыга жаздап согот.

Кишилерди аралай, улам түртүп анча- мынчасынын жемесин угуп шашылып басып келаткан Мурат, Жанаранын маңдайынан бетме- бет чыкты. Оо кургур жүрөк, жалган сүйлөй албаган карек, балбылдап жанып, болгон сагынычын, сүйүүсүн Жанарага айтып турду. Майрам жакшы маталарды кармалап сатуучуга алаксый сүйлөшүп турган. Жанара тим гана, көзүнө келген жашты артка тартып, тамагы буула ооруп, мурунү сууланыша кетти. Мурат улам жакындай басып, сатылып жаткан буюмдарды карап жаткандай түр көрсөтүп, таптакыр чоочун кишидей Жанараны тиктеп көзүн албай жанынан ийинин тийгизе сыдыра карап өттү. Төшөлгөн кирпиктерин нымдаштыра, жанынан өтүп бараткан Муратка карай, апапак жүзүнөн жаш кулады.

“Жаным, мени көрүп ыйлап жиберди, мен сыяктуу сагынгандырсың, алтыным менин, дагы бир жолу бери карап койчу.” Мурат ичинен сүйлөнүп турду...

-Жүр кызым, алчумду алдым, сен өзүңө эмне аласың? Ыя? Жанара эмне болду, кызым?

Нес боло жан жагын тиктеп турган келинине таң калган Майрам, анын ыйлап турганын байкады.

- Эмне болду? Бери карачы кызым. Заматта жасалма жылмайып, көзүндө жашын бат- бат сүртүп.

- Эч нерсе болбоду апа, өзүм ушундай ойлонуп кеттим. Жүрүңүз бул жерден кетеличи. Майрам келинин таң кала карап, тим болду.

- А, сен өзүңө бирдеме албайсыңбы?

- Жок апа, башка күнү, кана, келе бериңиз колуңуздагыны, машинага салайын. Эч нерсе унутпадыңызбы апа?

- Жо-ок айланайын, болгону бир аз кыдырсакпы, дедим эле.

- Кийинки сапар келишибизде кыдыралы жүрүңүз... Шашыла машинанын эшигин карс- карс жаап, Жанара айдап жөнөдү. Мурат жездесинин бет алдына келип сүйлөп жатканын байкабай зуулдай кетип бараткан унаанын карааны узагыча карап тура берди.

- Сени базардын ичинен издеп жүрбөймүнбү. Мында кимди издеп жатасың? Сенин чыгып кеткениңдм байкабай калыптырмын...Мура- ат!

- Кеттикпи жезде?

- Ооба, жүр, деги эмнени карап жатасың? Эртең үйгө коңшу- колоңду чакыралы. Келгениңе бир айдан ашып кетти, кошуналар деле, таңыркап жатышкандыр, кудай өткөрөлү. Сен дагы, бир жумуштарыңдан бошобой жатпадыңбы. Таң эрте кетесиң, биз уктаганда түндө келесиң. Чамасы жумушуң бүткөн көрүнөт, эртең эл журттун көзүнчө аман келишиңе кан чыгарып, бата алалы.

Мурат бул сөздөрдүн бирин да уккан жок. Өзүнчө ээктерин кыбыратып күбүрөнөт.

-Ушул сенин элесиң мага бакыт Жанарам. Ал бир жомоктон, экинчи жомокко кыялдарын чуркатып, базарда эмес суу шырылдай аккан, ээн талаада жүргөндөй өзүн эркин сезди. Мен сени көргөндө бүт аалам сулуу экенине ишенем жаным. Атаганат, колдон келсе кагазга жазып олтурбай, бул сүйүүнү дастан кылып обон созуп ырдасак кана, күнү - түнү созолонтуп кумардан чыкса болчудай.

Тиги Мураттын оюнун баары Жанарада болуп, бакырып артынан кыйкырып ээрчип жөнөгүсү келип турду. Божурай жанында сүйлөгөн жездесинин сөзүн уккан киши жок.

Жашоонун сыноосуна кимибиз туш келбейбиз. Кай бирибизди сыздатса, кай бирибизди бакытка оройт. Бул жашоодо сага жаккан нерсеге тайманбай жетип, анын даамын татуу бул өзүнчө бакыт. Бирок колдон келе бербес нерсе. Уят, намыс, ыйман буттан чалып, адамдык кейпибизден айрылбоого тырышабыз.

Жолдо зуулдата айдап бараткан Жанара, канча өзүн кармабасын, көзүнүн кычыгы сууланып, өзүн басып алууга өпкөсү көөп, чамасы келбей жатты. Майрам маңдайкы күзгүдөн арт тараптан карап, акырын мурунун шыр тарткан Жанарага Кадырдын жоктугуна буулугуп турат го, келиним байкуш, деп болжоп турду.

Кайгы, азап, сүйүүнүн күчтүү деми, деңиздин ортосунан Жанараны жээкке ташып жатты. Ирбелеңдей Кадырды да сүйүп калууга аракет жасап, татыктуу жубай болууга тырышат бечара. Бирок миң наалат келтирсек да, сүйүүнүн кудуретине эч кимибиздин алыбыз жетпейт.

Мураттын Жанарага болгон сүйүүсү, жалгыз эле бир адамга шыгы түшкөн ысык сүйүү эмес, андан дагы зор, андан дагы алп күчкө ээ, туруштук бере алгыс махабат.

Самоордо чай кайнап, кирип- чыккан эл көп, айылдын майда балдары Айдайдын дарбаза алдына толуп кетти. Куду той болуп жаткандай. Кумганды колуна алып, ак калпак кийип, билегине сүлгүнү илген Мурат, келип кеткендин колуна суу куюп, бата алып жатты.

Мырза отун жарып, мал союп, өзү теңдүү айылдын кишилери менен казанда эт бышырып, көп ишти жайгарган ошол. Мурат ичинен аз- маз уяла, жездесине ыраазы болуп турду. “Каап, камактан келгеним кандай өкүнүчтүү, ушундан көрө армиядан келсем, мынчалык жүзүм жер тиктебес эле,” - дейт Мурат арданып.

Толгонай Муратты бекем кучактап: "Кагылайын балам, келдиңби аман- эсен? Сени сагындык," - деп табышмактуу аяр карап далысынан таптады. Мурат башын жерге салып, "Рахмат" - деп гана тим болду. Тигил жакта балдар менен ойноп жаткан Жанаранын иниси, Муратты көрүп дароо чуркап келди.

- Кандайсыз Мурат аке? Ээ, чоң жигит болупсуң го! Азамат! Кайсы класста окуп жатасың?

- Жетинчи...

- Азаматсың! Жүрчү экөөбүз сүйлөшөлү... Мурат сөздү алыстан баштап, акырындап Жанарага алып келди. Инисинен баарын сурап жатты.

- Жездем катуу ооруп жатат, Москвада дарылынып, ошол жакта азыр. Жанара эжем жакында келген. Жездем операция болуп жакшы болуп калды, эми жакында келсе керек.

Алдап секинден сурап олтуруп, Мурат баарын билип алды.

- Сен мага эжеңдин номурун берчи, мен анын ден- соолугун сурап коёюн, жездеңе кыйын болуптурда, деп сыр бербей сурап, номурун алып алды. Эл тарап, эшикте казан аякты жууп, дасторкон жыйнаган Айдай менен Насипа бир нерселерди сүйлөшүп каткыра күлүп жатышты.

Ушул азабың жетишпей турду эле кудайым, Муратты мага эмнеге жолуктурдуң? Менде ал, күч калган жок, көрүп турасың? Бул эмне кылганың? Кечир мени жараткан, кайгырсам да, кубансам да, сага шылтап гана кутулмай болдум! Бул тагдыр менен тегирмендин парасына салып айлантып, бырчаламай болду. Жардам бер, мага жардамың керек. Муратты унутууга жардам берчи!

Жанара бөлмөсүндөгү керебетке көмкөрөсүнөн түшүп ыйлай берди. Кадыр! Келчи жаным, жаныма келчи батыраак, сен жок жаман акыбалда турам, сага алаксыйын, сага кам көрөйүн. Акырын каалгасын такылдаткан Майрам, келинине аябай тынчсызданып, бир нерсеге түшүнбөй, таң калып, тургандай.

- Оу, апаке! Ый аралаш чыккан дабышынан улам, келининин дале ыйлап жатканын туйду.

- Кызым, ылдый түш, тамактаналы, атаң дагы күтүп калды.

- Баратам, апа, азыр! Бетин жууп, чачтарын түзөп, сыр бербей биринчи кабатка түшүп столго олтура кетти. Майрам ага чейин Манаска, келиниң базарга баргандан ыйлап, мени таң калтырды, - деп болгонун болгондой айтып берген. Экөө тең Жанараны аяп тиктеп, тамактанып олтурушту. Табити тартпаган Жанара, же туруп кете албай, мойну шылкыйып олтура берди.

- Алло, уулум, жакшысыңбы? Садагаң кетейин, туруп басып жүрөм дейсиңби? Кудайым бар да уулум, кагылып кетейин, сенин жоктугун аябай билинип, үй түнөрө түштү. Батыраак келип калсаң экен. Урмат жакшы жүрөбү, аябай ыраазыбыз ага. Уулум өзүңдү жакшылап кара, тамактан, ачка жүрбө жарайбы? Анан, уулум, Жанара эки күндөн бери ыйлайт, же сурасам айтпайт, сени сагынып жатат го э? Билбесем, күндө көзү шишип жүрөт. Бат-баттан аялыңа чалып тур, бечарага кыйын болду. Баягыдан да арыктап, боорум ооруйт келиниме.

- Апа, акыры сиз да билүүгө тийишсиз, келиниңиз азыр оор акыбалда, сурабай коё бериңиз. Мени бул жакта мыкты врачтар карап, өмүрү бою ата боло албасымды айтышты, апама айтпаңыздар деп сурангам, кези келип өзүм айтам дедим эле, Жанара ошого ыйлап жүрөт. Сизге айтпаган тура, кабатыр болот деген го…

Майрамдын оозунан сөзү түшүп, көзүнөн жаш томолонду. Кадыр да буулугуп арадан айтып берди. Экөө эзилип ыйлап бир далай сүйлөшкөн соң, Майрам башы ооруп чыкты көрүнөт, дарысынан ичип чалкалай жатып, көзүн жумуп алып ичинен боздоп турду.

- Бул балким мен үчүн экинчи мүмкүнчүлүктүр? Балким бакытым жакындап жаткандыр. Оо жараткан, туура жол көрсөт. Мурат телефонун алып, баягы ээн айдоо жерге барып, айланасын бир карап алды да, ташка олтуруп Жанарага коңгуроо кылууну чечти.

- Алло?

- Жанара, бул мен Мурат, кандайсың? Жанара телефунан бир карап алды да, шап өчүрүп салды.

- Жок, жок Мурат, чалба, чала көрбө... Аңгыча кайра коңгуроо келди, ушинтип беш ирет чалган соң, акыры чыдабай алды. Бирок сүйлөөгө дити чыдап барбады. Болгону көзүнө жашын сызылтып, ыйлап тура берди.

Мурат ага боору ооруй, алтыным, ыйлаба садагасы... Периштем менин, сенин ый аралаш дем алышың, менин өзөгүмдү өрттөп жатат. Ыйлаба, мени укчу, Жанара мага бир жолукчу, кандай дейсиң? Сенин назик элесиңе тоё албай калдым. Коркпо жаным, бир эле жолукчу. Сенин турмушуң тууралуу баарын билем.

Мурат көзүнө жаш алып, ордунан тура калып жан дилден Жанарага сүйлөп жатты. Жанарадан жооп да болгон жок. Не бир сонун жан дүйнөсүндө бажырайып гүл ачылды дейсиң. Мураттын үнүн угуп, турган калыбында, бирде жылмайса, бирде башын чайкап эрдин тиштеп колун көкүрөгүнө коюп алып, кубанган сымал көздөрүн бекем жуумп, жооп кайтара албай буулугуп турду. Телефонду өчүрүп салды

да адатынча эки тизесин кучактай олтуруп ыйлап кирди. Кайра- кайра чалган Мурат, жооп бербегенине шаабайы сууп, тынчсызданып кат жазып кирди.

"Менин бакытым сенсиң жаным, мен алыска кеткени жатам, бир көрүп алсам сени, армансыз кетер элем, алтыным. Улам ачып окуп олтурган Жанара, жашын тыя албай ыйлай берди. - Жок дебечи, эч ким билбейт, жолугууга келчи, суранам сенден Жанара. Бир эле жолу, башка өтүнбөйм, суранам алтыным, ойлон жакшылап, ушунчалык кимге күнөө кылдык эле, бизди ажыраткандарга миң наалат болсун. Жанара, мен башым жарылчудай сени ойлоп олтурам, жооп жазчы. Алтыным, мейли жооп бербе, мейли сүйлөбө, эртең саат кечки сегизде сени эс алуу паркынан күтөм, шаардагы, билесиңда. Сен мени сүйөсүң ишенем, мен дагы сени сүйөм Жанара. Мен ошол жерде түбөлүк олтура берем, сен келбесең, бир өмүр сени күткөнгө даярмын. Кел алтыным, бир айласын тап, күтөм сени- деп катын аяктады Мурат.

"Кандай аламатты баштаганы турасың Мурат, ал бирөөнүн колуктусу, сен үчүн ал ак никесинен да аттап кетүүгө даяр, себеби мен аны бала кезинен билем, өжөр, айтканына кайтпаган кыз." "Билсең мага алып келип берчи Жанарамды сур булут. Бир эле көрүп алайын, мен түбөлүк жайга кетем, түшүнөсүңбү? Түбөлүк кетем. Мында сөлдүрөп максатсыз жашоодо кала албайм. Жардам бер мага сур булут..." –деди Мурат көзүндө жашын аарчып.

"Ал эмне дегениң? Бул акылсыздыгың. Бирок экөөңдүн сүйүүңө күбө болгондо, жада калса мен чыдабай ыйлап жиберем." Мурат чалкалай асманды карап, булуттар менен өзүнчө сүйлөшүп тургандай элес калтырды. Бетине дыбырай майда жаан тийип, күн себелей баштады... Айдоо жерден маанайы суз, үйүнө бутун арaң тартып келатып, дарбазанын алдында баягы кара машина токтоп турганын көрдү... Жаңы эле келип токтогон көрүнөт... Баягы кочкор тумшук жигит, колуна кара папка көтөрүп түшүп келди...

- Оо, качок! Сүйлөшүп алгандай жолуктук го!

- Эмне болду? Шах бирдеме дедиби? Көзү алаңдай суроо узатты.

- Кел алгач учурашып алалы, кабатырланба, баары жайында. Муну сага Шах берди, ал алыска кетти. Колундагы кара папканы Муратка карматты.

- Кайда кетти?

- Ичинде катты окусаң түшүнүп аласың.

- Давай, качок, аман бол, башка көрүшпөй калышыбыз мүмкүн.

Дароо эле кайра машигага олтурду да жөнөп кетти. Айнектен карап байкап турган Айдай...

- Оо кудайым, баягылар дагы келишти, инимди өз жайына коюшпай турган болушту булар, деп тынчсызданып жаткан.

- Келдиңби Мурат? Бир жакка барасыңбы?

- Жок эже, эч жакка барбайм.

- Кел олтур, сени күтүп жатабыз, тамактаналы.

- Тамактана бергиле, мен азыр... Төркү тамга кирип кеткен Мурат, кара папканы ачып андагы катты алып окуп кирди...

"Кандай уулум, сени кадимкидей сагынып кетем, сен менин өз баламдай болуп калбадыңбы? Мен сага айтып берген баягы жалгыз уулумдун дарегин таптым, бүгүн таң эрте жолго чыктым, кубанып толкунданып турам. Бул катты окуп жатсаң, мен Кыргызстанда эмесмин. Баса, сен үчүн кантип кам көрбөй коём, бассам- турсам сени ойлочу болдум. Баягы сүйгөн кызыңдын күйөөсү тууралуу баарын билдим, жигиттер тастыкташты. Ал азыр Москвада экен, тубаса тукумсуздук менен ооруйт тура. Демек ал экөөндө келечек жок, сүйгөнүңдү ушундай кабыл ала алсаң, анда келин экенине карабай чогу болууга аракет жаса. Эгер мындай кыла албасаң, анда сенин аны сүйөөрүңө ишенбейм десем болот. Абдан татынакай кыз тура, жигиттер айтып жатышты. Айтор өзүң бир чечимди кабыл аласың...

Эң башкысы эч нерседен коркпо сен жигитсиң, кийин өкүнчү болбогудай чечим кабыл ал. Бул папкадагы кагаздар баягы уулума алган тамдын документи, эми бул там сеники. Ата- энемдин ак мээнетинен келген там болчу, арам акчадан курулган деп ойлобо. Муну сага ыраа көрдүм. Кепкенен барып өз үйүңдөй көрүп жаша, ачкычы папкада. Эми биз такыр учурашпай калышыбыз мүмкүн, себеби башка мамлекетте жашоону чечтим. Уулум, сага рахмат, сенден көп нерселерди үйрөндүм. Чыныгы сүйүүнү баалаганды билдим. Жаш болсоң да мени кыйла акылга салдың. Катты окуп бүткөн соң эшикке чыгып бир карап кой. Сага ата болууну эңсеген Шах..."

Мурат айран таң, папканы коё салып сыртка чыкса, дарбазанын алдында, баягы Шахтын жанына олтуруп алып: "Абдан машинаңыз сонун экен ээ?" - деп кызыккан капкара түстөгү унаа токтоп турат. Эшигин ачып ичине олтурса, ачкычы жайында. Кичинекей баракка жазып маңдайга чаптап койгон "Сага жактыбы уулум, бул эми сенин машинаң"- деген жазууну окуду.

Шах: "Өзүңдү жетим дебе, мен бармын," - деген сөзүңүздү эстейм. "Өзүңдү эч нерседен коркпойм дебе, өлсөк жапжарык болуп турчу көр барбы?" - деп айткансыз, ал да эсимде. "Байлык, мансапка манчыркап кетпе, аны жараткан берип сынап көрөт дегенсиз. "Бирөөгө жамандык

кылба, анын да кудайы бар," - деп да айткансыз. "Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло," - дегенсиз Шах! Бул сөздөрүңүздү кантип унутам. Булардын баарын эмнеге бердиңиз, менин эркимди сынайын дегенсиз го. Ишениң бул нерселерге татыктуу кожоюн болуп берем. Сизодо сиз менен чогу болгон күндөрү, өзүмдү эркиндикте, атасынын жанында жүргөн баладай сезчүмүн. Сизге жолуктурган кудайга ыраазымын. Кайда болсоңуз да, аман болуңуз. Акыры бир кезикчү күн бардыр, ошондо колуңуздан кысып, рахматымды айтам.

Мурат рулга башын жөлөй, көзүнөн жаш таамп ушул сөздөрдү ичинен күбүрөнүп Шахка ыраазы болуп олтурду.

Жездеси менен эжесин маңдайына олтургузуп алып, иштин жайын төкпөй- чачпай айтып берди. Өзү башы чачырап Жанараны ойлоп араң турган эле, кийин бир ыңгайы келсе айтам го,- деп жүрчү. Тиги унааны, үйдүн кагаздарын жашырууга болбой калды. Айдай биресе кубанса, биресе коркот бечара. Мырза таң калып укту, өзүнүн жакшы кеңешин айтып: "Сен бул нерселерди мээнетиң менен эле тапкан экенсиң, өзүңдү рингтен сынапсың. Эч качан оңой табылган оокаттын жугуму жок дешкен. А сен акылдуусуң, мен билем. Ошол себептен сага берилген азаптардын кайтарган жообу, деп эсептеп жүр. Ошондо бул нерселердин кадырына жетесиң. Иши кылып, алар сени чөйрөсүнө кошуп албагандай жол танда. Мындай чөйрөдөн өтө алыс бол," - деди жездеси.

Жанара, сен акылдуу аялсың, мындай жолго барба. Муратты бир кезде сүйгөнсүң болду унут аны. Бул башыңдагы ойлоруң сага жакшылык алып келбейт. Бөлмөсүндө ары- бер баскан Жанара, тынчы кетип өзүн- өзү ушинтип урушуп жатты.

Саат кечки алты: Жүрөгү дүкүлдөп кулагына жаңырып коркуп турат. Бирөө сүйлөсө алаңдап чочуп кетер акыбалга жетти. Жийде улам Жанараны тиктеп өзүнчө табышмактуу карап, ар нерсеге болжоп турду. Ал бардык бөлмөдөгү пардаларды алып жууган, кургатып Жанаранын бөлсөсүндөгүнү кайра жайына тагып жатып, анын акыбалы начар экенин көрүп турду.

- Жанара, сага эмне болду?

- А, магабы? Эч нерсе!

- Мен көрүп турбаймынбы, Жанара кел айтып көр мага, жеңилдеп каласың.

- Эч нерсе дебедимби! Кандайсыз өзү жанымды койбогон?!

- Сенин эч качан мындай ачууланып, катуу сүйлөгөнүңдү көргөн эмесмин, макул айткың келбесе, кечирип кой мени.

Жанара Жийдеге катуу сүйлөгөнүн өзү да байкаган жок. Ансайын сааттын жебеси сегизге жакындаган сайын, жайында тура албай тыбырайт. Жийде дароо Майрамга айтып барды.

- Билем кызым, уулумдун азабын тартып турат келиним, анан кантсин бечара. Соолуп калмай болду, эми кандай болот билбей калдым.

Жийде Кадыр тууралуу билген соң, анын дагы маанайы чөгүп, ыйлап жаткан Майрамдын колдорун ушалай, кайгысын тең бөлүшүп олтурду.

- Мен сени таштабайм деп сөз бергем Кадыр, жаным, кирпигиме чаң жугузбай, ар мүнөттө эркелетип, болгон аракетиң менен мен үчүн баарын жасадың, жакшы адамым менин! Бул нерсең үчүн сага түбөлүк карызмын, кутула албайм, энекемдин ак сүтүн актай албагандай эле, сенин да бул жакшылыктарыңды бир өмүр актай албайм Кадыр. Ар күнү кубаныч тартуулап, гүл көтөрүп келип, оорусам ыйлап, эч нерседен кем кылбай баарын алып берип, мени дүйнөдөгү келиндердин эң бактылуусу кылдың. Сен мага бийик зоо болдуң, башымды жөлөп сага таяндым, жүрөк эргитер жылуу мамилени сенден көрдүм. Сен менен бир төшөктө жатып, ак никеде жубай болдук. Эгер сенден төрөсөм эчаак эле жүрөгүмдүн ачкычы сенин колуңда болор эле. Тилекке каршы андай болбоду...

Эмне кыл дейсиң Кадыр? Бир өмүр эне болуу бакытынан баш тартайынбы? Сенин түбөлүктүү кайгыңа мен да кошо сүңгүп кирейинби? Албетте, сенин жубайың болгон соң, ушул нерселерге даяр турушум керек эле. Бирок мен алсыз экенмин. Мени кечир Кадыр, жаман аял болдум. Кээ бирлер сыяктуу эркектин муштумун жебесем, каалаганым оорундалса, үй- жай, темир тулпар, жакшы кайын эне, кайын ата, сүйгөндү эң жакшы билген эр. Мындайды далай кыздар тилек кылат эмеспи. А мен, бир сүйүүгө байланган бечара...

Сен билесиңби Кадыр? - дүйнөдө эч нерсеге алмаштыра алгыс сүйүү бар, аны мен колум менен жасаган жокмун, байлыгына кызыккан жокмун, башкасына кызыккан жокмун. Ал бир жөнөкөй эле адам, эч нерсеси жок, бирок ал менин жүрөгүмдүн ээси. Муратым менин, канча аракет кылбайын, жүрөгүмдүн түпкүрүнө уюп, эчаак эле андай жай тапкан менин сүйүүм. Сенин сунушуңдан баш тарта албай, бул чоң жакшы адамдардан куралган үй- бүлөгө жаракка кетиргени турам.

Мени кечириң алтын апам, экинчи эле апам болуп калгансыз. Бир да ачуу сөз айтпай, чачымдан сылап, бетимден өөп, уктасам үстүмдү жаап, уулу үчүн мага ысык мамилесин аябаган апакем, акмак келиниңди кечир, суранам кечир!

Алтын атам: "Кызым сен менин бутумду жууган сайын оорумдан сакайып баратам" дечүңүз. Мени кечиресизби? мен акмактык кылганы жатам. Сиздин көзүңүзгө карасам, мени сүйүп карап, "Жанарамдан башкаңар мени жакшы жуунтуп карай албайсыңар! "- деп үйдөгүлөрдү урушат элеңиз, анда апам... "Ыя де! Келиниң келгиче ким карачу сени? Тимеле экөөнүн сүйлөшүп алганын карагыла, мага каршы чыгышты булар, ата бала, а мейли келиниңди сүйө бер Жийде экөөбүз сени башка карабайбыз!" - деп апакем тамашага салып чыгалачу. Көкүрөгүн солкулдата күлүгөн атам: "Байкуш, ушу апаң карыганда акылдан тайды, анын сөзүнө маани бербе алтын кызым менин," - деп экөөбүз күлөт элек.

Ушул оор күндө сиздин бутуңузду жууп, жаныңызда жүрсөм болот эле ата. Эмне кыл дейсиздер алтындарым, мени бурчка такаган тагдырга наалат кылып олтурам. Силердин көзүңөргө тик карап коштошо албайм, мени кечире көргүлө!

Саат кечки жети кырк: Улам көкүрөгү көтөрүлө чоң- чоң дем алып, куду ууру кишидей, бут кийимин дарбазанын жанына жүгүрүп барып катып келди. Жанара жан дүйнөсүндө буркурап ыйлап, өткөн күндөрдү көз алдына тартып, ушул сөздөрдү айтып жүрөгү кансырап турду.

Мурат эчаак жолугушчу жайга унаасын айдап келип, чет жакка токтотуп коюп, жыгач олтургучта улам саатты карап маанайы чөгүп олтурат.

Бала кезде Калыстын машинасын айдап, далай ирет чогу ойноп жүрүшкөн.

Жанара шоопурдун жанына олтуруп алып, рулда Мурат. "Балээсиң э? Классташ, машина айдаганды кайдан үйрөндүң?" - деп тамашалай айткан. "Бул жигиттердин кыялы, машина айдай албаган жигит жигитпи? Анан мени классташ дебей, жаным десең," - деп Мурат Жанаранын жанын койчу эмес. "Дагы баштадыңбы?" - деп каткыра күлөт.

Ушул учурду карегине тарткан Мурат...

-Келип калчы Жанарам, сени баягыдай машинага салып алып, тээ бала кезге кетели, деп чыдамы кетип турду.

Кечки тамактан соң, баары өз иши менен алек, гезит окуп, көк чай ичип сыналгы көрүп, күндөгү көрүнүш. Дайым төшөккө жатаарда Манастын далысын укалап жайына жаткызчу Жанара. Жаркылдай күлүп, кайын атасы сыналгы көрүп олтурган жеринен, ата жүрүңүз кеттик, - деп үстүнкү кабатка сүйрөп кетээр эле.

Манас арабасында чалкалай, сыналгыга карап олтургандай түр көрсөткөнү менен, көзү илинип, көз айнеги кыйшая, уйкуга кетип баратат. Жийде жумушун бүтүп эчаак үйүнө кеткен. Майрам ашканада көк чай ичип олтурат. Чакан сүйрөмө кызыл баштыгына баягы Муратка жолукканда кийчү кыз кезиндеги кийимдерин, апасы алып берген көйнөктөрүн шашылып сала баштады. Мойнундагы алтын чынжырын, колундагы шакектерин, сабагын, кол саатын баарын чыгарып столого койду да, баягы Мурат салган, Айдай берген сөйкөнү тагынып алды. Чакан кагазга "Мени кечиргиле, суранам кечиргиле" - деп жазып койду.

Саат кечки сегиз жарым;

- Сен келесиң, мен ишенем алтыным, ушул жерде олтура берем Жанара, сени бир өмүр күтө алам. Эмнеге телефонуңду өчүрүп салдың? Бул келбеймин деген жообуңбу? Мурат сүйлөнүп демин ичине жутуп олтурат.

- Кандай азап жаным, сени көрүү үчүн баарына даярмын. Улам ордунан тура калып эки тарабын карайт. Кайра үшкүрүнө жайына олтуруп, көзүнө жаш алды. Бизге эч ким тоскоолдук болбогондо, минтип май уурдаган мышыктай жашынбай, азыр жетелешип бирге жүрөт элек Жанарам. Келип калчы, суранам сенден. Эгер бүгүн келе албасаң, эртең башка чара көрөм. Мага таарынба.

Бөлмөсүнө бир көз чаптыра карап, Кадыр экөөнүн сүрөтүн жерге көмөрүп койду да, экөө жаткан керебетти карай , тамагы буула ыйлап алды.

Кош бол Кадыр, мынча болду эми такыр келбейм, сенин сакайып жаңы жашоого келээриңден күмөнүм жок. Бутунун учтары менен акырын тепкичтен түшүп, ашкана жакка бир аз эңкейип караса баары тынч, мени кечиргиле, - деп күбүрөнүп алган соң эшикти көздөй чыгып жөнөдү. Айланага караңгы эчаак түшкөн, жүрөгү опкоолжуп, аттын дүбүртүндөй катуу угулуп, кулагы жаңырып турду. Үй менен дарбазанын аралыгы итабар жол. Жалаң бутчан шашылып, баштыгын да бийик көтөрө, артын карабаганга аракет жасап көзүнөн жаш агып бара жатты.

Кайдан -жайдан дарбазага жетээр замат, токтой турчу!- деген дабыш чыкты. Артын жалт караса кайын энеси Майрам. Акырын жанына басып келди. Ошондо жамгыр да өчөпкөндөй дыбырай баштаган. Башынан ылдый сыдыра караган Майрам:

- Кайда жөнөдүң кызым?-деп бир аз дабышын көтөрө сүйлөдү. Жалаң бутчан жер тиктеген Жанара баштыгын жерге коё салып:

- Апаке кечирчи мени деп кайын энесине тизелей бут алдына кулады.

Оо, шордуу бечара, бардыгы эле сени түшүнүшпөйт. Күчтүү сезим сени чөгөлөтүп турабы? Жанара? - дейт баягы бала кезден таанып сур булут.

- Кызым бул эмне кылганың? Бизге капасыңбы?

- Жок- жок апаке, кантип эле капа болоюн, мен бул үйдөн келечегимди көрө албадым апаке, сиздер менен коштошуу кыйын болду, мени жек көрө көрбөңүз суранам сизден.

Жанара солуктап Майрамдын эки тизесинен бекем кучактап ыйлай берди.

- Сени акылдуу, эстүү жан десе, мунуң эмнең кызым? А мындай оюң бар экен, ортого салсаң болбойт беле?

- Атаң көзү чачырап сени күтүп олтурат.

- Кечиргилечи мени, суранам кечиргиле! Баягы тизелеген калыбында, боздоп ыйлап турду...

- А-а, кайран уулум! Кадырыңды билбегенге кор болуп жүргөн экенсиң! - деген Майрам көзүндө жашын аарчып, эки бутун жулкуп Жанарадан тартып алды да, үйдү көздөй басып кетти. Кайра кайрылып артынан үйгө кире албаган Жанара, апа токточу, суранам апа мени каргай көрбөңүз! Каргабаңыз апа, кулуңуз болоюн каргай көрбөңүз! - деп ботодой боздоп жер кучактап ыйлап жатты. Майрам үйгө бир жалт артын карабай кирип кетти.

- Кызым байкуш, билем, сени эң алгач күндөн зордоп алып келгенбиз. Сенде күнөө жок, ушунча жылдан бери бала төрөп алганыңда мындай болбос эле. Айла канча, күнөө кулунумда болуп турса. Кет! Артыңа карабай кет, мынча көңүлүң бузулуп чыгып бара жаткан соң кет кызым!

Майрам үйгө кирээр замат ыйлап кирди. Көзү илинип бараткан Манас:

- Эмне болду апасы? Эмнеге ыйлайсың?

- Кызым кетти, аны башка кармап тура албайбыз. Болгону жашырынып бара жатканына капамын! Ачык эле айтса түшүнөт болчубуз!

- Жанарабы? Жанара кеттиби?

- Ооба...

- Кызым! Жанара! Бул эмне кылганың? Кайтчы аркаңа, мен кантем кызым! Манас жаш балача үнүн каргылдантып олтурган жайында кыйкырды. Ээгин тиштей, оо шордуу пешене экен го,- деди Майрам оор үшкүрүнүп.

-Айрыкча сен аны өтө жакшы көрчүсүң да, атасы, болду эми, ыйлай көрбө. Артка кайрый албадым, кайт үйгө кир дегенге батына албадым. Кайсы максатта айтам атасы?

Баягы жашырып катып койгон бут кийимин кийе салып, артка жол жок, деген Жанара, дарбазадан чыгып жөнөдү. Баштыгын сүйрөп, караңгыда алаңдай, машина көрүнөөр бекен деген ойдо улам арт тарабын карай узун жолдо бара жатты. Кап карайганда башталган жамгыр, түнү менен көз ачырбай турган түрү бар. Жон- жондон кулай баштады, Мураттын шагы сына суу болуп башын мыкчый олтургучта катып олтурат.

Мурат мени күтүп жатат болду бекен? Эмнеси болсо да болжошкон жерге барайын. Жанара катар токтоп турган таксинин бирине олтура калып, айдаңыз байке, батыраак, болсоңузчу, сейил паркка айдаңыз, -деп шаштысы кетти.

Жолдо ыйлап баратат...

Бу карегимден жаш кургабас болду, Муратым, мени күтүп турсаң экен, күтө тур баратам жаным.

Саат түнкү онго жакындап калган. Эртеден бери кол телефонун өчүрүп салган, машинада баратып жандырды.

- Оо кудайым, бая эле жандырып койбогон экенмин, коркуп олтуруп таптакыр эсимден чыгыптыр, деп тынчсызданып баратты.

- Келдик карындаш, мында коркпойсуңбу? Баятан бери ыйлап келатасың, тынчтыкпы?

- Ооба, баары жайында, рахмат. Акыңызды алыңыз, эшикти карс жаап, баштыгын сүйрөй паркка кирип баратты.

- Карындаш, калган акчаңызды алыңыз! Жанара укканга убактысы жок, алаңдап Муратты издеп баратты. Кетип калган окшойт, же коңгуроо кылбайт, кол телефонун ача салып Мурат чалган номурду издеп жатты.

- Жаным, эмнеге келбедиң? Корктуңбу?

Айласы куруп шөлбүрөй басып барып унаасына олтуруп от алдырып калган Мурат, телефонго коңгуроо келип жатканын байкады.

- Алло, Жанара! –

-Мурат, мен келдим, сен кайдасың?

- Келдиңби жаным! Алтыным десе, кай жеринде турасың?

- Билбейм, кире беришинде окшойм.

- Токтой тур, кыймылдаба!

Унаасынан түшүп жердеги чакан көлчүктөргө карабай кече чуркаган Мурат, абдан кубанып бара жатты. Күйүгүп келип, Жанарага бет маңдай тура калды. Жүзүнөн салаалаган жамгыр, көз жашын жууп турду. Баягы бала кезден ашыккан адамы, ошол- ошол бойдон, өзгөргөн эмес маңдайда турат.

- Жанара! Алтыным!

- Мурат... Жанаранын жүзүндө, кайгы да, кубаныч да бар эле...

- Сен мени ушунча убакыт күттүңбү?

- Сени түбөлүк күткөнгө даярмын, алтыным менин. Көкүрөгүнө бекем кыса кучактаган Мураттын жүрөгүнүн соккон дабышы Жанарага угулуп жатты.

- Сен чын эле келдиңби? Жаным, Жанара?

- Муратым менин, жүрөгүмө кайрадан бүлүк салдың. Сунушуңдан баш тарта албадым! Ишенсен белчемден күнөөгө батып келатам!

-Алтыным Жанара... Бир дагы алдыга жасаган кадамың үчүн өкүнбөчү, биздин бактылуу болуубузга укугубуз жокпу? Кичинекейим, сени элесиңе зар болуп жашадым, сенсиз мага жашоо таптакыр керексиз.

- Мурат жаным, сенин ушул элесиңди сагынып канча жыл жашадым, унутайын дедим болбоду.

Буркурап ыйлаган Жанара аптыга сүйлөп жатты. Сага жашырынып жолугуп, кайра артка барып билмексенге салып жашай албайм, биротоло кеттим!

Мурат Жанараны желкесинен кармай, көкүрөгүнө басып, асмандагы жаанга бетин тосо, “РАХМАТ САГА ЖАРАТКАН, РАХМАТ!”- деп үнүнүн болушунча кыйкыра берди.

Ээгинен өйдө көтөрүп, Жанара сени бир өмүр бактылуу кылам, периштем, мындан күмөнүң болбосун, -деп эриндеринен өөп кирди.

Мындай учурду сүрөттөөгө алсызмын, экөө кыналыша туруп, көктөн кулаган кар аралаш жамгырды тоготушуп да койгон жок. Мураттын мойнуна асылып турган Жанара али сүйүүгө тоё элек, бактылуулуктун артынан кууп жүргөн бир байкуш сымал, Муратын коё бербей экөө бир далайга турушту. Мурат Жанараны так көтөрүп унаасы көздөй басты.

Жаным, сени эми менин колумдан эч ким сууруп кете албайт, эр болсо келип көрүшсүн!

Мураттын Жанарага болгон сүйүүсү бул жарык дүйнөдө өлчөмү жок чоң сүйүү. Аны жаратылыш да туя алат, боору ооруйт, керек болсо ыйлашат. Табигаттын мыйзамы экен, уят эмес, тээ жер жаралып чөп чыккандан бери, түгөйлүү жашоо өкүм сүргөн, анда күчтүү сүйүү жашоо керек. Ансыз бул беш күндүк өмүрдүн кызыгы не. Ушунча кең ааламда, бул экөөнүн сүйүүсүн түшүнгөн, жалгыз гана жаратылыш, бак- дарак, таш, кум, чөп, көк асман, булуттар, бийик тоолор, шаркырап аккан суу боло турган. Анткени алар, бул экөөнүн ар бир жолугушуусуна күбө, таза махабатына күбө.

Унаанын эшигин ачып Жанараны олтургуп, анын кийимдер сыгып алма суу экенин байкаган Мурат, өзүнүн спорт баштыгындагы көйнөк менен күрмөсүн алып Жанарага сунду...

- Кийип алчы жаным, минтсең ооруйсуң го, мен сенин баштыгыңды алып келейин, дароо чечип сал, -деди. Кургак кийимди кийип, машинанын ичинде магдырай түшкөн Жанара, дале токтобой көзүнөн жаш сызылат.

- Сенин мага болгон махабатыңдын кадырына жетем Жанарам, жүрөгүмдүн жаратын дарыладың. Азыр үйгө барабыз, эч нерседен уялба, биз чоң киши болдук, өз жашообуз үчүн күрөшүшүбүз керек.

- Билбейм жаным, эмнегедир ата- энемден коркуп турам, Кадырды да оор күндө таштап кеттим.

- Жанара башкага бооруң ооруса да, ошол кишиге бооруң оорубасынчы!

- Бул эмне дегениң Мурат? Мынчалык таш боор болбо.

- Меничи жаным, мени ойлогон бирөө болдубу? Ошондо сенден ажырап калган күнү, мага бирөөнүн боору оорудубу? Мен Кадырга таарынбайм Жанара, болгону кудайым өзү таразалап коёт. Эң башкысы сен менин жанымдасың, башкысы ушул, менин да өз бактым үчүн күрөшүүгө мезгил келип жетти.

Саат түнкү бир жары: Мурат менен Жанара бекем кол кармашкан калыбында келип үйдүн каалгасын такылдатты. Мырза ойгоно калып, келип эшикти ача салып, экөөнү көрүп аң- таң. Жанара жер тиктеп тура берди, көзүндө жашы токтобойт.

- Киргиле, Мурат, азыр Айдайды ойготом, деп алаңдаган жездеси эч нерсеге түшүнбөй турду.

Аңгыча бул үндөрдү угуп, ойгонуп калган Айдай халатынын көкүрөгүн кымтылай, чала уйкудан анчейин кареги көрүнбөй, чачтарын өйдө жыйып келатып, кире бериште Жанара менен Мuratты көрүп чочуп кетти.

-Ай, Мурат, иним, бул эмне кылганың?! Ошондо Жанара эки алаканы менен жүзүн жаап ыйлап кирди.

- Киргилечи, ал жерде турбагыла, оо кудайым сактай гөр!- деп Айдай Мурат уктоочу бөлмөнүн чырагын жандырып жерге төшөнчө салып кирди. Бир бурчка бүрүшүп олтура калып, Жанара катуу уялып турду.

- Бери келчи, бөлмөнүн эшигин жаба салган Айдай Мураттын билегинен кармай башка бөлмөгө жетеледи.

- Бул эмне кылганың? Мен сага эмне дедим эле ыя?! Булардын турмушуна кийлигишпе дебедим беле, оо кудайым ай! Кандай көк бет баласың? Сен келген күндөн баштап, мен ушундан коркуп жүрдүм эле, акыры мен ойлогондой болуптур да?! Ата- энесине эмне деп түшүндүрөсүң? Ызырына кыйкырып жаткан Айдайды Мырза, болду апасы, өзүңдү басып ал, канча жинденбейлик болор иш болуптур, -деп тыйып жатты.

Көзүндө жашын аарчыган Мурат:

- Эжеке, мен баары бир ушул ишке бармакмын, бул менин бакытым, бул менин жашоом, кийлигише көрбөгүлө, мени жакшы билесиз, деп ый аралаш сүйлөп жатты.

Мойну шылкыя түшкөн Айдай, эч өзгөрбөпсүң Мурат, айтканыңдан кайтпайсың, деп жапызыраак жыйылган төшөктүн үстүнө олтуруп ыйлап кирди.

Майрам эчаак эле Жанаранын ата-энесине коңгуроо кылып: "Кызыңар кетти, жашырынып качып бара жатыптыр, мен көрүп калдым. Сыртка кою караңгы түштү, үйүнө жетти бекен деп кабатырланып турам, келиниме туура эле түшүндүм, аны уруша көрбөгүлө," -деп айткан.

Бир жарым сааттан бери Болот ызырынып столду ургулай жинденип, келип калабы деген ойдо күтүп олтурушат. Толгонай бир сыйра ыйлап да алды. Сыртта олтургучта олтурган Толгонайдын эсине бирдеме түшкөндөй, акырын дарбазадан көрүнбөй чыга, Айдайдын үйүн көздөй чуркап жөнөдү...

Шашылып үйгө кирип келе Айдайдын өңү кубарып турганын байкады.

- Кандайсың Айдай? Мурат кайда?

- Толгонай эже, иним акмактык кылып койду, кечириңиз дей салды.

- Жанара ушул жердеби? Кана, алар кайда?!

- Тиги бөлмөдө, Толгонай эже өзүңүздү кармаңыз...

Бөлмөнүн эшигин ача салып, анда бүрүшүп олтурган кызын көрүп, бир сыйра жийиркенип алды. Мурат да сырттан кирип келди.

- Мен кызым менен жалгыз сүйлөшөм, деп эшикти жаап алды.

- Толгонай эже, Толгонай эже! -деп Мурат эмнегедир коркуп турду. Жездеси колунан жетелей, Мурат аралашпай тура тур, сүйлөшүп алышсын. Жетелеп чыгып баратса ошондо бир чара көрөбүз, - деди.

- Кызым! Бул эмне кылганың?! Ушундай уят болууга кантип батындың?! Жанара тизелей ыйлап кирди.

- Кечириңиздер апаке, эртеби кечпи, ушундай болмок. Мени кечириңиз апа!

-Уятсыз десе, көзүмө бир шуркуя көрүнүп турасың! - деп жаагына эки салды. Жүзүн кармап ыйлап жаткан Жанара, сөз кайтара албады.

-Уят! Шерменде! Тоодой бакытыңдан баш тарткан шордуум! Ушул кылганым туура деп турасыңбы?! Билесиңби атаң сени эмне кылат ыя?! Тирүүлөй көмөт, ушундан көрө өлгөнүң артык ал үчүн. Тиштенип үйдө араң олтурат, жүрөгүм сезип, мен мында жалгыз чуркап келдим. Мына Кадыр дарыланып жатат, буйруса баары жакшы болот, деп кубанып жатпадың беле? Эмне өзгөрдү Жанара? Сага ушундай тарбия бердим беле? Бетибизге көө сүрттүң го! Ордуңдан тез тургунуң, атаң сени кайра жеткизет, уктуңбу! Жүр! Бол тез!

- Барбаймын апа! Бара албайм ал үйгө! Ооба, бир да жамандык көрбөдүм, эң жакшы адамдар. Бирок ...Мураттын эркиндикте тирүү басып жүргөнүн билип, кантип ошол үйдө күн кечирем? Башында эле сөйкө салдыраарда макулдук бергениңиздерде, азыр ушундай болбос эле, бакытымдан тайдырган сиздерсиздер. Мына, бошонуп келди го, азыр бирге болуп той берет элек, апа! Мен Мураттын жанынан карыш жыла албайм! Андан көрө мени ушул жерге өлтүрүп салгыла...

-Ай шерменде, акылсыз болдуңбу? Кадыр сени жөн коймокпу ушундан кийин, ал келсе бизди кошуп эл журтка шерменде кылбайбы!..

- Тагдырга моюн сунсун, Кадыр акыры ушундай болоорун билип, ойлонуп, мени уурдап бара жатканда кудайдан корксо болмок. Апакебай, күйөө балаңыз түбөлүк тукумсуздук менен ооруйт экен. Мени ал үйгө кубалай көрбөңүз! Суранам апа!

Канча жылдан бери сабыр кылып чыдап келдим, баарына көнөйүн дедим, бирок, эне болуу милдетимден баш тарта албадым апа. Ушул убакка чейин төрөп алганымда балким мындай болбос эле. Балама байланып ошол үйдөн карыш жыла албай калмакмын... Жанара жаны кейип солуктап ыйлап жатты.

-Бул эмне дегениң?! Ушул ыраспы?

–Ырас апа, мага ишенбесеңиз, кудагыйыңыздан, керек болсо Кадыр күйөө балаңыздан сураңыз, -деп Жанара жүзүн жаап тизелеп олтуруп ыйлай берди.

- Оо шордуу кызым ай... Толгонай ичинен сыздап турат. Төрт жылдан бери төрөбөй жүргөнүң ошондон тура.

Бир чети боору ооруса, бир чети жини келген Толгонай, кайра кызын көкүрөгүнө басып ыйлады. Эненин мээрими тоодой дешет, кантсе да өз кызы, жамандыкка кыя албайт.

-Тур ордуңдан кызым! Мурат! Уулум кел бери! Толгонай чечкиндүү унчукту.

Араң эле турган Мурат эшикти ача салып кирип келди. Артынан Айдай менен Мырза да кирди.

-Мени ук, кызымды ак никесинен аттатып алып кетип жатасың, жүзүнө өткөнүн салып, кор кылсаң, көзүнөн жаш агызсаң, сен менен өзүм сүйлөшөм. Толгонай кантсе да эне, ачуу үстүндө Муратка ызырына катуу сүйлөп жатты.

- Мында калбагыла, тур кеткиле бул жерден, Анан кийин өкүнчү болбо кызым, мени күнөөлөп өксүп жүрүп өтпөсүн деп ушундай кылып жатам.

Мурат Толгонайдын колунан кармап өөп, рахмат апа, сизге абдан ыраазымын, Жанараны бактылуу кылам, -деп көзүнөн жаш тамызды.

- Бизде шаарда үй да бар, талаада калат деп коркпоңуз.

- Билем уулум, деди Толгонай. Айдай эжең айткан. Ошол себептен кеткиле деп жатам. Айдай жардам бер, жыйналышсын, кетишсин тезирээк. Атаңа билмексен болом, акыры жини таркаар. Башка айла жок. Толгонай үшкүрүнө олтура калды.

- Апа, апакебай рахмат апа, - деп Жанара апасынын бети башын өпкүлөдү.

Мурат тиешелүү документтерин, кийим-кечесин Айдай экөө шашыла салыштырып жатышты. Мырза чет жакта карап туруп, бул махабатка тан берди, көзүнүн кычыгы сууланышканын жашырып турду.

Биз ошол түнү шаарга жөнөдүк, апамдын ыйлап калганын көрүп, аябай боорум ооруп араң кеттим. Апам байкуш ай, мен үчүн ушул ишке барды. Үнүмдү бийик көтөрүп сүйлөгөнүм үчүн аябай өкүнүп турдум. Ыйлаган бойдон апакем үйгө кетти.

Жолдо жүрөгүм оозума кептелип коркуп бара жаттым, куду артыбыздан бирөө кууп келе жаткандай туюла берди. Аңгыча кол телефонума Кадырдан коңгуроо келе баштады. Алып сүйлөшө албай ыйлап олтура бердим. Бир заматта Мурат машинаны четке токтото салып, колумдагы телефонду ой - боюма койбой алып сүйлөшүп кирди.

- Алло! Бул мен, Муратмын... Кайрадан сүйлөшүп турганыбызга кубанычтамын...

- Эй акмак! Телефонду бер Жанарага!

- Бербесем эмне кыласың? Темир торго кайрадан камайсыңбы?!

- Кыргызстанга барсам силерди таап, түбүңөргө жетем, Жанарага колуңду тийгизбе! Ал менин жубайым, Мурат эсиңе кел! Ташта Жанараны!

- Таштай албайм Кадыр, колуңдан келгенин кыл! Бир кезде төрт дубалды тиктеп, алсыз болуп олтурганымда менин бактымды уурдап качкансың! Эми кезек меники! Кадыр мен сенин бактыңды уурдап качкан жокмун! Баягы өз бактымды эле кайра кайтарып алдым! Рахмат! Жакшы караптырсың! Эми төрт дубалды тиктеп алсыз болуп жатуу кандай экенин билесиң! Ушундай Кадыр! Жанараны алып, келин кылып койсом эле Мурат баш тартып калат дегенсиңби?! Адашыпсың! Жанара меники... Чычалабай коё берсең болот!

- Мурат! Токто! Коё бер Жанараны! Ооба, бир кезде сени аяган эмесмин, мени кечир! Жанара менин колуктум болду, ак никебиз бар, менин сүйгөн адамым, ата- энем сүйгөн келин. Сенден суранам Мурат, биздин убалыбызга калба! Түшүнчү Мурат!

- Муну кандай түшүнсө болот Кадыр? Убагында сен менин убалыма калган эмессиңби тескерисинче? Кадыр сен дагы деле түшүнө элек экенсиңсиң, сен бизди ажыратып убалыбызга калдың, эми жазаңды ал!

- Токто дейм Мурат, Мен баары бир мындай калтырбайм, ал менин колуктум, Мурат! -деп кыйкырган Кадыр алыстарда жете албай буулугуп кала берди... Мурат телефонду өчүрүп салды да, Жанарага карай:

- Туура айттымбы жаным?- деп жылмайып, кайра айдап жөнөдү.

Биз жетчү жерибизге жетип, абдан кооз жасалган батирге бардык. Анда куду киши жашап жаткандай баары даяр экен. Абдан кенен. Мага Мурат бул нерселерди ким ага бергенин айтып берди, бир чети корксом, бир чети абдан таң калдым. Шах байкенин жазган катын окудум, баары түшүнүктүү болду.

Атам абдан жиндеп, мени эч качан кайрылып үйгө келбесин, менин Жанара кызым мен үчүн өлдү!- деп айтыптыр, апам экөөбүз жашырынып сүйлөшүп турабыз. Атамдын айткан сөзүн угуп бир далайга ыйлап жүрдүм. Айла жок, ага да макулмун, акыры кечирээр деп ойлодум.

Мураттын бала кезинен акылдуу экенин абдан баалайм. Ал ак той берип, нике кыябыз деп жаныма такыр жолобой жүрдү. Ушул кылганы үчүн аны үч эсе сүйүп турдум. Арадан үч күн өткөндө эле, Кадыр кайрадан телефонго чыкты. Эмнегедир Мурат, колумдан телефонду талашпай, алып сүйлөшчү, - деп өзү маңдайымда тиктеп турду.

- Алло? Жанара сенби?

- Ооба Кадыр, мен...

- Кандайсың? Жакшысыңбы?

- Жакшымын, рахмат, өзүң кантип калдың?

- Мен дурус, Жанара, сага берген азаптарым болсо мени кечир, суранам!

- Жок Кадыр, сен мени кечир, сен мени кечир, сенин башыңды аттадым, кечир мени... Жанара ыйлап кирди, ага карап турган Мурат өзүнчө үшкүрүнүп алды.

- Өзү ушуну көрмөк окшойм. Сен бошсуң, Жанара! Бошсуң сен, сени бошоттум! Бактылуу бол алтыным! Айласыз айтып турам! Сени түбөлүк жүрөгүмдө сактайм, мен сени сүйөм. Сенин бактыңа мындан ары бут тосо албайм алтыным. Мени эстеп жүр, кечирип кой мени Жанара, -деп Кадыр телефонду өчүрүп салды. Жанара, Муратты кучактап ыйлап кирди.

- Ыйлаба жаным, эмне деди?

- Бошсуң деди…

-Демек түшүнгөн экен, рахмат Кадыр деп күбүрөнгөн Мурат кубанып турду.

Жанара мен үчүн чоң эрдик жасады. Кантип аны аябай коём, Кадырга башында жиним келип жүрсөм, кийин ыраазы болдум. Ал дагы бизди туура түшүндү.

Мен дароо Жанарага нике кыйдырып, чакан той бердик. Тилекке каршы тойго эжелерим, жезделерим, инилерим, келгени менен, Жанаранын ата- энеси келген жок. Абдан маанайы чөгүп араң турду алтыным.

Жашообуз өтө жакшы өтүп жатты. Менин Жанарага болгон сүйүүм саат сайын күчөп барат. Жанара окуусун улантты, мен да окууга тапшырып, андан сырткары иштегенге үлгүрдүм. Айтор Жанарамды эч нерседен кем кылбай кароого болгон күчүмдү жумшап жаттым. Шахтын рингте жеңгеним үчүн берген жашыл акчалары абдан керекке жарады. Ага ыраазы болуп түгөнө албай жүрөм. Аман болсок бир күнү кезигээрбиз, ошондо ыраазычылыгымды

билдирем деп жүрөм. Ошентип, бала кезден зар болуп сүйүп келген адамыма жеттим жана бактылуумун.

Бирде шашылып жумуштан келсем, Жанара апапак көйнөк кийип олтуруп алып, абдан чоң портрет тартып жатыптыр. Анда куду өзүн тарткан, аябай сүрөттө Жанараны көргөндөй сүрдөнүп турдум. Курчаган айланада адамдарды тартыптыр, ортодо Жанара башын мыкчыган апапак көйнөгү канжалаган. Курчаган кишилер аны таш менен уруп жаткан элесин тарткан.

- Алтыным, бул эмне болгон сүрөт, ким бул?

- Мурат, бул мен, " МЕНИ ТАШБАРАҢГА АЛЫШСА БОЛОТ"- деп Жанара ыйлап кирди.

- Сен мени менен чогу болгонуңа капасыңбы Жанара?

- Жо-ок, жаным, болгону кечирилгис күнөөм үчүн капамын... Мурат Жанараны бекем кучактап, сени чексиз сүйөм жаным, андай дебе, сенде күнөө жок, - деди.

Мен Мурат менен качып келе бергенден кийин эки айдан соң кайын атам каза болуптур. Апам чалып айтты. Атаң экөөбүз бетибизди тамдай кылып, уялбай айласыз батага бардык дейт. Атам байкуш кайра- кайра менин ысымымды айтып, араңдан жан бериптир. Кайын энем апама айтып буркурап көпкө ыйлаган тура.

Кадырдын көрүнүшү жакшы, боз үйдүн сыртында өкүрүп турат, биз менен жылуу учурашты дейт. Атаң абдан Кадырдан уялып, үйдөн чыккан соң, өткөндү козгоп, сенин тарбиялаган кызың, -деп мени дагы бир сыйра урушуп алды, дейт апам.

Ошентип максатым болгон махабатым менен жашап жатам. Бирок байыркы салтыбыз боюнча мени эчаак эле ТАШБАРАҢГА АЛЫП ӨЛТҮРҮШСӨ БОЛМОК. Жаратканым мени чексиз бактылуу кылды, өлүмгө эмес, бакытка сүйрөдү. Бирөөнү өзүңдү зордоп сүйүү эмес, чын жүрөктөн сүйүп жашоо кандай бакыт. Кээде Кадырды ойлоп абдан кыжаалат боло түшөм, угушумча анда баары жакшы экен, өз теңин таап бактылуу болор. Жаратканыма чексиз мактоолор болсун.

Баса дагы бир жакшы жаңылык, апакем таң эрте чалып, атамдын бизди айылга чакырып жатканын айтты. Бир жылдан соң атам, мени кечирүүнү чечти окшойт, ыйлап абдан кубандым. Баягы Мурат менен чогу ойноп, суу ташып, балалыгым өткөн айылымды абдан сагындым. Анда менин эң бактылуу күндөрүмдүн изи калган.

Синдим Карачачка сөйкө салганы келишет экен, чамасы жигити го, бизди ошол себептен чакырышты. Муратымдын жанында улам аны эңкейип бетинен өөп коюп айылга кетип баратабыз. Август айы, айылымды аябай сагындым. Мурат улам унааны силкинтпей жайдан айдап, мени аяп баратты. Анткени кош бойлуумун төрт айдан соң, көз жарам.

**Эльвира Мейманова**

# МЕНИ ТАШБАРАҢГА АЛЫШСА БОЛОТ

Редактору – Замира Жантаева
Корректору – Байыш Мусуралиев
Компьютердик калыпка салган – Мирлан Эсенаманов

Форматы 60/84.
Басууга берилди 16.12.2017. Басууга кол коюлду 16.12.2017.
Нускасы 500. Заказ №77
ОсОО "Рекламир" басмаканасында басылды.
Бишкек шаары. Тоголок Молдо к.60а.
0550 66 44 54



***Мейманова Эльвира Толсунбековна 1989-жылы 28-ноябрда Жалал-Абад облусуна караштуу Кара-Көл шаарындагы Ак-Кыя айылында туулган. Д.Шопоков атында №4-орто мектебин аяктап 2008-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетине филология фокультетине тапшырып ийгиликтүү аяктаган. Учурда кыргыз тили жана адабият мугалими болуп эмгектенет...***